# Исламий нафсия негиздери

Хизбут-Тахрир басылмаларынан
1425-х. – 2004-м.

Аяттын которулган мааниси:

Куран аяты деп жалаң гана араб тилиндеги аят текстине карата айтылат. Ушул китеп ичинде *курсив* менен кыргыз тилинде келтирилген тексттер аяттардын которулган мааниси гана.

ﷺ - соллаллоху алайхи ва саллам

ﷻ - розияллоху анху /анха

عليه السلام - алайхис-салам

Исламий нафсия негиздери
Кыргыз тилиндеги биринчи басылышы

# بِسْمِ اللَّهِ الرَّحْمَنِ الرَّحِيمِ

قَدْ أَفْلَحَ الْمُؤْمِنُونَ ﴿١﴾ الَّذِينَ هُمْ فِي صَلاَتِهِمْ خَاشِعُونَ ﴿٢﴾ وَالَّذِينَ
هُمْ عَنْ اللَّغْوِ مُعْرِضُونَ ﴿٣﴾ وَالَّذِينَ هُمْ لِلزَّكَاةِ فَاعِلُونَ ﴿٤﴾ وَالَّذِينَ
هُمْ لِفُرُوجِهِمْ حَافِظُونَ ﴿٥﴾ إِلاَ عَلَى أَزْوَاجِهِمْ أَوْ مَا مَلَكَتْ أَيْمَانُهُمْ
فَإِنَّهُمْ غَيْرُ مَلُومِينَ ﴿٦﴾ فَمَنْ ابْتَغَى وَرَاءَ ذَلِكَ فَأُوْلَئِكَ هُمْ الْعَادُونَ ﴿٧﴾
وَالَّذِينَ هُمْ لأَمَانَاتِهِمْ وَعَهْدِهِمْ رَاعُونَ ﴿٨﴾ وَالَّذِينَ هُمْ عَلَى صَلَوَاتِهِمْ
يُحَافِظُونَ ﴿٩﴾ أُوْلَئِكَ هُمُ الْوَارِثُونَ ﴿١٠﴾ الَّذِينَ يَرِثُونَ الْفِرْدَوْسَ هُمْ
فِيهَا خَالِدُونَ ﴿١١﴾

- *«Чындыгында, момундар нажат табышты (кутулушту). Алар намаздарында (коркуу жана үмүт менен) моюн ийүүчү адамдар. Алар беймаани-пайдасыз (сөз жана иш-амалдардан) жүз үйрүүчү кишилер. Алар зекетти (ар дайым берүүчү) адамдар. Алар авраттарын (абийир мүчөлөрүн арамдан-зынадан таза) сактоочу адамдар. Магар, өз жубайларынан жана кол астындагы күңдөрүнөн гана (сактанышпайт). Демек, алар жемеге калбай тургандар. Эми, ким ушундан башканы (т.а. зына жана ушул сыяктуу Ислам шариятында арам кылынган башка нерселерди) кааласа, анда мына ошолор чектен чыгуучулар. Алар (момундар) өздөрүнө ишенилген аманаттарга жана (башкаларга) берген убада-шерттерине риоя кылуучу (т.а. аманатты бекем сактап, убадага бек турган) адамдар. Алар (бардык) намаздарын ( өз убагында өтөп, каза болуудан) сактоочу адамдар. Мына ошолор Фирдавс (бейишине) мураскор болуучу варис-мураскорлор. Алар ошол жайда түбөлүккө калышат».* [23:1-11]

# Мазмуну


**Киришүү аяттары** ........ 3

**Мазмуну** ........ 4

**Кириш сөз** ........ 5

**Шариятты карманууга шашылуу** ........ 8

**Курани Карим менен дос болуу** ........ 13

**Алланы жана Анын Расулун жакшы көрүү** ........ 17

**Алла үчүн жакшы көрүү жана Алла үчүн жаман көрүү** ........ 23

**Алладан жашыруун да, ашкере да коркуу** ........ 34

**Алладан коркуп, Алланы эстеп ыйлоо** ........ 40

**Алладан үмүткөр болуу жана Алланын ырайымынан үмүтсүз болбоо** ........ 42

**Балээ келгенде сабыр кылуу жана казага ыраазы болуу** ........ 46

**Дуба, зикир жана истигфар** ........ 54

**Алла Субханахуга тобокел жана ыклас кылуу** ........ 60

**Акыйкат үстүндө бекем туруу** ........ 64

**Момундарга ийилүү, капырларга кекирейүү** ........ 80

**Бейишке шыктануу жана жакшы иш-амалдарды кылууга шашылуу** ........ 87

**Көркөм кулк-мүнөз ээлери** ........ 109

1) Көркөм эсептеле турган кулктар ........ 110

2) Мазаммат кылынган кулктар ........ 124

**Сүйлөшүү адеби** ........ 156

1) Сабак берүү адеби ........ 156

2) Хутба окуу адеби ........ 162

3) Талкуу адеби ........ 163

**Адамдардын бузганын ондой турган карыптарга бейиш болсун** ........ 169

# Кириш сөз

Шахсия аклия жана нафсиядан турат. Келбет, дене жана тулку бойлор сырткы кабыктан башка нерсе эмес. Алардын шахсияга байланышы бар деп ойлоо өтө тайыздык болот.

Нерсе жана окуяларды түшүнүү б.а. адамдын өзү ишеним жаратып, дили кадыржам болгон (көңүлү тынчтык таап бейгам болгон) бир коида-эреженин негизинде нерсе жана окуялардын үстүнөн өкүм чыгарышы – бул аклия. Эгер ушул коида Исламий акыйда болсо, анын аклияты да Исламий болот. Эгер Исламий акыйда болбосо, анын аклияты да Исламий болбойт.

Адамдын өзү ишеним жаратып, дили кадыржам болгон бир коиданын негизинде өз гарыйзалары (инстинктери) менен узвий муктаждыктарын (организм керектөөлөрүн) кандырышы – бул нафсия. Эгер ушул коида Исламий акыйда болсо, анын нафсиясы да Исламий болот. Эгер ал башка нерсе болсо, нафсиясы да башкача болот.

Кайсы бир адамда аклия менен нафсиянын коидасы бир болсо, анын шахсияты жетишкен жана тартиптүү болот. Эгер андагы аклия жана нафсиянын негизи исламий акыйда болсо, анын шахсияты Исламий болот. Эгер негиз башка нерсе болсо, шахсияты да башкача болот.

Ушуга караганда, аклиянын өзү гана Исламий болуп, кишинин шарият өкүмдөрү негизинде нерсе жана окуялар үстүнөн өкүм чыгарышы, адал жана арамды ажыратышы, аң-сезими жана тафаккуру (ой жүгүртүүсү) бышып жетилиши, балагат (кепти өз ордунда пайдалануу) жана фасохат (сөздү так, туура айтуу) менен сүйлөшү, окуяларды туура талдашы сыяктуу иштердин өзү шахсиянын Исламий болушуна жетиштүү болбойт. Ал үчүн ушул эле учурда нафсия да Исламий болуп, адам өз гарыйзалары жана узвий муктаждыктарын Ислам негизинде кандырышы, намаз окушу, орозо тутушу, зекет бериши, хаж (ажылык) кылышы, адалды кылып, арамдан тыйылышы, Алла жакшы көрө турган адамга айланышы, Анын парздарын өтөшү, Роббисине дагы да жакын болуу үчүн нафл амалдарга да өч болушу, окуялар каршысында адилеттүү жана калыс туруп, жакшылыкка буюруп, жамандыктан кайтарышы, Алла үчүн жакшы көрүп, Алла үчүн жаман көрүшү, адамдарга көркөм кулк менен мамиле кылышы сыяктуу милдеттерди өтөшү да зарыл болот.

О.э нафсия Исламий болуп, аклия Исламий болбосо, шахсия исламий боло албайт. Аллага билбей ибадат кылуу кишини туура жолдон адаштырышы да мүмкүн. Айталы, ал арам кылынган күндө орозо тутушу, макрух маалдарда намаз окушу, кылмыштан кайтаруунун ордуна алкышташы, сүткордук менен тапкан акчаны Алла жолунда садака кылышы жана муну менен күнөөгө батышы т.а. жакшы иш кылдым деп ойлоп, жаман ишти кылышы, кыскасы, өз гарыйзалары жана узвий кажаттарын Алла жана Пайгамбары буюргандан башкача түстө кандырышы мүмкүн.

Кыскасы, кишинин аклияты Исламий болуп, шаръий өкүмдөрдөн жетиштүү деңгээлде кабардар болсо жана ушул эле учурда нафсиясы да исламий болуп, билимдерин Жаратуучусу менен, өзү менен, башкалар менен болгон мамилелеринде Алла жакшы көрө турган жана ыраазы боло турган түрдө колдонсо, анын шахсияты исламий болуп, аламандын ичинен өзүнүн изгилик жолун таба ала турган болот жана Алланын жолунда жаман атты кылуучунун жаман атты кылышынан, жемелөөчүнүн жемесинен коркпойт.

Исламий шахсияга ээ болуу – кемчилдиктен таптаза болуу деген маанини түшүндүрбөйт. Себеби, адам периште эмес. Ал күнөө кылат, аркасынан истигфар айтып тообо кылат, сооп кылып, Аллага ырайым-мээрими, хидаяты үчүн мактоо айтат. Ал эми, бул жузъий кемчилдиктер анын шахсиясына таасир этпейт.

Мусулман киши Исламий билимин ашыруу менен өз аклиясын өстүргөн сайын жана моюн сунууну көбөйтүү менен өз нафсиясын күчөткөн сайын бир чокудан экинчи чокуга көтөрүлүп бара берет. Мына ошондо ал дүйнөгө да, акыретке да ээ болот. Бир эле учурда, ал ибадаткөйгө да, жихад баатырына да айланат. Анын эң улуу сыпаты – Алла Тааланын, Жаратуучусунун, жоктон бар кылган Заттын пендеси – экендиги болуп калат.

Биз бул китепте, жалпысынан мусулмандар үчүн, өзгөчө даъватчылар үчүн Исламий нафсиянын бир нече омил-түрткүлөрүн сунуш кылабыз. Анткени, муну менен **ХАЛИФАЛЫК**ты тикелөө үчүн иш алып барып жаткан даъватчынын тили Алланы эстөө менен ным болуп, дили Алладан такыба кылуу (коркуу) менен абат болуп-гүлдөп, башка мүчөлөрү жакшылык иштерди кылууга дилгир болуп турсун. Өзү болсо Куран окуп, ага амал кылсын. Алланы жана Анын Пайгамбарын жакшы көрсүн, Кудай үчүн жакшы көрө турган жана Кудай үчүн жаман көрө турган адамга айлансын, Алланын ырайымынан үмүткөр болуп, Анын азабынан корксун. Сабырдуу, калыс, талаптуу, Аллага тобокел кыла турган болсун, акыйкат үстүндө туруктуу-бекем болсун, момундарга жумшак, капырларга катуу кол болсун, Алланын жолунда жаман атты кылуучунун жаман атты кылышынан коркпосун, мүнөзү көркөм, тили таттуу, далили кубаттуу болсун, жакшылыкка буюруп, жамандыктан кайтарсын, такыбадарлар үчүн даярдап коюлган, кеңдиги жер-асмандарга тең болгон бейишке умтулган абалда дүйнөдөгү амалын үзгүлтүксүз кылсын.

**ХАЛИФАЛЫК** мамлекетин тикелөө аркылуу Исламды турмушка кайра кайтаруу үчүн иш алып барып жаткан даъватчыларга аларды курчап алган Алланын жана Анын Пайгамбарынын душмандарынан түзүлгөн тайпаларды көрсөтүп өтүүнү да көңүлдөн качырган жокпуз. Акыры, ал даъватчылар күнү-түнү Алла менен бирге болбосо, кантип анан бул аламандын ичинен жол таба алышат? Кантип арзуу-

тилектерине жетишишет? Кантип бир чокудан экинчи чокуга көтөрүлө алышат? Кантип? Кантип?

Даъватчылар максатка алып баруучу жолду жарык кылып бере турган мына ушул эки хадис тууралуу ой жүгүртүшсүн:

Биринчи хадис: **«Диниңердин башы – Пайгамбарлык жана рахмат. Кийин болсо, Пайгамбарлык жолу негизиндеги Халифалык... кийин дагы Пайгамбарлык жолу негизиндеги Халифалык кайтып келет».** Бул хадисте Алланын уруксаты менен Халифалыктын кайта келиши, Халифалык болгондо да ошол Пайгамбар ﷺдын сахабалары болгон Хулафаи рошидиндердин халифалыгындай халифалыктын кайтып келиши жөнүндө сүйүнчү кабар бар. Ким анын кайтып келишин зар күтүп, аны көрүүгө куштар болсо, Пайгамбар ﷺдын сахабаларындагыдай ишеним менен аракетин кылып калсын.

Экинчи хадис: **«Алла Субханаху айтат: «Ким Менин бир досумду кор кылса, Мени менен жекеме-жеке күрөшкө чыгыптыр. Эй Адам баласы, сага парз кылган милдеттеримди өтөмөйүнчө Мендеги нерсеге жетише албайсың. Эгер пендем нафл амалдар менен ага карай жакындашып келе берсе, барып-барып Мен аны жакшы көрүп каламын. Мына ошондо Мен анын аңдай турган дилине, сүйлөй турган тилине, көрө турган көзүнө айланамын. Мага дуба кылса, кабыл аламын. Сураса беремин, үстөмдүк тилесе, үстөм кыламын, пендемдин ибадатынын Мен үчүн эң сүйүктүүсү – насаат».** Бул хадисти Табароний «Кабир»де келтирет.

Мына бул хадисте Алланын нусратына, жардамына, колдоосуна алып баруучу жол көрсөтүп берилип жатат. Бул жол – Анын Өзүнө гана жакындаша берүү жана Анын Өзүнөн гана жардам сурай берүү. Чыныгы күчтүү жана азиз зат – Анын Өзү. Ал кимди жеңдирсе, ошол жеңилбейт. Жеңилткени жеңе албайт. Ал пендесине абдан жакын. Дуба кылса кабыл алат. Ал пенделеринин үстүнөн өкүмдар, ошол эле учурда, абдан ырайымдуу жана ар иштен кабардар.

Ошондой болгон соң, эй боордоштор, Алланын ыраазылыгына, магфират-кечиримине, жаннат-бейишине, нусрат-жардамына жана эки дүйнө ийгилигине шашылгыла!

وَفِي ذَٰلِكَ فَلْيَتَنَافَسِ الْمُتَنَافِسُونَ ﴿٢٦﴾

*- «Ошондуктан, мелдешүүчү кишилер (мына ушундай түбөлүк неъматка жетүү жолунда) мелдешишсин».* [83:26]

**21-зулхижжа 1424-х.**
**12-февраль 2004-м.**

## -1-

## Шариятты кармануугa шашылуу

Алла Таала айтат:

وَسَارِعُوا إِلَى مَغْفِرَةٍ مِنْ رَبِّكُمْ وَجَنَّةٍ عَرْضُهَا السَّمَاوَاتُ وَالأَرْضُ أُعِدَّتْ لِلْمُتَّقِينَ ﴿١٣٣﴾

*- «Дагы Роббиңер тарабынан болуучу магфират-кечиримге о.э. такыбадарлар үчүн даярдап коюлган (кеңдиги асмандар жана жерге тең болгон) бейишке шашылгыла!»* [3:133]

Дагы айтат:

إِنَّمَا كَانَ قَوْلَ الْمُؤْمِنِينَ إِذَا دُعُوا إِلَى اللَّهِ وَرَسُولِهِ لِيَحْكُمَ بَيْنَهُمْ أَنْ يَقُولُوا سَمِعْنَا وَأَطَعْنَا وَأُولَئِكَ هُمُ الْمُفْلِحُونَ ﴿٥١﴾ وَمَنْ يُطِعِ اللَّهَ وَرَسُولَهُ وَيَخْشَ اللَّهَ وَيَتَّقِهِ فَأُولَئِكَ هُمُ الْفَائِزُونَ ﴿٥٢﴾

*- «Алла жана Анын Пайгамбарына ортолорунда өкүм чыгаруу үчүн чакырылган чактарында момундардын сөзү «уктук жана моюн сундук» (деш). Мына ошолор гана нажат табуучулар. Кимде-ким Алла жана Анын Пайгамбарына моюн сунса жана Алладан коркуп такыба кылса, мына ошолор гана (бак-таалайга) жетишүүчүлөр».* [24:51-52]

Дагы айтат:

وَمَا كَانَ لِمُؤْمِنٍ وَلاَ مُؤْمِنَةٍ إِذَا قَضَى اللَّهُ وَرَسُولُهُ أَمْرًا أَنْ يَكُونَ لَهُمُ الْخِيَرَةُ مِنْ أَمْرِهِمْ وَمَنْ يَعْصِ اللَّهَ وَرَسُولَهُ فَقَدْ ضَلَّ ضَلاَلاً مُبِينًا ﴿٣٦﴾

*- «Алла жана Анын Пайгамбары бир ишти өкүм кылган-буюрган чакта бир да момун эркек жана момун аял үчүн (Алланын өкүмүн коюп) өз иштеринде ыктыяр кылышы мүмкүн эмес. Кимде-ким Алла жана Анын Пайгамбарына осий болсо (т.а. терсаяктык кылса), анда ал ачык жолдон адашуу менен жолдон адашыптыр».* [33:36]

Дагы айтат:

فَلاَ وَرَبِّكَ لاَ يُؤْمِنُونَ حَتَّى يُحَكِّمُوكَ فِيمَا شَجَرَ بَيْنَهُمْ ثُمَّ لاَ يَجِدُوا فِي أَنفُسِهِمْ حَرَجًا مِمَّا قَضَيْتَ وَيُسَلِّمُوا تَسْلِيمًا ﴿٦٥﴾

*- «Жок, Роббиңерге ант болсун, тээ алар өз ортолорунда чыккан келишпөөчүлүктөргө сени хакам (өкүм чыгаруучу) кылышмайынча жана кийин сен чыгарган өкүмдөн дилдеринде эч кандай мүчүлүштүк-оордук таппай толук моюн сунушмайынча, эч качан момун боло алышпайт».* [4:65]

Дагы айтат:

يَاأَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا قُوا أَنفُسَكُمْ وَأَهْلِيكُمْ نَارًا وَقُودُهَا النَّاسُ وَالْحِجَارَةُ عَلَيْهَا مَلائِكَةٌ غِلاَظٌ شِدَادٌ لاَ يَعْصُونَ اللَّهَ مَا أَمَرَهُمْ وَيَفْعَلُونَ مَا يُؤْمَرُونَ ﴿٦﴾

*- «Эй момундар, силер өзүңөрдү жана үй-бүлөңөрдү отуну адамдар жана таштар болгон тозоктон сактагыла, ал (тозок) үстүндө катуу дил жана катуу кол, Алла өздөрүнө буюрган нерсеге моюн сунбастык кылбай турган, жалаң өздөрүнө буйрулган нерсени гана кыла турган periштелер турат».* [66:6]

Дагы айтат:

فَإِمَّا يَأْتِيَنَّكُمْ مِنِّي هُدًى فَمَنْ اتَّبَعَ هُدَايَ فَلاَ يَضِلُّ وَلاَ يَشْقَى ﴿١٢٣﴾ وَمَنْ أَعْرَضَ عَنْ ذِكْرِي فَإِنَّ لَهُ مَعِيشَةً ضَنكًا وَنَحْشُرُهُ يَوْمَ الْقِيَامَةِ أَعْمَى ﴿١٢٤﴾ قَالَ رَبِّ لِمَ حَشَرْتَنِي أَعْمَى وَقَدْ كُنتُ بَصِيرًا ﴿١٢٥﴾ قَالَ كَذَلِكَ أَتَتْكَ آيَاتُنَا فَنَسِيتَهَا وَكَذَلِكَ الْيَوْمَ تُنسَى ﴿١٢٦﴾

*- «Анан, силерге Мен тараптан хидаят (туура жол) келгенде, ким Менин хидаятыма ээрчисе жолдон адашпайт жана бактысыз болбойт. Ким Менин эстетмемден баш тартса, анда, албетте ал үчүн таң-бактысыз турмуш болот жана Биз аны кыямат күнүндө көр абалда тирилтебиз». Ал: «Роббим, эмнеге мени көр кылып тирилттиң, акыры көрчү элем го?!» деген эле. (Алла) айтты: «Ошондой, Сага Биздин аят-мөжизаларыбыз келгенде аларды унуттуң. Бүгүн сен да мына ошондой «унутуласың».* [20:123-126]

Пайгамбар ﷺ айтты: **«...Амалдарга шашылгыла... Киши момун абалда таң атырып, кечке барып капыр болот, момун абалда кеч киргизип, таңга маал капыр болот. Динин арзыбаган дүйнө матасына сатып жиберет».**

Магфиратка, бейишке жана солих амалдарга шашылгандар Пайгамбар ﷺ заманында да, кийинки доорлордо да көп болгон. Үммөт азыр да Роббилерине лаббей деп, Анын ыраазылыгы үчүн жандарын берүүгө ашыга турган чыныгы момундарды жетиштирип берүүдө. Өткөндөрдүн айрымдарын айтып өтөбүз.

• Жобирдин муттафакун алайх хадисинде келет: **«Ухуд согушунда бир киши Пайгамбар ﷺдан: «Мен өлтүрүлсөм каякта боломун?» - деп сурады. Ал киши «Бейиште» деп жооп берди. Алиги киши колундагы курмаларды ыргытып жиберип, тээ өлтүрүлгөнчө согушту».**

• Муслимде Анастын хадиси келет: **«Бадрга оболу Пайгамбар ﷺ менен сахабалары, андан кийин мушриктер келишти. Ошондо Пайгамбар ﷺ: «Кеңдиги жер-асмандарча болгон бейиш үчүн тургула!» - деди. Муну уккан Умар ибн Хаммам Ансорий: «Эй Алланын Пайгамбары, кеңдиги жер-**

**асмандарча бейиш дедиңизби?» - деп сурады. Расул ﷺ «Ооба» деди. Ал «Ах, ах» деп жиберди. Пайгамбар ﷺ: «Эмнеге ах, ах деп жатасың?» - деди. Ал: «Аллага ант болсун, мен да ошол бейиш калкынан болуу үмүтү менен ушундай деп жатам», - деди. Расул ﷺ: «Албетте, сен анын калкынансың», - деди. Бул сөздү уккан Умайр дароо койнунан курмаларды чыгарып, аларды жей баштады-да: «Эгер мен ушул курмаларды жеп бүткөнчө жашай турган болсом, бул жашоо мага кыйла узундук кылат», - деп, курмаларды ыргытып жиберип, өлтүрүлгөнгө чейин согушту».**

• Анастын муттафакун алайх хадисинде келет: **«Абакем Анас ибн Назр Бадр согушунда болгон жок жана «Эй Алланын Пайгамбары, сиздин мушриктер менен кылган биринчи согушуңузда болбодум, эгер Алла мага мушриктер менен согушууну насип этсе эмнелер кыла алышымды Аллахым бир көрсөтүп коёр эле», - деди. Ухуд күнү келип, мусулмандардын чегинип жатканын көргөндө, ал: «Эй Аллахым, мен мына булардын (сахабалардын) кылып жаткан иши үчүн Сенден үзүр сураймын, тигилердин (мушриктердин) ишинен өзүмдү таза кармаймын», - деди да, алдыга карай жүрдү. Ага Саъд ибн Муаз туш келди. Ал: «Эй Саъд ибн Муаз, Назрдын Роббисине ант болсун, мен Ухуд тараптан бейиштин жытын сезип жатам», - деди. Кийинчерээк Саъд айтат: «Эй Алланын Пайгамбары, мен ал кылган ишти кыла албадым». Ровийдин айтышынча, анын денесинде сексенден ашык кылыч-найза жана жаа жебесинин жаракаттары табылган. Ал өлтүрүлүп, мушриктер аны кескилеп салган эле. Аны карындашы гана бармактарынан тааныды».** Ровий: «Мына бул аят ал жана ага окшогондор тууралында түшүрүлгөн болсо керек деп ойлор элек», - дейт.

مِنْ الْمُؤْمِنِينَ رِجَالٌ صَدَقُوا مَا عَاهَدُوا اللَّهَ عَلَيْهِ فَمِنْهُمْ مَنْ قَضَى نَحْبَهُ وَمِنْهُمْ مَنْ يَنْتَظِرُ وَمَا بَدَّلُوا تَبْدِيلاً ﴿٢٣﴾

*– «Момундар арасында өздөрү Аллага берген (Ал заттын жолунда жихад кылып шейит болуу жөнүндөгү) убада-шерттерине садык болгон кишилер бар. Эми, алардан (айрым) кишилер өз убада-шерттерин аткарды (т.а. шейит болушту), алардан (айрым) кишилер болсо (шейит болууга) ынтызар. Алар (мунафыктарга окшоп берген убада-шерттерин) өзгөртүшкөн жок».* [33:23]

• Бухарий Абу Суруъадан рыбаят кылат: **«Мединада аср намазын Пайгамбар ﷺдын аркасында окуган элем. Ал киши салам берди да, шашылып туруп, адамдардан аттап өтүп, аялдарынын биринин үжүрөсүнө кирип кетти. Адамдар ал кишинин шашканына чоочуп кетишти. Кайтып чыгып, адамдардын өзүнүн шашканына таң калып тургандыктарын көрүп: «Үйүбүздөгү бир тилке алтын эсиме түшүп кетти. Аны кармап турууну ылайык көрбөй, бөлүштүрүп жиберүүлөрүн буюруп чыктым», - деди».** Бул нерсе мусулмандарды Алла буюрган иштерди шашыла ашыгып кылууга үндөйт.

• Бухарий Бароъдон рыбаят кылат: **«Пайгамбар ﷺ Мединага келген соң, он алты же он жети ай бою Байтул Макдиске жүздөнүп намаз окуду. Өзү Каъба тарапка жүздөнүүнү каалар эле. Кийин Алла Таала: *«Кээде жүзүңүз көктө кезип жүргөнүн көрөбүз, эми албетте Биз сени өзүң ыраазы боло турган тарапка бурабыз»*, - аятын түшүрдү. Ал киши аср намазында туруп, Каъба тарапка жүздөндү. Бир адам Пайгамбар ﷺ менен бирге намаз окур эле. Ошол адам ансарлардын бир тобунун жанынан өтүп бара жатып, Пайгамбар ﷺдын намазда туруп, Каъбага жүздөнгөндүгү жана ал да аср намазындагы рүкүдө туруп бурулганы тууралуу кабар берип айтты».**

• Бухарий ибн Аби Авфадан рыбаят кылат: **«Хайбар түндөрүндө ачка калдык. Хайбар күнү келген соң, үй эшектерине туш келип, аларды сойдук. Казандар кайнаган соң, Пайгамбар ﷺдын жарчысы келип: Казандардан тыйылгыла, эшек эттеринен жебегиле - деп жар салды. Абдулла айтат: Биз «Пайгамбар ﷺ беш бөлүккө бөлүнбөгөнү үчүн кайтарды», - дедик. Башкалар болсо: «Анык арам кылды», - дешти. Саъид ибн Жубайрдан сураган элек: «Анык арам кылды», - деди»**.

• Бухарий Анас ибн Маликтен рыбаят кылат: **«Мен Абу Талха Ансарий, Абу Убайда ибн Жаррох жана Убай ибн Каъбка курма шарабынан куюп берип жаткан элем. Бир киши келип «арам кылынды» деши менен Абу Талха: «Эй Анас, тур тиги кумураны сындыр», - деди. Мен туруп бир сокунун астына урдум эле, ал сынды».**

• Бухарий Айша رضي الله عنها дан рыбаят кылат: **«Алла Таала – мушриктердин хижрат кылган аялдарына сарптаган мүлктөрүн кайтарып берүү – тууралуу аятын түшүрүп, мусулмандарга капырлардын билектерин кармабоону өкүм**

**кылган соң, Умардын эки аялын талак кылганы туурасындагы кабар бизге жетип келди».**

• Бухарий Айша ﵂дан рыбаят кылат: **«Алгачкы мухажир аялдарды Алла ырайымына алсын, алар Алла Тааланын «*Көкүрөктөрүн жоолуктары менен тосушсун»* аяты түшүрүлүшү менен чапандарын кыркышып, жоолук кылып алышты».**

• Абу Довуд Шайбанын кызы Сафийядан, ал Айша ﵂дан рыбаят кылат: **«Айша ﵂ ансар аялдарын эске алып, аларды мактап, алар жөнүндө жылуу сөздөр айтып: «Нур» сүрөсү түшүрүлгөндө этектерин кыркып, жоолук кылып алышкан», - деди».**

• Ибн Исхак айтат: «Ашъас ибн Кайс Пайгамбар ﷺдын алдына Кинда өкүлдөрүнүн арасында келди. Зухрийдин айтышынча, ал Кинда уруусунан 80 атчан менен келип, мечитке – Пайгамбар ﷺдын алдына кирип келди. Алар чачтарын жылмакай кылып тарап алган, сурмалар сүйкөгөн, үстүлөрүндө жол-жол чапандар болуп жана аларга жибектен жака тигилген эле. Пайгамбар ﷺдын алдына киришкен соң, ал зат аларга: **«Мусулман болбодуңарбы?»** деди эле, алар «Болдук» деп жооп беришти. Ошондо Расул ﷺ: **«Анда мойнуңардагы бул жибекке балээ барбы?»** деди эле, дароо аны кыркып алып, ыргытышты».

Ибн Жарир Бурайрадан, ал болсо атасынан рыбаят кылат: «Биз үч-төрт киши болуп кумдуу жерде бир кумурадагы арақты ичип отурган элек. Мен туруп Пайгамбар ﷺдын алдына барып, салам берерим менен, аракты арам кылуучу:

يَاأَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا إِنَّمَا الْخَمْرُ وَالْمَيْسِرُ وَالأَنصَابُ وَالأَزْلاَمُ رِجْسٌ مِنْ عَمَلِ الشَّيْطَانِ فَاجْتَنِبُوهُ لَعَلَّكُمْ تُفْلِحُونَ ﴿٩٠﴾ إِنَّمَا يُرِيدُ الشَّيْطَانُ أَنْ يُوقِعَ بَيْنَكُمْ الْعَدَاوَةَ وَالْبَغْضَاءَ فِي الْخَمْرِ وَالْمَيْسِرِ وَيَصُدَّكُمْ عَنْ ذِكْرِ اللَّهِ وَعَنْ الصَّلاَةِ فَهَلْ أَنْتُمْ مُنتَهُونَ ﴿٩١﴾

- *«Эй момундар, арак (мас кыла турган ичкилик ичүү), кумар (ойноо), буддалар(га сыйынуу) жана таякчалар (менен бал ачуу) – шайтандын амалынан болгон арам иштер. Эми, нажат табышыңар үчүн алардын ар биринен алыс болгула. Ичкилик, кумар себептүү шайтан араңарга жек көрүү, душмандык салууну о.э. силерди Алланы зикир кылуудан жана намаз окуудан тосууну гана каалайт! Эми, токторсуңар!»* [5:90-91]

- аяты түштү. Дароо досторумдун алдына келип, эки аятты тең окуп бердим. Айрымдарынын колунда шарабы болуп, жарымы ичилген,

жарымы ичилбеген эле. Кийин алар кеселериндеги шараптарды төгүп жиберди да «Токтодук, Роббибиз, токтодук» дешти».

Ханзала ибн Абу Омир Ухуд согушуна чакырган чакырыкты угуп, шашып чыгып кетти да, Ухуд күнүндө шейит болду. Ибн Исхактын айтышынча, Пайгамбар ﷺ: **«Мына бул досуңарды периштелер гусл кылдырып жатат, үй-бүлөсүнөн сурагылачы, эмне кеп экен?»,** - деди. Аялынан сурашкан эле, анын ошол түнү күйөө болгондугу маалым болду. Чакырыкты угар замат, жунуб абалында чыгып кеткен экен. Ошондо Пайгамбар ﷺ **«Ошондуктан, аны периштелер гусл кылдырган экен-да»**, - деп койду.

Имам Ахмад Рофеъ Ходижден рыбаят кылат: **«Биз Пайгамбар ﷺдын доорунда эгинди оруп алынбаган абалда, көк бойдон сатар элек. Жерди үчтөн бир, төрттөн бир жана белгилүү бир азык акыга ижарага берер элек. Бир күнү абакелеримдин бири келип: «Пайгамбар ﷺ бизди биз үчүн пайдалуу болгон бир иштен кайтарды – <u>Алла жана Анын Пайгамбарына итаат кылуу биз үчүн пайдалуураак</u> – бизди эгинди оруп алынбаган абалда көк бойдон сатуудан, жерди үчтөн бир, төрттөн бир жана белгилүү бир азык акыга ижарага берүүдөн кайтарып, жер ээсин эгин эгүүгө же эктирүүгө буюрду», - деди**».

## -2-
## Курани Карим менен дос болуу

Курани Карим – Алла Субханахунун сөзү. Аны Жабраил عليه السلام вахий аркылуу Мухаммад ﷺга Алла тарабынан алып келген. Анын сөзү да, мааниси да Алланыкы. Анын тилаваты менен ибадат кылынат. Ал мөжиза, ал бизге таватур жолу менен накл кылынган.

لاَ يَأْتِيهِ الْبَاطِلُ مِنْ بَيْنِ يَدَيْهِ وَلاَ مِنْ خَلْفِهِ تَنزِيلٌ مِنْ حَكِيمٍ حَمِيدٍ ﴿٤٢﴾

*- «Ага алдынан да, артынан да батыл келбейт. (Т.а. Курани Каримдин эч кайсы жагынан эч бир китеп же күбөлүк келип, аны бекерге чыгара албайт, анткени ал) Хаким жана Хамид (хикмат-даанышмандык жана мактоо-алкыш Ээси) тарабынан түшүрүлгөн».* [41:42]

Ал Алланын коргоосунда:

إِنَّا نَحْنُ نَزَّلْنَا الذِّكْرَ وَإِنَّا لَهُ لَحَافِظُونَ ﴿٩﴾

*- «Албетте, Биз силерге Зикирди (эскертме-Куранды) түшүрдүк жана албетте, биз аны Сактоочубуз».* [15:9]

Аны менен жандар азыктанат, дилдер бейпилдик табат, адамдар караңгылыктардан нурга - Роббилеринин уруксаты менен Азиз

жана Хамид Заттын жолуна – өтүп алышат. Аны менен сүйлөгөн чын сүйлөйт, аны менен өкүм кылган адилеттүүлүк кылат, ага амал кылган ийгиликке жетишет, ага даъват кылган туура жолго баштоочу болот.

Ал мусулмандын жолдошу, даъватчынын куралы. Аны менен дилдер абат, билектер бакубат, аны көтөрүп жүргөн киши тоодой бекем болуп, анын назарында дүйнө арзыбас нерсе болуп калат, ар кандай абалда ал ак сөздү сүйлөп, Алланын жолунда жаман атты кылуучунун жаман атты кылышынан коркпогон адамга айланат. Жеңилдигинен желп эткен желге учуп жүргөн нерсе аны менен Алланын назарында Ухуд тоосунан да оорураак болуп калат. Себеби, ал Куранды тилават кылат, тили Куран менен нымдалат, бармактары буга күбө болот. Пайгамбар ﷺдын сахабалары мына ушундай болчу. Алар кудум жандуу Курандай эле. Аны ийине жеткирип тилават кылышар эле, аяттары туурасында пикир жүргүзүшөр эле, ага өздөрү амал кылышар эле, башкаларды даъват кылышар эле, азап аяттарынан калтырап-титиреп коркуп, рахмат аяттарынан дилдери жайнар эле, анын өкүмдөрүнүн хикматына баш ийип, улуулугуна, мөжизалыгына хушуъ кылып, көздөрү жашка толор эле. Пайгамбар ﷺдан кабыл алар замат анын аяттары дилдердин эң тереңинен жай алар эле. Ошондуктан, алар азиз, улуу, бактылуу, ийгиликке жетишүүчүлөр болушту. Пайгамбар ﷺдан ажырап калышкандан кийин да, ал кишинин осуяттарына амал кылып, Куран менен достошууну улантышты. Хофизи Курандар (Куранды жат билгендер) амри маъруф жана нахий мункарда, ар бир жакшы иште эң алдыңкы сапта болуп, Алла жолундагы кыйынчылыктарга биринчи болуп туш келишер эле.

Жалпысынан мусулмандар үчүн, өзгөчө даъватчылар үчүн Куран жан жолдошко, дилдер кубанчына айлансын. Аларды ар бир жакшылыктарга баштап, бийиктиктерге алып чыксын. Тилават кылыппы, жаттаппы, амал кылыппы, айтор, аны күнү-түнү жанынан алыстатпасын. Мына ошондо алар акылуу түрдө эң жакшы бабалардын эң жакшы муундарына айланышат.

Төмөндө биз силерге Курандын түшүрүлүшү, аны жаттоо, аны менен хидаяттануу, тилаваттын фазли жана андагы көп пайдалар туурасындагы аяты каримадар жана хадиси шарифтерди келтиребиз:

نَزَلَ بِهِ الرُّوحُ الْأَمِينُ ﴿١٩٣﴾ عَلَى قَلْبِكَ لِتَكُونَ مِنَ الْمُنذِرِينَ ﴿١٩٤﴾

*- «(Эй Мухаммад), сен (акырет азабынан) эскертүүчүлөрдөн болушуң үчүн дилиңе аны (Куранды) Рухул-Амин (Жебирейил) түшүрдү»,* [26:193-194]

إِنَّا نَحْنُ نَزَّلْنَا الذِّكْرَ وَإِنَّا لَهُ لَحَافِظُونَ ﴿٩﴾

*- «Албетте, бул Эскертмени (Куранды) биз Өзүбүз түшүрдүк жана шексиз аны сактоочубуз»,* [15:9]

لاَ يَأْتِيهِ الْبَاطِلُ مِنْ بَيْنِ يَدَيْهِ وَلاَ مِنْ خَلْفِهِ تَنزِيلٌ مِنْ حَكِيمٍ حَمِيدٍ ﴿٤٢﴾

*- «Ага алдынан да, артынан да батыл келбейт. (Т.а. Курани Каримдин эч кайсы жагынан эч бир китеп же күбөлүк келип, аны жокко чыгара албайт, анткени ал) Хаким жана Хамид тарабынан түшүрүлгөн».* [41:42]

إِنَّ هَذَا الْقُرْآنَ يَهْدِي لِلَّتِي هِيَ أَقْوَمُ وَيُبَشِّرُ الْمُؤْمِنِينَ الَّذِينَ يَعْمَلُونَ الصَّالِحَاتِ أَنَّ لَهُمْ أَجْرًا كَبِيرًا ﴿٩﴾

*- «Албетте, бул Куран эң туура жолго хидаят кылат жана жакшы иш-амалдарды кыла турган момундарга чоң ажр-сыйлык бар экендиги(нин) сүйүнчү кабар(ын) берет»,* [17:9]

قَدْ جَاءَكُمْ رَسُولُنَا يُبَيِّنُ لَكُمْ كَثِيرًا مِمَّا كُنْتُمْ تُخْفُونَ مِنْ الْكِتَابِ وَيَعْفُو عَنْ كَثِيرٍ قَدْ جَاءَكُمْ مِنْ اللَّهِ نُورٌ وَكِتَابٌ مُبِينٌ ﴿١٥﴾ يَهْدِي بِهِ اللَّهُ مَنْ اتَّبَعَ رِضْوَانَهُ سُبُلَ السَّلاَمِ وَيُخْرِجُهُمْ مِنْ الظُّلُمَاتِ إِلَى النُّورِ بِإِذْنِهِ وَيَهْدِيهِمْ إِلَى صِرَاطٍ مُسْتَقِيمٍ ﴿١٦﴾

*- «Эй ахли китептер, мына элчибиз (Мухаммад алайхис-салам) силер китебиңер(Toopoт, Инжил)дин арасынан жашырып келген (ал заттын Пайгамбар болушу жана дагы башка зарыл маселелер тууралуу) көп нерселерди силерге баян кылган абалда, (жалаң силердин сырларыңарды ачып шерменде кылуу үчүн гана иштей турган) көп нерселерди таштаган абалда келди. Силерге Алла тарабынан Нур-Ачык Китеп келди. Алла ал себептүү өзүнүн ыраазылыгына ээрчиген заттарды кутулуу жолуна баштайт жана Өзүнүн уруксат-каалоосу менен аларды караңгылык-зулматтардан нурга чыгарат жана аларды туура жолго хидаят кылат»,* [5:15-16]

كِتَابٌ أَنزَلْنَاهُ إِلَيْكَ لِتُخْرِجَ النَّاسَ مِنْ الظُّلُمَاتِ إِلَى النُّورِ بِإِذْنِ رَبِّهِمْ إِلَى صِرَاطِ الْعَزِيزِ الْحَمِيدِ ﴿١﴾

*- «(Эй Мухаммад, бул Куран) Биз адамдарды Роббилеринин уруксат-ирадасы менен зулматтардан нурга – кудурет жана мактоо ээси болгон Заттын жолуна алып чыгышың үчүн түшүргөн Китеп»,* [14:1]

أَلاَ بِذِكْرِ اللَّهِ تَطْمَئِنُّ الْقُلُوبُ ﴿٢٨﴾

*- «…дилдери Алланы зикир кылуу (эске алуу) менен өргүү алат»,* [13:28]

أَفَلاَ يَتَدَبَّرُونَ الْقُرْآنَ وَلَوْ كَانَ مِنْ عِنْدِ غَيْرِ اللَّهِ لَوَجَدُوا فِيهِ اخْتِلاَفًا كَثِيرًا ﴿٨٢﴾

*- «Акыры, алар Куран жөнүндө пикир жүргүзүшпөйбү?! Эгер ал Алладан башка бирөө тарабынан болгондо, андан көп карама-каршылыктарды табышар эле-го?!».* [4:82]

Пайгамбар ﷺ айтат: **«Силердин эң жакшыңар – Куран үйрөнүп, үйрөткөнүңөр».** Бул хадисти Бухарий Осмон ибн Аффандан рыбаят кылган.

**«Кимде-ким Алланын китебинен бир арип окуса, ага бир жакшылык болот жана бул жакшылык өзүнүн он эсе көп өлчөмүндө болот. Мен Алиф Лам Мим бир арип деп жатканым жок, алиф бир арип, лам бир арип, мим бир арип деп жатамын».** Бул хадисти Термизий Абдулла ибн Масъуддан рыбаят кылган.

**«Куран тармагында чебер киши улуу, итааттуу мырзалар менен бирге болот. Куран окууда кыйналганынан тутулуп кала турган киши үчүн эки ажр бар».** Бул хадисти Муслим Айша ﵂дан рыбаят кылган.

**«Ичинде Курандан эч нерсе болбогон кимсе урандыга айланган үй сыяктуу».** Бул хадисти Термизий рыбаят кылган.

**«Куран окугула. Себеби, ал Кыямат күнүндө ээсине шапааткөй болуп келет».** Бул хадисти Муслим Абу Умома Бохилийден рыбаят кылган.

**«Куран шапаат кылуучу демөөрчү жана тастыкталган сакчы. Ким аны өзүнөн алдыга өткөзсө, аны бейишке баштап барат, ким аны өзүнөн артта калтырса, аны тозокко айдап барат».** Бул хадисти ибн Хиббан Жобир ибн Абдулладан, Байхакий болсо, Жобирден да, ибн Масъуддан да рыбаят кылган.

**«Албетте, Алла бул Китеп менен бир канча коомдорду көтөрөт, башкаларды болсо төмөндөтөт»**. Муслим рыбаяты.

**«Куран ээсине: «Дүйнөдө окуганыңдай кылып Куранды кыраат менен оку жана көтөрүл, себеби, сенин даражаң акыркы окуган аятыңдын даражасында болот», - делет».** Бул хадисти Абу Довуд жана Термизий рыбаят кылган.

**«Куран окугула, ага амал кылгыла, андан жат болбогула, ал туурасында чектен чыкпагыла, аны менен тиричилик өткөрбөгүлө жана байыбагыла».** Бул хадисти Ахмад жана Табароний Абдуррахман ибн Шиблдан рыбаят кылган.

**«Куран окуй турган момун ширин лимонго окшойт: даамы да ширин, жыты да ширин. Куран окубай турган момун курмага окшойт: даамы ширин, жыты жок. Куран окуй турган мунафык райханга окшойт: жыты ширин, даамы**

**ачуу. Куран окубай турган мунафык заккумга окшойт: даамы да ачуу, жыты да ачуу».** Бул хадисти Бухарий менен Муслим Абу Муса ал-Ашъарийден рыбаят кылган.

**«Куранды өзүңөргө байырлатып алгыла. Мухаммаддын жаны Анын колунда болгон затка ант болсун, ал байланган төөдөн да качаган болот».** Бул хадисти Бухарий жана Муслим Абу Муса ал-Ашъарийден рыбаят кылган.

Тыянак ушул, айтып өтүлгөн аяты карима жана хадиси шарифтер Курани Каримдин улуу мартабасын, аны көтөрүп жүргөн кишини бийик даражасын көрсөтүп берүүдө. Киши Куранды чаң бастырып дубалга илип же жасалга үчүн текчеге тизип койбосо, аны окуп жатса, ага амал кылып жатса, анын аяттары туурасында пикир жүргүзүп жатса, күнү-түнү аны менен достошуп жатса, анда, Куран анын изгилик жолундагы бүтпөс-түгөнбөс таяныч-такаатына айланып калат. Ушундай болгон соң, урматтуу боордоштор, Курани Карим менен дос болгула, аны тилават кылууга шашылгыла, анын аяттары туурасында пикир жүргүзгүлө, ага амал кылгыла, аны бекем кармагыла. Анткени, муну менен даамыңар таттуу, жытыңар жагымдуу болсун. Муну менен дүйнөдөгү даъватты жаюуда да, акыреттеги бейиште да алдыңкы катарда болгула. Муну менен силерге карата «оку жана көтөрүл» сөздөрү айтылсын. Мына ушуну менен улуу жеңишке, үлкөн ийгиликке, Алланын ыраазылыгына ылайыктуу болуп табыласыңар.

وَبَشِّرِ الْمُؤْمِنِينَ ﴿٢٢٣﴾

- *«(Эй Мухаммад), ыймандуу кишилерге (бейиш) сүйүнчү кабарын жеткиргин!»* [2:223]

## -3-

# Алланы жана Анын Расулун жакшы көрүү

Азхарий: «Пенденин Алланы жана Анын Расулун жакшы көрүшү – Аларга итаат кылышы (моюн сунушу) жана буйруктарын аткарышы дегени», - дейт. Байзовий: «Махабат – итаат кылууну каалоо», - дейт. Ибн Арафа: «Арабдарда «махабат» – бир нерсени ниет менен ирода кылуу (каалоо)», - дейт. Зажжаж: «Адамдын Алла жана Расулун жакшы көрүшү – аларга итаат кылышы. Алла буйруган жана Расулу алып келген иштерге ыраазы болушу», - дейт.

Алланын пендени жакшы көрүшү – магфират кылышы, ыраазы болушу жана соопберишИ. Байзовий *«Алла да силерди жакшы көрөт, магфират кылат»* аятын «Силерден ыраазы болот» деп тафсир кылган. Азхарий Алланын пенделерди жакшы көрүшүн аларга кечиримди тартуулашы деп түшүндүрүп:

فَإِنَّ اللَّهَ لاَ يُحِبُّ الْكَافِرِينَ ﴿٣٢﴾

– «*Албетте, Алла капырларды жакшы көрбөйт»,* [3:32]
- аятын т.а. «аларды кечирбейт» деп тафсир кылат. Суфян ибн Уяйна: *«Алла силерди жакшы көрөт»* дегени «Өзүнө жакын алат дегени», себеби, махабат – бул өзүнө жакын алуу. Алланын капырларды жаман көрүшү аларды өзүнө жакын албашы», - дейт. Багавий: «Алланын момундарды жакшы көрүшү аларды макташы, аларга сооп бериши жана аларды кечириши», - дейт. Зажжаж: «Алланын өз калкын жакшы көрүшү аларды кечириши, аларга ырайым жана кечиримин тартуулашы жана аларды макташы», - дейт.

Бул макалабызда биз үчүн этибарлуусу пенденин Алла жана Расулуна болгон махабаты. Бул махабат ушул этибар менен алганда парз болуп саналат. Себеби, ал адам нафсиясын калыптандыруучу майл-ыктоолордун бири. Негизи майл-ыктоолор ар кыл болот. Эч кандай түшүнүккө байланбаган табигый болушу да мүмкүн: эгедер болууга ыктоо, жашоону, адилеттүүлүктү, үй-бүлө жана перзентти жакшы көрүү сыяктуу. Түшүнүктөргө байланган болушу да мүмкүн. Анда ыктоонун түрүн мына ушул түшүнүктөр белгилеп берет. Мисалы, кызыл түстүүлөр европалык мухажирлерди жакшы көрүшкөн жок. Мединалык ансарлар болсо, меккелик мухажирлерди жакшы көрүштү. Алла жана Расулун жакшы көрүүнү Алла Субханаху шаръий түшүнүккө байлап, аны парз кылды. Буга Курандан далилдер:

وَمِنْ النَّاسِ مَنْ يَتَّخِذُ مِنْ دُونِ اللَّهِ أَندَادًا يُحِبُّونَهُمْ كَحُبِّ اللَّهِ وَالَّذِينَ آمَنُوا أَشَدُّ حُبًّا لِلَّهِ

*- «Адамдар арасында башкаларды Аллага тең кылып, аларды Алланы сүйгөндөй сүйө турган кимселер бар. Ыймандуу кишилердин Аллага болгон сүйүүлөрү катуураак».* [2:165]

Т.а. момундардын Алланы жакшы көрүүлөрү мушриктердин өз кудайларын жакшы көрүшүнөн күчтүүрөөк.

قُلْ إِنْ كَانَ آبَاؤُكُمْ وَأَبْنَاؤُكُمْ وَإِخْوَانُكُمْ وَأَزْوَاجُكُمْ وَعَشِيرَتُكُمْ وَأَمْوَالٌ اقْتَرَفْتُمُوهَا وَتِجَارَةٌ تَخْشَوْنَ كَسَادَهَا وَمَسَاكِنُ تَرْضَوْنَهَا أَحَبَّ إِلَيْكُمْ مِنْ اللَّهِ وَرَسُولِهِ وَجِهَادٍ فِي سَبِيلِهِ فَتَرَبَّصُوا حَتَّى يَأْتِيَ اللَّهُ بِأَمْرِهِ وَاللَّهُ لاَ يَهْدِي الْقَوْمَ الْفَاسِقِينَ ﴿٢٤﴾

*- «(Эй Мухаммад) айткын: «Эгер ата-энелериңер, балдарыңар, ага-иниңер, жубайларыңар, тууган-уруктарыңар жана кесип кылып тапкан мал-дүйнөңөр, жүрүшпөй калышынан корко турган соодаларыңар о.э. жакшы көрө турган үй-жайларыңар силерге Алладан, Анын Пайгамбарынан жана Анын жолунда жихад кылуудан сүйүктүүрөөк болсо, анда Алла Өз амирин (т.а. азабын)*

*алып келгенге чейин күтүп тура бергиле. Алла моюн сунбаган коомду хидаят кылбайт».* [9:24]

Сүннөттөн далилдер:

• **«Бир киши Пайгамбар ﷺдан «Кыямат качан?» деп сурады. Пайгамбар ﷺ: «Ал үчүн кандай даярдык көрдүң?», - деди. Ал: «Эч кандай, мен Алланы жана Расулун гана жакшы көрөмүн», - деди. Ошондо Пайгамбар ﷺ: «Сен кимди жакшы көрсөң, ошону менен бирге болосуң», - деди».** Ровий айтат: «Пайгамбар ﷺдын ушул сөздөрүнө кубанганчалык эч нерсеге кубанбаган элек. Мен Пайгамбар ﷺды, Абу Бакрды жана Умарды жакшы көрөр элем. Алардай амал кыла албасам да, аларга болгон махабатым аркылуу алар менен бирге болууну каалар элем». Бул муттафакун алайх хадисти Анас ﷺ рыбаят кылган.

• **«Үч иш бар, ким аларды өзүндө топтосо, ыйман даамын татат. Алар: Алла жана Расулунун анын назарында башкаларга караганда сүйүктүүрөөк болушу; бирөөнү Кудай үчүн жакшы көрүшү; куфрга кайтуудан отко ташталып жаткандай коркушу».** Бул муттафакун алайх хадисти да Анас ﷺ рыбаят кылган.

• **«Пенде – мен ал үчүн үй-бүлөсүнөн, мал-дөөлөтүнөн жана бардык адамдардан сүйүктүүрөөк болмоюнумча – момун болбойт».** Бул хадисти Анас ﷺ рыбаят кылган.

Пайгамбар ﷺдын сахабалары бул парзды өтөөгө абдан өч болуп, Алла жана Расулунун сүйүктүүсү болуу сыймыгына жетишүү үчүн жарышка түшөр эле.

• **«Ухуд күнү Пайгамбар ﷺдын алдынан адамдар чегиништи. Абу Талха жанында калып, калканы менен ал кишини тосуп жатты. Ал олдоксон жаачы болуп, ошол күндүн өзүндө эки же үч жааны сындырган эле. Жанынан саадак көтөргөн киши өтүп калса «Абу Талхага таштап кет» дээр эле. Пайгамбар ﷺ адамдарды күзөтмөкчү болсо: «Эй Алланын Пайгамбары, ата-энем сизге курман болсун, күзөтпөңүз, дагы бирер ок келип сизге тийбесин, жаным жаныңызга курман», - дээр эле».** Бул муттафакун алайх хадисти да Анас ﷺ рыбаят кылган.

• **Кайс айтат: «Ухуд күнүндө Пайгамбар ﷺды калкалаймын деп Талханын колу шал болуп калганын көрдүм».**

• Табук согушунан калган үч кишинин бири Каъб ибн Малик айтат: **«Адамдардын менден өздөрүн алып качуулары**

**созулуп кеткен соң, тентиреп жүрүп, Абу Катоданын дубалынан ашып өттүм. Ал абакемдин уулу болуп, менин эң сүйүктүү адамым эле. Ага салам айттым, Аллага ант болсун, алик албады. Мен Аллага ант ичип туруп: «Эй Абу Катода, менин Алла жана Расулун жакшы көрүшүмдү билсең го!» - дедим. Ал унчукпады. Экинчи жолу кайра ант ичтим. Ал дагы унчукпады. Үчүнчү жолу кайра ант ичкенде, ал: «Алла жана Расулу билүүчүрөөк», - деди. Ошондо көздөрүмдөн жаш атып чыкты. Бурулуп, дагы дубалдан ашып кайтып кеттим»** (муттафакун алайх).

- Кутайба ибн Саъид Яъкуб ибн Абдуррахмандан, ал Абу Хозимден, ал болсо Сахл ибн Саъддан рыбаят кылышынча, Пайгамбар ﷺ Хайбар күнү: **«Эртең бул байракты ушундай бир кишиге беремин, Алла анын колу менен жеңиш берет, ал Алла жана Расулун жакшы көрөт, Алла жана Расулу да аны жакшы көрөт», - деди. Адамдар кайсы бирибизге берилер экен деп уу-дуу менен түндү өткөрүштү. Таң аткан соң, бардыгы Пайгамбар ﷺдын алдына топтолду. Ар бири байрак мага берилсе экен деп турду. Пайгамбар ﷺ: «Алий ибн Абу Талиб каякта?» - деди. «Ал кишинин көзү ооруп жаткан эле» делди. Адам жиберилип, алып келинди. Пайгамбар ﷺ көзүнө түкүрүп дуба кылды эле, ошол замат айыкты. Кудум мурун оорубаганбай болуп калды. Ага байракты берди. Ошондо Алий: «Эй Алланын Пайгамбары, алар да биздей болгонго чейин алар менен согушамын», - деди. Пайгамбар ﷺ «Шашпастан алардын жерлерине кирип бар, кийин аларды Исламга даъват кыл, үстүлөрүндө Алланын акысы бар экендигин баян кыл, Аллага ант болсун, Алланын сен себептүү бир гана адамды хидаят кылышы сен үчүн кызыл төөлөрдүн сеники болушунан да жакшыраак», - деди»** (муттафакун алайх).

- Ибн Хаббан өзүнүн сахихинде рыбаят кылат: «… Урва ибн Масъуд досторунун алдына келип: «Эй коом, Аллага касамки, мен падышалар Кисро, Кайсар, Нажашийдин алдына өкүл болуп барганмын, бирок, Мухаммад сыяктуу асхабы улуулай турган падышаны көрбөдүм, Аллага касамки, эгер какырык таштаса, алардын биринин алаканына түшөт экен да, аны жүзү же денине сүртүп алат экен; бир ишке буюрса, ашыгып аткарышат экен; даарат кылса, дааратынан арткан сууну талашып урушуп кетишет экен; сөз баштаса, үндөрүн басаңдатышат экен; аны улуулап, ага тик карашпайт экен», - деди».

• Мухаммад ибн Сирин айтат: **«Умар ﷺнун заманында бир нече кишилер тартышып калып, Умарды Абу Бакрдан абзел көргөндөй болуп калышты. Бул кабар Умарга жетип келгенде: «Аллага ант болсун, Абу Бакрдын бир түнү Умардын укум-тукумунан да жакшыраак - деди - Пайгамбар ﷺ үңкүргө чыгып бара жатканда Абу Бакр ал киши менен бирге эле. Бир саат Расул ﷺдын алдында жүрсө, бир саат аркасында жүрөр эле. Муну сезген Пайгамбар ﷺ: «Эмнеге бир саат алдымда, бир саат аркамда жүрөсүң?» - деди. Ошондо Абу Бакр: «Эй Алланын Пайгамбары, алардын издеп келе жаткандарын эстегенимде артыңызда, буктурма бар экендигин эстегенимде алдыңызда жүрдүм», - деди. Пайгамбар ﷺ: «Эй Абу Бакр, менсиз өзүңө гана бирер нерсе болушун каалайсыңбы?» деди. Абу Бакр: «Ооба, сизди акыйкат менен жиберген Затка ант болсун, кандай мусийбат болбосун, анын сизсиз өзүмө гана болушун каалаймын», - деди. Үңкүргө жетишкен соң Абу Бакр: «Я Расулулла, токтой туруңуз, үңкүрдү сиз үчүн тазалап чыгайын», - деп, кирип тазалап чыкты. Эң төрүнө барышкан соң, бир ууяны тазалабагандыгы эсине түшүп: «Эй Алланын Пайгамбары, токтоп туруңуз, ушул ууяны да тазалап чыгайын», - деп, кирип тазалап чыкты. Кийин: «Кире бериңиз, я Расулулла» деди, анан Пайгамбар ﷺ кирди». Умар айтат: «Жаным Анын колунда болгон Затка ант болсун, ошол түн Умар сулалесинен да жакшыраак».**

• Анас ибн Малик айтат: **«Ухуд күнүндө Пайгамбар ﷺ жети ансарий жана эки курайший сахабалары менен жекеленип калды. Душман кууп келе жаткан эле. Ошондо Пайгамбар ﷺ: «Ким душманды кайтарса, ага бейиш болот же ал бейиштеги шеригим болот», - деди. Ансарлардын бири алдыга чыгып, өлтүрүлгөнгө чейин согушту. Душман дагы кууп келе жатты. Пайгамбар дагы ошол сөздү кайталады. Ансарлардын дагы бири алдыга чыгып өлтүрүлгөнгө чейин согушту. Ошентип, жети киши өлтүрүлдү. Ошондо Пайгамбар ﷺ калган эки сахабаларына: «Досторубузга ынсап кылбадык», - деди».**

• Абдулла ибн Хишам айтат: **«Пайгамбар ﷺ менен бирге элек. Ал киши Умар ибн Хаттабдын колунан кармап алган эле. Умар ал кишиге: «Эй Алланын Пайгамбары, Сиз мага бардык нерседен сүйүктүүрөөксүз,** (бирок, болгону) **өзүмдөн**

**эмес», - деди. Пайгамбар ﷺ: «Жок, жаным Анын колунда болгон Затка ант болсун, качан сага өзүңдөн да сүйүктүүрөөк болмоюнумча болбойт», - деди. Ошондо Умар: «Мына эми, азыр Аллага касамки, сиз мага өзүмдөн да сүйүктүүрөөксүз», - деди. Пайгамбар ﷺ «Мына эми болду, эй Умар», - деди».**

Муслимдин шархында Нававий Пайгамбар ﷺды жакшы көрүүнүн мааниси жөнүндө Абу Сулайман Хитобийден накл кылат **«...Мага итаат кылууда жаныңды бермейинче жана сени өлүмгө алып барса да, өз каалооңдон көрө менин ыраазылыгымды абзел көрмөйүнчө, мага болгон махабатың тастыкталбайт».**

• Ибн Сирин рыбаят кылат: Мен Убайдага «Бизде Пайгамбар ﷺдын чачтарынан бар, аны Анастан же Анастын үй-бүлөсүнөн алганбыз», - дедим. Ошондо ал: «Мен үчүн ошондон бир талдын болушу дүйнө жана андагы нерселерден жакшыраак», - деди.

• Айша ؓ рыбаят кылат: Абу Бакр сүйлөп жатып: «Жаным Анын колунда болгон Затка касамки, мен үчүн Пайгамбар ﷺдын тууганы өз туугандарымдын сийлаи рахиминен да жакшыраак», - деди (Бухарий).

• Айша ؓ рыбаят кылат: «Утбанын кызы Хинд келип: «Эй Алланын Пайгамбары, бүткүл жер жүзүндө сенин чатырыңдагылардын кор болушун эң көп каалар элем, бүгүн болсо, бүткүл жер жүзүндө сенин чатырыңдагылардын азиз болушун эң көп каалай турган болуп калдым», - деди (муттафакун алайх).

• Торик ибн Шибах ибн Масъуддун мындай дегенин уктум дейт: «Мен Микдад ибн Авсад менен ушундай бир көрүнүштүн күбөсү болдум, ошонунун ээси болуш мен үчүн ошону менен тең келе турган иштен да жакшыраак. Ал Пайгамбар ﷺдын алдына келгенинде, ал киши мушриктерди дубаибад (каргыш дуба) кылып жаткан эле. Ошондо ал: «Биз Мусанын коомуна окшоп *«Сен Роббиң менен барып согуша бер»* дебейбиз. Тескерисинче, сиздин оң тарабыңызда да, сол тарабыңызда да, артыңызда да, алдыңызда да туруп согуш кылабыз», - деди. Бул сөзгө Пайгамбар ﷺдын кубанып, жүзү жаркырап кеткенин көрдүм (Бухарий).

• Айша ؓ рыбаят кылышынча, Саъд ؓ мындай деди: «Эй Аллахым, башка коомдордон көрө, Пайгамбарыңды жалганчыга чыгарып, кууп-айдаган коомго каршы Сенин жолуңда жихад кылууну көбүрөөк жактырышымды Өзүң жакшы билесиң» (муттафакун алайх).

• Абу Хурайрадан рыбаят кылынышынча, Самома ибн Асол мындай деди: «Эй Мухаммад, Аллага касамки, мен үчүн жер жүзүндө сиздин жүзүңүздөн көрө жагымсызыраак жүз жок эле, мына эми, ал мага эң жагымдуу жүзгө айланды. Аллага касамки, мен үчүн сиздин диниңизден көрө жагымсызыраак дин жок эле, мына эми ал мага эң жаккан динге айланды. Аллага касамки, мен үчүн сиздин журтуңуздан көрө жагымсызраак журт жок эле, мына эми ал мага эң жагымдуу журтка айланды…» (муттафакун алайх).

## -4-

## Кудай үчүн жакшы көрүү жана Кудай үчүн жаман көрүү

Алла жолунда жакшы көрүү – кишини момундугу жана итааткөйлүгү үчүн жакшы көрүү. Алла жолунда жаман көрүү болсо, бирөөнү капырлыгы жана күнөөсү үчүн жаман көрүү. Алла жолунда дегени – Алла үчүн дегени. «Жолунда» сөзү «себептүү» («үчүн») деген маанини түшүндүрөт.

فَذَلِكُنَّ الَّذِي لُمْتُنَّنِي فِيهِ

*- «Мына ушул нерсе себептүү мени жемелединер»,* [12:32]

لَمَسَّكُمْ فِي مَا أَفَضْتُمْ فِيهِ

*- «Силерди тынбай сүйлөгөн нерсе – жалган жалааңар себептүү»,* [24:14]

- аяттары жана **«Бир аял бир мышык себептүү тозокко кирди»** хадиси буга далил.

Итааткөй момундарды жакшы көрүүнүн сообу улуу. Ага далилдер:

• Абу Хурайра Пайгамбар ﷺдан рыбаят кылат: **«Жети кыл тайпа кишилер бар, көлөкөсү жок Күндө аларды Алла Өзүнүн көлөкөсүнө алат: 1. Адилет жетекчи. 2. Алла Азза ва Жаллага ибадат кылуу менен эрезеге жеткен өспүрүм. 3. Дили мечиттерге байланган киши. 4. Кудай үчүн бири-бирин жакшы көргөндөр, алар Кудай үчүн биригишет, Кудай үчүн ажырашышат. 5. Мансаптуу жана чырайлуу аял чакырганда «Мен Алладан коркомун» деген киши. 6. Оң колу берген садаканы сол колу билбеген киши. 7. Жалгыз абалында Алланы эстеп, көзү жашка толгон киши».**

• Муслимде келишинче, Абу Хурайра Пайгамбар ﷺдан рыбаят кылат. **«Кыямат күнүндө Алла Таала: «Менин улуулугум акысы үчүн бири-бирин жакшы көргөндөр кана? Менин көлөкөмдөн башка көлөкө болбогон мына ушул Күндө Мен аларды Өз көлөкөмө аламын», - дейт».**

• Муслимде келишинче, Абу Хурайра Пайгамбар ﷺдан рыбаят кылат: **«Жаным Анын колунда болгон Затка ант болсун, момун болмоюнча бейишке кирбейсиңер, бири-бириңерди жакшы көрмөйүнчө момун болбойсуңар. Силерге бир жолду көрсөтөйүнбү, андан жүрсөңөр, бири-бириңерди жакшы көрүп каласыңар: өз ара саламдашууну кеңири жайгыла».** Пайгамбар ﷺдын: **«Бири-бириңерди жакшы көрмөйүнчө момун боло албайсыңар»** деген сөздөрү Алла үчүн жакшы көрүүнүн сообу улуулугуна далил.

• Бухарийде келишинче, Анас жана Пайгамбар ﷺдан рыбаят кылат: **«Киши бирөөнү Кудай үчүн жакшы көрмөйүнчө... ыйман даамын татпайт».**

• Термизийде келишинче, Муаз ؓ Пайгамбар ﷺдын ушундай дегенин уккан элем дейт: **«Алла Азза ва Жалла: «Менин улуулугум акысына бири-бирин жакшы көрүүчүлөргө нурдан болгон минбарлар болуп, аларга Пайгамбарлар жана шейиттер да суктанышат», - дейт».** Пайгамбарлар жана шейиттердин суктанышы, алардын абалдары канчалык жакшы экендигине бир ишара гана. Негизи, алардын даражалары абдан жогору.

• Ахмад Сахих санад менен Анас ؓдан рыбаят кылат: **«Бир киши Пайгамбар ﷺдын алдына келип: «Эй Алланын Пайгамбары, бир киши дагы бир кишини жакшы көрөт го, бирок, андай амал кыла албайт», - деди. Пайгамбар ﷺ: «Киши өзү жакшы көргөн адам менен бирге болот», - деди».** Анас ؓ: «Сахабалар, мусулман болгондуктарын кошпогондо, эч нерсеге мынчалык кубанышпаган эле, биз Алланын пайгамбарын жакшы көрөбүз, бирок, ал кишидей амал кыла албайбыз. Ал зат менен бирге болсок, бизге ушунун өзү жетет», - дейт».

• Ахмад, Абу Довуд, Ибн Хиббанда Абу Зарр рыбаят кылат: **«Мен: «Я Расулулла, киши бир коомду жакшы көрөт го, бирок, алар сыяктуу амал кыла албайт?» - дедим. Ошондо Пайгамбар ﷺ: «Эй Абу Зарр, сен кимди жакшы көрсөң, ошону менен бирге болосуң», - деди. Мен «Алла жана Анын пайгамбарын жакшы көрөмүн» деп бир же эки жолу айттым».**

• Абдулла ибн Масъуд рыбаят кылат: **«Бир киши Пайгамбар ﷺдын алдына келип: «Я Расулулла, бир коомду көрүп туруп, алар менен бирге боло албаган адам жөнүндө эмне**

**дейсиз?» - деди. Ошондо Пайгамбар ﷺ: «Киши өзү жакшы көргөндөр менен бирге болот», - деди»** (муттафакун алайх).

• Хакимдин «Мустадрак» эмгегинде Абдулла ибн Масъуд рыбаят кылат: **«Пайгамбар ﷺ мага «Эй Абдулла ибн Масъуд» деди. Мен үч жолу «Лаббей, эй Алланын Пайгамбары» дедим. Ал киши: «Ыймандын кайсы туткасы бекемирээк экендигин билесиңби?» - деди. Мен: «Алла жана Анын Расулу билүүчүрөөк», - дедим. Ал киши: «Ыймандын эң бекем туткасы – Кудай үчүн дос болуу, Кудай үчүн жакшы көрүү жана Кудай үчүн жаман көрүү», - деди».**

• Ибн Абдул-Биррдин «Тамхид»инде Умар ибн Хаттаб рыбаят кылышынча, Пайгамбар ﷺ: **«Алланын ушундай бир пенделери бар, алар Пайгамбарлар да, шейиттер да эмес, бирок, алардын Алла Азза ва Жалланын алдындагы даражасына Пайгамбарлар да, шейиттер да суктанышат», - деди. Сахабалар: «Я Расулулла, алардын ким экендигин, кандай иштер кылгандыктарын айтып берсеңиз, ажеп эмес, аларды жакшы көрүп калсак», - дешти. Ошондо Пайгамбар ﷺ: «Алар ортолорунда эч кандай тууганчылык жана алды-берди кылына турган мал-мүлк болбосо да, Алланын акысы үчүн бири-бирин жакшы көргөн кишилер. Алар нурдан болгон минбарларда турушат, адамдар корккондо да алар коркушпайт, адамдар капа болгондо да алар капа болушпайт» деп:**

أَلاَ إِنَّ أَوْلِيَاءَ اللَّهِ لاَ خَوْفٌ عَلَيْهِمْ وَلاَ هُمْ يَحْزَنُونَ ﴿٦٢﴾

*- «Билип койгула, Алланын досторуна эч кандай коркунуч жок. Алар капа да болушпайт».* [10:62]

**- аятын окуду».**

• Муаз ибн Анас Жухайнийдин рыбаятында Пайгамбар ﷺ айтат: **«Кимде-ким Алла үчүн эхсан кылса, Алла үчүн эхсан кылуудан тыйылса; Алла үчүн жакшы көрсө, Алла үчүн жаман көрсө; Алла үчүн үйлөнсө, анын ыйманы толук болуптур».**

Кимде-ким бирөөнү Кудай үчүн жакшы көрсө, ага өзүнүн жакшы көрүшүн билдирип коюшу сүннөт. Абу Довуд жана Термизийдин Микдад ибн Маъди Карабан рыбаят кылган хадисинде Пайгамбар ﷺ: **«Эгер киши боордошун жакшы көрсө, ага өзүнүн жакшы көрүшүн билдирип койсун»,** - деген. Абу Довуд Анастан рыбаят кылат: **«Бир киши Пайгамбар ﷺдын алдында эле. Ошондо бир киши өтүп калды. Жанагы адам: «Я Расулулла, мен ушул адамды жакшы көрөмүн», - деди. Пайгамбар ﷺ:**

**«Өзүнө айтып билдирип койгонсуңбу?» - деди. Ал «Жок» деп жооп берди. Пайгамбар ﷺ «Билдирип кой» деди. Жанагы киши дароо өтүп кеткен адамга жетип барып: «Мен сени Кудай үчүн жакшы көрөмүн», - деди. Бул сөздү уккан киши: «Мен да сени сен мени кандай жакшы көрсөң, ошондой жакшы көрөмүн», - деди».** Абдулла ибн Амрдын рыбаят кылышынча, Пайгамбар ﷺ мындай деди: **«Ким бирөөнү Кудай үчүн жакшы көрүп, ага «сени Кудай үчүн жакшы көрөмүн» десе жана экөөсү тең бейишке кирсе, жакшы көргөнүнүн мартабасы бийигирээк болот. Акыйкат Кудай үчүн жакшы көргөн менен бирге».**

Бири-бирин жакшы көргөн эки достун кайсынысы көбүрөөк жакшы көрсө, жакшылык ошонуку. Анастан рыбаят кылынган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Эки киши Кудай үчүн бири-бирин жакшы көрсө, алардын кайсы бири шеригин көбүрөөк жакшы көрсө, абзели ошол».**

Жакшы көргөн адамынын акысына гойибана (жашыруун) дуба кылуу да сүннөт. Умму Дардо «Кожом Пайгамбар ﷺдын: **«Кимде-ким боордошунун акысына гойибана дуба кылса, ага бир periште өкүл кылынып: «Омийн, сага да ушундай болсун», - деп турат»** дегенин уккан экен» деп рыбаят кылат. Бул жерде ровий эри Абу Дардону урматтап «кожом» деп жатат. Саффан ибн Абдулладан рыбаят кылынат: **«Шамга келип, Абу Дардонун үйүнө бардым. Өзү жок экен, аялы бар экен. Ал менден: «Бул жылы хаж кылмакчысыңбы?» - деп сурады. Мен «Ооба» деп жооп бердим. Ошондо ал: «Биздин акыбызга да дубаи хайр кылгын, себеби, Пайгамбар ﷺ: «Мусулман кишинин өз боордошу акысына гойибана кылган дубасы мустажаб** (кабыл)**, анын башында бир өкүл кылынган periште болуп, ар дуба кылганында: Омийн, сага да ушундай болсун, - деп турат деген», - деди. Базарга барып, Абу Дардону учуратып калган элем, ал да мага ушул сөздү айтты».**

Боордошунан дуба суроо да сүннөт. Умар ибн Хаттаб рыбаят кылат: **«Пайгамбар ﷺдан умра кылууга уруксат сурадым эле, уруксат берип жатып: «Эй боордош, дубаңда бизди унутуп койбогун», - деди. Ушул сөздүн акысына мага бүткүл дүйнө берилгенде да курсант болбос элем. Бүткүл дүйнө меники болгондо да, мени ушул сөзчөлүк кубандыра албас эле».** Дагы бир рыбаятта: **«Эй боордош, дубаңа бизди да кошуп койгун»,** - делген.

Жакшы көргөн боордошун зыярат кылуу, аны менен баарлаш болуу, барды-келди кылуу, ага белек-бечкек тартуулоо да сүннөт. Муслим Абу Хурайрадан рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ айтат: **«Бир киши башка бир кыштактагы боордошун зыярат кылганы барса, Алла ал үчүн бир периштени күзөтчү кылып коёт экен. Жанагы киши күзөтүп турган периштенин жанына келгенде, периште андан «Каерге бармакчысың?» деп сурайт экен. Ал «Ушул кыштактагы бир боордошумдукуна» деп жооп берет экен. Периште: «Сенин анда көбөйтө турган каражатың барбы?» - деп сурайт экен. Жанагы адам: «Жок, бирок, мен аны Кудай үчүн жакшы көрөмүн», - дейт экен. Ошондо периште: «Мен Алланын сага жиберген элчисимин, сен аны Кудай үчүн жакшы көргөнүңдөй, Кудай да сени жакшы көрөт», - дейт экен».** Убода ибн Сомит Пайгамбар ﷺдан рыбаят кылган хадиси кудсийде Алла Таала айтат: **«Мен үчүн бири-бирин жакшы көрүүчүлөр Менин махабатыма татыктуу. Мен үчүн бири-бирин зыярат кылуучулар Менин махабатыма татыктуу. Мен үчүн бири-бирине берешен болуучулар Менин махабатыма татыктуу. Мен үчүн бири-бири менен барды-келди кылуучулар Менин махабатыма татыктуу».** Маликтин «Муватта»сында келишинче, Муаз ؓ: Пайгамбар ﷺдын мындай дегенин уктум дейт: **«Алла Таала айтат: «Мен үчүн бири-бирин жакшы көрүүчүлөр, Мен үчүн бири-бири менен баарлашуучулар, Мен үчүн бири-бирин зыярат кылуучулар, Мен үчүн бири-бирине берешен болуучулар Менин махабатыма татыктуу».** Айша ؓ айтат: «Эс тартканымдан ата-энем диндар эле. Пайгамбар ﷺдын эртең менен да, кечкурун да биздикине келбеген бирер күнү болбогон».

Пайгамбар ﷺ өзү жакшы көргөн нерсени боордошуна да ыраа көргөн жана дүйнө ишинде да, акырет ишинде да колунан келишинче ага жакшылык кылууга дилгир болгон момундун сообу улуу болушун баян кылат. Анас ؓ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай дейт: **«Өзү жакшы көргөн нерсени боордошуна да ыраа көрмөйүнчө, киши момун болбойт».** Абдулла ибн Амрдын хадисинде Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Алланын алдында достордун эң жакшысы – досу үчүн жакшыраак болгону. Алланын алдында коңшулардын эң жакшысы – коңшусу үчүн жакшыраак болгону».** Күчү жетишинче досунун кажетин чыгарууга (ажатын ачууга) урунуу, колунан келишинче боордошунун капалыгын таркатып жиберүүгө

аракет кылуу да мына ушул иштерге кирет. Ибн Умардын муттафакун алайх хадисинде Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Мусулман – мусулмандын боордошу. Ага зулум да кылбайт, аны тек таштап да койбойт. Кимде-ким боордошунун кажетин чыгаруу жолунда болсо, Алла анын кажетин чыгаруу жолунда болот, кимде-ким бир мусулмандын капалыгын таркатып жиберсе, Алла кыямат күнүндө анын бир капалыгын таркатып жиберет, кимде-ким бир мусулмандын айыбын жапса, Алла кыямат күнүндө анын бир айыбын жабат».** Зайд ибн Собиттин хадисинде Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Ырас, пенде боордошунун кажетин чыгаруу аркетинде болот экен, Алла анын кажетин чыгаруу аракетинде боло берет».**

Досун кубандыруу үчүн ага ал жакшы көрө турган нерсе менен кезигүү мандуб. Анастын хадисинде Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Кимде-ким мусулман боордошун курсант кылуу үчүн ага жакшы көрө турган нерсеси менен кезиксе, кыямат күнүндө Алла Азза ва Жалла аны курсант кылат».**

Боордошуна жаркын маанай менен кезигүү да мандуб. Абу Заррдын рыбаятында Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Арзыбас бир жакшылыкты да көзгө илбей өтпөгүн, мейли, ал боордошуңа ачык маанай менен кезигүү болсо да».** Жобир ибн Абдулла рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Ар бир жакшылык – садака. Боордошуңа ачык маанай менен кезигишиң да, анын идишине чакаңдан суу куюп беришиң да жакшылык».** Ахмад, Абу Довуд, Термизий, Насоий жана ибн Хиббандар рыбаят кылган хадисте Абу Жаро ал-Хажимий айтат: **«Пайгамбар ﷺдын алдына барып: «Я Расулулла, биз чөлдүк калкпыз, бизге бирер нерсени үйрөтүңүз, Алла аны биз үчүн пайдалуу кылсын», - дедим. Ошондо Пайгамбар ﷺ: «Аз гана жакшылыкты да көзгө илбей өтпөгүн, ал чакасынан суу сурагандын идишине суу куюп берүү болсо да, ал боордошуңа ачык маанай менен сүйлөшүң болсо да. Кийимди түшүрүп-сүйрөлтүп жүрүүдөн сактангын. Себеби, ал кибр-текеберликтен. Алла аны жакшы көрбөйт. Эгер бир киши сен жөнүндө билген нерселери менен сени акаарат кылса, сен ал жөнүндө билген нерселериң менен аны акаарат кылбагын. Себеби, анын сообу сага болуп, күнөөсү сүйлөгөндүн өзүнө болот», - деди»**.

Боордошуна хадя-белектер берүү да мандуб. Абу Хурайранын хадисинде Пайгамбар ﷺ: **«Бири-бириңерге белек берип**

**тургула, ошондо бири-бириңерди жакшы көрүп каласыңар»**, - деген. Белекти кабыл алуу, белекке белек менен жооп кайтаруу да мандуб. Бухарийде Айша ﵂ рыбаят кылып мындай дейт: «Пайгамбар ﷺ белекти кабыл алар эле жана белекке белек менен жооп берер эле». Ибн Умардын хадисинде Пайгамбар ﷺ айтат: **«Кимде-ким Кудайды ортого коюп башбаанек сураса, башбаанек бергиле. Кимде-ким Кудайды ортого коюп бирер нерсени сураса, бергиле. Кимде-ким Кудайды ортого коюп коргоо тилесе, коргогула. Кимде-ким силерге бир жакшылык кылса, жакшылыгын жакшылык менен кайтаргыла. Таба албасаңар, анын акысына дуба кылгыла. Муну менен, өзүңөрдү анын жакшылыгына жараша жооп кайтардык деп билгиле».** Биз боордоштор ортосунда боло турган белектер туурасында айтмакчыбыз. Жарандардын акимдерге кыла турган белеги буга кирбейт. Себеби, ал пара сыяктуу арам. «Алла сизди сыйласын» деш да жакшылыкка жакшылык кылуунун катарына кирет. Термизий Усама ибн Зайддан рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Кимге бир жакшылык кылынса, анан ал да жакшылык кылган адамга: «Алла сизге жакшы сыйлык берсин» десе, ал өз ыраазылыгын жетиштүү даражада билдириптир».** Жакшылыкка жараша жакшылык кайтара албай турган киши үчүн ырахмат айтуунун өзү жетиштүү болот. Ибн Хиббан Жобирден рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Кимге бир жакшылык кылынса жана ал жакшылыкка жараша жакшылык таба албай, ыраазычылык гана билдирсе, шүгүр кылыптыр. Ким аны жашырса, нанкөрдүк** (жакшылыкты билбегендик) **кылыптыр. Ким акыйкатсыздык менен жасалгаланса, кабат-кабат жалган жалаа кийимин кийгендей болуптур».** Термизий Жобирден рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Кимге бир жакшылык кылынса жана ал ошого жараша нерсе тапса, кайтарсын. Таба албаса, ыраазычылык билдирсин. Анткени, кимде-ким ыраазычылык билдирсе, шүгүр кылыптыр, жашырса нанкөрдүк кылыптыр. Кимде-ким өзүнө берилбеген нерсе менен жасанса, кабатма-кабат жалаа кийимин кийгендей болуптур».** Абу Довуд жана Насаий Анас ﵁дан рыбаят кылат: **«Мухажирлер: «Я Расулулла, ансарлар бардык соопту алып кетишти, биз байлары мынчалык жоомарт болгон, кембагалдары мынчалык дартташ болгон коомду көрбөгөнбүз, алар бизди кем-карчсыз кылып**

**камсыздашты», - дешти. Ошондо Пайгамбар ﷺ: «Силер аларга ыраазычылык билдирип, алардын акыларына дуба кылдыңарбы?» - деди. Алар «Ооба, кылдык» дешти. Пайгамбар ﷺ: «Ушул кылганыңар алардын кылганы менен теппе-тең», - деди».** Көпкө кандай шүгүр кылса, азга да ошондой шүгүр кылуу керек. Жакшылык кылган адамдарга ыраазы болуу да керек. Абдулла ибн Ахмад Нуъман ибн Баширден рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Азга шүгүр кылбаган адам көпкө да шүгүр кылбайт. Адамдарга ыраазы болбогон адам, Кудайга да ыраазы болбойт. Алланын неъматын сүйлөө – шүгүр, сүйлөбөө – куфр. Жамаат болуу – жакшылык, бөлүнүү – азап».**

Боордошунун кажетин чыгаруу же оорун жеңил кылуу үчүн аны коргоо да сүннөт. Бухарийдин Абу Мусадан рыбаят кылышынча, Пайгамбар ﷺдын алдына тилемчи келгенде: **«Коргогула, ажр аласыңар жана Алла Пайгамбарынын тили менен каалаганынча өкүм кылат»,** - дечү экен. Муслим ибн Умардан рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Кимде-ким мусулман боордошунун кажетин чыгаруу же мүшкүлүн жеңилдетүү үчүн бийлик ээсинин алдына арачы болуп барса, кадамдар тайгалана турган Күндө анын сирот-көпүрөдөн өтүп алышына жардам берилет».**

Боордошунун аброюн, кадыр-баркын гойибана-жашыруун коргоо да мандуб. Термизий Абу Дардодон рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Кимде-ким боордошунун аброюн коргосо, кыямат күнүндө Алла анын жүзүнөн отту кайтарат».** Исхак ибн Рохавайх  Язиддин кызы Асмадан рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Кимде-ким боордошунун аброюн гойибана коргосо, аны тозоктон азат кылуу Алланын милдети болуп калат».** Кузоий Анастан рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ: **«Ким боордошун гойибана колдосо, Алла аны дүйнө жана акыретте колдойт»,** - деген. Кудум ушул хадистин Имрон ибн Хасан кылган рыбаятында: **«Аны колдоого кудуреттүү абалында»** деген сүйлөм да бар. Зайн Ирокий Абу Хурайрадан рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Момун – момундун күзгүсү. Момун – момундун боордошу. Жолуккан чагында аны кыйроодон кайтарат, жок кезинде болсо аны коргойт».**

Алла Субханаху мусулманга боордошунун үзүрүн (кечирим суроосун) кабыл алууну, сырын сактоону жана ага насаат кылууну важып кылган.

Үзүрдү кабыл алуу туурасында ибн Можа Жаводадан рыбаят кылынган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Үзүр сурап турган боордошунун үзүрүн кабыл албаган кимсенин үстүндө салык жыйноочунун күнөөсүндөй күнөө болот».**

**<u>Сыр сактоо</u>** жөнүндө Абу Довуд жана Термизий Жобирден рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Бир киши экинчи бир кишиге сүйлөп жатып аяк-биякка караса, ал сөз аманат».** Сүйлөп жатканда аяк-биякка кароонун өзү сөздүн аманат экендигине далалат кылып жаткан соң «бул сөзүм сизге аманат» деп айтылса эмне болушу өз-өзүнөн белгилүү. Аманатты сактоо – важып, сактабоо – кыянат. Ал эми, эгер сүйлөнгөн сөздө Алланын акыларынан бири туурасында жалпы мусулмандарга жете турган азар-зыян болсо, анда ага насаат кылуу, аны кайтаруу, керек болсо, күбөлүккө чакырылышынан мурда күбө болуу маектештин милдети. Хадисте келет: **«Эң жакшы күбөнүн кимдигин айтайынбы? Күбөлүккө тартылышынан мурун күбө болгон киши».**

Насаат кылуу туурасында Жарир ибн Абдулланын муттафакун алайх хадисинде келет: «Мен Расулулла ﷺ менен намаз окууга, зекет берүүгө жана ар бир мусулманга насаат кылууга байъат кылдым». Муслимде Тамим ибн Авс Дорийдин хадиси келет: «Пайгамбар ﷺ: **«Дин – насаат», - деди. Биз: «Кимдер үчүн? - деп сурадык. Ал киши: «Алла, Анын Китеби, Пайгамбары, жетекчилер жана жалпы мусулмандар үчүн» - деп жооп берди».** Хитобий: «Хадис «диндин түркүгү – насаат» деген мазмунда. Кудум «хаж – арафа» деген хадисте ажылыктын түркүгү, негизги бөлүгү этибар кылынганы сыяктуу», - дейт. Мусулмандын мусулман үстүндөгү акысы туурасында Муслим Абу Хурайрадан рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Мусулмандын мусулман үстүндөгү акысы алтоо». «Алар кайсылар, я Расулулла?» делди, ал киши: «Жолукканыңда салам бер; чакырса бар; насаат сураса, насаат кыл; чүчкүрүп «алхамдулиллах» десе, ага ден соолук тиле; кесел болсо, барып көр; өлсө** (кабырына чейин) **узатып кой».**

Эми, Кудай үчүн жаман көрүүгө келсек, Алла Субханаху ачык капырды, мунафык жана фасыктарды жакшы көрүүдөн кайтарган:

يَاأَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا لاَ تَتَّخِذُوا عَدُوِّي وَعَدُوَّكُمْ أَوْلِيَاءَ تُلْقُونَ إِلَيْهِمْ بِالْمَوَدَّةِ وَقَدْ كَفَرُوا

بِمَا جَاءَكُمْ مِنْ الْحَقِّ يُخْرِجُونَ الرَّسُولَ وَإِيَّاكُمْ أَنْ تُؤْمِنُوا بِاللَّهِ رَبِّكُمْ إِنْ كُنتُمْ خَرَجْتُمْ

جِهَادًا فِي سَبِيلِي وَابْتِغَاءَ مَرْضَاتِي تُسِرُّونَ إِلَيْهِمْ بِالْمَوَدَّةِ وَأَنَا أَعْلَمُ بِمَا أَخْفَيْتُمْ وَمَا أَعْلَنتُمْ وَمَنْ يَفْعَلْهُ مِنْكُمْ فَقَدْ ضَلَّ سَوَاءَ السَّبِيلِ ﴿١﴾

*- «Эй момундар, Менин да, өзүңөрдүн да душманыңар болгон (мушриктерди) дос тутпагыла! Силер аларга достук (кат-кабарын) жибересиңер го, бирок, алар силерге келген Акыйкатка (т.а. диниңерге жана Куранга) капыр болушкан! Алар Пайгамбарды да, силерди да Роббиңер болгон Аллага ыйман келтиргениңер себептүү (өз журтуңардан) кууп чыгарышууда-го! Эгер силер Менин жолумда жихад кылуу үчүн жана Менин ыраазылыгымды эңсеп чыккан болсоңор, (анда мушрик жана капыр кимселерди дос тутпагыла)! Силер аларга жашыруун достук кылуудасыңар! Негизи, Мен силер жашырган нерсени да, ашкере кылган нерсени да абдан жакшы билүүчүмүн! Силерден ким ушул ишти кылса, анда анык, ал туура жолдон адашыптыр!»* [60:1]

Дагы айтат:

يَاأَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا لاَ تَتَّخِذُوا بِطَانَةً مِنْ دُونِكُمْ لاَ يَأْلُونَكُمْ خَبَالاً وَدُّوا مَا عَنِتُّمْ قَدْ بَدَتْ الْبَغْضَاءُ مِنْ أَفْوَاهِهِمْ وَمَا تُخْفِي صُدُورُهُمْ أَكْبَرُ قَدْ بَيَّنَّا لَكُمْ الآيَاتِ إِنْ كُنْتُمْ تَعْقِلُونَ ﴿١١٨﴾ هَاأَنْتُمْ أُوْلاَءِ تُحِبُّونَهُمْ وَلاَ يُحِبُّونَكُمْ وَتُؤْمِنُونَ بِالْكِتَابِ كُلِّهِ وَإِذَا لَقُوكُمْ قَالُوا آمَنَّا وَإِذَا خَلَوْا عَضُّوا عَلَيْكُمْ الأَنَامِلَ مِنْ الغَيْظِ قُلْ مُوتُوا بِغَيْظِكُمْ إِنَّ اللَّهَ عَلِيمٌ بِذَاتِ الصُّدُورِ ﴿١١٩﴾

*- «Эй момундар, өзүңөрдү коюп, (ал мунафыктарды) сырдаш-дос тутпагыла! Алар силерге зыян жеткирүүдө күчтөрүн аяшпайт жана жаман акыбалга түшүшүңөрдү арзуу кылышат. Алардын силерди жаман көрүүлөрү ооздорунан ашкере болду. Дилдериндеги душмандыктары болсо, мындан да чоңураак. Эгер акыл жүргүзсөңөр, силер үчүн аят-белгилерди ачык-айкын кылып бердик. Эй (момундар, силер аларды жакшы көрөгөнүңөр менен, алар силерди жактырышпайт). Силер бардык китептерге ыйман келтирсеңер-да, (алар силердин Китебиңерге ыйман келтиришпейт). Силерге жолукканда: «Ыйман келтирдик» дешет. Өздөрүнчө ээн калышканда болсо, силерди катуу жек көргөндүктөрү себептүү бармактарын тиштешет. (Эй Мухаммад, аларга): «Ушул душмандыгыңар менен өлүп кеткиле!» - деп айткын! Албетте, Алла дилдерди ээлеген сырларды билип турат».*

[3:118-119]

Табароний Алий ﵁дан рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Үч нерсе акыйкат,** (алардын) **болору анык: Алла Исламдан үлүшү бар адамды үлүшү жок адамга окшотуп койбойт; Алланы кожом деп билген кишиге башка**

**бирөө кожолук кыла албайт; кайсы бир киши кайсы бир коомду жакшы көрсө, кайра тирилүүдө ошолор менен бирге болот».** Бул хадис кайра тирилүүдө жамандар менен бирге болуп калуудан этияттандырып, аларды жакшы көрүүдөн катъий кайтарып жатат.

Термизий Муаз ибн Анас Жухайнийден рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Кимде-ким Кудай үчүн эхсан кылса, Кудай үчүн эхсан кылуудан тыйылса, Кудай үчүн жакшы көрсө, Кудай үчүн жаман көрсө, Кудай үчүн үйлөнсө, анын ыйманы толук болуптур».**

О.э. Муслим Абу Хурайрадан рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«... Эгер Алла бир пендени жаман көрсө, Жабраилди чакырып: «Мен баланчаны жаман көрөмүн, сен да жаман көр» дейт. Жабраил да жаман көрүп, асман калкына: «Алла баланчаны жаман көрөт, силер да аны жаман көргүлө» деп жар салат. Алар да жаман көрүшөт. Кийин ага жер жүзүндө жаман көрүлүү жазылат...».** Хадистеги **«Кийин ага жер жүзүндө жаман көрүлүү жазылат»** сүйлөмү талап кабар. Б.а. «Эй жер калкы, Алла жаман көргөн кимсени силер да жаман көргүлө» делип жатат. Хадистин мазмуну ушуну талап кылып жатат. Кала берсе, хадис Алла жаман көргөн кимсени жаман көрүү важыптыгына да далалат кылат. Ашынган душманды жаман көрүү да ошонун катарына кирет. Айша ﵂нын муттафакун алайх хадисинде Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Кудай үчүн эң жаман адам – ашынган душман».** Ансарларды жаман көргөн кимсени жаман көрүү важыптыгы туурасында да хадис келген. Баро Пайгамбар ﷺдын мындай дегенин уктум дейт: **«Ансарларды момун гана жакшы көрөт. Аларды мунафык гана жаман көрөт. Ким аларды жакшы көрсө, аны Алла жакшы көрөт».** Акыйкатты айтып, айткан сөзү алкымынан арыга өтпөгөн кимселерди жаман көрүүнүн важыптыгы туурасында да хадис келген. Муслим кылган бир рыбаятта мындай делет: **«Пайгамбар ﷺ айрым адамдарды сыпаттап: «Тилдери менен акыйкатты сүйлөшкөнү менен, сүйлөгөн сөздөрү мына бул жерлеринен нарыга өтпөйт – деп, алкымга ишара кылды – Алар Алланын эң жаман көргөн махлуктары», - деди.** Ровий: «Мен алардагы сыпаттарды билемин» дейт». Уятсыз, адеп-ахлаксыз кимсени жаман көрүүнүн важыптыгы туурасында Термизий Абу Дардодон рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«... Албетте, Алла уятсыз, ахлаксыз кимсени жаман көрөт».**

Сахабалардын капырларды жаман көргөндүктөрү жөнүндө да асар-баяндар келген. Муслим Салама ибн Акваъдан рыбаят кылышынча, ал мындай дейт: «… Меккеликтер менен тынчтык келишимин түзгөндөн кийин бири-бирибизге аралашып кеттик, бир даракка барып, тикендерин сыдырып таштап, бутагында жаткан элем, төрт меккелик мушрик келип, Пайгамбар ﷺ туурасында болбогон сөздөрдү сүйлөй башташты. Алардан иренжип, башка даракка өтүп кеттим…». Ахмад Жобир ибн Абдулладан рыбаят кылышынча, Абдулла ибн Равоха Хайбар жөөттөрүнө карата мындай деген: «Эй жөөттөр жамааты, силер мен эң жаман көргөн калксыңар. Алла Азза ва Жалланын Пайгамбарларын өлтүрдүңөр, Аллага каршы жалгандар токуп чыгардыңар, бирок, силерге болгон жек көрүүм, мени силерге адилетсиздик кылууга мажбур кыла албайт».

Ачыкча жамандык кылуу туурасында Ахмад жана Абдураззак Абу Фаррostон рыбаят кылышынча, Умар ибн Хаттаб ﷺ бир хутбасында мындай деген: «Силердин кайсы бириңер ачыкча жамандык кылса, биз аны жамандык деп билип, ушул иши себептүү аны жаман көрөбүз».

Кыскасы, Кудай үчүн жакшы көрүү жана Кудай үчүн жаман көрүү – Алланын ыраазылыгын, ырайымын, нусратын жана бейишин үмүт кылган мусулман сыпатталышы керек болгон улуу иштерден.

## -5-

## Алладан жашыруун да, ашкере да коркуу

Алладан коркуу парз. Буга Куранда да, сүннөттө да далилдер көп. Курандан далилдер:

وَإِيَّايَ فَاتَّقُونِ ﴿٤١﴾

- *«Жана Менден гана корккула».* [2:40]

وَإِيَّايَ فَارْهَبُونِ ﴿٤٠﴾

- *«Жана Менден гана этият болгула».* [2:41]

إِنَّمَا ذَٰلِكُمُ الشَّيْطَانُ يُخَوِّفُ أَوْلِيَاءَهُ فَلَا تَخَافُوهُمْ وَخَافُونِ إِنْ كُنْتُمْ مُؤْمِنِينَ ﴿١٧٥﴾

- *«Албетте, ошол (силерди васвасага салмакчы болгон) шайтандын өзү. Ал силерди өзүнүн досторунан (капырлардан) коркутмакчы болот. Эми, эгер момун болсоңор алардан коркпогула, Менден корккула!».* [3:175]

وَيُحَذِّرُكُمُ اللَّهُ نَفْسَهُ

- *«Алла силерди Өзүнүн (азабынан) эскертүүчү»,* [3:28]

فَلَا تَخْشَوُا النَّاسَ وَاخْشَوْنِ

- *«Эми, адамдардан корпогула. Менден корккула»,* [5:44]

يَاأَيُّهَا النَّاسُ اتَّقُوا رَبَّكُمْ

- *«Эй адамдар, Роббиңерден корккула!»,* [4:1]

إِنَّمَا الْمُؤْمِنُونَ الَّذِينَ إِذَا ذُكِرَ اللَّهُ وَجِلَتْ قُلُوبُهُمْ

- *«Алла зикир кылынганда дилдерине коркунуч түшө турган кишилер (чыныгы) момундар»,* [8:2]

وَكَذَلِكَ أَخْذُ رَبِّكَ إِذَا أَخَذَ الْقُرَى وَهِيَ ظَالِمَةٌ إِنَّ أَخْذَهُ أَلِيمٌ شَدِيدٌ ﴿١٠٢﴾ إِنَّ فِي ذَلِكَ
لآيَةً لِمَنْ خَافَ عَذَابَ الآخِرَةِ ذَلِكَ يَوْمٌ مَجْمُوعٌ لَهُ النَّاسُ وَذَلِكَ يَوْمٌ مَشْهُودٌ ﴿١٠٣﴾ وَمَا
نُؤَخِّرُهُ إِلاَ لِأَجَلٍ مَعْدُودٍ ﴿١٠٤﴾ يَوْمَ يَأْتِ لاَ تَكَلَّمُ نَفْسٌ إِلاَ بِإِذْنِهِ فَمِنْهُمْ شَقِيٌّ
وَسَعِيدٌ ﴿١٠٥﴾ فَأَمَّا الَّذِينَ شَقُوا فَفِي النَّارِ لَهُمْ فِيهَا زَفِيرٌ وَشَهِيقٌ ﴿١٠٦﴾

- *«Роббиңер (калкы) залим болгон шаарларды кармаганда мына мындай кармайт. Анын кармашы-азабы аламдуу жана катуу. Албетте, бул кыссаларда акырет азабынан корккон кишилер үчүн аят-ибраттар (үлгү-сабактар) бар. Ал күн – бардык адамдар топтоло турган жана күбө болуна турган күн. Биз аны болгону саналуу мөөнөткө гана аркага сүрүп турабыз. Ал күн келгенде бир да жан сүйлөбөйт, магар Анын уруксаты менен гана сүйлөйт. Эми, алардын арасында бактысызы да болот, бактылуусу да болот. Анан, бактысыз кимселер тозокто болуп, ал жерде дат-байрат салышат»,*[11:102-106]

وَالَّذِينَ يَصِلُونَ مَا أَمَرَ اللَّهُ بِهِ أَنْ يُوصَلَ وَيَخْشَوْنَ رَبَّهُمْ وَيَخَافُونَ سُوءَ الْحِسَابِ ﴿٢١﴾

- *«Алар Алла байланууга буюрган нерселерди (т.а. тууган-уруктар менен карым-катнашты) байлашат. Роббисинен коркушат жана оор эсеп-китепке дуушар болуудан коркуп (ар дайым жакшы иш-амалдарды кылууга умтулушат)»,* [13:21]

ذَلِكَ لِمَنْ خَافَ مَقَامِي وَخَافَ وَعِيدِ ﴿١٤﴾

- *«Бул (убада) Менин алдымда туруудан коркуучу жана Менин убадамдан коркуучу кишилер үчүн»,* [14:14]

يَاأَيُّهَا النَّاسُ اتَّقُوا رَبَّكُمْ إِنَّ زَلْزَلَةَ السَّاعَةِ شَيْءٌ عَظِيمٌ ﴿١﴾ يَوْمَ تَرَوْنَهَا تَذْهَلُ كُلُّ مُرْضِعَةٍ
عَمَّا أَرْضَعَتْ وَتَضَعُ كُلُّ ذَاتِ حَمْلٍ حَمْلَهَا وَتَرَى النَّاسَ سُكَارَى وَمَا هُمْ بِسُكَارَى وَلَكِنَّ
عَذَابَ اللَّهِ شَدِيدٌ ﴿٢﴾

- *«Эй адамдар, Роббиңерден корккула! Анткени, (кыямат) сааты (алдындагы) зилзила улуу-дахшаттуу (үрөй учурган) нерсе. Аны көргөн күнүңөрдө эмизип жаткан (энелер) эмизип турган (баласын) унутат жана бардык кош бойлуу (аялдар) өз боюндагысын түшүрүп жиберет; Адамдарды мас-нес абалда көрөсүңөр, негизи, алар өздөрү мас эмес, бирок, Алланын азабы катуу»,* [22:1-2]

وَلِمَنْ خَافَ مَقَامَ رَبِّهِ جَنَّتَانِ ﴿٤٦﴾

*- «Роббиси (алдында) туруудан корккон киши үчүн эки бейиш бар»* [55:46]

مَا لَكُمْ لاَ تَرْجُونَ لِلَّهِ وَقَارًا ﴿١٣﴾

*- «Эмнеге силер Алланы улуулоону (т.а. Ага ибадат кылууну) ойлобойсуңар»,* [71:13]

يَوْمَ يَفِرُّ الْمَرْءُ مِنْ أَخِيهِ ﴿٣٤﴾ وَأُمِّهِ وَأَبِيهِ ﴿٣٥﴾ وَصَاحِبَتِهِ وَبَنِيهِ ﴿٣٦﴾ لِكُلِّ امْرِئٍ مِنْهُمْ يَوْمَئِذٍ شَأْنٌ يُغْنِيهِ ﴿٣٧﴾

*- «Ал күндө адам өз ага-инисинен да, ата-энесинен да, аялы, бала-чакасынан да качат! (Себеби), алардын ар бири үчүн ал күндө өзүнө жетиштүү түйшүгү болот»* [80:34-37]

Сүннөт жана асарлардын айрымдары түздөн-түз, айрымдары болсо кыйыр түрдө т.а. өзүнөн келип чыга турган мазмуну менен Алладан коркуунун парз экендигине далалат кылат. Алардын айрымдарын келтиребиз:

• Абу Хурайра Пайгамбар ﷺдын мындай дегенин уккан элем деп рыбаят кылат: **«Жети кыл тайпадагы адамдарды көлөкөсү жок Күндө Алла Өз көлөкөсүнө алат: 1. Адилеттүү жетекчи 2. Алла Азза ва Жаллага ибадат кылып өскөн өспүрүм 3. Дили мечиттерге байланган киши 4. Кудай үчүн бири-бирин жакшы көргөн кишилер. Алар Кудай үчүн биригишет, Кудай үчүн ажырашышат 5. Мансаптуу жана чырайлуу аял чакырганда «Мен Алладан коркомун» деген киши 6. Кылган садакасын оң колунун бергенин сол колу билбей кала турган даражада жашырган киши 7. Жалгыз Алладан коркуп көздөрү жашка толгон киши»** (муттафакун алайх).

• Анас ﷺ: Пайгамбар ﷺ бир хутба окуду, ага окшогонун эч качан укпаган элем. Ал киши: **«Эгер мен билген нерсени билгениңерде аз күлүп, көп ыйлар элеңер»,** - деди, ошондо сахабалар жүздөрүн жаап алып ыйлашты, - деп рыбаят кылат.

• Адий ибн Хотам рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Силердин ар бириңер менен Алла котормочусуз сүйлөшөт. Ошондо ал оң тарабына карап кылган амалынан башка нерсени көрбөйт. Сол тарабына да карап, дагы кылган амалынан башка нерсени көрбөйт. Алды тарабына карап, бет маңдайында тозокту көрөт. Жарым курма менен болсо да, тозоктон сактангыла».**

• Айша ﵁: **Пайгамбар ﷺдын «Кыямат күнүндө адамдар жып-жылаңач абалда кайра тирилишет» дегенин угуп: «Я Расулулла, эркек-аял бир болуп, бири-бирине карай беришеби?» - деп сурадым. Ошондо Пайгамбар ﷺ: «Эй Айша, ал күндөгү абал бул нерселерге этибар берүүдөн көрө катуураак болот», - деди».**

• Нуъман ибн Башир, Пайгамбар ﷺдын мындай дегенин уктум дейт: **«Кыямат күнү тозок калкынын эң жеңил азаптала турганы, анын бутунун астына эки чок коюлат, алардын** (ысыгынан) **мээси кайнайт».**

• Ибн Умар ﵁ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Адамдар аалам Роббисинин алдында турушканда, алардын бири эки кулагынын жарымына чейин өз денесинен чыккан терге көмүлүп калат»** (муттафакун алайх).

• Абу Хурайра рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Кыямат күнүндө адамдар ушунчалык тердешет, алардын терлери жерде жетимиш кезге чейин барып, аларды кулактарына чейин көмөт».**

• Дагы Абу Хурайра рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Алла Таала: «Эгер пендем бир жамандык кылмакчы болсо, кылганга чейин жазбагыла, кылса, ошол кылганынчалык жазгыла. Мени деп кылуудан тыйылса, ага бир жакшылык жазгыла. Эгер бир жакшылык кылмакчы болсо, кылбаса да ага бир жакшылык жазгыла. Кылса, ошол кылганына он эседен жети жүз эсеге чейин көп кылып жазгыла», - дейт».**

• Дагы Абу Хурайра рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Эгер момундар Алланын азабы эмне экендигин билгенде, Анын бейишинен эч ким үмүткөр болбой калар эле. Эгер капырлар Алланын ырайымы эмне экендигин билгенде, анын бейишинен эч ким үмүтсүз болбой калар эле».**

• Ибн Умар Пайгамбар ﷺдын мындай дегенин уктум дейт: **«Бани Израилден бир киши (васий) амалынын күнөөсүнөн такыба кылбас эле. Алдына бир аял келди эле, зына кылуу үчүн ага алтымыш динар берди. Эми кошулмакчы болуп турганда, жанагы аял калтырап, ыйлап жиберди. «Эмнеге ыйлап жатасың?» деп сураганда: «Себеби, мен мындай ишти мурун эч кылбаганмын, муктаждык мени ушуга мажбур кылды», - деп жооп берди. Ошондо ал Алладан коркуп: «Ушунтип жатасыңбы, негизи, коркууга мен**

**ылайыктуураакмын. Бара бер, берген нерсем сеники, Аллага касамки, мындан кийин Кудайга күнөө кылбаймын» - деп, ошол түнү өлүп калды. Эртең менен анын дарбазасынан: «Алла васийди кечирди» деген жазууну көрүп, адамдар таң калышты».**

• Абу Хурайра ﵁ Пайгамбар ﷺдан, ал киши Роббиси Азза ва Жалладан рыбаят кылган хадиси кудсийде айтылат: **«Ызатым акысы, пендеме эки коркунучту да, эки бейгамдыкты да бириктирбеймин. Эгер пендем бул дүйнөдө Менден коркууда болсо, кыямат күнүндө ага бейгамдыкты беремин. Эгер пендем бул дүйнөдө Менден бейгам болсо, кыямат күнүндө аны кооп-коркунучка саламын».**

• Ибн Аббас рыбаят кылат: **«Алла Пайгамбары ﷺга:**

يَاأَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا قُوا أَنفُسَكُمْ وَأَهْلِيكُمْ نَارًا وَقُودُهَا النَّاسُ وَالْحِجَارَةُ

*- «Эй момундар, силер өзүңөрдү жана үй-бүлөңөрдү отуну адамдар жана таштар болгон тозоктон сактагыла»,* [66:6]

**- аятын түшүргөн соң, Расул ﷺ аны бир күнү сахабларына тилават кылды. Ошондо бир жигит ээси ооп жыгылды. Набий ﷺ көкүрөгүнө колун койсо, жүрөгү согуп жаткан экен: «Эй жигит, Алладан башка илах жок дегин», - деди. Жигит айтты. Ошондо Пайгамбар ﷺ аны жаннатий** (бейиши) **деп башарат кылды. Сахабалар: «Я Расулулла, ал арабыздагылардын бири беле», - деп сурашканда: «Алла Тааланын:**

ذَٰلِكَ لِمَنْ خَافَ مَقَامِي وَخَافَ وَعِيدِ ﴿١٤﴾

*- «Бул нерсе Менин алдымда туруудан коркуучу жана Менин убадамдан коркуучу кишилер үчүн»,* [14:14]

**- деген аятын укпагансыңарбы?» - деп жооп берди».**

• Айша ﵂ рыбаят кылат: **«Мен: «Эй Алланын Пайгамбары, Алла Тааланын:**

وَالَّذِينَ يُؤْتُونَ مَا آتَوا وَّقُلُوبُهُمْ وَجِلَةٌ أَنَّهُمْ إِلَىٰ رَبِّهِمْ رَاجِعُونَ ﴿٦٠﴾

*- «Берген садакаларын Роббисине кайтуучу экендиктеринен дилдери коркуп турган абалда бере турган кишилер»,* [23:60]

**- деген аяты зына кылып, арак ичип, уурулук кылып туруп Алладан корккон адам туурасындабы?» - деп сураган элем, ал киши: «Жок, эй Абу Бакрдын кызы, ал намаз окуп, орозо тутуп, зекет берип туруп, кабыл болбой калышынан корккон киши туурасында», - деп жооп берди».**

• Савбан ﵁ рыбаят кылат: **«Пайгамбар ﷺ: «Үммөтүмдөн мындай коомдорду билемин, алар кыямат күнү аппак**

**Тухома тоосундай жакшылыктарды алып келишет го, бирок Алла аларды тозуп жүргөн чаңга айландырып жиберет», - деди. Мен: «Я Расулулла, аларды бизге сыпаттап, түшүндүрүп бериңиз, анткени, билбеген абалыбызда алардан болуп калбайлы», - дедим. Ал киши: «Алар силердин боордошторуңар, денелери силердин денелериңердей, кудум силер сыяктуу түндөн өз үлүшүн алышат. Бирок, алар жалгыз калышканда Алла арам кылган иштерден тыйылышпайт», - деп жооп берди».**

• Абдулла ибн Масъуд Пайгамбар ﷺдан рыбаят кылат: **«Момун күнөөлөрүн ойлогондо, өзүн тоо астында отургандай жана тоо анын үстүнө кулап жактандай сезет. Фасык күнөөлөрүн мурдунун жанынан өткөн чымындай көрөт».**

• Саъд ؓ Пайгамбар ﷺдын мындай дегенин уктум дейт: **«Албетте, Алла такыбадар, (руханий) бай, (өзү кылган жакшылыкты) жашыра турган пендени жакшы көрөт».**

• Усама ибн Шарик рыбаятында Пайгамбар ﷺ мындай дейт: **«Кайсы бир ишти Алла сен тарабыңдан болушун жаман көрсө, аны жалгыз калганыңда да кылбагын».**

• Абдулла ибн Амр рыбаят кылат: **«Пайгамбар ﷺга кайсы адам фазилаттуураак делген эле, ал киши: «Дили кирсиз, тили чынчыл адам» деди. «Тили чынчылды билебиз, дили кирсиз кандай адам?» деп сурашкан эле: «Ал киши такыбадар, асылзат адам, анда кылмыш да, зордукчулук да, оор көрүү да, көрө албастык да жок», - деп жооп берди».**

• Абу Умома рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Мен үчүн досторумдун суктаныла турганы – кембагал, көп намаз окуй турган, Роббисине тыкан ибадат кыла турган, жашыруун абалда да Ага итаат кыла турган, адамдардын айыптарына көз жума турган, сөөмөй менен көрсөтүлө турган даражада таанымал болбогон, ырыскысы жетиштүү болуп, ошого сабыр кылган, калганына кол шилтеген, өлүмү тез келип, аркасынан ыйлап калуучулары жана мурасы аз болгон киши».**

• Бахз ибн Хаким рыбаят кылат: «Бану Кашир мечитинде бизге Зурора ибн Авфо имамдык кылып «Муддассир» сүрөсүн окуду:

فَإِذَا نُقِرَ فِي النَّاقُورِ ﴿٨﴾

- *«Сурнай чалынганда»,* [74:8]

- аятына жеткенде, жаны чыгып жерге жыгылды.

• Ибн Аббас рыбаят кылат: **«Пайгамбар ﷺ: «Ким Аббаска жолугуп калса, андан тыйылсын, себеби, ал мажбур болуп чыккан», - деди. Ошондо Абу Хузайфа ибн Утба: «Аталарыбызды, ага-инилерибизди, туугандарыбызды өлтүрөбүз-да, Аббасты калтырат экенбиз-би? Аллага касамки, ага кылыч урамын», - деди. Бул сөз Пайгамбар ﷺга жетип келген соң, Умар ибн Хаттабга: «Эй Абу Хафс, (Умардын айтышынча, Пайгамбар ﷺ ага Абу Хафс лакап атын биринчи жолу ушул жерде берген), Расулулланын абакесинин жүзүнө кылыч урат бекен?» - деди. Ошондо Умар: «Аны мага коюп бериңиз, башын аламын, себеби, ал мунафыктык кылды», - деди. Абу Хузайфа: «Ушул айткан сөзүмдөн эч көңүлүм тынчыбады, Алла мага шейиттикти атаа кылып, аны каффарат кылмайынча коoптоно беремин», - деп жүрөр эле».** Ровийдин айтышынча, ал Ямома күнүндө шейит болду.

## -6-
## Алаадан коркуп жана Алланы эстеп ыйлоо

Алла Тааладан коркуп ыйлоо мандуб. Буга Куран жана сүннөттөн далилдер бар.

Курандан далилдер:

أَفَمِنْ هَذَا الْحَدِيثِ تَعْجَبُونَ ﴿٥٩﴾ وَتَضْحَكُونَ وَلاَ تَبْكُونَ ﴿٦٠﴾

*- «(Эй мушриктер), силер мына ушул Сөзгө (Куранга) таңыркап жатасыңарбы?! Ыйлабастан күлүп жатасыңарбы?!»* [53:59-60]

وَيَخِرُّونَ لِلْأَذْقَانِ يَبْكُونَ وَيَزِيدُهُمْ خُشُوعًا ﴿١٠٩﴾

*- «Алар ыйлаган бойдон жүздөрү менен жыгылышат жана (Куран) алардын кичипейилдигин арттырат»,* [17:109]

إِذَا تُتْلَى عَلَيْهِمْ آيَاتُ الرَّحْمَانِ خَرُّوا سُجَّدًا وَبُكِيًّا ﴿٥٨﴾

*- «Ар качан аларга Рахман аяттары тилават кылынса, сежде кылган жана ыйлаган абалдарында жыгылышат».* [19:58]

Сүннөттөн далилдер:

• Ибн Масъуд рыбаят кылат: **«Пайгамбар ﷺ: «Мага Куран окуп бер», - деди. Мен: «Куран өзү сизге түшүрүлгөн го, мен сизге окуп береминби, я Расулулла?» - дедим. Ал киши: «Мен аны башкадан угууну жакшы көрөмүн», - деди. Мен «Ниса» сүрөсүн окуп бердим:**

فَكَيْفَ إِذَا جِئْنَا مِنْ كُلِّ أُمَّةٍ بِشَهِيدٍ وَجِئْنَا بِكَ عَلَى هَؤُلَاءِ شَهِيدًا ﴿٤١﴾

*- «(Эй Мухаммад), биз ар бир үммөттөн (ошол үммөттүн пайгамбарын) күбө келтиргенибизде жана сени дагы аларга каршы күбө кылганыбызда алардын абалы кандай болот?!»,* [4:41]
**- аятына келгенимде «Болду, токтот» деди. Карасам, көздөрүнөн жаш агып жаткан экен»** (муттафакун алайх).

• Анас ﷺ: Пайгамбар ﷺ бир хутба окуду, ага окшогонун эч качан укпаган элем. Ал киши: **«Эгер мен билген нерсени билгениңерде аз күлүп, көп ыйлар элеңер»,** - деди, ошондо сахабалар жүздөрүн жаап алып ыйлашты, - деп рыбаят кылат.

• Абу Хурайра рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Жети кыл тайпа адамды Алла көлөкөсү жок Күнү Өз көлөкөсүнө алат... Жалгыз абалында Алланы эстеп көздөрү жашка толгон киши»** (муттафакун алайх).

• Ибн Умар рыбаят кылат: **«Пайгамбар ﷺдын сыркоосу оорлошкон убакта намаз жөнүндө айтылды. Ал киши: «Абу Бакрга айткыла. Адамдарга (имам болуп) намаз окуп берсин», - деди. Ошондо Айша ﷺ: «Абу Бакр жумшак мүнөз адам, кыраат кылганда аны ыйы ээлеп алат», - деди».** Дагы бир рыбаятта: **«Я Расулулла, Абу Бакр жумшак мүнөз адам, Куран окуганында көз жашын токтото албайт»,** - делген (муттафакун алайх).

• Анас ﷺ рыбаят кылат: **«Пайгамбар ﷺ Убай ибн Каъбга: «Улуу Алла сага «Байийна» сүрөсүн окуп беришимди мага буюрду», - деди. Ал: «Менин атымды айттыбы?» - деди. Пайгамбар ﷺ «Ооба» деди. Ошондо Убай ыйлап жиберди»** (муттафакун алайх).

• Абу Хурайра рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Алладан коркуп ыйлаган киши сүт көкүрөккө кайтмайынча тозокко кирбейт. Алланын жолундагы чаң-тозоң менен тозоктун түтүнү бирикпейт».**

• Абдулла Шахир рыбаят кылат: «Пайгамбар ﷺ намаз окуп жатканда барып калдым. Ушунчалык ыйлады деп кой, ичинен казандын добушундай добуш чыгар эле».

• Абдуррахман ибн Авфтын уулу Ибрахим рыбаят кылат: «Абдуррахман ибн Авф орозо туткан эле, ифтарлыкка тамак алып келинди. Ошондо ал: «Мусъаб ибн Умайр ﷺ өлтүрүлдү. Негизи, ал менден жакшыраак эле. Чапанына кепинделди. Башын жапса, буту ачылып, бутун жапса, башы ачылып калып жатты. Хамза да өлтүрүлдү. Ал да менден жакшыраак эле. Кийин болсо бизге дүйнө агышынча агып келди, байыганыбызча байыдык, жакшылыктарыбыздын сыйлыгы ушул дүйнөнүн өзүндө берилип

жаткан болбосун деп коркомун», - деп ыйлап жиберди, тамакты да жебеди».

• Ирбоз ибн Сория айтат: «Пайгамбар ﷺ бизге ушундай ваъз айтты деп кой, андан дилдер титиреди, көздөр жашылданды».

• Анас ﵁ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Ким Алланы эстеп, Алладан коркконунан көздөрү жашка толуп, көз жаштары жерге агып түшсө, кыямат күнүндө азапталбайт».**

• Абу Райхона рыбаят кылат: «Пайгамбар ﷺ менен бирге казатка чыкканыбызда ал кишинин: **«Алладан коркуп жаш төккөн көзгө тозок арам кылынды, Алланын жолунда уйкусуз болгон көзгө тозок арам кылынды»,** - дегенин уктум. Үчүнчүсүн унутуп коюптурмун, кийинчерээк уксам, **«Алла арам кылган нерселерден жумулган көзгө тозок арам кылынды», -** деген экен».

• Ибн Абу Малика рыбаят кылат: «Үжүрөдө Абдулла ибн Амр менен отурган элек, ал: «Ыйлагыла, ый таба албасаңар, өзүңөрдү ыйлаганга салгыла. Эгер маани-маңызын билгениңерде, белиңер сынып кеткенге чейин намаз окуган, добушуңар чыкпай калганга чейин ыйлаган болор элеңер», - деди».

• Алий ﵁ айтат: «Бадр күнү арабызда Микдаддан башка атчан адам болбоду. Ал Расулулланын бизден бөлөк жалгыз өзү туруп, бир дарак астында намаз окуп таңды аттырганын көрүптүр».

• Савбан ﵁ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Өзүн кармай алган, үйүнө баткан, катасына ыйлаган адамга бейиш болсун».**

## -7-
## Алладан үмүткөр болуу жана Алланын ырайымынан үмүтсүз болбоо

Үмүткөр болуу дегени – Алла Субханаху жөнүндө жакшы ойдо болуу дегени. Жаратуучусу жөнүндө жакшы ойдо болгон адам Анын рахмат-ырайымынан, таскин-бейпилдигинен, магфират-кечириминен, нусрат-жардамынан үмүткөр болот. Алла Субханаху Өзүнөн корккон адамды алкыштагандай, Өзүнөн үмүткөр болгон кишини да алкыштайт. Кооптонуп-коркууну важып кылгандай, ража-үмүткөр болууну да важып кылды. Демек, пенде ар дайым коркууда да, ражада да болушу керек. Коркунуч туурасындагы далилдерди айтып өттүк. Эми, ража туурасындагы далилдерди келтиребиз.

Курандан далилдер:

إِنَّ الَّذِينَ آمَنُوا وَالَّذِينَ هَاجَرُوا وَجَاهَدُوا فِي سَبِيلِ اللَّهِ أُولَئِكَ يَرْجُونَ رَحْمَةَ اللَّهِ وَاللَّهُ غَفُورٌ رَحِيمٌ ﴿٢١٨﴾

*- «Ыйман келтирген, (мекендеринен) хижрат кылып-көчкөн, Алла жолунда күрөшкөн заттар – мына ошолор Алланын ырайымынан үмүткөр адамдар. Алла кечиримдүү жана ырайымдуу»,* [2:218]

وَادْعُوهُ خَوْفًا وَطَمَعًا إِنَّ رَحْمَةَ اللَّهِ قَرِيبٌ مِنَ الْمُحْسِنِينَ ﴿٥٦﴾

*- «Ал затка (азабынан) коркуп, (ырайымынан) үмүткөр болгон абалыңарда ибадат кылгыла! Анткени, Алланын ырайымы көркөм амал кылуучуларга жакын»,* [7:56]

وَإِنَّ رَبَّكَ لَذُو مَغْفِرَةٍ لِلنَّاسِ عَلَى ظُلْمِهِمْ وَإِنَّ رَبَّكَ لَشَدِيدُ الْعِقَابِ ﴿٦﴾

*- «Албетте, Роббиң адамдар өздөрүнө зулум кылуучу болгон абалдарында да кечирим ээси. Албетте, Роббиң азабы катуу зат»,* [13:6]

أُولَئِكَ الَّذِينَ يَدْعُونَ يَبْتَغُونَ إِلَى رَبِّهِمُ الْوَسِيلَةَ أَيُّهُمْ أَقْرَبُ وَيَرْجُونَ رَحْمَتَهُ وَيَخَافُونَ عَذَابَهُ إِنَّ عَذَابَ رَبِّكَ كَانَ مَحْذُورًا ﴿٥٧﴾

*- «Аларды (илах-кудай деп) жалбара турган кимселердин өздөрү да Роббилерине кай бирлери жакыныраак болушу үчүн жол издешет. Ал заттын ырайым-мээриминен үмүткөр болушат, азабынан коркушат. Чындыгында, Роббиңдин азабы коркунучтуу»,* [17:57]

وَيَدْعُونَنَا رَغَبًا وَرَهَبًا وَكَانُوا لَنَا خَاشِعِينَ ﴿٩٠﴾

*- «… алар жакшы иштерди кылууга шашылышат эле жана Бизге кызыгуу жана коркуу менен жалбарып дуба кылышар эле. Алар Бизге таазим этүүчү (итаат кылуучу) эле»,* [21:90]

أَمَّنْ هُوَ قَانِتٌ آنَاءَ اللَّيْلِ سَاجِدًا وَقَائِمًا يَحْذَرُ الآخِرَةَ وَيَرْجُو رَحْمَةَ رَبِّهِ قُلْ هَلْ يَسْتَوِي الَّذِينَ يَعْلَمُونَ وَالَّذِينَ لاَ يَعْلَمُونَ إِنَّمَا يَتَذَكَّرُ أُوْلُوا الألْبَابِ ﴿٩﴾

*- «Же түнкүсүн сежде кылган жана (ар дайым) тикесинен тик туруп таат-ибадат кылган, акыреттен корко турган жана Роббисинин ырайым-мээриминен үмүт кылган киши (менен куфрга жана күнөөгө көмүлгөн кимсе тең болобу?!) Айткын: «Биле турган заттар менен билбей турган кимселер тең болобу?!». Акыйкатта, акыл ээлери гана насаат алышат».* [39:9]

Сүннөттөн далилдер:

• Васила ибн Аскаъ: Кубана бер, себеби, мен Пайгамбар ﷺдын мындай дегенин укканмын дейт: **«Улуу жана Олий Алла: «Мен пендемдин Мен жөнүндөгү ой-күмөнүндөмүн. Жакшы күмөн кылса да өзүнө, жаман күмөн кылса да өзүнө дейт»**. «Жаман күмөн кылса да өзүнө» деген сүйлөм – үмүткөр болууга жана жакшы күмөн кылууга буюруучу аят жана хадистердин важыптыкты түшүндүрүшүнө карийна.

• Абу Хурайра рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай дейт: **«Улуу жана Буюк Алла: «Мен пендемдин Мен жөнүндөгү ой-күмөнүндөмүн. Мени эстеген кезинде Мен аны менен биргемин» дейт».**

• Жобир رضي الله عنه Пайгамбар ﷺдан дүйнөдөн кайтышынан үч күн мурун ушул хадисти укканын рыбаят кылат: **«Бирөөңөр да Улуу жана Буюк Алла жөнүндө жакшы күмөн кылбай туруп дүйнөдөн көз жумбасын».**

• Анас رضي الله عنه рыбаят кылат: **«Пайгамбар ﷺ өлүм абалындагы бир жигиттин жанына кирип: «Өзүңдү кандай сезип жатасың?» - деди. Ал: «Я Расулулла, Алладан үмүткөр болуп жатамын жана күнөөлөрүмдөн коркуп жатамын», - деди. Ошондо Пайгамбар ﷺ: «Бул эки нерсе мына мындай абалдагы пенденин дилинде топтолсо, Алланын ага үмүт кылган нерсесин бериши, кооптонгон нерсесинен кадыржам кылышы анык», - деди».**

• Анас رضي الله عنه Пайгамбар ﷺдан мына бул хадиси кудсийди укканын рыбаят кылат: **«Алла Таала айтат: «Эй адам баласы, эгер Мага дуба кылып, Менден үмүткөр болсоң, сенден өткөн күнөөлөрдү көзгө илбестен кечиремин. Эй Адам баласы, күнөөлөрүң асман булуттарына жеткен тагдырда да, Менден кечирим сурасаң, сени кечиремин. Эй адам баласы, Менин жаныма жер кутусунчалык күнөөлөр менен келсең да, Мага эч кимди шерик кылбастан жолуксаң, сени ошол кутучалык кечирим менен тосуп чыгамын»**.

Үмүтсүз болуу болсо, үмүткөрлүктүн тескериси. Алланын ырайымынан жана Анын жөлөп-таяшынан үмүтсүз болуу арам. Буга далилдер бар.

Курандан далилдер:

يَابَنِيَّ اذْهَبُوا فَتَحَسَّسُوا مِنْ يُوسُفَ وَأَخِيهِ وَلاَ تَيْئَسُوا مِنْ رَوْحِ اللَّهِ إِنَّهُ لاَ يَيْئَسُ مِنْ رَوْحِ اللَّهِ إِلاَ الْقَوْمُ الكَافِرُونَ ﴿٨٧﴾

*- «Эй уулдарым, баргыла, Юсуф менен анын бир тууганын издегиле жана Алланын мээриминен үмүтсүз болбогула. Анткени, Алланын мээриминен капыр коом гана үмүтсүз болот»,* [12:87]

قَالُوا بَشَّرْنَاكَ بِالْحَقِّ فَلاَ تَكُنْ مِنَ الْقَانِطِينَ ﴿٥٥﴾ قَالَ وَمَنْ يَقْنَطُ مِنْ رَحْمَةِ رَبِّهِ إِلاَ الضَّالُّونَ﴿٥٦﴾

*- «Алар айтышты: «Биз сага чынында эле (перзент көрүшүңдүн) сүйүнчү кабарын алып келдик. Эми, сен үмүтсүз кимселерден болбогун!» Ал айтты: «Роббисинин фазлу-рахматынан адашкан кимселер гана үмүтсүз болушат»,* [15:55-56]

وَالَّذِينَ كَفَرُوا بِآيَاتِ اللَّهِ وَلِقَائِهِ أُوْلَئِكَ يَئِسُوا مِنْ رَحْمَتِي وَأُوْلَئِكَ لَهُمْ عَذَابٌ أَلِيمٌ﴿٢٣﴾

*- «Алланын аяттарын жана Ага жолугушун тана турган кимселер – алар Менин рахматымдан үмүтсүз болгон кимселер жана алар үчүн жан чыдагыс азап бар,* [29:23]

قُلْ يَاعِبَادِي الَّذِينَ أَسْرَفُوا عَلَى أَنْفُسِهِمْ لاَ تَقْنَطُوا مِنْ رَحْمَةِ اللَّهِ إِنَّ اللَّهَ يَغْفِرُ الذُّنُوبَ جَمِيعًا إِنَّهُ هُوَ الْغَفُورُ الرَّحِيمُ﴿٥٣﴾

*- «(Эй Мухаммад), Менин (түрдүү күнөөлөрдү кылуу менен) өз жандарына кылмыш-зулум кылган пенделериме айткын: «Алланын рахмат-ырайымынан үмүтсүз болбогула! Албетте, Алла (Өзү каалаган пенделеринин) бардык күнөөлөрүн кечирет. Албетте, Анын Өзү гана кечиримдүү, мээримдүү».* [39:53]

Сүннөттөн далилдер:

- Абу Хурайра рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Эгер момундар Алланын азабы эмне экендигин билгенде, эч ким Анын бейишинен үмүткөр болбой калар эле. Эгер капырлар Алланын ырайымы эмне экендигин билгенде, эч ким Анын бейишинен үмүтсүз болбой калар эле»** (муттафакун алайх).
- Фузала ибн Абид рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Үч тайпа адамдар бар, алар жөнүндө сурабай эле кой: Улуу жана Буюк Алланын ридасын талашкан адам, себеби, Ал заттын ридасы – текебердик, изары болсо – азиздик; Алланын иши туурасында күмөнгө барган киши; Алланын ырайымынан үмүтсүз болгон киши».** (Рида - сырткы кийим, изар – ички кийим).
- Холиддин эки уулу Хибба жана Саво рыбаят кылат: **«Пайгамбар ﷺдын алдына кирсек, бир нерсени оңдоп жаткан экен, жардамдашып жибердик. Ошондо ал киши: «Ырас, башыңар кыймылдап турабы,** (эч качан) **ырыскыдан**

**үмүтсүз болбогула. Себеби, адамды энеси эч бир терисиз кып-кызыл эт абалында төрөйт, кийин ага Улуу жана Буюк Алла ырыскы берет», - деди».**

• Ибн Аббас рыбаят кылат: **«Бир киши Пайгамбар ﷺдан «Я Расулулла, чоң күнөөлөр кайсылар?» деп сураган эле: «Аллага шерик келтирүү, Алланын жеңилдик беришинен үмүтсүздөнүү, Алланын ырайымынан бейүмүт болуу», - деп жооп берди».**

Пайгамбарлар (алайхи саламдар) Алланын нусратынан, жеңилдик беришинен үмүтсүз болушпады. Алар коомдорунун ыйманга келишинен гана үмүтсүздөнүштү. Алла Таала айтат:

حَتَّى إِذَا اسْتَيْئَسَ الرُّسُلُ وَظَنُّوا أَنَّهُمْ قَدْ كُذِبُوا جَاءَهُمْ نَصْرُنَا فَنُجِّيَ مَنْ نَشَاءُ وَلاَ يُرَدُّ

بَأْسُنَا عَنِ الْقَوْمِ الْمُجْرِمِينَ ﴿١١٠﴾

*- «Ар качан ошол пайгамбарларыбыз үмүтсүз болуп: «Биз жалганчы кылындык, пайгамбар экендигибизге ишенишпеди», - деп ойлой башташканда, аларга Биздин колдоо-нусратыбыз келип, Биз каалаган кишилер куткарылар эле. (А бирок), кылмышкер болгон коомдон Биздин азабыбыз кайтарылбайт!».* [12:110]

# -8-

# Балээ келгенде сабыр кылуу жана казага ыраазы болуу

Алла Таала айтат:

أَمْ حَسِبْتُمْ أَنْ تَدْخُلُوا الْجَنَّةَ وَلَمَّا يَأْتِكُمْ مَثَلُ الَّذِينَ خَلَوْا مِنْ قَبْلِكُمْ مَسَّتْهُمُ الْبَأْسَاءُ

وَالضَّرَّاءُ وَزُلْزِلُوا حَتَّى يَقُولَ الرَّسُولُ وَالَّذِينَ آمَنُوا مَعَهُ مَتَى نَصْرُ اللَّهِ أَلاَ إِنَّ نَصْرَ اللَّهِ

قَرِيبٌ ﴿٢١٤﴾

*- «(Эй мусулмандар), же силерден мурун өткөн заттардын ибрат-жагдайы силерге келбей туруп бейишке кирүүнү ойлодуңарбы? Аларга балээ жана мусибаттар (үстү-үстүнө) келип, ушундай бир эки анжы ойдо калышкандыктан, ал тургай, пайгамбар жана ыймандуу кишилер: «Акыры Алланын нусраты-жардамы качан келет?» - дешкен эле. Ошондо (аларга мындай жооп болгон): «Билип койгула, Алланын нусраты жакын»* [2:214]

وَلَنَبْلُوَنَّكُمْ بِشَيْءٍ مِنَ الْخَوْفِ وَالْجُوعِ وَنَقْصٍ مِنَ الأَمْوَالِ وَالأَنفُسِ وَالثَّمَرَاتِ وَبَشِّرْ

الصَّابِرِينَ ﴿١٥٥﴾ الَّذِينَ إِذَا أَصَابَتْهُمْ مُصِيبَةٌ قَالُوا إِنَّا لِلَّهِ وَإِنَّا إِلَيْهِ رَاجِعُونَ ﴿١٥٦﴾ أُوْلَئِكَ عَلَيْهِمْ

صَلَوَاتٌ مِنْ رَبِّهِمْ وَرَحْمَةٌ وَأُوْلَئِكَ هُمُ الْمُهْتَدُونَ ﴿١٥٧﴾

*- «Жана албетте силерди кооп-коркунуч, ачарчылык, мал-жан жана мөмө-жемиштерди азайтуу сыяктуу нерселер менен сынайбыз. Бирер мусибат келгенде: «Албетте биз Алланын (пенделерибиз) жана албетте биз Ал затка кайтуучубуз» дей турган сыбыр кылуучуларга кушкабар бер, (эй Мухаммад). Мына ушуларга Роббилери тарабынан салават (кечирим) жана рахмат (ырайым) бар. Мына ошолор ак жолду табуучулар».* [2:155-157]

لَتُبْلَوُنَّ فِي أَمْوَالِكُمْ وَأَنْفُسِكُمْ وَلَتَسْمَعُنَّ مِنْ الَّذِينَ أُوتُوا الْكِتَابَ مِنْ قَبْلِكُمْ وَمِنْ الَّذِينَ أَشْرَكُوا أَذًى كَثِيرًا وَإِنْ تَصْبِرُوا وَتَتَّقُوا فَإِنَّ ذَلِكَ مِنْ عَزْمِ الأمُورِ ﴿١٨٦﴾

*- «Албетте, малы-жаныңарда сыналасыңар (т.а. Алла Таала малы-жаныңарга түрдүү апаат-балээлер жиберип, силердин ыйманыңарды текшерип көрөт). Дагы албетте силерден мурунку ахли китеп кимселер тарабынан жана мушриктер тарабынан көп азият жана иренжитүүлөрдү угасыңар. Эгер (азарларга) сабыр-таакат кылсаңар жана Алладан корксоңор (нажат таап кутуласыңар). Анткени, бул иш (т.а. сабыр-таакаттуу болуп, Алладан коркуу) – иштердин максатка ылайыктуусу»* [3:186]

إِنَّمَا يُوَفَّى الصَّابِرُونَ أَجْرَهُمْ بِغَيْرِ حِسَابٍ ﴿١٠﴾

*- «Эч шек күмөнсүз, сабыр-таакат кылуучуларга ажр-сыйлыктары эсеп-китепсиз толук кылып берилет».* [39:10]

وَبَشِّرْ الصَّابِرِينَ ﴿١٥٥﴾

*- «…сабыр кылуучуларга сүйүнчү кабар бер»,* [2:155]

يَاأَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا اصْبِرُوا

*- «Эй момундар! Сабыр кылгыла…».* [3:200]

وَلَمَنْ صَبَرَ وَغَفَرَ إِنَّ ذَلِكَ لَمِنْ عَزْمِ الآمُورِ ﴿٤٣﴾

*- «жана албетте ким (өзүнө жеткен азар-азияттарга) сабыр кылса, (өч албай Алла үчүн) кечирип жиберсе, шексиз, бул иш иштердин максатка ылайыктуусу»,* [42:43]

يَاأَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا اسْتَعِينُوا بِالصَّبْرِ وَالصَّلاَةِ إِنَّ اللَّهَ مَعَ الصَّابِرِينَ ﴿١٥٣﴾

*- «Эй момундар, сабыр кылгыла жана намаз окуу менен (Менден) жардам сурагыла. Албетте, Алла сабыр кылуучулар менен бирге».* [2:153]

* * *

Пайгамбар ﷺ айтат: **«Эгер Улуу жана Буюк Алла бирер коомду жакшы көрсө, аларга балээ жиберет. Ким сабыр**

**кылса, сабырга ээ болот. Ким такаатсыз болсо, бейтакааттыкка жолугат».**

• Ахмад чыгарган хадисте Мусъаб ибн Саъд атасынан рыбаят кылат: **«Мен: Я Расулулла, кайсы адамдарга балээ катуураак болот, - деп сураган элем, ал киши: «Пайгамбарларга, кийин солихтерге, кийин аларга окшошторго жана** (ошол) **окшоштордун окшошторуна ж.б. Киши динине карап балээге учурайт. Эгер growинде салабаттуулук болсо балээлениши да артат, эгер growинде боштук болсо балээлениши да жеңил болот. Пенде тээ жер жүзүндө эч бир катасыз жүрө турган болгонуна чейин балээленип бара берет», - деп жооп берди».**

• Абу Малик ﵁дан рыбаят кылынган хадисте Пайгамбар ﷺ: **«... Сабыр – нур...»** деген.

• Абу Саъид ал-Худрий ﵁дан рыбаят кылынган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«... Кимде-ким сабырдуу болууга умтулса, Алла аны сабырдуу кылып коёт. Эч кимге сабырдан көрө жакшыраак жана молураак неъмат берилбеген».**

• Абу Яхя Сухайб ибн Синан ﵁дан рыбаят кылынган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«... Эгер ага бирер мусибат жетсе, сабыр кылат жана бул да ал үчүн бир жакшылык болот».**

• Анас ﵁ рыбаят кылат: **«Пайгамбар ﷺ бир кабыр алдында ыйлап жаткан аялдын жанынан өтүп баратып: «Алладан такыба кыл жана сабыр кыл», - деди. Ал тааныбастан: «Кач жанымдан, сен мага окшоп мусибаттанбагансың да», - деди. Кийинчерээк ага бул адам Пайгамбар ﷺ экендиги айтылганда, ал кишинин эшигине келип, эч кандай сакчыларды учуратпастан түз жанына барып «Сизди тааныбаптырмын» деди. Ошондо Пайгамбар ﷺ: «Биринчи кагылышуудагы сабыр сабыр болот», - деди»** (муттафакун алайх).

• Абу Хурайра рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Алла Таала айтат: «Кайсы бир момун пендемден дүйнө калкынан эң жакшы көргөн нерсесин** (т.а. кишисин) **алып койсом, кийин ал сабыр-канаат кылса, ага бере турган сыйлыгым бейиш гана»**.

• Айша ﵂ рыбаят кылат: **«Пайгамбар ﷺдан ваба жөнүндө сураган элем: «Алла Таала аны Өзү каалаган адамына жиберип, момундарга рахмат кылып берет, кайсы бир пенде вабага жолугуп, сабыр-канаат менен, Алланын**

**жазганынан башкасы болбойт деген ишеним менен өз шаарына кетпестен турса, ага шейиттин сообундай сооп болот», - деди».** (Бухарий). (Ваба – чума ооруусу).

• Анас ﷺ рыбаят кылат: «Пайгамбар ﷺдын мындай дегенин уктум: **Алла Азза ва Жалла айтат: «Эгер пендемди эки сүйүктүүсүн алып коюу менен сынасам жана ал сабыр кылса, ушул эки сүйүктүүнүн ордуна ага бейишти беремин»**. «Эки сүйүктүү» дегенде эки көз назарда тутулган (Бухарий).

• Ато ибн Абу Рабох рыбаят кылат: **«Мага ибн Аббас: «Сага жаннатий** (бейиши) **бир аялды көрсөтөйүнбү?», - деди. Мен «Ооба» дедим. Ал: «Мына бул кара түстүү аял, ал Пайгамбар ﷺдын алдына келип, «менин талма кеселим бар, кармап калганда ачылып каламын, менин акыма Алла Таалага дуба кылыңыз» деди. Пайгамбар ﷺ: «Кааласаң сабыр кыл, бейиш сеники болот, кааласаң сага шыпаа беришин сурап, Алла Таалага дуба кыламын», - деди эле, ал: «Сабыр кыламын, болгону, ачылып калбашымды сурап дуба кылыңыз» деди жана Пайгамбар ﷺ ошондой дуба кылды», - деп икая кылды».**

• Абдулла ибн Абу Авфо ﷺ рыбаят кылат: **«Пайгамбар ﷺ душман менен бет келген айрым күндөрдө күтүп турар эле. Күн баткан соң ордунан туруп: «Эй адамдар, душман менен жолугууну арзуу кылбагыла, Алладан амандык сурагыла, жолугуп калганыңарда болсо, сабырдуу болгула. Билип койгула, бейиш кылычтар саясы астында» дечү. Кийин: «Куранды түшүргөн, булутту жүргүзө турган, душмандарды жок кыла турган Аллахым, аларды жеңилүүгө учуратып, бизге алардын үстүнөн жеңиш бер», - деп дуба кылар эле»** (муттафакун алайх).

Жогорудагылар балээленген убакта сабыр кылуу туурасындагы сөздөр эле. Эми, казага ыраазы болуу туурасында да токтолуп өтсөк. **«Сенден казадан кийинки ыраазылыкты сураймын»** хадисин ибн Абу Осим, Бухарий, Хакимдер рыбаят кылышкан. Абу Хурайра рыбаят кылган хадисте Алла пенденин таслим болушун (багынып-моюн сунушун) алкыштаган. Анда Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Сага Арштын астынан чыккан бейиш кенинен алынган бир сөздү үйрөтүп, билдирип коёюнбу? Ал: «Аллага байланбаган эч бир күч-кудурет жок»** (деген сөз)**.** (Аны айтсаң) **Улуу жана Буюк Алла «пендем мусулман болду жана таслим болду», - дейт»**.

Казага нааразы болуу арам. Кирофий мужтахиддердин ушуга ижма кылышканын (келишишкенин) назарда тутуп: **«Казага нааразы болуу ижмоан арам»,** - дейт. Кийин каза менен каза кылынган иштин айырмасын түшүндүрүп мындай дейт: «Эгер адам бир кеселге чалынып, өзүнүн адамдык табиятынан келип чыгып кыжырланса, бул казага нааразылык эмес, балким, каза кылынган ишке нааразылык. Эгер кайсы кылган күнөөм үчүн мага бул мусибат жетти, мен буга ылайык эмес элем десе, каза кылынган нерсеге эмес, казанын өзүнө нааразы болгон болот». Махмуд ибн Лабид рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ айтат: **«Алла бир коомду жакшы көрсө, аларга балээ жиберип сынайт. Ким ыраазы болсо, ыраазылык сообу аныкы. Ким нааразы болсо нааразылык күнөөсү аныкы».** Бул хадис да казага нааразы болуунун арам экендигине далил.

Ыраазы болуу жана нааразы болуу адамдын иши. Ошондуктан да, ыраазы болгонуна сооп алып, нааразы болгону үчүн жазаланат. Казанын өзү болсо адамдын иши эмес. Ошондуктан да, ал каза үчүн жоопкер эмес, балким, ага ыраазы же нааразы болуу жаатында жоопкер.

وَأَنْ لَيْسَ لِلْإِنسَانِ إِلاَ مَا سَعَى ﴿٣٩﴾

- *«Адам үчүн жалаң өзү кылган аракет гана болот».* [53:39]

Каза болсо анын күнөөлөрүнө каффарат болуп, каталарынын өчүрүлүшүнө себеп болот. Буга далилдер көп. Абдулланын муттафакун алайх хадисинде Пайгамбар ﷺ мындай дейт: **«... Кайсы бир мусулманга бир тикенчелик же андан чоңураак азар жетсе, дарактын жалбырагы күбүлгөндөй, Алла анын күнөөлөрүн каффарат кылат».** Айша ؓнын муттафакун алайх хадисинде Пайгамбар ﷺ мындай дейт: **«Кайсы бир момунга бир тикенчелик жана андан чоңурак мусибат жетсе, Алла аны менен бир күнөөсүн кыркат».** Дагы бир рыбаятта **«кемитет»** делген. Абу Хурайра жана Абу Саиддин муттафакун алайх хадистеринде Пайгамбар ﷺ мындай дейт: **«Кайсы бир момунга күлпөт-машакат, ооруу-сыркоо, кам-ташбиш, кайгы-капалык жетсе, ал тургай, бир тикен кирсе да, Алла аларды күнөөлөрүнө каффарат кылат»**. Саъд, Муовия, ибн Аббас, Жобир, Уммул-Ало, Абу Бакр, Абдуррахман ибн Азхар, Хасан, Анас Шадад, Абу Убайда ؓлардын баары Пайгамбар ﷺдын **«балээ себептүү күнөөлөр төгүлөт»** деген хадистерин рыбаят кылышкан.

Айша ؓнын муттафакун алайх хадисинде Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Кайсы бир мусулманга бир тикен кирсе же андан**

**чоңураак мусибат жетсе, Алла ушуну менен аны бир даража көтөрөт жана бир күнөөнү төгөт»** дагы бир рыбаятта **«ага бир жакшылыкты жазат»** делген. Бул иште сооп: казага ыраазы болуу, сабыр кылуу, шүгүр кылуу, Алладан башкасына арызданбоо. Бул туурасында да көп хадистер келген. Муслим Сухайбдан рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Момундун иши ажайып. Анын бардык иши жакшылык. Эгер ага бир курсантчылык жетсе, шүгүр кылат жана бул ага бир жакшылык болот. Эгер ага бир капалык жетсе, сабыр кылат жана бул да ага бир жакшылык болот. Бул нерсе момундан башкасына болбойт».** Хакимдин рыбаятында Абу Дардо: «Абул Косим ﷺдын мындай дегенин уктум» дейт: **«Улуу жана Буюк Алла айтат: «Эй Иса, Мен сенден кийин бир үммөттү жиберемин. Алар өздөрү жакшы көрө турган нерселерине жетишсе, Аллага мактоо айтышат. Өздөрү жаман көрө турган нерселерине жолугуп калышса, аалым жана даанышман болбосо да, сабыр-каниет кылышат». Ошондо Иса: «Я Роббим, бул кандай болот?» деп сураганда Алла: «Аларга Өз даанышмандыгым жана аалымдыгымдан беремин», - деди»**. Ибн Аббас ؓ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Кимдин малына же өзүнө бир мусибат жетсе, аны жашырып, адамдарга арызданбаса, аны кечирүү Алланын милдети болуп калат».** Бухарий Анас ؓдан рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай дейт: **«Алла Таала айтат: «Эгер пендемди эки сүйүктүүсүн алып коюу менен сынасам жана ал сабыр кылса, ушул эки сүйүктүүсүнүн акысына ага бейишти беремин».** Бухарий Абу Хурайрадан рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай дейт: **«Кайсы бир мусулманга ушул дүйнөдө бир тикен кирсе жана ал сабыр кылса, ушул себептүү кыямат күнүндө анын күнөөлөрүнөн алып ташталат».**

Ушул жерде айрым мусулмандардагы түшүнбөөчүлүктөрдү жоюу үчүн сабыр туурасында толугураак токтолуп өтүшүбүз керек болот.

Айрым адамдар кишинин өзү менен өзү убара болуп, адамдардан четке чыгып – башкалардын арам иш-амалдарды кылып жаткандыктарын, Алланын хаддарынан чыгып жаткандыктарын, жихадды бир четке сүрүп коюп жаткандыктарын көрүп туруп – аларга карата өзүнүн анык бир позициясын билдирбестен, өзүн четке алып, мунусу менен нахий мункарды ташташууда жана ушуну сабырдуулук деп түшүнүшүүдө.

Дагы айрымдар Алланын душмандарына кезигүүдөн келип чыга турган зыяндан өздөрүн этият кылып, акыйкат сөздү айтууга же

Алла ыраазы боло турган амалды кылууга батынбастан, бир бурчка тыгылып тек олтурууну сабырдуулук деп билишүүдө.

Бул сабыр эмес. Алла бейишти мындайлар үчүн даярдабаган.

إِنَّمَا يُوَفَّى الصَّابِرُونَ أَجْرَهُمْ بِغَيْرِ حِسَابٍ ﴿١٠﴾

*- «Эч шек-күмөн жок, сабыр-таакат кылуучуларга ажр-сыйлыктары эсеп-китепсиз толук кылып берилет».* [39:10]

- аятындагы сабырдуулар булар эмес, тескерисинче, бул Пайгамбар ﷺ баанек тилеген алсыздык. Мына бул хадиске бир кулак салгыла: **«Мен алсыздыктан, жалкоолуктан, коркоктуктан, сараңдыктан, кам-ташбиштен, кайгы-капалыктан, карыздын жеңип коюшунан, кишилердин зордукчулдугунан Алладан баанек сураймын».**

Сабыр – бул ак сөздү айтуу, акыйкат ишти кылуу, Алланын жолундагы азарларды ийилбестен, бүгүлбөстөн, ох-ий кылбастан көтөрүү.

Сабыр – бул такыба менен жанаша турган даража. Алла Таала айтат:

إِنَّهُ مَنْ يَتَّقِ وَيَصْبِرْ فَإِنَّ اللَّهَ لاَ يُضِيعُ أَجْرَ الْمُحْسِنِينَ ﴿٩٠﴾

*- «Кимде-ким такыба жана сабыр кылса, албетте, Алла мындай жакшы амалдарды кылуучулардын ажр-сыйлыгын текке кетирбейт».* [12:90]

Сабыр бул – мужахиддердин эң жакын жолдошу. Алла Таала айтат:

وَكَأَيِّنْ مِنْ نَبِيٍّ قَاتَلَ مَعَهُ رِبِّيُّونَ كَثِيرٌ فَمَا وَهَنُوا لِمَا أَصَابَهُمْ فِي سَبِيلِ اللَّهِ وَمَا ضَعُفُوا وَمَا اسْتَكَانُوا وَاللَّهُ يُحِبُّ الصَّابِرِينَ ﴿١٤٦﴾

*- «Нечендеген пайгамбарлар өткөн, алар менен биргеликте көптөгөн кудайжөйлөр согуш кылышкан о.э. Алла жолунда өздөрүнө жеткен машакаттар себептүү суздук-алсыздык кылышпаган жана (душмандарына) баш ийишпеген. Алла мына ушундай сабыр кылуучуларды сүйөт».* [3:146]

Сабыр – бул балээ-каза учурунда калтырап-титиреп калбастан, ал ансайын туруктуураак болуу, Куранды таштабастан, ал ансайын аны бекемирээк кармоо, Алладан алыстабастан, Ага ал ансайын жакындашуу дегени. Сабыр бул эркти курчутуу, өзүн таптоо жана бейиш жолун жакындаштыруу.

فَنَادَى فِي الظُّلُمَاتِ أَنْ لاَ إِلَهَ إِلاَ أَنْتَ سُبْحَانَكَ إِنِّي كُنتُ مِنْ الظَّالِمِينَ ﴿٨٧﴾

*- «Караңгыда туруп: «Эч бир кудай жок, магар, Өзүң гана барсың, эй аруу Роббим, чындыгында мен (өз жаныма) жабыр кылуучулардан болуп калдым» деп үн салды».* [21:87]

Сабыр – бул Билалдын, Хаббабдын, Ясир үй-бүлөсүнүн сабыры. **«Эй Ясир бүлөсү, сабыр кылгыла, силерге убада кылынган нерсе бейиш».**

Сабыр – бул Хубайбдын, Зайддын сабыры. **«Аллага касамки, мен үй-бүлөм менен саламат туруп, Мухаммад ﷺга бир тикендин киришине да ыраазы болбоймун».**

Сабыр – бул Алланын жолунда эч бир кеп-сөздөн коркпой залимдин колунан тартып кала ала турган адамдын сабыры. **«Эч качан! Аллага касамки, же силер залимдин колунан кармап, аны акыйкатка ийип, акыйкатка моюн сундурасыңар, же Алла дилиңерди бири-бирине жоолоштуруп, Бану Израилди наалаттагандай, силерди да наалаттайт».**

Сабыр – бул эң бактылуу, тандалма, бекем эрктүү сахабалардын сабыры. Сабыр – бул «Роббим Алла» деген сөзүндө бекем туруп, үй-жайларын таштап Хабашистанга хижрат кылгандардын сабыры.

Сабыр – бул ширк калкына каршы, Перс жана Римге каршы жихад ичинде жашап өткөн мухажир жана ансарлардын сабыры. Сабыр – бул Абдулла ибн Абу Хузайфа тобундагы туткундардын сабыры. Сабыр – бул чыныгы берилген, момун мужахиддердин сабыры.

Сабыр – бул жакшылыкка буюруп, жамандыктан кайтаруу дегени. Алланын жолундагы азарлар каршысында бүгүлбөө, сынбоо дегени.

Сабыр – бул Алланын душмандарына каршы согушуп жаткан мусулман кошуундун ичиндеги бир аскер болуу дегени.

Алла Тааланын мына бул аяттарына кулак салгыла:

لَتُبْلَوُنَّ فِي أَمْوَالِكُمْ وَأَنْفُسِكُمْ وَلَتَسْمَعُنَّ مِنَ الَّذِينَ أُوتُوا الْكِتَابَ مِنْ قَبْلِكُمْ وَمِنَ الَّذِينَ أَشْرَكُوا أَذًى كَثِيرًا وَإِنْ تَصْبِرُوا وَتَتَّقُوا فَإِنَّ ذَلِكَ مِنْ عَزْمِ الْأُمُورِ ﴿١٨٦﴾

*- «Албетте малы-жаныңарда сыналасыңар (т.а. Алла Таала малы-жаныңарга түрдүү апаат-балээлер жиберип, силердин ыйманыңарды текшерип көрөт). Дагы албетте силерден мурунку китеп берилген кимселер тарабынан жана мушриктер тарабынан көп азият жана иренжитүүлөрдү угасыңар. Эгер (азарларга) сабыр-таакат кылсаңар жана Алладан корксоңор (кутуласыңар). Анткени, бул иш (т.а. сабыр-таакаттуу болуп, Алладан коркуу) – иштердин максатка ылайыктуусу»* [3:186]

وَلَنَبْلُوَنَّكُمْ حَتَّى نَعْلَمَ الْمُجَاهِدِينَ مِنْكُمْ وَالصَّابِرِينَ وَنَبْلُوَ أَخْبَارَكُمْ ﴿٣١﴾

*- «Албетте, Биз тээ силердин араңардагы (Бизин жолубузда малы-жаны менен) жихад кылуучу жана (жакшы-жаман күндөрдө) сабыр кылуучу заттарды билмейинче о.э. силердин ал-кабарыңарды текшерип жүзөгө чыгармайынча силерди сынайбыз».* [47:31]

وَلَنَبْلُوَنَّكُمْ بِشَيْءٍ مِنَ الْخَوْفِ وَالْجُوعِ وَنَقْصٍ مِنَ الأَمْوَالِ وَالأنفُسِ وَالثَّمَرَاتِ وَبَشِّرْ الصَّابِرِينَ ﴿١٥٥﴾ الَّذِينَ إِذَا أَصَابَتْهُمْ مُصِيبَةٌ قَالُوا إِنَّا لِلَّهِ وَإِنَّا إِلَيْهِ رَاجِعُونَ ﴿١٥٦﴾ أُوْلَئِكَ عَلَيْهِمْ صَلَوَاتٌ مِنْ رَبِّهِمْ وَرَحْمَةٌ وَأُوْلَئِكَ هُمْ الْمُهْتَدُونَ ﴿١٥٧﴾

*- «Жана албетте силерди кооп-коркунуч, ачарчылык, мал-жан жана мөмө-жемиштерди азайтуу сыяктуу нерселер менен сынайбыз. Бирер мусибат келгенде: «Албетте биз Алланын (пенделерибиз) жана албетте биз Ал затка кайтуучубуз» дей турган сыбыр кылуучуларга сүйүнчү кабар бер, (эй Мухаммад). Мына ушуларга Роббилери тарабынан салават жана рахмат бар. Мына ошолор акыйкат жолду табуучулар».* [2:155:157]

## -9-

## Дуба, зикир жана истигфар

1. Дуба – ибадат, ибадаттын маңызы. Алла Таала айтат:

وَقَالَ رَبُّكُمْ ادْعُونِي أَسْتَجِبْ لَكُمْ إِنَّ الَّذِينَ يَسْتَكْبِرُونَ عَنْ عِبَادَتِي سَيَدْخُلُونَ جَهَنَّمَ دَاخِرِينَ ﴿٦٠﴾

*- «Роббиңер: «Мага дуба кылып сурангыла, Мен силердин (суранган дубаларыңарды) кабыл аламын», - деди. Албетте, Мага ибадат кылуудан текеберленген кимселер жакында моюндарын ийген абалдарында тозокко киришет».* [40:60]

Бул аяттагы «*Мага дуба кылып сурангыла*» сөзү менен «*Мага ибадат кылуудан*» сөзүн байланыштырсак, Алла Тааланын дубаны ибадат деп баалаганы белгилүү болот. Пайгамбар ﷺдын **«Дуба – ибадаттын маңызы»** деген хадиси да ушуга далалат кылат.

Ырас, дуба ибадат болгон соң, Алла дуба кыла турган пендесин жакшы көрөт. Ким Аллага дуба кылбаса, көп жакшылыкты колдон чыгарыптыр. Бул иши кибр-текебердүүлүгүнөн келип чыгып болуп жаткан болсо,

سَيَدْخُلُونَ جَهَنَّمَ دَاخِرِينَ ﴿٦٠﴾

*- «Моюндарын ийген абалдарында тозокко киришет»,* [40:60]

- аятындагы кимселерден болуптур.

2. Алла Субханаху бизге кандай дуба кылышыбызды баян кылып, бул үчүн Алланын даъватына жооп кылышыбыз керектигин т.а. ошонун шартына моюн сунуп, Пайгамбарына ээрчишибиз керектигин айтат:

فَلْيَسْتَجِيبُوا لِي وَلْيُؤْمِنُوا بِي لَعَلَّهُمْ يَرْشُدُونَ ﴿١٨٦﴾

*- «…Демек, Акыйкат жолго жүрүүлөрү үчүн (алар да) Менин (чакырыгыма) жооп беришсин жана мага ыйман келтиришсин».*[2:186]

Пайгамбар ﷺ айтат: **«Аллага дуба кылганы менен, жей турганы арамдан, ичимдиги арамдан,** (анан) **кантип анын дубасы кабыл болсун?!».**

Дубанын абзел убактылары – сежде, жарым түн жана парз намаздардан кийинки маалдар. Абу Хурайра رضي الله عنه рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Пенденин Роббисине эң жакын боло турган убагы – сежде абалы. Ушундай болгон соң, дубаны көбөйткүлө».** Термизийдин Абу Умомадан рыбаят кылган хадисинде келет: **Пайгамбар ﷺдан кайсы дубанын жетип барышы көбүрөөк болот деп суралды. Ал киши: «Жарым түндөгү жана парз намаздардын кийинкисиндеги»,** - деп жооп берди. Орозо айында дуба кылуунун да сообу улуу. Термизий чыгарган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Үч тайпа адамдын дубасы кайтарылбайт: Орозо туткандын иптар кылганга чейинки** (дубасы)**, адилеттүү жетекчинин жана мазлумдун дубасы. Аларды Алла булуттардан өйдө көтөрүп, аларга асман эшиктерин ачып берет жана ааламдын Роббиси: «Ызатым акысы, бир аздан кийин болсо да, албетте, сага жардам беремин», - дейт».**

3. Дуба – ибадаттын себептерин кармабоо дегени эмес, Пайгамбар ﷺдын сийраттары буга ачык далил.

Пайгамбар ﷺ Бадр согушунда аскерлерди даярдап, ар бир бөлүктү өз-өз ордуна коюп, согуш үчүн мыкты даярдык көрүп коюп, анан чатырына кирип ушунчалык көп дуба кылды деп кой, ал тургай, Абу Бакр رضي الله عنه: «Мунун бир бөлүгү эле сизге жетет, я Расулулла» дешке чейин барды.

Пайгамбар ﷺга Меккеден Мединага хижрат кылууга уруксат кылынган соң, адам баласы колдонушу мүмкүн болгон кутулууга алып баруучу себептерди колдонду, ошол эле учурда, Курайш капырларын өзүнөн буруп жиберишин, алардын айла-амалынан куткарышын, Мединага сак-саламат жеткизип коюшун сурап Аллага дуба кылды.

Алланын рахмат жана саламдарына жетишкен бул зат түндүккө т.а. Медина тарапка багыт алуунун ордуна түштүккө бет алып, Абу Бакр ﵁ менен Савр үңкүрүнө жашырынды. Курайш жөнүндөгү, анын пландары жөнүндөгү кабарларды Абу Бакрдын уулу Абдуррахман аркылуу билип турду. Абдуррахман Меккеге кайтып жатканда, анын издерин жашыруу жана ушуну менен Курайш капырларын жазгыруу үчүн, Абу Бакрдын күңүнө анын аркасынан койлорду айдап барууну дайындады. Ал кишини издөө жеңилдегенге чейин, үч күн ошол жерде калып кетти. Кийин тынымсыз жүрүп, Мадинаи Мунавварага кирип барды. Негизи, Пайгамбар ﷺ Мединага сак-саламат жетип алышына толук ишенер эле. Курайш капырлары үңкүрдүн оозуна келип калып, Абу Бакр: «Эгер бирөөсү бут астына караса бизди көрөт» дегенде: **«Үчүнчүсү Алла болгон эки киши жөнүндө эмне деп ойлоп жатасың»** деп жооп берген.

فَقَدْ نَصَرَهُ اللَّهُ إِذْ أَخْرَجَهُ الَّذِينَ كَفَرُوا ثَانِيَ اثْنَيْنِ إِذْ هُمَا فِي الْغَارِ إِذْ يَقُولُ لِصَاحِبِهِ لاَ تَحْزَنْ إِنَّ اللَّهَ مَعَنَا

*- «Аны (пайгамбарды) капырлар эки кишинин бири болгон абалында (т.а. бир жолдошу менен Меккеден) кууп чыгышканда, ага Алла жардам берди го. Ошондо экөөсү үңкүрдө болгон убакта жолдошуна: «Кейибе, албетте Алла биз менен бирге», - деди».*

[9:40]

Хижрат кылып бара жаткан Пайгамбар ﷺ менен Абу Бакрга жетип алып, алар үчүн Курайш сайган сыйлыкка ээ болмокчу болуп турган Суракага **«Эгер кайтса, Кисронун тагынчак-жасалгалары аныкы»** болушун айтты.

Кыскасы, Пайгамбар ﷺ бизге себептерди колдонуу үлгүсүн көрсөтүү менен эле бирге, Курайш капырларынын куугунтугунан куткарышын, айла-амалдарын өздөрүнө кайтарышын сурап, Аллага дуба кылуу менен дуба кылуунун да үлгүсүн көрсөтүп берди. Ал өзү дубаларынын кабыл алынышына жана Алланын куткарышына анык ишенип, кадыржамдык менен үйүнөн чыгып барар экен, короосун курчап алган капырлардын жүздөрүнө топурак сээп, өтүп бара берди. Чындыгында, Алла аларды уктатып койгон эле.

Демек, дуба себептерди колдонууну бекер кылуу эмес, тескерисинче, себептерди таштабастан, аны менен жанаша жүрүү.

Халифалыктын кайта тикеленишин каалаган адам дуба менен эле чектелбестен, ушул иш үчүн амал кылып жаткандар менен бирге амал кылышы, башкача айтканда, себептерди колдонуп туруп,

Алладан жардам сурап, максатынын тезирээк жүзөгө ашышын тынымсыз, калыстык менен сурап дуба кылышы керек.

Бардык иштерде ушундай. Киши калыс Алла үчүн амал кылышы, Пайгамбар ﷺга чыныгы берилген болушу, тынымсыз дуба ылтыжа кылышы керек. Алла угуучу жана кабыл алуучу зат.

4. Алла Субханаху дуба кылуучунун – музтардын дубасын кабыл алат.

وَقَالَ رَبُّكُمْ ادْعُونِي أَسْتَجِبْ لَكُمْ

*- «Роббиңер: «Мага дуба кылып сурангыла, Мен силердин (суранган дубаларыңарды) кабыл аламын», - деди».* [40:60]

وَإِذَا سَأَلَكَ عِبَادِي عَنِّي فَإِنِّي قَرِيبٌ أُجِيبُ دَعْوَةَ الدَّاعِي إِذَا دَعَانِي

*- «(Эй Мухаммад), пенделерим сенден Мен жөнүндө сурашса, Мен аларга жакынмын, Мага дуба кылган убактыларында дуба кылуучулардын дубасын кабыл аламын».* [2:186]

أَمَّنْ يُجِيبُ الْمُضطَرَّ إِذَا دَعَاهُ وَيَكْشِفُ السُّوءَ

*- «Же музтар-начар адам жалбарып-дуба кылган убагында (дубасын) кабыл ала турган жана (анын) мүшкүлүн жеңил кыла турган затпы?!».* [27:62]

Бирок, дубанын кабыл болушунун да шаръий акыйкаты бар, аны Пайгамбар ﷺ мындайча баян кылат: **«Кайсыл бир мусулман Улуу жана Буюк Аллага бир дуба кылса, дубасында күнөө жана тууганчылыкты үзүү болбосо, Алла ага ушул дубасынын акысына үч нерсенин бирин берет. Же сураган нерсесин тезинен берет, же ушул дубаны анын акыретине алып коёт, же ушул дубачалык жамандыкты андан буруп жиберет. Сахабалар: «Анда дубаны көбөйтөбүз», - дешти. Пайгамбар ﷺ «Алла көбөйтсүн», - деди».**

**«Пайгамбар ﷺ: «Пенденин күнөө жана тууганчылыкты үзүү аралашпаган дубасы, эгер шаштырылбаса эле, кабыл болуп бара берет», - деди. «Я Расулулла, «шаштырылбаса» дегени эмнеси?» деп сурашканда: «Ошондо дуба кылдым,** (бирок) **кабыл болбоду деп оор көрүп, дубаны таштоо», - деп жооп берди».** Муслим чыгарган хадис.

Демек, дубада суралган нерсе тез берилбесе да, акырет үчүн бир азык болушу, же анын ээси көп жана улуу соопко жетиши, же анын өзүнө жараша бир келе жаткан балээге тосмо болушу мүмкүн экен.

Ушундай болгон соң, биз чыныгы берилгендик менен, ыклас менен, итааткөйлүк менен Алла Субханахуга дуба кылсак,

Пайгамбар ﷺ баян кылган маанидеги ижабатка анык ишенген болобуз.

О.э. Алла Субханаху бизди зикирге (эстөөгө) да буюрган. Алла Таала айтат:

فَاذْكُرُونِي أَذْكُرْكُمْ

*- «Эми Мени эстегиле, Мен да силерди эстеймин…».* [2:152]

وَاذْكُرْ رَبَّكَ فِي نَفْسِكَ تَضَرُّعًا وَخِيفَةً وَدُونَ الْجَهْرِ مِنْ الْقَوْلِ بِالْغُدُوِّ وَالآصَالِ وَلاَ تَكُنْ مِنْ الْغَافِلِينَ ﴿٢٠٥﴾

*- «Роббиңди ичиңден жалбарып, коркуп, дилде эртели-кеч жатка алгын жана кабарсыз-бейкапар кимселерден болбо».* [7:205]

وَاذْكُرُوا اللَّهَ كَثِيرًا لَعَلَّكُمْ تُفْلِحُونَ ﴿١٠﴾

*- «Алланы көп эстегиле, ажеп эмес, нажат тапсаңар».* [62:10]

يَاأَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا اذْكُرُوا اللَّهَ ذِكْرًا كَثِيرًا ﴿٤١﴾ وَسَبِّحُوهُ بُكْرَةً وَأَصِيلاً ﴿٤٢﴾

*- «Эй момундар, Алланы көп эстегиле жана эртели-кеч Ал затты аруулап тасбех айткыла».* [33:41-42]

Абу Хурайра рыбаят кылган муттафакун алайх хадисте Пайгамбар ﷺ мындай дейт: **«Алла Таала айтат: «Мен пендемдин Мен жөнүндөгү ой-күмөнүндөмүн. Мени эске алганда аны менен биргемин. Эгер Мени ичинде эстесе, Мен да аны ичимде эстеймин. Эгер Мени бир жамаатта эстесе, андан көрө жакшыраак жамаатта Мен аны эстеймин. Эгер Мага бир карыш жакындашса, Мен ага бир билек жакындашамын, эгер Мага бир билек жакындашса, Мен ага бир кулач жакындашамын. Эгер мага басып келсе, Мен ага жүгүрүп барамын».** Муслим Абу Хурайрадан рыбаят кылган хадисте келет: **«Пайгамбар ﷺ Меккенин жолунда бара жаткан эле. Жамадан деген тоонун жанынан өтүп баратып: «Жүрө бергиле, бул Жамаданда илгери муфарриддер (бир деп билүүчүлөр) өткөн», - деди. «Я Расулулла, муфарриддер кимдер?» деп сурашканда: «Алланы көп зикир кылуучулар», - деп жооп берди».** Хасан айтат: «Зикир эки түрдүү болот: биринчиси тил зикири, бул да жакшы. Ал эми, абзелирээги – Алланын буйруктарын аткаруу жана тыюу салгандарынан тыйылуу менен зикир кылуу».

Истигфар (кечирим суроо) да мандуб, Алла Таала айтат:

وَالْمُسْتَغْفِرِينَ بِالأَسْحَارِ ﴿١٧﴾

*- «… таң заарларда Алладан кечирим тилей турган».* [3:17]

وَمَنْ يَعْمَلْ سُوءًا أَوْ يَظْلِمْ نَفْسَهُ ثُمَّ يَسْتَغْفِرْ اللَّهَ يَجِدْ اللَّهَ غَفُورًا رَحِيمًا ﴿١١٠﴾

*- «Ким бирер-бир жаман иш кылса, же өз жанына жабыр кылса, анан Алладан магфират сураса, Алланын магфират кылуучу жана мээримдүү экендигин табат, көрөт».* [4:110]

وَمَا كَانَ اللَّهُ لِيُعَذِّبَهُمْ وَأَنْتَ فِيهِمْ وَمَا كَانَ اللَّهُ مُعَذِّبَهُمْ وَهُمْ يَسْتَغْفِرُونَ ﴿٣٣﴾

*- «(Эй Мухаммад), сен алардын арасында болгон кезиңде, Алла аларды эч качан азаптабайт жана алар кечирим сурап турушканда да Алла аларды азаптоочу эмес».* [8:33]

وَالَّذِينَ إِذَا فَعَلُوا فَاحِشَةً أَوْ ظَلَمُوا أَنْفُسَهُمْ ذَكَرُوا اللَّهَ فَاسْتَغْفَرُوا لِذُنُوبِهِمْ وَمَنْ يَغْفِرُ الذُّنُوبَ إِلاَّ اللَّهُ وَلَمْ يُصِرُّوا عَلَى مَا فَعَلُوا وَهُمْ يَعْلَمُونَ ﴿١٣٥﴾

*- «(Ал такыбадар заттар) эгер кандайдыр бир ылайыксыз, бузук иш кылып коюшса, же (кандайдыр бир күнөө иш кылуу менен) өздөрүнө зулум кылышса, дароо Алланы эстеп, күнөөлөрүн кечиришин сурай турган – ар кандай күнөөнү жалгыз Алла гана кечирет – билип туруп кылган күнөөлөрүн улантпай турган адамдар».* [3:135]

Муслим Абу Хурайрадан рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Жаным Анын колунда болгон затка касамки, эгер күнөө кылбасаңар, Алла Таала силерди кетирип, ордуңарга күнөө кылып,** (анан) **Алла Таалага истигфар айта турган коомду алып келет жана аларды магфират кылат».** Анас ؓ Пайгамбар ﷺдан мына бул хадиси кудсийди укканын рыбаят кылат: **«Алла Таала айтат: «Эй адам баласы, эгер Мага дуба кылып, Менден үмүткөр болсоң, сенден өткөн күнөөлөрдү көзгө илбестен кечиремин. Эй Адам баласы, күнөөлөрүң асман булуттарына жеткен тагдырда да, Менден кечирим сурасаң, сени кечиремин. Эй Адам баласы, Менин жаныма жер кутусунчалык күнөөлөр менен келсең да, Мага эч кимди шерик кылбастан жолуксаң, сени ошол кутучалык кечирим менен тосуп чыгамын»**. Абу Саъид ал-Худрий рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Иблис: «Ызатың акысы, ырас, пенделериңдин жандары денелеринде экен, мен аларды адаштыра беремин», - дейт. Алла Таала болсо: «Ызатым жана Улуулугум акысы, ырас, алар мага истигфар айтар экен, Мен аларды кечире беремин», - дейт».** Ибн Можада келишинче, Абдулла ибн Буср: «Пайгамбар ﷺдын: **«Номаи амалында көп истигфар болгон адамга бейиш болсун»,** - дегенин уккан элем» деп рыбаят кылат (номаи амал – иш-амалдар жазылган дептер). Муслимде

келишинче, Абу Зарр Пайгамбар ﷺдан, ал киши болсо, Улуу жана Буюк Роббисинен рыбаят кылат: **«... Эй пенделерим, силер түнү-күнү күнөө кыласыңар. Мен болсо, бардык күнөөлөрүңөрдү кечиремин. Эми, мага истигфар айткыла, силерди кечиремин...».**

## -10-

## Алла Субханахуга тобокел жана ыклас кылуу

Алла Субханахуга тобокел кылуу бир нече маселелерге тиешелүү:

**Биринчиден:** Акыйдага тиешелүү. Т.а. Жаратуучу – Алла Субханаху мавжуд (анык бар), мусулман киши пайдага ээ болууда жана зыянды жоготууда Ага гана сүйөнөт. Муну инкар кылган (жокко чыгарган) адам – капыр.

**Экинчиден:** Пенде ар бир ишинде Аллага тобокел кылышы керек. Тобокелдин өзү дилдин иши болуп, аны дил тастыктабаса, тил менен айткандын мааниси жок.

**Үчүнчүдөн:** Эгер пенде тобокелдин катъий далилдерин инкар кылса, анда ал капыр болот.

**Төртүнчүдөн:** Тобокел дегени – себептерди колдонуу дегени эмес. Бул экөөсү башка-башка маселелер болуп, алардын далилдери да түрдүүчө. Пайгамбар ﷺ тобокел да кылар эле, себептерди да колдонор эле. Сахабаларын аят же хадис менен ушуга буюрар эле. Ал киши Бадрдагы кудуктарды көмүп таштоо, хандак-аңгек казуу, Сафвандан соотторду ижарага алуу, тыңчылар жиберүү, Хайбардан сууну үзүп коюу, Мекке фатхына бара жатканда Курайштан кабарларды жашыруу, Меккеге эки кабат соот менен кирүү сыяктуу себептерди колдонор эле. Алла Тааланын:

وَاللَّهُ يَعْصِمُكَ مِنْ النَّاسِ

- *«Алла сени адамдардан сактайт»,* [5:67]

- аяты түшүрүлгөнгө чейин өзүнө сакчы да алган. Булар Мединада мамлекет тикеленгенден кийинки иштер. Меккеде болсо, сахабаларына Хабашистанга хижрат кылууга уруксат берди. Абасы Талибдин коргоосун кабыл алды. Бүткүл алака үзүлгөн мөөнөт ичинде дарада турду (дара – эрме чөлдөгү капчыгай сымал жер). Хижрат түнү ордуна уктоону Алийге буюрду. Үңкүрдө үч түн жатып калды. Бану Диълден жол көрсөтүүгө чебер бир кишини ижарага алды. Булардын баары себептерди колдонуу болуп, тобокелге тескери иштер эмес. Жалпысынан алганда, тобокелдин бул иштерге тиешеси жок. Бул эки маселени аралаштырып жиберүү тобокелди таасирсиз нерсеге айландырып коёт.

Тобокелдин важып экендигине далилдер.

• Алла Таала айтат:

الَّذِينَ قَالَ لَهُمُ النَّاسُ إِنَّ النَّاسَ قَدْ جَمَعُوا لَكُمْ فَاخْشَوْهُمْ فَزَادَهُمْ إِيمَانًا وَقَالُوا حَسْبُنَا اللَّهُ وَنِعْمَ الْوَكِيلُ ﴿١٧٣﴾

*- «Андай заттарга айрым кимселер: «Курайштын адамдары силерге каршы (сансыз аскер) топтогон, корккула» дегенде, бул сөз алардын ыймандарын ашырды жана: «Бизге жалгыз Алланын Өзү жетиштүү. Ал зат эң жакшы ишеничтүү өкүл», - дешти».* [3:173]

وَتَوَكَّلْ عَلَى الْحَيِّ الَّذِي لاَ يَمُوتُ

*- «жана өлбөй турган тирүү Затка тобокел кылгын».* [25:58]

وَعَلَى اللَّهِ فَلْيَتَوَكَّلْ الْمُؤْمِنُونَ ﴿٥١﴾

*- «Демек, ыймандуу кишилер Аллага гана сүйөнүшсүн».* [9:51]

فَإِذَا عَزَمْتَ فَتَوَكَّلْ عَلَى اللَّهِ

*- «Демек, (бир ишти) ниет кылсаң, Аллага сүйөнгүн».* [3:159]

وَمَنْ يَتَوَكَّلْ عَلَى اللَّهِ فَهُوَ حَسْبُهُ

*- «Ким Аллага тобокел кылса, демек, Алланын Өзү ага жетиштүү».* [65:3]

فَاعْبُدْهُ وَتَوَكَّلْ عَلَيْهِ

*- «Эми Ага ибадат кыл жана Ага сүйөн».* [11:123]

فَإِنْ تَوَلَّوْا فَقُلْ حَسْبِيَ اللَّهُ لاَ إِلَهَ إِلاَ هُوَ عَلَيْهِ تَوَكَّلْتُ وَهُوَ رَبُّ الْعَرْشِ الْعَظِيمِ ﴿١٢٩﴾

*- «Анан эми дагы жүз үйрүшсө, анда айткын: «Мага Алланын Өзү жетиштүү. Эч кандай илах-кудай жок, Анын Өзү гана бар. (Мен Анын) Өзүнө сүйөндүм. Ал зат улуу арш ээси»* [9:129]

وَمَنْ يَتَوَكَّلْ عَلَى اللَّهِ فَإِنَّ اللَّهَ عَزِيزٌ حَكِيمٌ ﴿٤٩﴾

*- «Ким Аллага сүйөнсө, анда, албетте Алла үстөмдүк жана хикмат ээси».* [8:49]

Тобокелди важып кылуучу аяттар али дагы да көп.

• Ибн Аббас рыбаят кылган эсеп-китепсиз жана азапсыз бейишке кире турган жетимиш миң киши туурасындагы хадисте Пайгамбар ﷺ айтат: **«Алар рукя окубай турган, рукя окутпай турган, бал ачпай турган жана Роббилерине тобокел кыла турган кишилер»** (Рукя – дем салуунун бир түрү)**.**

• Ибн Аббас рыбаят кылат: Пайгамбар ﷺ түндө туруп калса, тахажжуд намазын окуп, **«Эй Аллахым, Сага моюн сундум, сага ишендим, Сага тобокел кылдым»,** - дер эле (муттафакун алайх).

• Абу Бакр Сыддык ﷺ айтат: «Үңкүрдө экенибизде мушриктердин буттарын көрдүм. Алар башыбыздын үстүндө эле турушту. Мен: «Я Расулулла, эгер алардын бирөөсү бут астына караса бизди көрөт», - дедим. Ошондо Пайгамбар ﷺ: **«Эй Абу Бакр, үчүнчүсү Алла болгон эки киши туурасында эмне деп ойлоп жатасың»,** - деди» (муттафакун алайх).

• Умму Салама рыбаят кылат: Пайгамбар ﷺ үйүнөн чыгып баратып: **«Алланын аты менен, Аллага тобокел кылдым»**, - дер эле.

• Анас ﷺ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Киши үйүнөн чыгып баратып: «Алланын аты менен Аллага тобокел кылдым, Аллага байланбаган эч бир күч-кубат жок» десе, ага: «Болду, жетишет, сен кифаяландың, хидаяттандың жана сактандың» делет. Кийин бир шайтан башка бир шайтан менен жолугушуп калганда: «Кифаяланган, сактанган, хидаяттанган кишиге жолугуп калсаң, абалың кандай болот?», - дейт».**

• Умар ибн Хаттаб ﷺ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Эгер силер Аллага чындап тобокел кылганыңарда эле, ачка кетип, ток кайта турган кушка ырыскы бергениндей, силерге да ырыскы берген болор эле».**

Тааттагы ыклас – рия кылбоо (эл көрсүнгө кылбоо). Ал дил амалы болуп, аны пенденин өзү жана Жаратуучусу гана билет. Кээде пенденин өзү да күмөнгө барып, өзүн-өзү кайра-кайра эсеп-китеп кылат, өзүнө-өзү таатты эмне үчүн кылдым деп кайра-кайра суроо берет. Изилдөөсүнөн кийин, эгер ал таатты Кудай үчүн кылган болсо, иши калыс болуптур. Эгер башка максатта кылган болсо, ишине рия аралашыптыр. Мындай нафсияны оңдоо керек. Оңолуу мөөнөтү созулуп кетиши да мүмкүн. Пенде өзүнүн жакшылыктарын жашырууну каалоо мартабасына жетсе, анда ыклас белгиси көрүнүптүр. Куртубий айтат: «Хасандан ыклас жана рия туурасында сурашканда ал: «Жакшылыктарыңды жашырууну каалашың, жамандыктарыңды жашырууну болсо каалабашың – ыклас», - деп жооп берди». Кодисия күнүндө эки колу жана эки буту кесилген бир адамдын:

مَعَ ٱلَّذِينَ أَنْعَمَ ٱللَّهُ عَلَيْهِم مِّنَ ٱلنَّبِيِّۦنَ وَٱلصِّدِّيقِينَ وَٱلشُّهَدَآءِ وَٱلصَّٰلِحِينَ
وَحَسُنَ أُوْلَٰٓئِكَ رَفِيقًا ﴿٦٩﴾

*- «Ал Алланын неъматына татыктуу болгон пайгамбарлар, сыддыктар (чыныгы ыйман ээлери), шейиттер жана солихтер*

*(жакшы амалдарды кылып өткөндөр) менен бирге болот. Алар кандай жакшы шериктер».* [4:69]

- аятын көңүл коюп окуп жатканын көрүшүп, андан: «Эй Алланын пендеси, сен кимсиң?» деп сурашканда, «Бир ансариймин» деп жооп берип, атын айтпады, жашырды.

Ыклас важып. Куран жана сүннөттөн буга далилдер өтө көп. Алла Таала «Зумар» сүрөсүндө айтат:

إِنَّا أَنزَلْنَا إِلَيْكَ الْكِتَابَ بِالْحَقِّ فَاعْبُدْ اللَّهَ مُخْلِصًا لَهُ الدِّينَ ﴿٢﴾

*- «(Эй Мухаммад), албетте, Биз сага бул Китепти акыйкат менен түшүрдүк, андыктан сен Аллага – Ал зат үчүн диниңди калыс-таза кылган абалда ибадат кылгын».* [39:2]

أَلاَ لِلَّهِ الدِّينُ الْخَالِصُ

*- «Калыс-таза дин жалгыз Алланыкы».* [39:3]

قُلْ إِنِّي أُمِرْتُ أَنْ أَعْبُدَ اللَّهَ مُخْلِصًا لَهُ الدِّينَ ﴿١١﴾

*- «Айткын: «Акыйкатта, мен Аллага Ал зат үчүн динимди калыс-таза кылган абалда ибадат кылууга буюрулганмын».* [39:11]

قُلْ اللَّهَ أَعْبُدُ مُخْلِصًا لَهُ دِينِي ﴿١٤﴾

*- «Айткын: «Мен жалгыз Аллага, Ал Зат үчүн динимди калыс кылган абалда ибадат кыламын».* [39:14]

Пайгамбарга айтылып жаткан кептин ал кишинин үммөтүнө карата да айтылып жатканы өз-өзүнөн белгилүү.

Сүннөттөн далилдер:

• Абдулла ибн Масъуд рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Менин сөзүмдү угуп, аны түшүнгөн, жаттаган жана башкаларга жеткизген кишини Алла көгөртсүн. Көбүнчө, өзүнөн көрө билимдүүрөөктөргө да билим таратып жүрүүчүлөр учурап турат. Үч нерсе бар, мусулмандын дили аларды оор албайт: амалды калыс Кудай үчүн кылуу; мусулман жетекчилерге насаат кылуу; мусулмандар жамаатын бекем кармоо, себеби, дуба алардын артынан ороп турат».**

• Убай ибн Каъб рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Бул үммөттүн курсантчылыгы улуулук, бийиктик, үстөмдүк жана жер жүзүндө бекем орношуп алуу менен болот. Кимде-ким акырет ишин дүйнө үчүн кылса, акыретте ага насибе болбойт».**

• Анас ؓ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай дейт: **«Шериксиз жалгыз Кудай үчүн ыклас кылган, намаз окуп,**

**зекет берген киши дүйнөдөн өтө турган болсо, Алла ага ыраазы болот».**

• Абу Умома Бохимий рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«... Алла Анын жүзүн үмүт кылып, калыстык менен кылынган амалдарды гана кабыл алат».**

## -11-
## Акыйкат үстүндө бекем туруу

Даъватчынын үстүндө куфр диярында болгондо да, Ислам диярында болгондо да өзүнө тийиштүү өзгөчө милдеттер турат. Куфр диярында болгондо, аны өзгөртүп, Ислам диярына айландыруу үчүн амал кылыш керек болсо, Ислам диярында болгондо көзөмөл жана амру маъруф, нахий мункар менен алектениши керек болот. Биз ушул макалабызда биринчи абал туурасында токтолобуз. Мына азыр хижрий XV кылымдын биринчи чейрегинин аягында турабыз. Сексен жылдан бери, халифалык жок кылынып, мусулмандардын турмушунан Ислам алып ташталып, бүткүл жер жүзүнө төмөн-паскечтердин өкүмдарлыгы өтө турган болуп калды. Жалпысынан бардык мусулмандар, өзгөчө даъватчылар Мекке доорундагы мусулмандарга окшоп калышты. Мунун үстүнө, алар хижраттан кийин түшкөн өкүмдөрдү да аткаруулары керек. Биз бул ишибизде, ар эки абал тең бири-бирине окшогондугу себептүү, хижраттан мурунку иштер менен чектелебиз. Меккедеги капырлар мусулмандардан капыр болууну, Исламдан кайтууну, даъват кылбоону, ибадатын адамдарга билдирбөөнү талап кылышар эле. Азыркы залим акимдер да кудум ушундай кылышууда, андан да өткөрүп жиберишүүдө. Алар даъватчылардан паскечтер өкүмдарлыгына кызмат кылып, мусулмандардын диярларында капырлар таасиринин калуу мөөнөтүн узартып берүүчү пикирлерди өнүктүрө турган пикирий малай жана тыңчыларга айланып, кызматташтыкта иш алып барууну талап кылышууда. Тыңчылардан, пикирий жана фатва чыгаруучу малайлардан түзүлгөн мындай кошуун каалашыңча табылат. Мынчалык жийиркеничтүү талапты а түгүл Курайш да койбогон деп ойлойм. Ушундай талаптарды жүзөгө чыгаруу үчүн Мекке капырлары өлтүрүү, азаптоо, азар берүү, камоо, байлоо, хижраттан тосуу, мал-дүйнөсүн тартып алуу, шылдыңдап-маскаралоо, мамилени үзүү, жалган-токума кабарларды таратуу сыяктуу ар түрдүү ыкмаларды колдонушту. Азыркы залим акимдер да кудум ошол ыкмаларды колдонушууда, андан да өткөрүп жиберишүүдө. Электр сыяктуу заман ачылыштарын өнөржайды

өнүктүрүүдө эмес, мусулмандарды азаптоодо колдонушту. Бул иштердин каршысында Пайгамбар ﷺ менен анын сахабаларынын туткан орундары бар жана алардан үлгү алуу, аларга ээрчүү бизге важып. Эми капырлардын талаптары, колдонгон ыкмалары жана аларга карата мусулмандардын туткан орундары туурасында кененирээк токтолуп өтөлү. Мекке капырлары колдонгон ыкмалар:

**Уруу:** Хаким Анас ؓдан рыбаят кылат: «Пайгамбар ﷺды эсинен танганча урушту. Абу Бакр ؓ туруп: «Шоруңар катсын, Роббим Алла деген адамды өлтүрөсүңөрбү?!», - деп кыйкыра баштады. «Ким бул?» деп суралган эле «Жинди Абу Каххафанын уулу» деп жооп берилди». Муслим Абу Заррдын мусулман болгондугу жөнүндө анын өзүнөн рыбаят кылат: «…Алардын бирин саал жумшартып, «силер динден кайткан деп ойлоп жаткан ошол адамдын өзү кана» дегенимди бир билем. Мени көрсөтүп, «динден кайткан» деши менен эле, бүткүл өрөөндүн калкы мага асылып, айрыбы, сөөкпү, колуна кирген нерсе менен эсим ооп жыгылганыма чейин таякташты. Ордумдан турганымда кып-кызыл хочко окшоп калган элем…». (Хоч – крест).

**Байлоо:** Бухарий Саид ибн Зайд Амр Нуфайлдын Куфа мечитинде сүйлөгөн сөзүн рыбаят кылат: «Аллага касамки, мусулман болгонум үчүн мени байлап койгон Умар эле. Ал убакта Умар али мусулман болбогон эле. Эгер бирөө Усманга карата кылган ишиңер үчүн көз жаш төксө, арзыйт». Хакимдин рыбаятында «Мени жана энемди байлап койгон» делген.

**Эне тарабынан кысымга алынуу:** Ибн Хиббан Мусъаб ибн Саъддан, ал атасынан рыбаят кылат, Саъддын энеси: «Алла жакшылыкка буюрбаганбы? Аллага касамки, же мен ичпей-жебей өлүп кетемин, же сен капыр болосуң», - деди, ага тамак жедирмекчи болушса, оозуна куюшар эле. Кийин:

وَوَصَّيْنَا الآنْسَانَ بِوَالِدَيْهِ حُسْنًا

- *«Адамга ата-энесине жакшылык кылууну буюрдук».* [29:8]
- аяты түштү.

**Күнгө кактоо:** Абдулла рыбаят кылат: «Мусулман болгондугун эң биринчи жети киши ашкере кылды. Алла Пайгамбар ﷺды абасы Абу Талиб менен, Абу Бакрды өз коому менен коргоду. Калгандарды болсо мушриктер кармап алып, үстүнө темир соот кийгизишип, күнгө какташты. Билалдан башка мушриктердин айтканын кылбай койгон мусулман болбоду. Билал болсо, Улуу жана Буюк Алла жолунда өзүн кор билди. Ошондуктан да, коому аны кордоп, жаш балдарга берип жиберди. Алар Билалды

Меккенин дараларында шылдыңдуу жазалар менен кордоп айландырышар эле, ал болсо, тынымсыз «Ахад-Ахад» дер эле».

**Үн чыгартпоо, адамдарга аралаштырбоо**: Бухарий Айша ﷺдан рыбаят кылган узун хадисте мындай делет: «Курайш ибн Дагананын коргоосун жокко чыгарбады. «Ага үйүндө гана ибадат кылууга буюргун, тышкарыга чыкпастан каалаганча намаз окуп, тилават кыла берсин, баарына угузуп бизге азар бербесин, биз аялдарыбыз менен балдарыбыздын фитналанышынан коркобуз» дешти. Муну ибн Дагана Абу Бакрга айтты. Ушуну менен, Абу Бакр жалаң коргонунда гана Роббисине ибадат кыла турган, намаз окуй турган, кыраат кыла турган болуп турду. Кийин анын мээсине мечит куруу пикири келип, үйүнүн бир бурчуна куруп алды. Ошол жерде намаз окуп, Куран тилават кылар эле. Мушрик аялдар жана балдар анын жанына үйүлүп келишер эле. Алар үчүн бул иш кызык болчу. Кызыгып көрүшөр эле. Айрыкча, Абу Бакр жумшак мүнөз адам болуп, Куран тилават кылганда ыйын токтото алчу эмес. Бул нерсе Курайш чоңдорунун үрөйүн учурду. Ибн Даганага элчилер жиберишти. Алар келип «биз сенин Абу Бакрды коргооңо алганыңды анын үйүндө гана ибадат кылыш керектиги шарты менен кабыл алган элек, ал чегинен чыкты, үйүнүн бир четине мечит куруп алып, намазын жана кыраатын жарыя кылды. Биз аялдарыбыздын жана балдарыбыздын фитналанышынан коркобуз, аны кайтар, үйүндө гана ибадат кылуу менен чектелсе, анда кыла берсин, эгер баш тартып ашкере кыламын десе, андан коргоого алганыңды кайтарып беришин сура. Себеби, биз сага берген убадабызды бузууну макул көрбөйбүз жана ошол эле учурда, Абу Бакрдын өз ишин ашкере кылышына да ыраазы эмеспиз», - дешти.

**Таш менен уруу:** Ибн Хиббан Торик Мухарибийден рыбаят кылат: «Пайгамбар ﷺдын Зулмажаз базарынан өтүп бара жатканын көргөн элем. Үстүндө кызыл кийими бар эле. «Эй Адамдар Алладан башка илах жок дегиле, нажат табасыңар», - деп жатты. Бир киши артынан барып таш менен урду. Эки кызыл ашыгы менен бутунун үстүлөрүн канатып жиберди. Ал: «Эй адамдар, ага кулак салбагыла, ал жалганчы», - деп жатты. Мен бул ким деп сураган элем, «Бану Абдул Мутталибдин кызматчысы» дешти. Мына бул аркасынан барып таш ырыгытып жаткан ким деп сураган элем «Абдул-Уззо Абу Лахаб» дешти».

**Ичеги-карын жана башка чыгындыларды таштоо:** Бухарий Абдулла ﷺдан рыбаят кылат: «Пайгамбар ﷺ сеждеде эле. Айланасында курайштыктар турар эле. Укба ибн Абу Муъайт союлган жандыктын ыйлаакчасын алып келип Пайгамбар ﷺдын аркасына ыргытты. Ал киши башын көтөрбөдү. Фатима ﷺ келип

аркасынан алып таштады жана ушул ишти кылганды дубаи бад кылды. Ошондо Пайгамбар ﷺ: **«Эй Аллахым, мына бул Курайш тобунун – Абу Жахл ибн Хишам, Утба ибн Рабия, Шайба ибн Рабия, Умайя ибн Халаф же Убай ибн Халафтардын жазасын Өзүң бер»,** - деп дуба кылды. Дубаи бад кылынгандардын бири Умайябы же Убайбы, экөөсүнүн кайсынысы экендигин ровий анык айталбады. Ровий айтат: Алар Бадр күнүндө өлтүрүлүп, Умайя же Убайдан башкалары кудукка ташталды. Ташталбагандын муундары майда-майда болуп кесилип кеткен эле». Айша ﷺдан рыбаят кылынган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Эки жаман коңшунун – Абу Лахаб менен Укба ибн Абу Муъайттын отосунда элем. Ичеги-карындарды алып келип дарбазамдын жанына таштагандыктары да мейли эле, ал тургай, өздөрүнүн чыгындыларын да алып келип дарбазамдын жанына ташташар эле».** Пайгамбар ﷺ аларды алып чыгып: **«Эй Бану Абду Маннаф, бул кандай кошуначылык болду?»**, - дер эле.

**<u>Мойнуна минүү жана жүзүнө топурак чачууга урунуу:</u>** Муслим Абу Хурайрадан рыбаят кылат: Абу Жахл «силердин көз алдыңарда Мухамаддын жүзүнө топурак себилсинби» деди эле, «ооба» дешти. Ошондо ал: «Лот жана Уззага касамки, эгер анын дагы ушундай кылганын көрсөм, же мойнуна минем, же жүзүнө топурак чачамын», - деди. Пайгамбар ﷺ намаз окуп жатканда келип, мойнуна эми чыкмакчы болуп турганда, капилеттен эле артка чалкалап, колу менен эмнедендир коргоно баштады. Ага «сага эмне болду» дешти эле, «мени менен анын ортосунда бир оттуу чуңкур жана канатчан айбаттуу макулук пайда болду» деп жооп берди. Пайгамбар ﷺ: **«Эгер Мага жакындашканда, периштелер аны бөлөк-салак кылып жиберер эле»**, - деди.

**<u>Бүтүндөй азаптоо</u>**: Захабий, Байхакий ибн Хишам жана Ахмаддар Урва ﷺдан рыбаят кылат: Варака ибн Навфал азапталып жаткан жана «Ахад Ахад» деп үн салып жаткан Билалдын жанынан өтүп бара жатып: «Эй Билал, Кудай бирөө, бирөө», - дер эле, кийин Умайя ибн Халафтын жана Билалды ушундай акыбалга салып жаткан Бану Жамхтын алдына барып: «Аллага касамки, эгер аны өлтүрсөңөр, ага катуу кайгырамын», - дер эле. Абу Бакрдын үйү Бану Жамхта эле. Азапталып жаткан Билалдын жанынан өтүп баратып Умайяга: «Ушул бечара туурасында Алладан коркпойсуңбу, качанга чейин минтесиң?», - деди. «Сен аны бузгансың, эми өзүң куткар», - деди Умайя. «Ыраазымын, менде андан көрө бакубат жана чыдамдуураак сенин диниңдеги кул бар, ошону алмашамын», - деди Абу Бакр. «Кабыл алдым» деди Умайя.

«Ал сеники» деп, Абу Бакр ошол кулуна Билалды алмаштырды жана азат кылып жиберди. Абу Бакр Меккеден хижрат кылышынан мурун алты кулду мусулман болгондугу үчүн азат кылган эле. Билал жетинчиси болчу. Алардын арасында Бадр жана Ухудду көргөн, Мауна кудугу күнүндө шейит болгон Омир ибн Фахира, Умму Абийс жана Зинниралар бар. Жобир ﷺ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ азапталып жаткан Аммар менен анын үй-бүлөсүнүн жанынан өтүп бара жатып: **«Эй Аммар үй-бүлөсү, эй Ясир үй бүлөсү, курсант болгула, себеби, силерге убада кылынган нерсе – бейиш»**, - деген. Усман ﷺ рыбаят кылат: «Пайгамбар ﷺ менен водийде бара жаткан элек. Ал киши колумдан кармап алган эле. Азапталып жаткан Аммар менен анын ата-энесинин жанына келгенибизде Абу Аммар: «Я Расулулла, заман ушул экен да!» - деди. Ошондо Пайгамбар ﷺ: **«Сабыр кыл»** - деп туруп, дагы аркасынан - **«Эй Аллахым, мен Ясир үй-бүлөсүн кечирдим, Сен да кечиргин»** - деп, дуба да кылды».

**Ачка коюу**: Ибн Хиббан Анастан рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ айтат: **«Алланын жолунда эч ким менчелик азарланбаган, Алланын жолунда эч ким менчелик коркутулбаган. Башымдан үч күн-үч түндөп Билалдын колтугуна сыйган нерседен башка жегилигим болбогон күндөр өткөн».** Ибн Хиббан жана Хаким Холид ибн Умайр Адавийден рыбаят кылат: Бизге Утба ибн Газаван хутба окуп, Аллага хамду сана айткандан кийин мындай деди: «Мен өзүмдү Пайгамбар ﷺ менен болгон жетөөнүн бири деп эсептеймин. Биздин дарак жалбырагынан бөлөк жей турганыбыз болбой, оозубуздун чекелери шылынып, жара басып кетер эле. Мен бир чапанды өзүм менен Ислам атчаны Саъд ибн Абу Ваккас үчүн экиге бөлдүм. Жарымын Саъд өзүнө алжапкыч кылып байлады. Жарымын мен. Бүгүнкү күнгө келип, бизден тирүү калгандардын ар бири бир шаардын амирине айланды. Мен өзүмдү өзүмдүн назарымда улуу, Алланын назарында болсо арзыбас болуп калышыман баанек тилеймин».

**Мамиле-алаканы үзүү:** Ибн Саъд Вокидийден, ал ибн Аббастан рыбаят кылат: «Алар Бану Хошим менен кыз алып-кыз бербөөгө, соода-сатык кылбоого жана карым-катнаш жасабоого келишим түзүштү... Алардан тамак-аш жана керектөө каражаттарын тосуп коюшту. Алар бир мезгилден экинчи мезгилге эптеп-септеп гана чыга алышар эле. Акыбалдары кыйындашып, жаш балдарынын ыйы даранын артынан да угулуп тура турган болду. Курайштыктардын кимдир бирөөсү бул ишке ыраазы болду, кимдир

бирөөсү наароазы болду… Ошентип, алар дарада үч жыл калып кетишти…».

**<u>Үстүнөн күлүү, шылдыңдоо</u>**: Ибн Хишам «Сийратта» келтиришинче, ибн Исхак Язид ибн Зияддан ал болсо, Мухаммад ибн Каъб Курозийден рыбаят кылат: «Пайгамбар ﷺ Тоифке барганда ошол кездеги Сакийфтин чоңдору жана улуулары болгон үч ага-ининин жанына барып отуруп, аларды Аллага даъват кылып: «Менин Исламыма жардам беришиңерди жана мага тосколдук кылып жаткан коомума каршы мени менен бирге болушуңарды сурап келдим», - деди. Ошондо алардын бири: «Эгер Алла сени жиберген болсо, Каъбанын кийимин жулуп аламын», - деди. Дагы бири болсо: «Алла жибергени сенден башкасын таппаптыр-да», - деди. Каяктагы санда жоктор, кулбаччалар ал кишиге акаараттар айтып кыйкырышты». Ибн Хиббан Абдулла ибн Амрдан рыбаят кылат: «… Алардын алдында элем. Бир ташта топтолуп алышып Пайгамбар ﷺ жөнүндө ар кыл сөздөрдү айтышты: «Эч кимге мынчалык сабыр кылбаган элек, арзуу-үмүттөрүбүздү беймаанилик деди, ата-бабаларыбызды жерге урду. Динибизди айыптады, жамаатыбызды бөлүп жиберди, кудайларыбызды акаарат кылды, ошондой иштерди кылса да сабыр кылып турабыз». Ушул убакта Пайгамбар ﷺдын өзү көрүнүп калды. Басып келип, рукнду истилам кылды жана Байтулланы тооп кылган абалда алардын жанынан өттү. Ошондо ар кыл сөздөр менен ал кишини шылдыңдашты. Мен жүзүнөн мунун таасирин көрдүм. Өтүп кетти. Экинчи жолу өтүп жатканда дагы маскара кылышты. Мунун таасирин да жүзүнөн көрдүм. Дагы өтүп кетти. Үчүнчү жолу өтүп бара жатканда дагы шылдыңдашты эле: **«Эй Курайш жамааты, угуп жатасыңарбы, Мухаммаддын жаны Анын колунда болгон затка ант болсун, мен силерге союлууну алып келдим…»**, - деди».

**<u>Башчы менен анын карамагындагылардын ортосундагы алакага сокку берүү:</u>** Муслим Саъддан рыбаят кылат: Алты киши Пайгамбар ﷺ менен бирге элек. Мушриктер ал кишиге: «Буларды айдап жибер. Баары бир алар бизге даай алышпайт», - дешти. Биз: мен, ибн Масъуд, Хузайлдык бир киши, Билал, дагы эки киши элек. Алардын аттарын айтпайм. Пайгамбар ﷺдын көңүлүнөн Алла каалаганчалык эмнедир өтүп, өзүнө эмненидир айтты. Ошондо Улуу жана Буюк Алла мына бул аятты түшүрдү:

وَلاَ تَطْرُدْ الَّذِينَ يَدْعُونَ رَبَّهُمْ بِالْغَدَاةِ وَالْعَشِيِّ يُرِيدُونَ وَجْهَهُ

*- «Роббилерине түнү-күнү Анын жүзүн үмүт кылып дуба кыла турган кишилерди айдаба».* [6:52]

**Башчылык, мал-дөөлөт, аялдарга алмашууга келишүү:** Абу Яъла жана ибн Муъийн Жобир ибн Абдулладан рыбаят кылат: Абу Жахл жана бир топ курайштыктар: «Мухаммаддын иши жайылып кетти, сыйкырчылык, фалбиндик (бал ачуучулук) жана шеърияттан (ыр өнөрүнөн) кабардар бир кишиге айтсак, барып сүйлөшүп келсе болор эле», - дешти. Ошондо Утба: «Мен сыйкыр, фалбиндик жана шеъриятты абдан жакшы билемин, Мухамаддын иши ушундай болгондо дароо билип алар элем» деп, өзү жалгыз кетти. Пайгамбар ﷺдын алдына келип: «Эй Мухаммад, сен Умму Хошимдин эң жакшы адамысыңбы, Умму Абдул Мутталибдин эң жакшы адамысыңбы, Умму Абдулланын эң жакшы адамысыңбы», - деди эле, ал киши жооп кайтарбады. «Эмнеге кудайларыбызды акаарат кылып, ата-бабаларыбызды адашкан дейсиң? Эгер башчылыкты каалап жаткан болсоң, байрагыбызды сага тигип, сени өзүбүзгө башчы кылып алалы. Эгер кырсың күчтүүлүк кылып жаткан болсо, Курайштын өзүң каалаган кыздарынан онун тандап ал, аларга сени үйлөп коёлу. Эгер мал-дөөлөттү каалап жаткан болсоң, өзүңө да, урпагыңа жете турган мал-дөөлөттү топтоп берели», - деди. Пайгамбар ﷺ сүйлөбөстөн унчукпай турар эле. Ал сөзүн бүтүргөн соң, мына мындай деди:

حم ﴿١﴾ تَنزِيلٌ مِنْ الرَّحْمَنِ الرَّحِيمِ ﴿٢﴾ كِتَابٌ فُصِّلَتْ آيَاتُهُ قُرْآنًا عَرَبِيًّا لِقَوْمٍ يَعْلَمُونَ ﴿٣﴾

*- «Ха. Мим. (Ушул Куран) мээримдүү жана ырайымдуу (Алла) тарабынан түшүрүлгөн. Ал биле турган коом үчүн (момундарга) куш кабар берүүчү жана (капырларды азаптан эскертүүчү) арабча Куран абалында (түшүрүлүп), аяттары муфассал (майда-бараты менен толук) баяндалган Китеп»,* [41:1-3]

فَقُلْ أَنذَرْتُكُمْ صَاعِقَةً مِثْلَ صَاعِقَةِ عَادٍ وَثَمُودَ ﴿١٣﴾

*- «Айткын: «Мен силерди кудум Од жана Самуд (уруулларын уруп кыйраткан) чагылганга окшогон бир чагылгандан эскерттим»,*

[41:13]

- аятына жеткенде Утба ал кишинин оозун колу менен жаап, тууганчылык акысына ант ичип, токтотушун жалбарып сурады. Кийин туугандарынын жанына барбастан, алардан жашырынып алды. Ошондо Абу Жахл: «Эй Курайш жамааты, Аллага касамки, Утба да Мухаммад тарабына өткөн, анын сугумуна кызыгып калган окшойт, бул нерсе анын муктаждыгынан гана болуп жатат. Жүргүлө, анын жанына баралы», - деди. Анын жанына келишкен соң Абу Жахл: «Эй Утба, Аллага касам, сени Мухаммад тарабына өтүп кетти, анын ишине кызыгып калды деп корктук, эгер муктаждыгың болсо, сага Мухаммаддын сугумуна муктаж кылбай

турган мал-дүйнө топтоп берели», - деди. Буга Утба ачууланып, мындан нары Мухаммад менен сүйлөшпөөгө Алланын атына ант ичип: «Менин Курайштын эң бай-дөөлөтүүлөрүнүн бири экенимди абдан жакшы билесиңер - деп, болуп өткөн окуяны айтып - Анын жанына барып максатымды айтсам, мага бир нерсе менен жооп берди. Ал нерсе сыйкыр да, ыр да, фалбиндик да эмес. Ал мага мына муну окуп:

حم ﴿١﴾ تَنزِيلٌ مِنْ الرَّحْمَنِ الرَّحِيمِ ﴿٢﴾ كِتَابٌ فُصِّلَتْ آيَاتُهُ قُرْآنًا عَرَبِيًّا لِقَوْمٍ يَعْلَمُونَ ﴿٣﴾

*- «Ха. Мим. (Ушул Куран) мээримдүү жана ырайымдуу (Алла) тарабынан түшүрүлгөн. Ал биле турган коом үчүн (момундарга) куш кабар берүүчү жана (капырларды азаптан эскертүүчү) арабча Куран абалында (түшүрүлүп) аяттары муфассал баян кылынган Китеп»* [41:1-3]

فَقُلْ أَنذَرْتُكُمْ صَاعِقَةً مِثْلَ صَاعِقَةِ عَادٍ وَثَمُودَ ﴿١٣﴾

*- «Айткын: «Мен силерди кудум Од жана Самуд (урууларын урган) чагылганга окшогон бир чагылгандан эскерттим»,* [41:13]
- деген жерине жеткенде оозун жаап, тууган-урукчулук акысына ант ичип, токтотушун жалбарып сурадым. Мухаммаддын эч качан жалган сүйлөбөшүн абдан жакшы билесиңер. Ошондуктан да, силерге бир азап келишинен корктум».

**Акаарат кылуу** Бухарий жана Муслим Абдуррахман ибн Авфтан рыбаят кылат: «Бадр күнүндө сапта турган элем. Оң жана сол тарабыма карасам, эки жаш ансарий өсүпүмдөрдүн ортосунда экенмин. Аларга караганда күчтүүрөөктөрдүн арасында болгонумда жакшы эле деп турсам, алардын бири мага: «Абаке, Абу Жахлды тааныйсызбы?» - деп калды. Мен: «Ооба, тааныймын. Анда эмне ишиң бар эле?» - десем: «Угушума караганда, ал Пайгамбар ﷺды акаарат кылган экен, жаным Анын колунда болгон затка ант болсун, аны көрүп калсам, экөөбүздүн кайсы бирибиздин ажалыбыз жеткенге, өлгөнгө чейин карама-каршы бара беремин», - деди. Бул сөзгө кайраттанып турсам, экинчиси да дал ушундай сөздү айтып калды». Бухарий жана Муслим ибн Аббастан рыбаят кылат: Алла Тааланын:

وَلاَ تَجْهَرْ بِصَلاَتِكَ وَلاَ تُخَافِتْ بِهَا

*- «Намазың(да добушуңду) өтө бийиктетип да, өтө төмөндөтүп да жибербе»,* [17:110]
- аяты Пайгамбар ﷺ Меккеде жашырынып жүргөн убагында түштү. Себеби, сахабалары менен намаз окуганда кыраатта добушун көтөрөр эле. Мушриктер угуп калышса, Куранды да, аны түшүргөн

Затты да, аны алып келген периштени да акаарат кылышар эле. Ошондо Алла Таала Пайгамбары ﷺга:

وَلاَ تَجْهَرْ بِصَلاَتِكَ وَلاَ تُخَافِتْ بِهَا

- *«Намазың(да добушуңду) өтө бийиктетип да, өтө төмөндөтүп да жибербе»,* [17:110]
- аятын түшүрдү.

وَلاَ تَجْهَرْ

- *«Өтө бийиктетип да жибербе»,* [17:110]
т.а. мушриктер угуп калып, Куранды акаарат кылышпасын.

وَلاَ تُخَافِتْ بِهَا

- *«Өтө төмөндөтүп да жибербе»,* [17:110]
т.а. сахабаларың укпай калышпасын.

وَابْتَغِ بَيْنَ ذَلِكَ سَبِيلاً ﴿١١٠﴾

- *«Ушул экөөсүнүн ортосунан бир жолду танда»,* [17:110]

Ахмад Абу Хурайрадан рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай дейт: **«Алланын менден Курайштын наалаттары менен акаараттарын кандай кайтарып жатканын көрбөй жатасыңарбы? Алар мени жамандап акаарат кылышат, негизи, мен Мухаммадмын».** Ибн Аббас рыбаят кылган муттафакун алайх хадисте келишинче,

وَأَنذِرْ عَشِيرَتَكَ الأَقْرَبِينَ ﴿٢١٤﴾

- *«Жакын тууган-уруктарыңды коркутуп-эскерткин»,* [26:214]
- аяты түшкөн соң, Пайгамбар ﷺ Сафа тоосуна чыгып «Эй Таң» деп кыйкырды. Бул кыйкырган ким дешти, Мухаммад делди. Бардыгы топтолушту. Пайгамбар ﷺ **«Эгер силерге ушул тоонун этегинен атчандар чыгып келе жатат десем, мени тастыктайт белеңер?», - деди**. «**Сенин жалган сүйлөгөнүңдү укпаганбыз», - дешти. Ал киши: «Мен силерди катуу азаптан эскертүүчүмүн», - деди. Ошондо Абу Лахаб: «Аа куруп кеткир, бизди ушуга топтодуңбу», - деп туруп кетти.**

تَبَّتْ يَدَا أَبِي لَهَبٍ وَتَبَّ ﴿١﴾

- *«Абу Лахабдын колдору куурасын»,* [111:1]
- аяты ошондо түшкөн.

Табароний Аздийден чыгарган хадисте айтылат: «Жахилият доорунда Пайгамбар ﷺдын: **«Эй адамдар, Алладан башка илах жок деп айткыла, нажат табасыңар»** дегенин уккан элем.

Ошондо күн тушка келгенге чейин кимдир бирөөлөр ал кишинин жүзүнө түкүрүп, кимдир бирөөлөр топурак сээп, дагы кимдир бирөөлөр акаарат кылып өтүшкөн эле. Кийин бир кыз чоң кумурага суу алып келип, ал кишинин бети-колдорун жууду. Пайгамбар ﷺ ага: **«Эй кызым, атаңды кордоп жатышканына, ага карасанатайлык кылып жатышканына кайгырбагын»**, - деди. Мен «Бул кыз ким?» деп сураган элем: «Пайгамбар ﷺдын кызы Зайнаб» дешти».

**__Жалганчыга чыгаруу__**: Бухарий жана Муслим Жобир ибн Абдулладан рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Курайш мени жалганчыга чыгарган соң, ташта туруп калдым. Ошондо жарык болуп кетти. (Дагы бир рыбаятта) ошондо Алла мага Байтул Макдисти жарык кылып берди жана мен ага карап туруп аламат-белгилерин айтып бере баштадым»**. Бухарий Абу Дардодон рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Алла мени силерге жиберди. Силер «Жалган айтасың» дедиңер, Абу Бакр «Чын айтасыз» деди**». Таш ыргытуу жөнүндөгү Торик Мухорибий رضي الله عنهнун хадисинде келишинче, Зулмажаз базарында Абу Лахаб Пайгамбар ﷺды көрсөтүп: «Ага ээрчибегиле, себеби, ал жалганчы» дечү экен.

**__Фитна уюштуруу__**: Ахмад жана Табароний Умму Саламадан рыбаят кылган узун хадисте мындай делет: «Ал жерден чыгышкан соң, Амр ибн Осс: «Аллага касам, эртең аларды түп-тамыры менен омкоруп таштай турган бир ишти кыламын», - деди. Ошондо ичибиздеги эң такыбадар киши болгон Абдулла ибн Робиъа: «Антпе, себеби, алар бизге каршы болгондугу менен, баары бир тууганчылыктары да бар», - деди. Амр болсо: «Аллага касам, падышага: алар Иса ибн Мариямды пенде деп билет, - деп айтамын» деди. Кийин эртең менен барып: «Эй падыша, алар Иса ибн Мариям жөнүндө өтө жаман бир сөздү айтышат. Адам жиберип эмне дешери жөнүндө сурап көр», - деди. Падыша элчи жиберип ушул жөнүндө сураттырды. Бизге эч качан мынчалык оор болбогон эле. Бардыгы топтолуп: «Иса ибн Мариям туурасында сурап калса эмне дейбиз?», - дешти. Кийин «Аллага касам, эмне болушуна карабастан, Алла айткан жана Пайгамбарыбыз алып келген сөздү айтабыз деген токтомго келишти». Муслим ибн Аббастан рыбаят кылат: «Замад Меккеге келди. Ал Аздушанудадан эле. Меккедеги түккө да арзыбаган санда жоктордон Мухаммад жинди деген сөздү укту». Ибн Хиббан ибн Аббастан рыбаят кылган хадисте келет: «Каъб ибн Ашраф Меккеге келген соң, анын жанына келишип: «Каъбатулланын көзөмөлдөөчүсү жана суугаруучусу биз болобуз, сен болсо Ясриб калкынын саййидисиң, жанагы коомунан үзүлүп

чыгып өзүн бизден жакшыраакмын деп ойлоп жаткан санавбар жакшыраакпы же бизби?» - дешти. Ал: «Силер андан жакшырааксыңар» деп жооп берди. Ошондо Алла Таала Пайгамбар ﷺга:

إِنَّ شَانِئَكَ هُوَ الْأَبْتَرُ ﴿٣﴾

- *«Албетте сени жаман көрүүчү кимсенин куйругу кыркылган»,* [108:3]

жана:

أَلَمْ تَرَ إِلَى الَّذِينَ أُوتُوا نَصِيبًا مِنَ الْكِتَابِ يُؤْمِنُونَ بِالْجِبْتِ وَالطَّاغُوتِ وَيَقُولُونَ لِلَّذِينَ كَفَرُوا هَؤُلَاءِ أَهْدَى مِنَ الَّذِينَ آمَنُوا سَبِيلاً ﴿٥١﴾

- *«Китептен үлүшкө ээ болгон кимселердин бут жана санамдарга сыйынып жатканын, капыр кимселер жөнүндө: «Ошолор ыйман ээлери болгон мусулмандардан көрө туура жолдо» деп жатканын көрбөдүңбү?»,*[4:51]

- аяттарын түшүрдү».

**<u>Хижраттан тосуу</u>**: Хаким Сухайбдан рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Силер хижрат кыла турган жер мага таштуу жерлер айланасындагы шор жерлер болуп көрүндү. Демек, ал же Хажар болот, же Ясриб болот».** Пайгамбар ﷺ менен Абу Бакр Мединага карай кетишти. Алар менен кетмекчи элем, Курайштын жигиттери жолумду тосушту. Ошол түндү отурбастан, туруп өткөздүм. Эч кандай даттанбасам деле, «ал өзүн гана ойлоп, силерди таштап кетти» дешти. Бир варид (12 миль) жүгүргөнүмдөн кийин алардын бир канчасы мага жетип алып, кайтармакчы болушту. Мен аларга: «Бир канча укия (укия - 37гр) алтын берсем мени коюп жибересиңерби - деп, алардын артынан Меккеге чейин келип - астананын астын казсаңар, бар канча укия алтын бар, баланчага барып кымбат-балуу таштарды да алгыла», - дедим. Кийин чыгып Пайгамбар ﷺдын алдына бардым, ал киши али Кабодон өтүп кете элек эле. Мени көрүп: **«Эй Абу Яхя, соодаң оңунан келсин»** деп үч жолу айтты. Мен: «Я Расулулла, эч ким менден мурун сиздин жаныңызга келбеди го, бул кабарды сизге Жабраил عليه السلام гана жеткизген» дедим. Пайгамбар ﷺды хижраттан кайтарууга болгон чаңкоолору ушунчалык даражага жетти деп кой, ал тургай, ал кишини жана анын досун өлтүргөн, же туткунга түшүргөн киши үчүн бир сыйлык жарыя кылууга чейин жетип барышты. Бухарий Баррадан, ал Абу Бакрдан рыбаят кылат: «… Жолго түшкөнүбүздө алар бизди издешер эле…». Сурака ибн Жаъшам айтат: «Бизге Курайш капырларынын

элчилери келип, Пайгамбар ﷺ менен Абу Бакрдын кайсы бирин өлтүргөн же туткунга алган киши үчүн акы дайын кылынганын айтышты… Мен ал кишиге «коомуңуз сиз үчүн акы дайын кылыптыр» дедим… Ал киши: **«Ушул жайыңда бирөөсүнүн да бизге жетип алышына жол койбой тур»,** - деди. Ровий айтат «ал күндүн башында Пайгамбар ﷺга каршы согушкан болсо, акырына барып ал кишинин сакчысына айланды».

**<u>Өлтүрүүгө урунуу же аны менен коркутуу</u>**: Бухарий Урва ибн Зубайрдан рыбаят кылат: «Абдулла ибн Амрдан мушриктердин Пайгамбар ﷺга кылган эң катуу иштерин сурадым. Ал Укба ибн Абу Муъиттин Пайгамбар ﷺдын намаз окуп жатканынын үстүнө келип, кийимин мойнуна салып туруп, өтө катуу муунтканын, кийин Абу Бакр келип ажыратып алганын жана: «Роббим Алла деген кишини өлтүрөсүңөрбү, акыры, ал Роббиңер тарабынан көрсөтмөлөр алып келди го?!» дегенин көргөнмүн деди». Умар ибн Хаттабдын мусулман болушу бабында Бухарий Абдулла ибн Умардан рыбаят кылат: «Ал коргонунда коркуп турган эле, Амрдын атасы Ос ибн Воил Сахмий келип калды. Анын үстүндө жол-жол кийим жана жибек бүгүп тигилген көйнөк бар эле. Ал жахилияттагы иттифакташтарыбыз болгон Бану Сахмдан эле. Ос ага: «Сага эмне болду?» - деди эле: «Эгер мусулман болсом коомум мени өлтүрөт имиш», - деди. Ос: «Алар үчүн сага жол жок», - деди. Ушул сөздү айткандан кийин мен тынчтандым…». Мушриктер Пайгамбар ﷺды өлтүрүү үчүн тил бириктирүүдөн токтолушпады. Ибн Хажардын «Фатхул Барий»инде келишинче, ибн Исхак, Муса ибн Укба жана башка газават тууралуу жазылган китептердин авторлору мындай деген: «Курайш сахабалардын бир жерге жайгашып, ушуну менен тынчтык-кадыржамдыкка жетишкенин, Умардын мусулман болгонун, Ислам урууларга жайылып кеткенин көрүшкөн соң, Пайгамбар ﷺды өлтүрүүгө тил бириктиришти. Бул кабар Абу Талибге жетип келген соң, Бану Хошим менен Бану Мутталибди топтоп, Пайгамбар ﷺды коргонуна киргизип алды да, өлтүрмөкчү болгондордон коргоду». Ахмад рыбаят кылышынча, Ибн Аббас Алла Тааланын:

وَإِذْ يَمْكُرُ بِكَ الَّذِينَ كَفَرُوا لِيُثْبِتُوكَ أَوْ يَقْتُلُوكَ أَوْ يُخْرِجُوكَ وَيَمْكُرُونَ وَيَمْكُرُ اللَّهُ وَاللَّهُ خَيْرُ الْمَاكِرِينَ ﴿٣٠﴾

*- «(Эй Мухаммад), капырлар сени туткун кылуу же өлтүрүү, же (Меккеден) чыгарып жиберүү үчүн сага айла-амал иштеткен учурларын эсте. Алар айла кылышат, Алла да «айла» кылат. Алла «айлакерирээк»»,* [8:30]

- аяты туурасында мындай дейт: «Меккеде бир түнү Курайш кеңеш курду. Айрымдары таң атышы менен аны т.а. Пайгамбар ﷺды байлайбыз дешти. Кээ бирлери өлтүрөбүз, дагы бирлери болсо айдап жиберебиз дешти».

Ибн Хишамдын «Сийрат»ында келишинче, ибн Исхак айтат: «Курайш Пайгамбар ﷺдын Мединага сахабаларынын жанына жетип барышынан чоочуп, бир нечеси Доруннудвада топтолушуп, Пайгамбар ﷺдын ишин эмне кылуу туурасында кеңешишти. Айрымдар темир кишенге салып коёбуз дешсе, айрымдары арабыздан чыгарып жиберебиз дешти. Ошондо Абу Жахл: «Менде мындай пикир бар, силер андай пикирге келе албасаңар керек деп ойлоймун», - деди. «Ал кандай пикир экен, эй Абулхакам» дешти. «Ар бир уруудан бирден жаш, күчтүү, тектүү жигитти тандап алып, алардын ар биринин колуна бирден курч кылыч беребиз. Алар барып бир кишинин соккусундай согуп өлтүрүшөт. Ушуну менен андан кутулабыз», - деди Абу Жахл. Аммардын энеси Сумайя ؓ сыяктуу өлүмгө сабыр кылган сахабалар да болду. Ал Исламдагы биринчи шейит эле».

Бул азаптардын каршысында Пайгамбар ﷺ жана айрым сахабалар ушундай бир орунду тутуп, муну менен мушриктерди таң калтырып, теңдешсиз сабат жана матанат (эрктүүлүк жана туруктуулук) көрсөтүштү. Алардын айрымдарын айтып өтөбүз:

• Бухарий «Тарихи кабир»де Муса ибн Укбадан, ал Акийл ибн Талибден рыбаят кылат: «Курайш Абу Талибдин жанына келип «иниң бизге жыйындарыбызда азар берип жатат» дешти. Ал дароо «эй Акийл, Мухаммадды алып кел» деп буюрду. Ага барып, кичинекей бир үйдөн чыгарып, күндүн ысыгында алып келди. Мээ кайнаткан ысыктын катуулугунан жүрүш үчүн көлөкө издер эле. Алып келген соң, Абу Талиб: «Тиги абаларыңдын балдарынын айтышына караганда, сен аларга жыйындарында жана межлистеринде азар берип жаткан имишсиң. Андай кылбагын», - деди. Пайгамбар ﷺ көзүн асманга тигип: **«Мына бул күндү көрүп жатасыңарбы, андан бир шоола силерге түшүп жаткан болсо, мен силерден ошону кайтарууга да кудуреттүү эмесмин»,** - деди». Ошондо Абу Талиб: «Аллага касамки, иним бизди эч качан алдабаган, баргыла», - деди.

• Бухарий Абдулла ибн Масъуддан рыбаят кылат: Саъд ибн Муаз умра кылганы барып, Умайя ибн Ахлафтын үйүнө түштү. Умайя да Шамга барганда Мединадан өтүп калса, Саъддын үйүнө түшөр эле. Умайя Саъдга «күн тикеге келип, адамдар өз иштери менен алек болуп кеткенге чейин күтүп тур, кийин барып тооп кыласың» деди. Саъддын тооп кылып жатканынын үстүнө Абу Жахл келип калып:

«Каъбаны тооп кылып жаткан ким бул?» - деди. «Мен Саъдмын». «Мухаммад менен анын сахабаларына башбаанек берип туруп, дагы беймарал Каъбаны тооп кылып жатасыңбы?». «Ооба», деди Саъд. Өз ара сөгүшүп кетишти. Умайя Саъдга: «Абулхакамга добушуңду көтөрбө, себеби, ал водий элинин саййиди», - деди. Саъд: «Эгер мени Байтулланы тооп кылуудан кайтара турган болсоң, Шам менен боло турган соодаңды үзүп коёмун», - деди. Умайя кайра-кайра Саъдга: «Үнүңдү көтөрбө» деп, аны токтотууга аракет кылар эле. Буга Саъддын кыжыры келип: «Кач алдымдан, мен Мухаммад ﷺдан угушумча, ал сени өлтүрөт имиш», - деди. Ал: «Мениби, ыя?» - деди. Саъддан «Ооба» жообун алган соң: «Аллага касам, Мухаммад жалган сүйлөбөйт» деп койду.

- Бухарий жана Муслим ибн Аббас ؓдан рыбаят кылат: «Абу Заррга Пайгамбар ﷺдын жиберилгени туурасындагы кабар барган соң, эмне кеп-сөз болгондугун билүү үчүн келип, Пайгамбар ﷺдын жанына кирди жана ал кишинин сөздөрүн угуп, ошол жердин өзүндө мусулман болду. Пайгамбар ﷺ ага: **«Коомуңа кайтып, менин буйругум келгенге чейин аларды кабардар кылып тур»,** - деди. Ал: «Жаным Анын колунда болгон затка касамки, бул сөздү алардын арасында кыйкырып айтамын», - деди. Ал жерден чыгып мечитке келди да, үнүнүн болушунча: «Күбөлүк беремин, Алладан башка илах жок жана Мухаммад Алланын Пайгамбары» деди. Адамдар топтолушуп, аны жатып калганга чейин сабашты. Аббас келип, анын үстүнө өзүн таштады жана: «Шоруң каткырлар! Анын Шам менен боло турган соодаңар жолундагы Гифардык экендигин билбейсиңерби?» - деп, аны куткарып калды. Эртеси күнү дагы ушундай кылды эле, адамдар дагы асылып, аны сабашты жана дагы Аббас анын үстүнө өзүн таштады».

- Ахмад ибн Ханбал «Сахабалардын фазиллаттары» китебинде Урвадан рыбаят кылат: «Пайгамбар ﷺдан кийин Куранды добуш чыгарып окуган адам Абдулла ибн Масъуд болду. Бир күнү сахабалар топтолушуп: «Курайш калкы бул Курандын үн чыгарып окулганын уккан жок. Ага угузуп коё турган адам барбы?» дешти. Абдулла ибн Масъуд: «Мен уктурамын» деди. Алар: «Сизге азар берүүлөрүнөн коркобуз, биз бирер кеп болсо, алардан коргой турган туугандары бар адам болсо деген элек», - дешти. Ал: «Коё бергиле, мени Алланын Өзү коргойт» деди. Кийин ибн Масъуд шашкеде Макамга барып, Курайш жыйылып турган жерде:

بِإِسْمِ اللَّهِ الرَّحْمَنِ الرَّحِيمِ

*- «Мээримдүү жана ырайымдуу Алланын аты менен (баштаймын)»,*

الرَّحْمَانُ ﴿١﴾ عَلَّمَ الْقُرْآنَ ﴿٢﴾

*- «Рохман (Мээримдүү Алла Мухаммад пайгамбар жана анын үммөттөрүнө) Куранды таалим берди».* [55:1-2]

- деп окуду. Кийин кыбыла тарапка карап кыраат кыла баштады. Адамдар кулак салышып «Бул күңдүн баласы эмне деп жатат» дешти. Кийин «Бул Мухаммад алып келген нерселерди тилават кылып жаткан экен-го» деп, анын бетине ура башташты. Абдулла алардан канчалык азар жетишине карабастан окуй берди. Сахабалардын жанына кайтып келгенде, анын жүзүндөгү издерди көрүшүп: «Биз ушундан корккон элек» дешти. Ошондо Абдулла: «Алланын душмандары ушул убакка чейин мага күчсүз-кор болуп көрүнбөгөн эле. Эми, каалашса дагы ушундай кыла алышым анык» деди. Алар: «Эми жетет, аларга жаман көрө турган нерселерин угуздуң», - дешти».

• Бухарий Айша ﵂дан рыбаят кылат: «Эс тартканымдан ата-энем мусулман эле… Бул нерсе Курашйтын чоң мушриктерин коркууга салды. Ибн Даганага адам жиберишти. Алар келишип: «Биз сенин коргооң себептүү Абу Бакрга амандык берген элек… Анын ибадаттарын баарынын көз алдында кылышына ыраазы эмеспиз», - дешти. Кийин ибн Дагана Абу Бакрын алдына келип: «Сени өз коргоомо алганымды билесиң, ошондуктан, же алар айткан сөзгө көн (т.а. ибадаттарыңды эч кимге көрсөтпөстөн, угузбастан кыл) же менин коргоомду өзүмө кайтарып бер. Себеби, мен жөнүндө арабдар «тигинин коргоосу өтпөдү» дешин жактырбаймын», - деди. Ошондо Абу Бакр: «Коргооңду өзүңө кайтарып беремин, мен Улуу жана Буюк Алланын коргоосун каалаймын», - деди».

• Хаким Абдулла ибн Умардан рыбаят кылат: «Умар Мекке мечитинде мушриктер менен таң эртеңден күн төбөгө келгенге чейин алышты. Кийин алдан тайып отуруп калды. Кызыл чапан, жол-жол көйнөк кийген көркөм жүздүү бир киши келип аны куткарып алды да: «Бул адамдан эмнени каалайсыңар?» - деди. Алар: «Эч нерсени, Аллага касам, ал динден кайтты» дешти. «Бир адам өзү үчүн бир динди тандап алса мунун эмнеси жаман, койгула аны, өзүнө каалаганын тандап ала берсин, силер бану Адий Умардын өлүмүнө ыраазы болот деп ойлойсуңарбы? Аллага касамки, ыраазы болбойт», - деди. Ошол күнү Умар: «Эй Алланын душмандары, үч жүзгө жеткенибизде силерди чыгарып жиберген болор элек», - деди. Кийинчерээк атамдан: «Ошол күнү силерди куткарып калган адам ким?» деп сураган элем: «Амр ибн Остун атасы Ос ибн Воил эле» деп жооп берди». Хаким рыбаят кылган бул хадис Бухарий рыбаят кылган мурунку хадиске тескери эмес.

Анда Умар мушриктердин өлтүрүшүнөн коркуп үйдө отурган эле. Бул эки хадис эки башка убакта болгон эки окуя болушу мүмкүн.

• Байхакий менен Захабий Муса ибн Укбадан рыбаят кылышат: «Усман ибн Мазъун жана анын достору аркага кайткандардан эле. Меккеге коргоочусуз кире алышпады. Валид ибн Мугыйра Усман ибн Мазъунду өз коргоосуна алды. Усман досторунун үстүнө жаап жаткан балээлерди, алардын бир канчасынын камчы жана от менен азапталып жатканын, өзүнүн болсо тынч-аман жаткандыгын көрүп, балээленүүнү абзел көрдү да Валидге: «Эй абаке, мени өз коргооңузга алдыңыз, эми туугандарыңыздын алдына чыгып менден коргооңузду кайтарып алышыңызды каалаймын», - деди. Ошондо Валид: «Эй иним, кийин алар сага азар берип, сени акаарат кылышсачы?» деди эле, Усман: «Эч ким мага каршылык да билдире албайт, азар да бере албайт» деп, өз сөзүндө катуу туруп алды. Валид айласыздан аны мечитке алып чыкты. Ал жерде Курайш межлис куруп, Лабид ибн Робия ыр окуп жаткан эле. Валид Усмандын колунан кармап: «Мына бул бала мени коргоомду кайтарып алышыма мажбур кылып жатат. Мен силердин күбөлүгүңөрдө андан коргоомду кайтарып алдым. Өзү кааласа гана, дагы коргоомо аламын», - деди. Ошондо Усман: «Туура айтып жатат. Аллага касамки, менин өзүм аны ушуга мажбур кылдым, эми, мен анын коргоосунда эмесмин» деп, адамдарга кошулуп отурду эле, ага да жабылышты».

Сахабалар (Алла алардан ыраазы болсун) сабат жана матанат үлгүлөрүн көрсөтүшкөн, ошентсе да, Пайгамбар ﷺга арызданып, ал кишиден нусрат сурап дуба кылышын сурашкан. Бухарий Хаббаб ибн Арабдан рыбаят кылат: **«Пайгамбар ﷺдын алдына арызданып бардык. Ал киши Каъбанын көлөкөсүндө чапанын жаздык кылып алган экен. «Биз үчүн нусрат сурабайсызбы, биздин акыбызга дуба кылбайсызбы?» - дедим. Буга жооп катары ал киши: «Силерден мурункуларда жер чуңкур казылып, ага бир адам башына чейин көмүлөр эле, кийин ара алып келинип, башынын ортосуна салынып, экиге бөлүп жиберилер эле. Ушул иш да аларды дининен кайтарбас эле. Темир тарактар менен эттен өтүп сөөк тарамыштарына чейин таралар эле. Бул да аларды дининен кайтара албас эле. Аллага касамки, албетте, бул иш толук-акырына жетет жана атчан Санъадан Хазрамавтка чейин жалгыз Алладан гана коркуп, же койлорун бөрү жеп кетишинен гана коркуп бара турган болот. Болгону, силер шашкалактык кылып жатасыңар», - деди».**

# -12-
# Момундарга ийилүү. Капырларга кекирейүү

Момундарга ийилүү жана капырларга кекирейүү важып. Алла Таала айтат:

يَاأَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا مَنْ يَرْتَدَّ مِنْكُمْ عَنْ دِينِهِ فَسَوْفَ يَأْتِي اللَّهُ بِقَوْمٍ يُحِبُّهُمْ وَيُحِبُّونَهُ أَذِلَّةٍ عَلَى الْمُؤْمِنِينَ أَعِزَّةٍ عَلَى الْكَافِرِينَ يُجَاهِدُونَ فِي سَبِيلِ اللَّهِ وَلاَ يَخَافُونَ لَوْمَةَ لاَئِمٍ ذَلِكَ فَضْلُ اللَّهِ يُؤْتِيهِ مَنْ يَشَاءُ وَاللَّهُ وَاسِعٌ عَلِيمٌ ﴿٥٤﴾

- *«Эй момундар, силердин ичиңерден кимде-ким өз дининен кайтса, Алла (алардын ордуна) башка бир коомду алып келет, Алла аларды жакшы көрөт, алар Алланы жакшы көрүшөт. Алар момундарга өтө карапайым, капырларга болсо катуу кол, бир да жемелөөчүнүн жемесинен коркпой, Алла жолунда күрөшө турган кишилер. Бул Алланын берешен, жоомарттыгы болуп, Өзү каалаган кишилерге берет. Алла берешен, жоомарттыгы кең, билүүчү!».*[5:54]

Ийилүү дегени кор болуу дегени эмес, мээримдүүлүк, ырайымдуулук, кичипейилдик дегени. Кекирейүү болсо катуу кол, оройлук, душмандык, өзүн өйдө тутуу дегени. Алла Таала айтат:

مُحَمَّدٌ رَسُولُ اللَّهِ وَالَّذِينَ مَعَهُ أَشِدَّاءُ عَلَى الْكُفَّارِ رُحَمَاءُ بَيْنَهُمْ

- *«Мухаммад Алланын Пайгамбары. Аны менен бирге болгондор (т.а. момундар) капырларга каардуу, өз араларында (момундарга) болсо ырайымдуу-боорукер».* [48:29]

Дагы Алла Субханаху Пайгамбары ﷺды кичипейил, сыпаа болууга буюрган.

وَاخْفِضْ جَنَاحَكَ لِلْمُؤْمِنِينَ ﴿٨٨﴾

- *«Момундарга канатыңды түшүргүн».* [15:88]

وَاخْفِضْ جَنَاحَكَ لِمَنْ اتَّبَعَكَ مِنْ الْمُؤْمِنِينَ ﴿٢١٥﴾

- *«Өзүңдү ээрчип момун болгон кишилерге канатыңды түшүргүн».* [26:215]

Т.а. аларга кичипейил болгун, мээримдүү болгун. Ошол эле учурда, ал кишини оройлуктан кайтарган. Алла айтат:

فَبِمَا رَحْمَةٍ مِنْ اللَّهِ لِنْتَ لَهُمْ وَلَوْ كُنْتَ فَظًّا غَلِيظَ الْقَلْبِ لاَنْفَضُّوا مِنْ حَوْلِكَ فَاعْفُ عَنْهُمْ وَاسْتَغْفِرْ لَهُمْ وَشَاوِرْهُمْ فِي الآمْرِ فَإِذَا عَزَمْتَ فَتَوَكَّلْ عَلَى اللَّهِ إِنَّ اللَّهَ يُحِبُّ الْمُتَوَكِّلِينَ ﴿١٥٩﴾

*- «(Эй Мухаммад), Алла тарабынан болгон бир мээрим себептүү аларга (сахабаларыңа) жумшак сөздүү болдуң. Эгер орой, дили катуу болгонуңда, албетте, айланаңдан таркалып кетишкен болор эле. Эми, аларды кечиргин, алар үчүн Алладан магфират сурагын жана иштериңде аларга кеңеш салгын. Эми (кеңешкен соң бир ишти) ниет кылсаң, Аллага тобокел кылгын. Албетте, Алла Өзүнө сүйөнүп (иш кылуучуларды) сүйөт».* [3:159]

Момундарга мээримдүү, кичипейил болууга буюруп, оройлук кылуудан кайтаруу менен бир катарда, капыр жана мунафыктарга карата орой болууга буюрат. Алла Таала айтат:

يَاأَيُّهَا النَّبِيُّ جَاهِدِ الْكُفَّارَ وَالْمُنَافِقِينَ وَاغْلُظْ عَلَيْهِمْ وَمَأْوَاهُمْ جَهَنَّمُ وَبِئْسَ الْمَصِيرُ ﴿٧٣﴾

*- «Эй Пайгамбар, капыр жана мунафыктарга каршы күрөшкүн жана аларга катуу тур. Алардын жайлары тозок. Бул кандай гана жаман акыбет!».* [9:73]

Пайгамбар ﷺга кылынган хытаб (кайрылуу) – үммөткө кылынган хытаб. Демек, момундарга карата мээримдүү, ырайымдуу, кичипейил болуу, капырларга карата болсо орой, катуу кол, душман болуу, алардан азиз, бийик болуу момунга важып. Алла Таала айтат:

يَاأَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا قَاتِلُوا الَّذِينَ يَلُونَكُمْ مِنَ الْكُفَّارِ وَلْيَجِدُوا فِيكُمْ غِلْظَةً وَاعْلَمُوا أَنَّ اللَّهَ مَعَ الْمُتَّقِينَ ﴿١٢٣﴾

*- «Эй момундар, жаныңардагы капырларга каршы согушкула жана алар силердеги күч-кубатты көрүшсүн! Эсиңерде болсун, албетте Алла такыбадарлар менен бирге».* [9:123]

Сүннөт да ушуну тастыктайт. Нуъман ибн Баширдин хадисинде Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Момундар өз ара дос, ырайымдуу, мээримдүү болууда бир денеге окшойт. Анын бир мүчөсүнө залака жетсе, калгандары уйкусуздук жана ысытмалоо менен анын жанында турушат».** Муслим Ияз ибн Хаммар ؓдан рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Бейиш калкы үч тайпа: Адилеттүү, жоомарт, тынчтык орното турган падыша; ар бир тууганга жана ар бир мусулманга дили жумшак, ырайымдуу киши; уяттуу, ар-намыстуу, үй-бүлөгө күйүмдүү адам».** Жарир ибн Абдулланын муттафакун алайх хадисинде Пайгамбар ﷺ.: **«Ким ырайым кылбаса, ага ырайым кылынбайт», -** деген. Ырайым кылынбашы – Алланын рахмат-ырайымынан куру кол калышы. Бул нерсе момундарга ырайымдуу болуунун важыптыгына далил. Ибн Хиббан рыбаятында Абу Хурайра ؓ чынчылдыгы тан алынган Абул

Косим ﷺдын: **«ырайымдуулук бактысыздан гана чечип алынат»**, - дегенин уккам дейт. Бул да бир далил. Муслим рыбаятында Айша ؓ: Пайгамбар ﷺдын мына ушул үйүмдө: **«Эй Аллахым, кимде-ким бирер иште үммөт үстүнөн жетекчилик кылып, аларга машакат алып келсе, Сен да аны машакатка салгын, бир иште үммөтүм үстүнөн жетекчилик кылып, аларга мээримдүү болсо, сен да ага мээримдүү бол»**, дегенин укканмын, - дейт. Бул да дагы бир далил.

Эгер Муслим рыбаят кылган Жарир ибн Абдулланын хадисиндеги Пайгамбар ﷺдын: **«Адамдарга ырайым кылбаган кимсеге Алла да ырайым кылбайт»** деген сөзү умумий болуп, бардык адамдарды: мусулманды да, капырды да, мунафыкты да, итааттууну да, итаатсызды да өз ичине алат деле турган болсо, биз Алла Тааланын:

الَّذِينَ قَالَ لَهُمُ النَّاسُ إِنَّ النَّاسَ قَدْ جَمَعُوا لَكُمْ

- *«Андай заттарга айрым кимселер: «Курайштын адамдары силерге каршы (сансыз аскер) топтогон».* [3:173]
- аятындагы *«адамдар»* сөзү сыяктуу, бул жерде да «адамдар» сөзү жалпы түрдө келгени менен, негизи, андан хос (т.а. айрым бир адамдар) көздө тутулган дейбиз.

Пайгамбар ﷺдын момундарга мээримдүүлүгү туурасында Бухарий жана Муслим Абдулла ибн Умардан рыбаят кылат: Саъд ибн Уббода ооруп калды. Пайгамбар ﷺ Абдуррахман ибн Авф, Саъд ибн Абу Ваккас жана Абдулла ибн Масъуддар менен бирге аны көргөнү барышты. Алдына киргенде ал эсин жоготкон эле. «Каза болдубу?» - деп сураган эле: «Жок, я Расулулла» дешти. Пайгамбар ﷺ ыйлап жиберди. Ал кишини ыйлаганын көрүп сахабалар да ыйлашты. Ошондо Набий ﷺ: **«Угуп койгула, Алла көздүн жашы, дилдин капалыгы себептүү азаптабайт. Бирок, мына бул себептүү азаптайт же ырайым кылат»** деп, тилине ишара кылды. Термизий Айша ؓдан рыбаят кылат: «Пайгамбар ﷺ өлүм абалындагы Усман ибн Мазъунду ыйлап (көздөрү жашка толуп) өптү». Муслим Анас ؓдан рыбаят кылат: «Пайгамбар ﷺ бирер аялдын алдына эри болбосо кирбес эле. Бир гана Умму Салимдин алдына кире берер эле. Бул жөнүндө сурашканда: **«Ага боорум ооруйт. Агасы менин алдымда өлтүрүлгөн эле»**, - деп жооп берди». Бухарий Абдулла ибн Умардан рыбаят кылат: **«Пайгамбар ﷺ Тоиф калкын камалап-курчап алды. Али фатх кылбай туруп: «Инша Алла, эртең кайтабыз» деди.**

**Мусулмандар: «Али фатх кылганыбыз жок го, кайтабызбы?» - дешти. Ал киши: «Эртелеп согушка киргиле», - деди. Согушка кирип жарааттар алышты. Пайгамбар ﷺ дагы: «Инша Алла, эртең кайтабыз» деди. Бул сөзгө таң калгандай болушту эле, Расулулла жылмайып койду».** Муслим Муовия ибн Хаким Силмийден рыбаят кылат: **«Пайгамбар ﷺ менен намаз окуп жаткан элем. Бир киши чүчкүрүп жиберди: Мен «Ярхамукалла» дедим. Баары мага наараазы маанайда карашты. Мен: «Мен өлүп, энем ыйлап калсын, эй эмнеге мага мындай карайсыңар?» - дедим. Алар колдору менен жамбаштарына ура башташты. Карасам, мени жөн тур деп жатышкан экен. Бирок, мен өзүм жөн болдум. Пайгамбар ﷺ намаз окуп болгон соң, ата-энем ал кишиге курман болсун, мурун да, кийин да мынчалык көркөм таалим бере турган мугалимди көрбөдүм. Аллага касамки, мага кабак чытыбады, урбады, сөкпөдү, бар болгону «Намаз: тасбех, такбир жана Куран кыраааты. Ага адамдын сөзү аралашышы туура эмес», - деди».** Бухарий Анас ﷺдан рыбаят кылат: «Пайгамбар ﷺ менен бара жаткан элем, үстүндө жакасы одуракай чапаны бар эле. Бир аърабий ал кишиге жетип алды да, чапанынан мойнуна из калтыра турган даражада катуу тартып: «Эй Мухаммад, өзүңдөгү Алланын мүлкүнөн мага да бер», - деди, ал киши кайрылып карап күлүп койду да, ага бир белек берүүнү буюрду».

Сахабалар да бири-бирине мээримдүү эле. «Умар жараат алган соң, Сухайб кирип «Оо боорум, оо досум» деп ыйлар эле», - деп рыбаят кылат Муслим ибн Аббастан. Термизий Вокид ибн Амир ибн Саъд ибн Муаздан рыбаят кылат: «Анас ибн Малик келгенде жанына бардым. Ал: «Сен кимсиң?» деп сурады эле, мен: «Саъд ибн Муаздын уулу Вокидмин» дедим. Ошондо: «Саъдга окшойт экенсиң» деп ыйлап жиберди». Муслим Анас ﷺдан рыбаят кылат: «Пайгамбар ﷺ дүйнөдөн өткөндөн кийин Абу Бакр ﷺ Умар ﷺга: «Жүр, Пайгамбар ﷺга окшоп Умму Айманы зыярат кылып келебиз», - деди. Алдына барышкан соң, Умму Айман ыйлап жиберди. Алар: «Эмнеге ыйлап жатасың, Расулулла үчүн Алланын алдындагы нерсе жакшы го», - дешти. Ал: «Пайгамбар ﷺ үчүн Алланын алдындагы нерсе жакшыраак экенин билбей калганымдан эмес, асмандан вахий үзүлүп калгынына ыйлап жатамын», - деди. Бул сөз аларды да толкундантып, алар да кошулуп ыйлашты». Бадр туткундарынын фидясы (аларды азат кылуунун акысына бериле турган төлөм) туурасындагы Муслим рыбаят кылган узун хадисте

Умар ибн Хаттаб айтат: «Эртеси күнү келсем, Пайгамбар ﷺ менен Абу Бакр ыйлап отурушкан экен. Мен: «Я Расулулла ﷺ сиз жана досуңуз эмне себептен ыйлап жатканыңарды мага айтыңыз, эгер ый табалсам ыйлайын, таба албасам, силерге кошулуп ыйлаймын», - дедим». Ибн Абдул-Бирр Жанада ибн Абу Умайядан рыбаят кылат: «Уббода ибн Сомит Искандария согушуна башчылык кылды. Адамдарын согуштан кайтарган кезде урушуп жиберишти. Мага: «Эй Жанада, адамдарды билип кел», - деди. Мен барып келдим. «Эч ким өлбөптүрбү?» деп сурады эле «жок» деп жооп бердим. Ошондо ал: «Кудайга шүгүр, эч ким күнөөкөр абалында өлбөптүр», - деди».

Мусулмандарга карата кичипейил, мээримдүү, ырайымдуу болуу менен алардын тарбиясына катуу туруу, шаръий өкүмдү турмушка колдонуу жана мусулмандарга зыян боло турган иштерде бул нерселерге орун жоктугунун арасын анык-так ажыратып алуу керек.

Мунун баяны төмөндөгүчө:

Шаръий өкүмдү турмушка колдонууга тиешелүү иштерде:

- Ахмад Абу Хурайрадан рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ: **«Аны ургула жана Алла сага ырайым кылсын деп айткыла»**, - деген.
- Худайбияда болсо алардын пикирлерине каршы чыкты, себеби, ал шаръий өкүм эле. Аларды оор абалга салып койбоо үчүн т.а. аларга ырайымдуулук, кичипейилдик кылып, пикирлерине кошулбады.
- Айша رضي الله عنها рыбаят кылган муттафакун алайх хадисте келет: Курайш уурулук кылган махзумдук аял тууралуу ташбишке түшүп калды. «Бул жөнүндө Пайгамбар ﷺ менен ким сүйлөшөт дешип, акыры бул ишке Пайгамбар ﷺдын эркеси Усама гана даай алат деген токтомго келишти. Усама сүйлөштү эле, Пайгамбар ﷺ **«Алланын бир хады** (чектеген мыйзамы) **жаатында ортого түшөсүңбү?»** - деди да, ордунан туруп, хытаб кылды - **«Эй адамдар, силерден мурункулар мына ушул үчүн кыйрап жок болушкан, араларындагы абройлуу адам уурулук кылса жөн коюшкан, начарыраак адам уурулук кылса, ага жаза белгилешкен, Аллага касамки, эгер Мухаммаддын кызы Фатима уурулук кылса, албетте, анын да колун кескен болор элем».**
- Эгер Пайгамбар ﷺ шаръий өкүмдү колдонууда бирертесине ырайым кылганда, садакадан бир курманы алган Хасанга ырайым кылган болор эле. Абу Хурайра рыбаят кылган муттафакун алайх

хадисте келет: «Алинин уулу Хасан садакадан бир курманы алып оозуна салды эле, Пайгамбар ﷺ: **«Кых, кых, ташта аны, биздин садака жебешибизди билбейсиңби»**, - деди».

Эми Пайгамбар ﷺдын зыянды жоготуу туурасындагы иштерине келсек, Муслимдин Табук казаты жөнүндөгү Муаздан кылган рыбаятында келет: «Кийин Пайгамбар ﷺ: **«Силер эртең, иншалла, Табуктун булагына жетип барасыңар. Күн шашке болгонго чейин ал жерге бара көрбөгүлө. Ким барып калса, тээ мен келгенче сууга эч качан тийбесин»**, - деди. Биз келгенибизде бизден мурун эки киши келишкен экен. Алардан жипке окшоп суу сызылып жатты. Пайгамбар ﷺ алардан: **«Сууга тийдиңерби?»** деп сурады эле, алар «Ооба» деп жооп беришти. Ошондо Расулулла ﷺ аларды урушуп, Алла эмнени каалаган болсо ошону айтты». Бану Мусталак кыссасы жана мунафыктардын кылган иштери туурасындагы Мухаммад ибн Яхя ибн Хиббандын хадисинде келет: Пайгамбар ﷺ адамдарды кеч киргенге чейин, кечкурундан таң атканга чейин жана ошол күндүн таңынан шашкеге чейин бастырды, кийин конуш курдурду. Мындан көздөлгөн максат кеп-сөздүн көбөйүшүнөн алаксытуу эле». Саъид ибн Жубайрдын хадисинде «Пайгамбар ﷺ күн акырлабай туруп жолго чыкты…» делет.

Эми сахабалардын этияткердигине келе турган болсок, Абу Бакрдын муртаддарга каршы согуш кылышы жана бардык мусулмандарга каршы туруп болсо да Усаманы жибериши, баарынын ага моюн сунуп, кийин аны мактоолору буга эң жаркын мисалы.

Өкүмдөрдү колдонуу, зыянды жоготуу сыяктуу иштерди кошпой турган болсок, ырайым кылына турган кишилер: кеселдикке чалынуу, өлүм, же болбосо, өздөрү үчүн азиз болгон нерсе же кишилерин жоготуу сыяктуу мусибаттарга жолуккан кишилер болуп калышат. Нааданга да ырайымдуулук, кичипейилдик кылынат жана сабыр менен таалим берилет. Мубахты колдонууда Бухарийдеги ибн Умардын хадисинде өткөндөй, Пайгамбар ﷺдын Тоифти камалоодогу аскерге карата кылган иштерине окшотуп эки иштин жеңилирээги алынат.

Эми, мусулмандардын капырларга карата катуу, орой, бийик туруулары туурасында айталы.

**<u>Биринчиси</u> – согушта:**

Бухарийде Вахшийдин хадиси келет: «Ийнийн жылында адамдар согушка чыкты. Ийнийн Ухуддун тушундагы бир тоо болуп, аны менен Ухуддун ортосунда бир өрөөн бар. Бардыгы согуш үчүн сап

тартып турганда Сибаъ чыгып, жекеме-жеке кармашууга чакырып: «Мага талапкер барбы?» деди. Ага Хамза ибн Абдул Мутталиб чыгып: «Эй Сибаъ, эй Анмар энесинин уулу, эй аялдар намысына кол сала турган бузуку, сен Алла жана Расулу менен согушмакчы болдуңбу» деп, бир чабуул кылды эле, ал өтүп кеткен кечеги күнгө айланды да калды…».

Хамза, Али, Барро, Холид, Амр ибн Маъдикароб, Зохир ибн Рофеъ жана башкалардын жекеме-жеке кармашуулары тарых жана казаттар китептеринде абдан кеңири ачып берилген. Каалаган адам аларга кайрылышы мүмкүн, биздин китебибиз кысса жана тарых китеби болбогондуктан, максатка жараша бир ишара менен гана чектелдик.

**<u>Экинчиси</u> - сүйлөшүүлөрдө:**

• Бухарийдеги Мисвар жана Марвандын хадисинде келет: «… Мугыйра ибн Шуъба кындуу кылычы менен Пайгамбар ﷺдын башында туруп алып, качан Урва Пайгамбар ﷺдын сакалына колун созсо, кылычтын кундагы менен анын колуна уруп: «Тарт колуңду Пайгамбар ﷺдын сакалынан», - дер эле».

• Ушул хадисте Урва: «Аллага касамки, айланаңдан сени таштап качып кете турган түккө турбагандарды көрүп жатамын» деди эле, Абу Бакр аны четке кагып: «Лоттун «балан»ын жепсиң, биз аны таштап, качып кетет бекенбиз?» деди. Мугыйранын ишин, сөзүн жана Абу Бакрдын айтканын Пайгамбар ﷺ угуп-көрүп туруп, унчукпады. Ал кишинин унчукпагандыгы ушундай кылса боло берет дегени.

• Мухаммад ибн Хасан Шаъбаний «Сияру Кабир»де айтат: «Уяйнанын Пайгамбар ﷺдын алдында буттарын сунуп отурганы үстүнө Усайд ибн Хузайр келип калып: «Эй Хажрас Уяйна, жыйыштыр бутуңду, Пайгамбар ﷺдын алдына узатасыңбы? Аллага касамки, Пайгамбар ﷺ болбогондо, «жумуртка»ларыңды найза менен тешип койгон болор элем. Эгер өтө каалап жаткан болсоң, мархамат» деп коркутту».

Китептерде Собит ибн Акрам, Амр ибн Ос, Мугыйра ибн Шуъба, Кутайба, Мухаммад ибн Муслим жана Маъмундардын жогортон туруп сүйлөгөн, аракеттеги кишилерге үлгү боло турган сүйлөшүүлөрү жазылган.

**<u>Үчүнчүсү</u> – убада-шертти бузгандар менен мамиле кылууда:**

Алла Субханаху айтат:

إِنَّ شَرَّ الدَّوَابِّ عِنْدَ اللَّهِ الَّذِينَ كَفَرُوا فَهُمْ لاَ يُؤْمِنُونَ ﴿٥٥﴾ الَّذِينَ عَاهَدْتَ مِنْهُمْ ثُمَّ يَنقُضُونَ عَهْدَهُمْ فِي كُلِّ مَرَّةٍ وَهُمْ لاَ يَتَّقُونَ ﴿٥٦﴾ فَإِمَّا تَثْقَفَنَّهُمْ فِي الْحَرْبِ فَشَرِّدْ بِهِمْ مَنْ خَلْفَهُمْ لَعَلَّهُمْ يَذَّكَّرُونَ ﴿٥٧﴾

*- «Алланын алдында эң жаман жанзаттар капыр болгон кимселер. Себеби, алар ыймансыздар. Алардын арасында сени менен убадалашып, кийин (Алладан коркпостон) ар сапар өз убада-шерттерин буза бере турган кимселер бар. Эми, эгер аларды согушта тапсаң, аларды жок кылуу менен аркаларындагы кимселерди коркутуп койгун! Эстетме алышса ажеп эмес».* [8:55-57]

Муслим Курайш келишимди бузгандан кийин Мекkени фатх кылуу жөнүндөгү Абу Хурайрадан рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ **«Эй ансарлар жамааты, Курайштын ээнбаштарын көрдүңөрбү?» деди. Алар «Ооба, дешти». «Эртең аларга жолугуп калсаңар, баарын курчап алуунун аракетинде болгула» деп, колун жашырып, оң колун сол колунун үстүнө койду жана «Силерге убада кылынган жер Сафа» деди. Ошол күнү алардын кайсы бири көрүнүп калса, аны уктатты...».**

Ибн Умардын муттафакун алайх хадисинде келет: «Кийин Назир жана Курайза менен согуш болду. Натыйжада, Бану Назир куулуп, Курайза калды. Курайзанын өзү менен согуш кылынды. Натыйжада, эркектери өлтүрүлүп, аялдары, балдары жана мал-дүйнөлөрү мусулмандарга бөлүштүрүлүп берилди. Кээ бирлери гана Пайгамбар ﷺдын алдына барышты эле, аларга амандык берди. Кийин алар мусулман болушту. Мединадагы жөөттөрдүн баары Бану Кайнукага айдалды. Алар Абдулла ибн Саламдын туугандары Бану Хориса жөөттөрү жана Мединанын бардык жөөттөрү эле».

## -13-

## Бейишке шыктануу жана жакшы амалдарды кылууга шашылуу

Бейиштин акыйкат-ак экендигине, анын момундар үчүн даярдап коюлуп, капырлардын андан түбөлүк куру жалак калгандыгына ыйман келтирүү акырет күнүнө болгон ыймандын бир бөлүгү эсептелет. Алла Таала айтат:

وَسَارِعُوا إِلَى مَغْفِرَةٍ مِنْ رَبِّكُمْ وَجَنَّةٍ عَرْضُهَا السَّمَاوَاتُ وَالأَرْضُ أُعِدَّتْ لِلْمُتَّقِينَ ﴿١٣٣﴾

*- «Дагы Роббиңер тарабынан болуучу кечиримге о.э. такыбадарлар үчүн даярдап коюлган (кеңдиги асмандар жана жерге тең болгон) бейишке шашылгыла!»* [3:133]

وَنَادَى أَصْحَابُ النَّارِ أَصْحَابَ الْجَنَّةِ أَنْ أَفِيضُوا عَلَيْنَا مِنَ الْمَاءِ أَوْ مِمَّا رَزَقَكُمُ اللَّهُ قَالُوا إِنَّ اللَّهَ حَرَّمَهُمَا عَلَى الْكَافِرِينَ ﴿٥٠﴾

*- «Тозок ээлери бейиш ээлерине: «Бизге да суудан же Алла силерге ырыскы кылып берген нерселерден төккүлө» деп үн салышканда, алар: «Алла бул неъматтарды диндерин мазак-күлкү кылып алган жана дүйнө турмушунда алданып калган капырларга арам кылган», - дешет».* [7:50]

Кимде-ким бейишти инкар кылса, ал капыр болот, буга субуту жагынан да, далалаты жагынан да катъий болгон далилдер келген. Бейиш алар үчүн даярдап коюлган кишилер бир нече тайпа:

- **Набийлер, сыддыктар, шейиттер, солихтер:** Алла Таала айтат:

وَمَنْ يُطِعِ اللَّهَ وَالرَّسُولَ فَأُولَئِكَ مَعَ الَّذِينَ أَنْعَمَ اللَّهُ عَلَيْهِمْ مِنَ النَّبِيِّينَ وَالصِّدِّيقِينَ وَالشُّهَدَاءِ وَالصَّالِحِينَ وَحَسُنَ أُولَئِكَ رَفِيقًا ﴿٦٩﴾

*- «Кимде-ким Аллага жана Пайгамбарына итаат кылса, мына ошолор Алланын сыйлыктарына татыктуу болгон заттар – Пайгамбарлар, сыддыктар ыйман ээлери, шейиттер жана солихтер менен бирге болушат. Алар болсо эң жакшы шериктер».* [4:69]

- **Жакшылар:** Алла Таала айтат:

إِنَّ الْأَبْرَارَ لَفِي نَعِيمٍ ﴿٢٢﴾

*- «Албетте, жакшылар (т.а. момундар бейиш) неъматтарында болушат»,* [83:22]

إِنَّ الْأَبْرَارَ يَشْرَبُونَ مِنْ كَأْسٍ كَانَ مِزَاجُهَا كَافُورًا ﴿٥﴾ عَيْنًا يَشْرَبُ بِهَا عِبَادُ اللَّهِ يُفَجِّرُونَهَا تَفْجِيرًا ﴿٦﴾ يُوفُونَ بِالنَّذْرِ وَيَخَافُونَ يَوْمًا كَانَ شَرُّهُ مُسْتَطِيرًا ﴿٧﴾ وَيُطْعِمُونَ الطَّعَامَ عَلَى حُبِّهِ مِسْكِينًا وَيَتِيمًا وَأَسِيرًا ﴿٨﴾ إِنَّمَا نُطْعِمُكُمْ لِوَجْهِ اللَّهِ لَا نُرِيدُ مِنْكُمْ جَزَاءً وَلَا شُكُورًا ﴿٩﴾ إِنَّا نَخَافُ مِنْ رَبِّنَا يَوْمًا عَبُوسًا قَمْطَرِيرًا ﴿١٠﴾ فَوَقَاهُمُ اللَّهُ شَرَّ ذَلِكَ الْيَوْمِ وَلَقَّاهُمْ نَضْرَةً وَسُرُورًا ﴿١١﴾ وَجَزَاهُمْ بِمَا صَبَرُوا جَنَّةً وَحَرِيرًا ﴿١٢﴾

*- «Албетте (дүйнө тирүүлүгүнөн Алла Тааланын амир-буйруктарына моюн сунуп өткөн) жакшылар (бейиште) мижазы кофувр – Алланын (жакшы) пенделери иче турган (бейиш) булагы – болгон кеселерден (май) ичишет. Алар ал (булакты өздөрү каалаган жерден) чыгарып-агызып алышат. Алар (дүйнө турмушунда (өз моюндарына алган) убадаларын толук аткарышат жана жамандык-коркунучтары кең жайылуучу болгон (Кыямат)*

*күнүнөн коркушат. Жана тамакты каалап турушса да, (өздөрү жебестен) жарды кедей, жетим жана жесирлерди тамактандырышат. (Алар айтышат): «Биз силерди жалгыз Алланын жүзүнөн тамактандырабыз. Силерден (бул ишибиз үчүн) бирер сыйлык жана алкыш тилебейбиз-күтпөйбүз. Албетте, биз Роббибиз тарабынан боло турган, (коркунучтуу азабынан жүздөр) тырышып, бүрүшүп калуучу бир Күндөн коркобуз». Ошондуктан, Алла аларды ошол күндүн жамандыгынан сактады жана алар(дын жүздөрү)нө жаркыраган-нур, (дилдерине) кубаныч тартуулады. Жана аларды сабыр-чыдамдуулуктары себептүү бейиш жана (бейиште ийиндеринде боло турган) жибек (кийимдер) менен сыйлады». (Котормочудан: мижаз – натура)* [76:5-12]

- **Собикундар** (Алдыңкылар)**:**

وَالسَّابِقُونَ السَّابِقُونَ ﴿١٠﴾ أُوْلَئِكَ الْمُقَرَّبُونَ ﴿١١﴾ فِي جَنَّاتِ النَّعِيمِ

*- «(Үчүнчү топ бардык жакшы амал-аракеттерде) алдыңкы болуучу заттар – (бейиш неъматтарына жетишүүдө да) алдыңкы болуучу заттар. Мына ошолор наз-неъмат бактарында (Алла Таалага) жакын кылынуучулар».* [56:10-12]

- **Оң тарап ээлери:**

وَأَصْحَابُ الْيَمِينِ مَا أَصْحَابُ الْيَمِينِ ﴿٢٧﴾ فِي سِدْرٍ مَخْضُودٍ ﴿٢٨﴾ وَطَلْحٍ مَنْضُودٍ
﴿٢٩﴾ وَظِلٍّ مَمْدُودٍ ﴿٣٠﴾ وَمَاءٍ مَسْكُوبٍ ﴿٣١﴾ وَفَاكِهَةٍ كَثِيرَةٍ ﴿٣٢﴾ لاَ مَقْطُوعَةٍ وَلاَ
مَمْنُوعَةٍ ﴿٣٣﴾ وَفُرُشٍ مَرْفُوعَةٍ ﴿٣٤﴾ إِنَّا أَنشَأْنَاهُنَّ إِنشَاءً ﴿٣٥﴾ فَجَعَلْنَاهُنَّ أَبْكَارًا ﴿٣٦﴾
عُرُبًا أَتْرَابًا ﴿٣٧﴾ لِأَصْحَابِ الْيَمِينِ ﴿٣٨﴾

*- «Оң тарап ээлери… оң тарап ээлери (болуу) кандай (бакыт)! (Алар) тикенсиз бадалзарларда, тизилген бананзарларда, жайылган сая-көлөкө (астын)да, агызып коюлган суу (үстүндө), түгөнүп калбай турган жана токтотуп коюлбай турган көптөн-көп (түрдүү түмөн) мөмө-жемиштер (астын)да, бийик көтөрүлгөн көрпөчөлөр (үстүн)дө жайланышат. Чынында, Биз аларды (кара көз үр кыздарды) капысынан пайда кылдык (т.а. алар энеден туулушпады, балким, Алланын кудурети менен капыстан пайда болушту). Кийин аларды оң тарап ээлери үчүн (жаш жагынан да, сулуулук-сымбат жана тулку-бой келбет жагынан да) бири-бирине тең, абдан кумарданган бакира (эркек көрө элек) кыздар кылып койдук».* [56:27-38]

- **Мухсиндер** (жакшы амал кылуучулар)**:**

لِلَّذِينَ أَحْسَنُوا الْحُسْنَى وَزِيَادَةٌ وَلاَ يَرْهَقُ وُجُوهَهُمْ قَتَرٌ وَلاَ ذِلَّةٌ أُوْلَئِكَ أَصْحَابُ الْجَنَّةِ هُمْ فِيهَا خَالِدُونَ ﴿٢٦﴾

*- «Жакшы амал кылган заттар үчүн көркөм акыбет жана артыкча неъматтар бар. Алардын жүздөрүн каралык да жана кордук да каптабайт. Мына ошолор бейиш ээлери болуп, ал жерде түбөлүк калышат».* [10:26]

- **Сабыр кылуучулар:**

جَنَّاتُ عَدْنٍ يَدْخُلُونَهَا وَمَنْ صَلَحَ مِنْ آبَائِهِمْ وَأَزْوَاجِهِمْ وَذُرِّيَّاتِهِمْ وَالْمَلاَئِكَةُ يَدْخُلُونَ عَلَيْهِمْ مِنْ كُلِّ بَابٍ ﴿٢٣﴾ سَلاَمٌ عَلَيْكُمْ بِمَا صَبَرْتُمْ فَنِعْمَ عُقْبَى الدَّارِ ﴿٢٤﴾

*- «Акырет журту бар болуп, (ал журт) түбөлүк тура турган бейиштер. Алар ал жерлерге ата-бабалары, жубайлары жана урпактарынан турган солих пенделер менен бирге киришет. Кийин алардын алдыларына ар эшиктен периштелер кирип (мындай дешет): «(Алла жолунда мээнет-машакаттарга) сабыр-канаат кылып өткөнүңөр себептүү, (эми бул бейиштерде) силерге тынчтык-бейпилдик болсун. Бул акырет журту кандай гана жакшы жай!»*[13:23-24]

- **Роббиси алдында туруудан корко турган кишилер:**

وَلِمَنْ خَافَ مَقَامَ رَبِّهِ جَنَّتَانِ ﴿٤٦﴾

*- «Роббиси (алдында) корккон киши үчүн эки бейиш бар».* [55:46]

- **Такыбадарлар:**

إِنَّ الْمُتَّقِينَ فِي جَنَّاتٍ وَعُيُونٍ ﴿٤٥﴾

*- «Такыбардар заттар болсо, албетте, бактар жана булактар үстүндө»,* [15:45]

إِنَّ الْمُتَّقِينَ فِي مَقَامٍ أَمِينٍ ﴿٥١﴾ فِي جَنَّاتٍ وَعُيُونٍ ﴿٥٢﴾

*- «Албетте, такыбадар заттар (ал күндө) бейпил жайда бактар жана булактар үстүндө болушат»,* [44:51-52]

تِلْكَ الْجَنَّةُ الَّتِي نُورِثُ مِنْ عِبَادِنَا مَنْ كَانَ تَقِيًّا ﴿٦٣﴾

*- «Ал – Биз пенделерибизден такыбадар болгон кишилерге мурас кылып бере турган бейиш»,* [19:63]

مَثَلُ الْجَنَّةِ الَّتِي وُعِدَ الْمُتَّقُونَ تَجْرِي مِنْ تَحْتِهَا الآنْهَارُ أُكُلُهَا دَائِمٌ وَظِلُّهَا تِلْكَ عُقْبَى الَّذِينَ اتَّقَوا وَعُقْبَى الْكَافِرِينَ النَّارُ ﴿٣٥﴾

*- «Такыба ээлери үчүн убада кылынган бейиштин мисалы (мындай): анын астынан дарыялар агып турат, мөмөлөрү жана көлөкөлөрү түбөлүктүү. Бул такыба менен өткөн заттардын акыбет-келечеги. Капырлардын акыбети болсо тозок».* [13:35]

- **Ыйман келтирип, жакшы иш-амалдарды кылгандар:**

إِنَّ الَّذِينَ آمَنُوا وَعَمِلُوا الصَّالِحَاتِ كَانَتْ لَهُمْ جَنَّاتُ الْفِرْدَوْسِ نُزُلاً ﴿١٠٧﴾ خَالِدِينَ فِيهَا لاَ يَبْغُونَ عَنْهَا حِوَلاً ﴿١٠٨﴾

*- «Албетте ыйман келтирген жана жакшы амалдар кылган заттар үчүн Фирдавс бактары мекен болот. Алар ал жерлерде түбөлүк калышып, (башка бир да жакка) көчүүнү каалашпайт»,* [18:107-108]

الَّذِينَ آمَنُوا وَعَمِلُوا الصَّالِحَاتِ طُوبَى لَهُمْ وَحُسْنُ مَآبٍ ﴿٢٩﴾

*- «Ыйман келтирип жакшы амалдар кылган заттар үчүн шаттык жана көркөм акыбет – бейиш бар»,* [13:29]

إِنَّ الَّذِينَ آمَنُوا وَعَمِلُوا الصَّالِحَاتِ يَهْدِيهِمْ رَبُّهُمْ بِإِيمَانِهِمْ تَجْرِي مِنْ تَحْتِهِمُ الأَنْهَارُ فِي جَنَّاتِ النَّعِيمِ ﴿٩﴾

*- «Ыйман келтирип, жакшы амалдар кылган заттарды болсо, ыйман-этикаттары себептүү Роббилери хидаят кылат – наз-немат бактарында астыларынан дарыялар агып турат»,* [10:9]

الَّذِينَ آمَنُوا بِآيَاتِنَا وَكَانُوا مُسْلِمِينَ ﴿٦٩﴾ ادْخُلُوا الْجَنَّةَ أَنْتُمْ وَأَزْوَاجُكُمْ تُحْبَرُونَ ﴿٧٠﴾

*- «Эй, биздин аяттарыбызга ыйман келтирген жана мусулман болуп өткөн пенделерим, бул Күн силер үчүн эч кандай коркунуч жок жана силер эч кайгы чекпейсиңер. Силер жубайларыңар менен бирге шаттанган абалыңарда бейишке киргиле!»,* [43:69-70]

إِنَّ الَّذِينَ آمَنُوا وَعَمِلُوا الصَّالِحَاتِ وَأَخْبَتُوا إِلَى رَبِّهِمْ أُوْلَئِكَ أَصْحَابُ الْجَنَّةِ هُمْ فِيهَا خَالِدُونَ ﴿٢٣﴾

*- «Албетте, ыйман келтирип, жакшы амалдар кылган жана Роббилерине итаат кылып моюн сунган заттар – мына ошолор бейиш ээлери болуп, ошол жайда түбөлүк калышат».* [11:23]

- **Тооба кылуучулар:**

إِلاَ مَنْ تَابَ وَآمَنَ وَعَمِلَ صَالِحًا فَأُوْلَئِكَ يَدْخُلُونَ الْجَنَّةَ وَلاَ يُظْلَمُونَ شَيْئًا ﴿٦٠﴾

*- «Бирок, ыйман келтирип, жакшы амалдар кылган заттар гана (азапка дуушар кылынышпайт). Эми, алар бейишке киришет жана аларга бир да зулум кылынбайт».* [19:60]

Бейиштин неъматтары сезиле турган неъматтар. Ага далилдер:

- **Кийим:**

وَلِبَاسُهُمْ فِيهَا حَرِيرٌ ﴿٢٣﴾

*– «…кийимдери болсо харир-жибек болот»,* [22:23]

يَلْبَسُونَ مِنْ سُندُسٍ وَإِسْتَبْرَقٍ مُّتَقَابِلِينَ ﴿٥٣﴾

*- «Алар бири-бирине бет маңдай болгон абалдарында жибек-шайыдан кийимдер кийип (олтурушат)»,* [44:53]

وَجَزَاهُمْ بِمَا صَبَرُوا جَنَّةً وَحَرِيرًا ﴿١٢﴾

*- «Жана аларды сабыр-чыдамдуулуктары себептүү бейиш жана (бейиште ийиндеринде боло турган) жибек (кийимдер) менен сыйлады»,* [76:12]

عَالِيَهُمْ ثِيَابُ سُندُسٍ خُضْرٌ وَإِسْتَبْرَقٌ وَحُلُّوا أَسَاوِرَ مِنْ فِضَّةٍ

*- «Алардын үстүндө жашыл жибек жана шайы кийимдер болуп, алар күмүш билериктер менен жасанышкан».* [76:21]

- **Тамак жана шарап:**

وَفَاكِهَةٍ مِمَّا يَتَخَيَّرُونَ ﴿٢٠﴾ وَلَحْمِ طَيْرٍ مِمَّا يَشْتَهُونَ ﴿٢١﴾

*- «Дагы өздөрү тандап ала турган мөмө-жемиштер о.э. табити тарткан куш эттери да (айландырып турулат)»,* [56:20-21]

فِي سِدْرٍ مَخْضُودٍ ﴿٢٨﴾ وَطَلْحٍ مَنْضُودٍ ﴿٢٩﴾ وَظِلٍّ مَمْدُودٍ ﴿٣٠﴾ وَمَاءٍ مَسْكُوبٍ ﴿٣١﴾ وَفَاكِهَةٍ كَثِيرَةٍ ﴿٣٢﴾ لاَ مَقْطُوعَةٍ وَلاَ مَمْنُوعَةٍ ﴿٣٣﴾

*- «(Алар) тикенсиз бадалзарларда, тизилген бананзарларда, жайылган сая (астын)да, агызып коюлган суу (үстүн)дө, түгөнүп калбай турган жана токтотуп коюлбай турган…»,* [56:28-33]

يُسْقَوْنَ مِنْ رَحِيقٍ مَخْتُومٍ ﴿٢٥﴾ خِتَامُهُ مِسْكٌ وَفِي ذَلِكَ فَلْيَتَنَافَسْ الْمُتَنَافِسُونَ ﴿٢٦﴾ وَمِزَاجُهُ مِنْ تَسْنِيمٍ ﴿٢٧﴾ عَيْنًا يَشْرَبُ بِهَا الْمُقَرَّبُونَ ﴿٢٨﴾

*- «Алар (бейиште) мөөрлөнгөн майдан сугарылышат. Ал майдын мөөрү мушк болот. Ошондуктан, мелдешүүчү кишилер (мына ушундай түбөлүк неъматка жетүү жолунда) мелдешишсин. Ал майдын мижазы таснимден. (Тасним – бул Алланын) жакын (пенде)лери иче турган бир булак», (Котормочудан: мушк – мускус)* [83:25-28]

إِنَّ الآبْرَارَ يَشْرَبُونَ مِنْ كَأْسٍ كَانَ مِزَاجُهَا كَافُورًا ﴿٥﴾ عَيْنًا يَشْرَبُ بِهَا عِبَادُ اللَّهِ يُفَجِّرُونَهَا تَفْجِيرًا ﴿٦﴾

*- «Албетте (дүйнө тирүүлүгүнөн Алла Тааланын буйрук-көрсөтмөлөрүнө итаат кылып өткөн) жакшылар (бейиште) мижазы кофувр – Алланын жакшы пенделери иче турган (бейиш) булагы –*

*болгон кеселерден (май) ичишет. Алар ал (булакты өздөрү каалаган жерден) чыгарып алышат»,* [76:5-6]

وَدَانِيَةً عَلَيْهِمْ ظِلَالُهَا وَذُلِّلَتْ قُطُوفُهَا تَذْلِيلاً ﴿١٤﴾

*- «(Бейиш) көлөкөлөрү аларга жакын жана мөмөлөрү да (үзүп алып жеш оңой болсун үчүн) ийип коюлган болот»,* [76:14]

وَيُسْقَوْنَ فِيهَا كَأْسًا كَانَ مِزَاجُهَا زَنجَبِيلاً ﴿١٧﴾ عَيْنًا فِيهَا تُسَمَّى سَلْسَبِيلاً ﴿١٨﴾

*- «(Бейиш эли) ал жерде мижазы занжабил болгон кеселерде – (бейиште «салсабил»-өтүмдүү деп атала турган булак) менен сугарылышат»,* [76:17-18]

وَسَقَاهُمْ رَبُّهُمْ شَرَابًا طَهُورًا ﴿٢١﴾

*- «Жана Роббилери аларды абдан таза ичимдиктер менен сугарган»,* [76:21]

لَكُمْ فِيهَا فَاكِهَةٌ كَثِيرَةٌ مِنْهَا تَأْكُلُونَ ﴿٧٣﴾

*- «Силер үчүн ал жерде көптөгөн мөмө-жемиштер болуп, силер алардан жейсиңер»,* [43:73]

يَدْعُونَ فِيهَا بِكُلِّ فَاكِهَةٍ آمِنِينَ ﴿٥٥﴾

*- «Алар ал жайда бейпилдик-амандыкта болгон абалдарында (кызматкерлерден) бардык мөмө-жемиштерди чакыртышат»,*[44:55]

وَفَوَاكِهَ مِمَّا يَشْتَهُونَ ﴿٤٢﴾

*- «Көңүлдөрү каалаган мөмө-жемиштер үстүндө болушат»,* [77:42]

وَأَمْدَدْنَاهُمْ بِفَاكِهَةٍ وَلَحْمٍ مِمَّا يَشْتَهُونَ ﴿٢٢﴾

*- «Дагы биз аларды көңүлдөрү каалай турган мөмө-жемиш жана эт менен кубаттандырдык»,* [52:22]

فِيهِمَا عَيْنَانِ تَجْرِيَانِ ﴿٥٠﴾ فَبِأَيِّ آلَاءِ رَبِّكُمَا تُكَذِّبَانِ ﴿٥١﴾ فِيهِمَا مِنْ
كُلِّ فَاكِهَةٍ زَوْجَانِ ﴿٥٢﴾

*- «Ал экөөсүндө эки агар булак бар, эми Роббиңердин кайсы неъматтарын жалган дей аласыңар?! Ал экөөсүндө бардык мөмөнүн экиден түрү бар»,* [55:50-52]

وَجَنَى الْجَنَّتَيْنِ دَانٍ ﴿٥٤﴾

*- «Ал бейиштердин мөмөсү жакын болуучу».* [55:54]

- **Үйлөнүү:**

كَذَلِكَ وَزَوَّجْنَاهُمْ بِحُورٍ عِينٍ ﴿٥٤﴾

*- «Мына ушундай! Дагы Биз аларга жоодур кара көз хурларды (үр кыздарды) жубай кылып койгонбуз»,* [44:54]

وَحُورٌ عِينٌ ﴿٢٢﴾ كَأَمْثَالِ اللُّؤْلُؤِ الْمَكْنُونِ ﴿٢٣﴾

*- «Дагы (алар үчүн) кудум жашырып коюлган берметтей кара көз үрлөр бар»,* [56:22-23]

إِنَّا أَنشَأْنَاهُنَّ إِنشَاءً ﴿٣٥﴾ فَجَعَلْنَاهُنَّ أَبْكَارًا ﴿٣٦﴾ عُرُبًا أَتْرَابًا ﴿٣٧﴾

*- «Чындыгында, Биз ал (жоодур кара көз үрлөрдү) капысынан пайда кылдык (т.а. алар энеден туулушпады, балким, Аллаанын кудурети менен капыстан пайда болушту). Кийин аларды оң тарап ээлери үчүн (жаш жагынан да, сулуулук-сымбат жана тулку бой-келбет жагынан да) бири-бирине тең, абдан кумарланган бокира (эркек көрө элек) кыздар кылып койдук»,* [56:35-37]

وَزَوَّجْنَاهُم بِحُورٍ عِينٍ ﴿٢٠﴾

*- «Биз аларга жоодур кара көздөрдү жубай кылып бердик»,*[52:20]

فِيهِنَّ قَاصِرَاتُ الطَّرْفِ لَمْ يَطْمِثْهُنَّ إِنْسٌ قَبْلَهُمْ وَلاَ جَانٌّ ﴿٥٦﴾ فَبِأَيِّ آلاَءِ رَبِّكُمَا تُكَذِّبَانِ ﴿٥٧﴾ كَأَنَّهُنَّ الْيَاقُوتُ وَالْمَرْجَانُ ﴿٥٨﴾

*- «Ал (бейиштер)де ушундай бир көздөрүн (жат эркектерге кароодон) тыюучу (кыз)дар бар болуп, аларга (бейиш калкынан) мурун эч бир инсан жана эч бир жин тийген эмес. Ошентип, (эй инсандар жана жиндер) Роббиңердин кайсы нематтарын жалган дей аласыңар?! Алар (тазалык жана апакайлыкта) кудум жакут жана мончоктор».* [55:56-58]

- **Кызматкерлер:**

يَطُوفُ عَلَيْهِمْ وِلْدَانٌ مُخَلَّدُونَ ﴿١٧﴾

*- «Үстүлөрүндө болсо, түбөлүк жаш (т.а. эч карыбай турган) балдар (кызмат кылышат)»,* [56:17]

وَيَطُوفُ عَلَيْهِمْ وِلْدَانٌ مُخَلَّدُونَ إِذَا رَأَيْتَهُمْ حَسِبْتَهُمْ لُؤْلُؤًا مَنْثُورًا ﴿١٩﴾

*- «Алардын үстүндө түбөлүк жаш (т.а. эч карыбай турган) балдар (кызмат кылып) айланып турушат, аларды көргөндө (сулуулуктары, өңдөрүнүн тунуктугу жана жүздөрүнүн нурдуулугунан чачып жиберилген берметтерби деп ойлойсуң)».* [76:19]

- **Үй эмеректери:**

إِخْوَانًا عَلَى سُرُرٍ مُتَقَابِلِينَ ﴿٤٧﴾

*- «Алар (бейиштердеги) сөрүлөрдө дос-боордош болуп, бири-бирине бет маңдай болуп отурушат»,* [15:47]

يُطَافُ عَلَيْهِمْ بِصِحَافٍ مِنْ ذَهَبٍ وَأَكْوَابٍ

*- «Аларга алтындан болгон чаралар(да тамактар) жана чөйчөктөр(дө шараптар) айлантылат»,* [43:71]

عَلَى الْآرَائِكِ يَنظُرُونَ ﴿٢٣﴾

*- «Алар сөрүлөрдө (Алла Таала аларга ата кылган неъматтарга) карап (отурушат)»,* [83:23]

بِأَكْوَابٍ وَأَبَارِيقَ وَكَأْسٍ مِنْ مَعِينٍ ﴿١٨﴾

*- «Агар булактан чөйчөктөр, кадактар жана кеселер (айландырып турулат)»,* [56:18]

مُتَّكِئِينَ فِيهَا عَلَى الْآرَائِكِ

*- «Алар ал жерде сөрүлөргө жазданган абалдарында олтурушат»,* [76:13]

وَيُطَافُ عَلَيْهِمْ بِآنِيَةٍ مِنْ فِضَّةٍ وَأَكْوَابٍ كَانَتْ قَوَارِيرَ ﴿١٥﴾

*- «Аларга күмүш идиштер(де тамактар) жана өзү күмүштөн (жасалган болсо да жукалыгынан) шише болуп кеткен чөйчөктөр (дө шараптар) айландырып турулат»,* [76:15]

عَلَى سُرُرٍ مَوْضُونَةٍ ﴿١٥﴾ مُتَّكِئِينَ عَلَيْهَا مُتَقَابِلِينَ ﴿١٦﴾

*- «(Алар алтындан) токулган сөрүлөрдө жазданып бири-бирине бет-маңдай болуп (олтурушат)»,* [56:15-16]

وَفُرُشٍ مَرْفُوعَةٍ ﴿٣٤﴾

*- «Бийик көтөрүлгөн көрпөчөлөр (үстүн)дө (жайланышат)»,*[56:34]

فِيهَا سُرُرٌ مَرْفُوعَةٌ ﴿١٣﴾ وَأَكْوَابٌ مَوْضُوعَةٌ ﴿١٤﴾ وَنَمَارِقُ مَصْفُوفَةٌ ﴿١٥﴾ وَزَرَابِيُّ مَبْثُوثَةٌ ﴿١٦﴾

*- «Ал жерде бийик сөрүлөр жана (булак боюна) коюп коюлган чөйчөктөр, тизип коюлган жаздыктар жана төшөлгөн килемдер бар»,* [88:13-16]

مُتَّكِئِينَ عَلَى سُرُرٍ مَصْفُوفَةٍ

*- «Катар тизилген сөрүлөр үстүндө жазданган абалыңарда (отургула)»,* [52:20]

مُتَّكِئِينَ عَلَى فُرُشٍ بَطَائِنُهَا مِنْ إِسْتَبْرَقٍ

*- «(Бейиш калкы) астарлары шайыдан болгон көрпөчөлөр үстүндө жамбаштаган абалдарында (олтурушат)».* [55:54]

- **Мээлүүн аба-ырайы:**

لاَ يَرَوْنَ فِيهَا شَمْسًا وَلاَ زَمْهَرِيرًا ﴿١٣﴾ وَدَانِيَةً عَلَيْهِمْ ظِلاَلُهَا

*- «Алар ал жерде Күн(дүн ысыгын) да, чыкыроон (кыштын катуу суугун) да көрүшпөйт. (Бейиш) көлөкөлөрү аларга жакын жана мөмөлөрү да (үзүп алып жеш оңой болушу үчүн) ийип коюлган болот».* [76:13-14]

- **Көңүлдөрү каалаган нерселер:**

وَفِيهَا مَا تَشْتَهِيهِ الآنفُسُ وَتَلَذُّ الآعْيُنُ وَأَنْتُمْ فِيهَا خَالِدُونَ ﴿٧١﴾

*- «Ал жерде көңүлдөр каалай турган жана көздөр ырахаттана турган (бардык) нерселер бар. Силер ал жерде түбөлүк каласыңар»,* [43:71]

وَلَهُمْ مَا يَشْتَهُونَ ﴿٥٧﴾

*- «Аларга көңүлдөрү көксөгөн нерселери (берилет)»,* [16:57]

وَلَكُمْ فِيهَا مَا تَشْتَهِي أَنفُسُكُمْ

*- «Силер үчүн (бейиште) көңүлүңөр каалаган нерселер бар»,* [41:31]

إِنَّ الَّذِينَ سَبَقَتْ لَهُمْ مِنَّا الْحُسْنَى أُوْلَئِكَ عَنْهَا مُبْعَدُونَ ﴿١٠١﴾ لاَ يَسْمَعُونَ حَسِيسَهَا

وَهُمْ فِي مَا اشْتَهَتْ أَنفُسُهُمْ خَالِدُونَ﴿١٠٢﴾

*- «Албетте, Биз тараптан көркөм (жай-мартаба) берилген заттар – мына ошолор (тозоктон) узак болушат. Алар анын үнүн да угушпайт. Алар өздөрү эңсеген неъматтарда түбөлүк калуучулар».* [21:101-102]

Алла бейиш элин жаман нерселерден коргогон.

- **Кек-кинеден:**

وَنَزَعْنَا مَا فِي صُدُورِهِمْ مِنْ غِلٍّ

*- «Биз (бейиштердеги) заттардын дилиндеги ар кандай кек-жек көрүүлөрдү чыгарып таштадык».* [15:47]

- **Чарчоодон:**

لاَ يَمَسُّهُمْ فِيهَا نَصَبٌ

*- «Ал жерде аларга бир да чарчоо жетпейт».* [15:48]

- **Коркунуч жана капалыктан:**

يَاعِبَادِ لاَ خَوْفٌ عَلَيْكُمْ الْيَوْمَ وَلاَ أَنْتُمْ تَحْزَنُونَ ﴿٦٨﴾

- *«Эй пенделерим, бул күнү силер үчүн эч кандай коркунуч жок жана силер эч кайгы чекпейсиңер».* [43:68]

Бейиш нематтары түгөнгүс жана түбөлүктүү. Анын калкы андан чыгырылбайт:

وَمَا هُمْ مِنْهَا بِمُخْرَجِينَ ﴿٤٨﴾

- *«Жана алар ал жайдан чыгарылуучу да эмес»,* [15:48]

وَأَنْتُمْ فِيهَا خَالِدُونَ ﴿٧١﴾

- *«Силер ал жерде түбөлүк каласыңар»,* [43:71]

لاَ يَذُوقُونَ فِيهَا الْمَوْتَ إِلاَ الْمَوْتَةَ الآولَى وَوَقَاهُمْ عَذَابَ الْجَحِيمِ ﴿٥٦﴾

- *«Алар (бейиште) биринчи өлүмдөн (т.а. убактылуу дүйнөдөн көз жумгандарынан) башка өлүмдү татышпайт. (Алла) аларды тозок азабынан сактаган»,* [44:56]

وَهُمْ فِي مَا اشْتَهَتْ أَنفُسُهُمْ خَالِدُونَ ﴿١٠٢﴾

- *«Алар өздөрү эңсеген неъматтарда түбөлүк калуучулар».*[21:102]

Бейиш мына ушул, ага шашылгыла!

وَسَارِعُوا إِلَى مَغْفِرَةٍ مِنْ رَبِّكُمْ وَجَنَّةٍ عَرْضُهَا السَّمَاوَاتُ وَالأَرْضُ أُعِدَّتْ لِلْمُتَّقِينَ ﴿١٣٣﴾

- *«Жана Роббиңер тарабынан болуучу кечиримге о.э. такыбадарлар үчүн даярдап коюлган (кеңдиги асмандар жана жерге барабар болгон) бейишке шашылгыла!».* [3:133]

Жакшылыктарды кылууга ашыккыла!

فَاسْتَبِقُوا الْخَيْرَاتِ أَيْنَ مَا تَكُونُوا يَأْتِ بِكُمْ اللَّهُ جَمِيعًا إِنَّ اللَّهَ عَلَى كُلِّ شَيْءٍ قَدِيرٌ ﴿١٤٨﴾

- *«Эми, жакшы иштерге шашылгыла! Каерде болбогула, Алла силерди (эсеп-китепке) тартат. Албетте, Алла ар нерсеге кудуреттүү».* [2:148]

Мына ошондо Алла силерге бул дүйнөдө нусрат берет, акыретте болсо эң зор иллийийинде Алланын неъматына татыктуу болгон заттар менен бирге болосуңар.

وَمَنْ يُطِعْ اللَّهَ وَالرَّسُولَ فَأُوْلَئِكَ مَعَ الَّذِينَ أَنْعَمَ اللَّهُ عَلَيْهِمْ مِنْ النَّبِيِّينَ وَالصِّدِّيقِينَ
وَالشُّهَدَاءِ وَالصَّالِحِينَ وَحَسُنَ أُوْلَئِكَ رَفِيقًا ﴿٦٩﴾

- *«Кимде-ким Алла жана Пайгамбарына итаат кылса, мына ошолор Алланын сыйлыктарына татыктуу болгон заттар – Пайгамбарлар, сыддыктар, шейиттер жана солихтер менен бирге болушат. Алар болсо эң жакшы шериктер».* [4:69]

Жакшылыктарга ашыгууга, кечирим-магфиратка, бейиш жана Алланын ыраазылыгына шашылууга даъватчылардан да ылайыктуураак адам барбы?

Шашылышыбыз, ашыгышыбыз зарыл болгон Алла буюрган жакшылыктар ар түрдүү.

• **Фарзи айндар.** Алар: намаз, орозо, зекет, хаж, адамдын өз турмушунда зарыл боло турган даражада фикхтен кабардар болушу, коргонуу жихады, Халифа чакырган чактагы жихад, итаат байъатына кирүү, важып болгон өлчөмдө сарп-каражат кылуу жана эмгектенүү, жамаатты бекем кармоо ж.б.у.с.

• **Фарзи кифаялар.** Алар: амру маъруф жана нахий мункар кыла турган бир үммөттү вужудка келтирүү, талап жихады, байлануу байъаты, илим талап кылуу ж.б.у.с.

Бул парздардын эки түрү тең пендени Аллага эң көп жакындаштыра турган амалдар. Пенде аларды аткарбай туруп Раббисинин ыраазылыгына жетише албайт. Табаронийдин «Кабир»инде Абу Умома Пайгамбар ﷺ мындай деген дейт: **«Алла Таала айтат: «Ким Менин бир досумду кор кылса, душмандыкта Мени менен жекеме-жеке согушка кириптир. Эй Адам баласы, сага парз кылган амалдарымды аткармайынча Мендеги нерсеге жетише албайсың...».**

• **Мандубдар:** Пенде парздар менен бир катарда мандуб амалдарды да өтөп, Аллага жакындашып барса, Алла да ага жакын болот жана аны жакшы көрүп калат. Жогорудагы Абу Умома рыбаят кылган хадистин уландысы төмөндөгүдөй: **«... Пендем нафл амалдарды кылып Мага жакындашып келе берсе, акыры Мен аны жакшы көрүп каламын. Мына ошондо Мен анын аңдай турган дилине, сүйлөй турган тилине, көрө турган көзүнө айланамын. Мага дуба кылса кабыл аламын, сураса беремин. Үстөмдүк тилесе, үстөм кыламын. Пендемдин Мен үчүн эң сүйүктүү ибадаты – насаат».** Бухарийде Анас رضي الله عنه Пайгамбар ﷺдан, ал киши ааламдар Рообисинен рыбаят кылат: **«Пендем Мага бир карыш жакындашса, Мен ага бир билек жакындашамын. Мага бир билек жакындашса, Мен ага бир кулач жакындашамын, Мага басып келсе, Мен ага жүгүрүп барамын».**

Төмөндөгүлөр мандуб амалдардан:

**<u>Ар бир намазга даарат алуу жана ар бир дааратта мисвак иштетүү:</u>** Ахмад Абу Хурайрадан рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Үммөтүмө оор кылып коёмун деп ойлобогонумда, аларды ар бир намазда даарат кылууга жана ар бир дааратта мисвак иштетүүгө буюрган болор элем».**

**<u>Даарат алгандан кийин эки рекет нафл намаз окуу:</u>** Абу Хурайранын муттафакун алайх хадисинде Расулулла ﷺ Билалга

мындай деген: **«Эй Билал, мусулман болуп кылган, үмүттөнүшүңө эң ылайык болгон амалыңды мага айтып бер, себеби, мен бейиштеги ордумда бутуңдун добушун уктум». «Түндө же күндүздүн кайсы бир саатында даарат алсам, ошол даарат менен насип кылганча намаз окуганымдан башка үмүттөнүүгө арзырлык амал кылбаганмын», - деп жооп берди Билал.**

**<u>Намазга азан жана такбир айтуу, биринчи сапта болуу:</u>** Абу Хурайра рыбаят кылган муттафакун алайх хадисте Пайгамбар ﷺ мындай дейт: **«Эгер адамдар намазга чакырууда жана биринчи сапта турууда эмнелер бар экендигин билишкенде, андан бир үлүш алуудан башка нерсени таба алышпаса да, ошол үлүштү болсо да алган болушар эле. Эгер хижратта эмнелер бар экендигин билишкенде эле, ал үчүн ким озот ойношор эле. Эгер түндүн биринчи үчтөн биринде жана таңда эмнелер бар экендигин билишкенде, жөрмөлөп болсо да аларга келишер эле».** Ахмад Барродан рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген. **«Алдыңкы сапка Алла жана Анын периштелери салават айтат. Муаззин добушу жеткенинче магфират кылынат, уккан суу-кургактык** (баары) **аны тастыктайт. Ага аны менен бирге намаз окугандардын сообу болот».**

**<u>Муаззинге жооп берүү</u>**: <u>(муаззин – азан айтуучу)</u> Абу Саъид Худрийдин муттафакун алайх хадисинде Пайгамбар ﷺ **«Муаззинди угуп калсаңар, анын айтканындай айтып тургула»** деген. Муслим Абдулла ибн Амр ибн Остон рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Муаззинди угуп калсаңар, анын айтканындай айтып тургула, кийин мага салават айткыла. Себеби, кимде-ким мага бир салават айтса, Алла ага он салават айтат (т.а. ырайым кылат) кийин мага Алладан васила сурагыла. Себеби, ал бейиштеги Алланын бир пендесине гана ылайык болгон даража. Ошол пенде мен болушумду каалаймын, ким мен үчүн васила сураса, ага шапаат адал болот».** Бухарийдеги Жобирдин хадисинде Пайгамбар ﷺ мындай деди: **«Кимде-ким азанды уккан убакта: «Эй Аллахым, мына ушул мукаммал** (кемтиксиз-толук) **даъваттын жана убактысы кирген намаздын Роббиси, Мухаммадга васила жана фазилатты бергин, аны Өзүң убада кылган мактоолуу макам-даражада кайра тирилткин» десе, кыямат күнүндө ага шапаатым адал болот».** Пайгамбар ﷺдын: **«Азанды уккан убакта»** дегени угуп бүткөндөн кийин дегени.

**<u>Азан менен икомат ортосунда дуба кылуу:</u>** Абу Довуд, Термизий, Насаий ибн Хиббандардын Анас ﷺдан рыбаят кылган хадистеринде Пайгамбар ﷺ: **«Азан менен икомат ортосундагы дуба кайтарылбайт»,** - деген.

**<u>Мечиттер куруу:</u>** Усман ﷺнун муттафакун алайх хадисинде келишинче, ал Пайгамбар ﷺдын мечитин курган убакта адамдар кеп-сөз кылышкан. Ошондо ал: «Силер көп сүйлөп жиберип жатасыңар, себеби, мен Пайгамбар ﷺдын: **«Кимде-ким Алланын жүзүн үмүт кылып бир мечит курса, Алла ал үчүн бейиште бир үй куруп берет»** дегенин укканмын», - дейт.

**<u>Намаз үчүн мечиттерге жөө баруу:</u>** Абу Хурайранын муттафакун алайх хадисинде Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Кишинин жамаатта намаз окушу үйүндө же базарда окуганына караганда жыйырма беш даражага көбүрөөк болот. Эгер ал көркөм түстө даарат алып, бир гана намазды ойлоп намазга чыкса, ар бир кадамы үчүн бир даража жогорулап, бир катасы андан төмөндө калып кете берет. Намаз окуса, ырас жайнамазда экен, периштелер: «Эй Кудай, ага ырайым кылгын, ага шапаат кылгын» деп ага салават айтып турушат. Ырас, намазды күтөр экен, намаздын ичинде болуп бара берет».** Абу Мусанын муттафакун алайх хадисинде Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Намаздагы эң сообу улуу адам – намазга эң узактан басып келген адам. Имам менен намаз окуу үчүн намазды күткөн адамдын сообу намазды окуп кийин уктаган адамдыкынан улуураак»**.

**<u>Үйлөрдө нафл намаз окуу</u>**: Ибн Умардын муттафакун алайх хадисинде Пайгамбар ﷺ: **«Намазыңардан үйүңөргө да насибе ажыраткыла, аларды кабырлар кылып албагыла»**, - деген. Зайд ибн Собиттин муттафакун алайх хадисинде Пайгамбар ﷺ: **«Эй адамдар, үйлөрүңөрдө намаз окугула. Себеби, намаздын абзели кишинин парз намаздарынан башкасын үйүндө окуганы»,** - деген.

**<u>Түндөсү туруу:</u>** Алла Таала айтат:

تَتَجَافَى جُنُوبُهُمْ عَنْ الْمَضَاجِعِ

*- «Алардын жанбаштары жайларынан ыраак болот (т.а. түндөрдү ибадат менен өткөзүп, аз укташат)»,* [32:16]

كَانُوا قَلِيلاً مِنْ اللَّيْلِ مَا يَهْجَعُونَ ﴿١٧﴾

*- «Алар түндөн бир аз (убакыт гана) көз жумушар эле».* [51:17]

Абу Хурайранын муттафакун алайх хадисинде Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Силерден кимдир бирөө уктаган убагында шайтан анын кежигесине үч түйүн түйүп, алардын ар бирине: «Али түн узун, уктай бер» деп ургулайт. Ойгонуп, Алла Тааланы эстесе бир түйүн чечилет, даарат кылса дагы бир түйүн чечилет, намаз окуса бардык түйүндөр чечилип, кайраттуу, ачык көңүлдүү болуп таң атырат. Бул амалдарды кылбаса, көңүлү бузулуп, эринип таң атырат».** Ибн Масъуддун муттафакун алайх хадисинде Пайгамбар ﷺдын алдында түнү бою тээ таң атканга чейин уктаган адам жөнүндө айтылганда, **«Ал – шайтан кулагына сийип койгон киши»**, - деген. Түндөсү акыркы намаздын витр болушу сүннөт. Ибн Умар рыбаят кылган муттафакун алайх хадисте Пайгамбар ﷺ: **«Түндөсү акыркы намазыңарды витр кылгыла»**, - деген.

**<u>Жума күнү гусл кылуу</u>**: Ибн Умардын муттафакун алайх хадисинде Пайгамбар ﷺ: **«Бириңер жума күнгө жетип келсе, гусл кылсын»**, - деген. Салман Фарсий рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Кимде-ким жума күнү гусл кылып, колунан келишинче таза болсо, кийин майланса же жыттуу нерселерден себинсе, анан кетсе жана эки адамдын ортосун бузбаса, өзүнө насип кылганча намаз окуса, имам минбарга чыкканда кулак салса, анын ошол жума менен мурунку жума ортосунда кылган күнөөлөрү кечирилет».**

**<u>Нафл садака</u>**: Абу Хурайранын муттафакун алайх хадисинде Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Кимде-ким адал кесибинен бир курмачалык садака кылса** (Алла жалаң адалды гана кабыл алат)**, Алла аны Өз колу менен кабыл алып, ээси үчүн – бирөөңөр тайын багып-өстүргөнү сыяктуу – тоодой болгонго чейин өстүрүп барат».** Адий ибн Хотам ؓ рыбаят кылган муттафакун алайх хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Силердин ар бириңер менен Алла котормочусуз сүйлөшөт. Ошондо ал оң тарабына карап кылган амалынан башка нерсени көрбөйт. Сол тарабына да карап, дагы кылган амалынан башка нерсени көрбөйт. Алды тарабына карап, бет маңдайында тозокту көрөт. Жарым курма менен болсо да, тозоктон сактангыла».** Абу Яъло Жобирден рыбаят кылат: **«Пайгамбар ﷺдын: «Каъб ибн Ужрага: «Эй Каъб ибн Ужра, намаз – Аллага жакын болуу, орозо – калкан, садака болсо – суу отту өчүргөндөй күнөөнү өчүрөт», - дегенин уктум».** Садаканын абзели жашыруун кылынган садака. Абу Хурайранын

Алла Өз көлөкөсүнө ала турган жети киши туурасындагы муттафакун алайх хадисинде келет: **«Оң колунун бергенин сол колу билбей турган даражада жашыруун садака кылуучу адам...».** Туугандарына садака кылуу жөнүндө Зайнаб Сакифанын муттафакун алайх хадисинде Пайгамбар ﷺ **«... алар үчүн эки сооп бар: бири тууганчылык сообу болсо, дагы бири садака сообу»,** - деген.

**Карыз берүү:** Ибн Можа, ибн Хиббан жана Байхакийлердин Абдулла ибн Масъуддан рыбаят кылган хадисинде Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Кайсы бир мусулман дагы бир мусулманга эки жолу карыз берсе, ага бир жолу садака кылгандай болот».**

**Байга мөөнөттү созуп берүү, кембагалдан кечүү:** Хузайфанын муттафакун алайх хадисинде Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Өтмүштө бир кишинин алдына жанын алуу үчүн периште келип, «бирер жакшылык кылгансыңбы» деп сураптыр. Ал «билбеймин» деген экен, «ойлоп көр» дептир, ошондо жанагы киши «дүйнөдө адамдар менен соода-сатык кылганымда, байга мөөнөтүн созуп берер элем, кембагалдан кечер элем. Ошондон башка нерсени билбеймин» дептир. Ушуну менен Алла аны бейишке киргизиптир».**

**Тамак берүү:** Абдулла ибн Амрдын муттафакун алайх хадисинде келишинче, бир киши Пайгамбар ﷺдан «кайсы Ислам жакшы» деп сурады. Ошондо ал киши ﷺ: **«Тааныган-таанымбаганыңа тамак, салам беришиң»,** - деп жооп берди.

**Ар бир тирүү жанды сугаруу:** Абу Хурайранын муттафакун алайх хадисинде Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Бир киши өтө катуу ысыкта жолдо бара жаткан эле. Бир кудукту учуратып, анын ичине түшүп, суудан ичип, кайтып чыкты. Караса, бир ит чаңкагандан топуракты жалагыдай болуп, кансырап турат. Ушул ит да мага окшоп катуу чаңкаптыр да деп, кудукка түшүп, маасысын сууга толтуруп, аны оозу менен тиштеп, жогоруга көтөрүлүп, итти сугарыптыр. Алла бул ишке ыраазы болуп, аны кечириптир. «Я Расулулла, айбандар туурасында да бизге сооп болобу?» деп суралган эле: «Ар бир тирүү жан туурасында сооп бар», - деп жооп берди».**

**Нафл орозо тутуу**: Абу Умома рыбаят кылат: **Мен: «Я Расулулла, мени бир ишке буюруңуз, - дедим эле: «Орозо туткун, себеби, анын теңи жок», - деди. Мен дагы: «Я Расулулла, мени бир ишке буюруңуз» дедим эле, дагы:**

**«Орозо туткун, себеби, анын теңи жок» деди. Үчүнчү жолу: «Я Расулулла, мени бир ишке буюруңуз» дедим эле, дагы: «Орозо туткун, себеби, анын окшошу жок», - деген».** Бул бардык адамдарга тиешелүү. Ал эми, Алла жолунда жихадга чыккан гозийлер үчүн болсо, бул дагы да жакшыраак. Абу Саъиддин муттафакун алайх хадиси бар. Анда Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Кайсы бир пенде Алла Таала жолундагы жихадда бир күн орозо тутса, ушул күнкү иши үчүн Алла анын жүзүнөн тозокту жетимиш жылга алыстатат».** Шаввалдын алты күнүндө, Арапа күнүндө, Мухаррам айында, Ашура күндөрүндө, ар айдын үч күнүндө, дүйшөмбү, бейшемби күндөрүндө орозо тутуу мандуб.

**Орозо айында, айрыкча, кадыр түнүндө жана акыркы он күндүктө түндөсү туруу:** Абу Хурайранын муттафакун алайх хадисинде келет: Пайгамбар ﷺ орозо айында ибадат үчүн түндө турууга катъий буюрбаса да, ага үгүттөр эле. Айтар эле: **«Кимде-ким орозодо ыйманынан келип чыгып, сооп үмүтүндө ибадат үчүн түндө турса, өткөн күнөөлөрү кечирилет».** Дагы бир рыбаятта **«Лайлатул кадрда** (кадыр түнүндө)**»** делген. Түнкүсүн туруу намаз үчүн гана болот. Айша رضي الله عنها нун муттафакун алайх хадисинде келет: **«Пайгамбар ﷺ акыркы он күндүк киргенде түндү жандантчу эле, үй-бүлөлөрүн ойготор эле, белди бекем байлап, олуттуу киришер эле».**

**Сахархездик** (таң сергектик)**:** Анас رضي الله عنه рыбаят кылган муттафакун алайх хадисте Пайгамбар ﷺ: **«Эрте тургула, себеби, сахархездик – береке»**, - деген.

**Иптарга шашылуу:** Сахл ибн Саъддын муттафакун алайх хадисинде Пайгамбар ﷺ: **«Адамдар, ырас иптарга шашылар экен, жакшылыкты улантып жүрө беришет»**, - деген. Курма менен, ал табылбай калса, суу менен ооз ачуу сүннөт. Салман ибн Омир Заббийдин хадисинде Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Бирөөңөр иптар кылса, курма менен ооз ачсын, себеби, ал береке. Курма таппаса, суу менен ооз ачсын. Себеби, ал тазалоочу».**

**Орозо тутуучуну иптарга чакыруу**: Зайд ибн Холиддин хадисинде Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Кимде-ким бир орозо тутуучуга иптарлык берсе, анын сообунчалык сооп алат, ушул эле учурда орозо тутуучунун сообунан эч нерсе кемибейт дагы».**

**Умра кылуу:** Абу Хурайранын муттафакун алайх хадисинде Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Умрадан кийин дагы умра кылуу**

**– ушул эки умра арасындагы күнөөлөрдүн каффараты. Кабыл болгон ажынын сыйлыгы бир гана бейиш. Орозодо умра кылуу ажылыкка барабар».** Ибн Аббастын муттафакун алайх хадисинде Пайгамбар ﷺ: **«Орозодогу умра хаж менен барабар»**, - деген.

**<u>Зулхижжанын он күнүндө жакшы амалдар кылуу:</u>** Бухарий ибн Аббастан рыбаят кылган хадисте келет: «Пайгамбар ﷺ: **«Башка күндөргө караганда ушул он күн ичинде солих амалдарды кылуу Улуу жана Буюк Алла үчүн сүйүктүүрөөк», - деди. «Я Расулулла, Алла жолундагы жихаддан дагыбы?» деп сурашты. «Ооба, Алла жолундагы жихаддан да, бир гана малы жана жаны менен чыгып, ушуларсыз кайткан адам мындан тышкары», - деп жооп берди».**

**<u>Шейиттикти суроо</u>:** Муслим Сахл ибн Ханифтен рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Кимде-ким чын дилден Алладан шейиттикти сураса, көрпө-төшөк кылып** (жатып) **өлгөн болсо да, Алла шейиттер даражасына жеткирет».**

**<u>«Кахф» сүрөсүн, же болбосо, анын башынан же акырынан он аят окуу</u>:** Муслим Абу Дардодон рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Кимде-ким «Кахф» сүрөсүнүн башынан он аятты жаттаса, дажжалдан баанек табат».** Дагы бир рыбаятта: **«Кахф» сүрөсүнүн акырынан»** делген. Азыркы күндөрүбүздө мусулман дажжалдан баанек табуу үчүн «Кахф» сүрөсүнүн баарын жумага өтөр түнү же жума күнүндө окусун, Шофиий бул ишти өзүнүн «Умм» китебинде мустахаб эсептеген жана «Ушул туурасында түшкөнү үчүн» деп далил келтирген.

**<u>Алды-саттыда, карызды суроодо жана карызды төлөөдө кеңдик кылуу:</u>** Бухарий Жобир ؓдан рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ: **«Сатканда, сатып алганда жана карызын талап кылганда кеңдик кылган адамга Алла ырайым кылсын»,** - деген. Абу Хурайра рыбаят кылган муттафакун алайх хадисте келет: **«Бир киши Пайгамбар ﷺдын алдына карызын талап кылып келип, оройлук кылды. Сахабалар ага жабылмакчы болушту эле, Пайгамбар ﷺ: «Коё бергиле, акысы бардын сүйлөөгө да акысы бар – деп – Ага денесинчелик дене берип жибергиле», - деди. Сахабалар: «Я Расулулла, анын денесинчелик дене таппадык, бардыгы анынан чоң экен» дешти. Ошондо Пайгамбар ﷺ: «Берип**

**жибере бергиле, себеби, силердин жакшыларыңар карызын жакшылап өтөгөнүңөр», - деди».** Жобир ﷺ рыбаят кылган дагы бир муттафакун алайх хадисте Пайгамбар ﷺ андан бир төө сатып алат жана анын ордуна берген төөсү таразага коюлганда аныкынан оор келет.

**<u>Пайгамбар ﷺга салават айтуу:</u>** Алла Таала айтат:

إِنَّ اللَّهَ وَمَلاَئِكَتَهُ يُصَلُّونَ عَلَى النَّبِيِّ يَاأَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا صَلُّوا عَلَيْهِ وَسَلِّمُوا تَسْلِيمًا ﴿٥٦﴾

*- «Албетте, Алла да, Анын периштелери да Пайгамбарга дуба жана салам айтышат. Эй момундар, силер да ал затка салават жана салам айткыла!»* [33:56]

Муслим Абдулла ибн Амрдан рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ: **«Ким мага бир салават айтса, Алла ага он салават айтат»**, - дейт.

**<u>Итааткөй, өзгөчө момундардын каталарын жабуу:</u>** Күнөө кылган мусулман же эч кимге билдирбей жашырып кылат, же баарына көрсөтүп шерменделерче кылат. Жашырып кылынган күнөөнү жабуу керек. Ибн Умардын муттафакун алайх хадисинде Пайгамбар ﷺ **«... Кимде-ким бир мусулмандын айыбын жапса, кыямат күнүндө Алла анын айыбын жабат»**, - деди. Муслим Абу Хурайрадан рыбаят кылган хадисте болсо, Пайгамбар ﷺ: **«Кимде-ким бир мусулмандын айыбын жапса, дүйнө-акыретте Алла анын айыбын жабат»,** - деген. Утба ибн Омирдин хадисинде Пайгамбар ﷺ: **«Кимде-ким бир айыпты жапса, кудум кабырга тирүүлөй көмүлгөн кызды кайра тирилткендей болуптур»**, - деген. Жашырбай кыла турган адамдын айыбын жабуу шарт эмес. Себеби, ал өзүн-өзү шерменде кылып, Алланын жапканын ачып таштайт. Негизи, бул иш арам. Абу Хурайранын муттафакун алайх хадисинде Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Бардык үммөтүмө кечирим берилет, баарынын көз алдында айып кылуучулар мындан сырткары. Кишинин түндө кылган ишин Алла жаап турганда, эртең менен туруп: «Эй баланча, түндө мен андай кылдым, мындай кылдым» деп сүйлөшү баарынын көз алдында айып кылуунун катарына кирет. Түндө Роббиси анын айыбын жаап турса, эртең менен туруп Алланын жапканын ачып таштайт».** Ошондой болсо да, мусулман киши ачык айып кылуучулардын күнөөлөрүн сүйлөп жүрүүдөн тыйылуусу керек. Анын айыбын жабуу үчүн болбосо да, момундар арасында бузукулуктардын жайылбашы үчүн жана тилди бекерчи сөздөрдөн тыюу үчүн ушундай кылышы керек. Ал эми, айыптын зыяны айыпкердин өзү менен эле чектелбестен, мамлекетке, коомго,

үммөткө да өтө турган болсо, мындай учурда аны жеткирүү, ачып таштоо важыпка айланат. Зайд ибн Аркамдын муттафакун алайх хадисинде келет: **«Казатта элем. Абдулла ибн Убайдын: «Расулулла ﷺдын алдындагы адамдарга эч нерсе бербегиле. Ошондо анын айланасынан таркап кетишет. Эгер Мединага кайтсак, албетте, андан азиз корду чыгарып жиберет» деген сөзүн угуп калып, аны абама же Умарга айткан элем, ал Пайгамбар ﷺга айтыптыр. Ал киши мени чакырды эле, болгон сөздү айтып бердим…».** Муслим рыбаятында: **«Пайгамбар ﷺдын алдына барып, болгон сөздү айтып бердим»,** - делет. Абдулла ибн Убай менен анын мунафыктардан турган жакындары бул иштерди сыр тутушар эле. Себеби, аны Пайгамбар ﷺ сурак кылганда айткан сөзүн танган. Ушуга караганда, ибн Аркамдын бул сөздү алып келиши тыңчылык сыяктуу болду. Тыюу салынган иш жайызга айланса, важып болуп калат. Демек, мындай абалдарда келип айтуу важып. Себеби, күтүлүп жаткан зыян жалпыга тиешелүү болуп калууда.

**<u>Кечиримдүү болуу, ачууну жутуу, азарды көтөрүү:</u>** Алла Таала айтат.

وَالْكَاظِمِينَ الْغَيْظَ وَالْعَافِينَ عَنْ النَّاسِ وَاللَّهُ يُحِبُّ الْمُحْسِنِينَ ﴿١٣٤﴾

*- «(Ал такыбадар заттар) ачууларын ичтерине жута турган, адамдардын (ката-кемчиликтерин) кечире турган кишилер. Алла мындай жакшылык кылуучуларды сүйөт»,* [3:134]

وَلَمَنْ صَبَرَ وَغَفَرَ إِنَّ ذَلِكَ لَمِنْ عَزْمِ الآمُورِ ﴿٤٣﴾

*- «Албетте, ким (өзүнө жеткен азарларга өч албай Алла үчүн) кечирип жиберсе, шек-күмөнсүз, бул иш иштердин максатка ылайыктуусу»,* [42:43]

فَاصْفَحْ الصَّفْحَ الْجَمِيلَ ﴿٨٥﴾

*- «Алардан көркөм жүз үйрүү менен жүз үйүр»,* [15:85]

وَأَعْرِضْ عَنْ الْجَاهِلِينَ ﴿١٩٩﴾

*- «Жана жахил-наадандардан жүз үйүргүн!»,* [7:199]

وَلْيَعْفُوا وَلْيَصْفَحُوا أَلاَ تُحِبُّونَ أَنْ يَغْفِرَ اللَّهُ لَكُمْ

*- «Аларды айкөлдүк кылып кечиришсин! Алла силерди кечиришин каалабайсыңарбы?!».* [24:22]

Муслим Абу Хурайрадан рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Садака малды кемитпейт. Пенденин кечиримдүү болгонунун акысына Алла ага азиздикти гана кошумча кылат. Ким Алла үчүн кичипейилдик кылса, Алла**

**анын мартабасын көтөрөт»**. Ахмад Абдулла ибн Амр ибн Остон рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ: **«Ырайым кылгыла, ырайым кылынасыңар; кечиргиле, кечирилесиңер»**, - деген. Ахмад Убода ибн Сомиттен рыбаят кылган хадисинде Пайгамбар ﷺ: **«Кайсы бир адам жараатталып садака кылса, Алла Табарока ва Таала кылган садакасынчалык аны каффарат кылат»**, - деген. Бухарий жана Муслим Абу Хурайрадан рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ: **«Күрөштө жыккан балбан эмес, ачуу учурунда өзүн кармай алган балбан**», - деген. Муслим Абу Хурайрадан рыбаят кылат: **«Бир киши: «Я Расулулла, мен туугандарым менен барды-келди кыламын. Алар болсо кылышпайт. Мен аларга жакшылык кыламын. Алар болсо мага жамандык кылышат. Аларга жумшактык кыламын, алар болсо мага жаалданышат» деди эле, Пайгамбар ﷺ: «Эгер сенин айтып жатканыңдай болсо, анда кудум аларга оор көрүү кеселдигине каршы дары ичүүнү буюргандай болупсуң, ырас ушундай боло берет экенсиң, Алла Таала тарабынан сага дайым бир жардамчы болуп турат», - деди».** Баржаланий Суфён ибн Уяйнадан рыбаят кылат: «Умар ибн Ияшка бир аз катуу тийип, аркасынан: «Дагы сен бизди акаараттоодо чукур кетип жүрбө, жарашууга да орун калтыр, себеби, биз, биз менен болгон мамилесинде улуу Аллага күнөөкөрлүк кылган кишини аны менен болгон мамилебизде Аллага итаат кылуудан башка нерсе менен сыйлабайбыз», - деди».

**<u>Адамдар арасын оңдоо:</u>** Алла Таала айтат:

لاَ خَيْرَ فِي كَثِيرٍ مِنْ نَجْوَاهُمْ إِلاَ مَنْ أَمَرَ بِصَدَقَةٍ أَوْ مَعْرُوفٍ أَوْ إِصْلاَحٍ بَيْنَ النَّاسِ

*- «Алардын көп жашыруун сүйлөшүүлөрүнөн – эгер садака берүүгө, же бир жакшылык кылууга, же адамдардын арасын оңдоого ниети болбосо, эч кандай пайда жок»,* [4:114]

وَالصُّلْحُ خَيْرٌ

*- «Сулх-келишим (бөлүнүшүп кетүүдөн) жакшыраак»,* [4:128]

فَاتَّقُوا اللَّهَ وَأَصْلِحُوا ذَاتَ بَيْنِكُمْ

*- «Эми, Алладан корккула жана өз араңарды оңдогула»,* [8:1]

إِنَّمَا الْمُؤْمِنُونَ إِخْوَةٌ فَأَصْلِحُوا بَيْنَ أَخَوَيْكُمْ

*- «Момундар эч шек-күмөнсүз, ага-инилер. Ошондуктан, силер эки ага-иниңердин ортосун оңдоп койгула!»* [49:10]

Бухарий жана Муслим Абу Хурайрадан рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Адамдардын мага айткан ар бир**

**саламдары садака. Күн чыккан ар бир күндө эки адам арасында адилеттүү турушуң садака. Кишинин улоосуна минип алууга көмөктөшүшүң же жүгүн көтөрүшүп жиберишиң садака. Жакшы сөз садака. Намазга жүрүп бара турган ар бир кадамың садака. Жолдон азар бере турган нерсени алып ташташың садака».** Эки адам арасында адилеттүү турушуң дегени – адилет менен алардын арасын оңдошуң дегени. Укба ибн Абу Муъиттин кызы Умму Гүлсүмдөн рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ: **«Адамдар арасын оңдоп, изгиликти жаюу жана айтуу үчүн жалган сүйлөгөн киши жалганчы эмес»**, - деген. Сахл ибн Саъддан Соидий рыбаят кылат: **«Амр ибн Авфтын балдарынын ортосунда бир жамандык** (Бухарий рыбаятында – бир нерсе) **өткөндүгүнүн кабары Пайгамбар ﷺга жетип келди. Ошондо ал киши барып, бир нече адамдар менен биргеликте алардын арасын оңдоду».** Абу Дардодон рыбаят кылган хадисте: **«Пайгамбар ﷺ: «Силерге орозо, намаз, зекет даражасынан да жогору болгон амалды айтайынбы?» деди эле, сахабалар: «Ооба, айтыңыз» дешти. Ошондо «Араны оңдоо, себеби, аранын бузулушу – жолдун тосулушу», - деди».**

**Кабырларды зыярат кылуу**: Абу Хурайра рыбаят кылат, Пайгамбар ﷺ энесинин кабырын зыярат кылып, өзү да ыйлады, айланасындагыларды да ыйлатты жана: **«Роббимден энем үчүн истигфар айтууга уруксат сураган элем, уруксат бербеди, кабырды зыярат кылууга уруксат сураган элем, уруксат берди, эми кабырларды зыярат кылгыла, себеби, алар өлүмдү эстетет»**, - деди.

**Амалды үзгүлтүксүз кылуу:** Т.а. мандуб амалдарды. Парздарды болсо өз убагында кылуу шарт. Демек, кимде-ким бир сүннөттү кылса, аз болсо да үзгүлтүксүз кылсын. Айша ؓ рыбаят кылат: **«Пайгамбар ﷺ алдыма киргенде жанымда бир аял бар эле. «Ким бул?» деп сурады эле, «баланча» деп, аялдын намазын эстеттим. Ошондо ал киши «Токтот, такаатыңар жете турган амалдарды өзүңөргө милдет кылып алгыла, Аллага ант болсун, тээ өзүңөр оор алмайынча Алла оор албайт, Ал үчүн эң алымдуу дин (амал) – ээси үзгүлтүксүз кылган амал», - деди»** (муттафакун алайх). Абдулла ибн Амр ؓ мага Пайгамбар ﷺ: **«Абдулла, сен баланчага окшоп калбагын, ал түндө турат го-о, бирок, түндө турууну таштайт дагы»**, - деген дейт (муттафакун алайх).

# -14-
# Көркөм кулк-мүнөз ээлери

Кулк-мүнөздүн кандайлыгын шарият белгилейт, кайсы бир кулкту шарият жакшы десе, ошол жакшы кулк болот. Кайсы бирин жаман десе, ал жаман кулк болот. Себеби, кулктар – шарияттын т.а. Алла буюрган жана кайтарган иштердин бир бөлүгү. Шарият жакшы кулктарга үндөп, жаман кулктардан кайтарган. Мусулман киши, өзгөчө, даъватчы шаръий өкүмдөр негизинде көркөм кулктарга ээ болушу керек. Эсибизден чыкпасын, кулктар исламий акыйда негизинде тикеленип, момун киши аларды Алланын буйруктары жана чектөөлөрү деген этибар менен кабыл алышы керек. Мисалга чынчылдыкты, бирөөнүн акысына кыянат кылбоону, аманаттуулукту алалы. Капыр аны адамдар ичинде ишеним жаратуу жана ушуну менен кандайдыр бир нерсеге шайланып алуу үчүн, кыскасы, материалдык пайда үчүн кабыл алат. Момун болсо, Алла ушуга буюрган деген этибар менен кабыл алат. Бул эки кабыл алуунун ортосунда асман менен жердей айырма бар.

**Кулкка байланыштуу далилдер:**

- Абдулла ибн Амр рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Көркөм кулк ээлери – силердин эң жакшыларыңардан».**
- Наввас ибн Самъон рыбаят кылат: **«Пайгамбар ﷺдан жакшылык жана күнөө жөнүндө сураган элем, ал киши: «Жакшылык – көркөм кулк, күнөө болсо – ичиңди өйүп, адамдар билип калышынан чоочуган ишиң», - деди».**
- Абу Дардодон рыбаят кылынышынча, Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Кыямат күнүндө момундун таразасында көркөм кулктан көрө оорураак нерсе болбойт. Алла бейадеп абийирсизди жаман көрөт».**
- Абу Хурайра рыбаят кылат: Пайгамбар ﷺдан адамдарды эң көп бейишке алып кире турган нерсе жөнүндө сурашканда: **«Алладан такыба кылуу жана жакшы кулк»**, - деп жооп берди. Адамдардын эң көп тозокко алып кире турган нерсе жөнүндө сурашканда болсо: **«Ооз жана фарж (т.а. ачкөздүк жана этеги суюктук)»**, - деп жооп берди.
- Абу Умома рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Акылуу боло туруп жаңжал көтөрбөгөн адамдын бейиштин төмөнкү бөлүгүнөн үй алышына, тамашалашып да жалган сүйлөбөгөн адамдын бейиштин ортосунан үй алышына, кулку көркөм адамдын бейиштин жогорку бөлүгүнөн үй алышына мен кепилмин».**

- Абу Хурайра рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Момундардын ыйманы толугураагы – көркөм кулк ээлери. Силердин жакшыңар – аялдарына жакшыларыңар».**

Бул туурасында Айша, Абу Зарр, Жобир, Анас, Усама ибн Шарик, Муаз, Умайр ибн Катода, Абу Саълаба сыяктуу сахаба ﷺлардан көптөгөн хадистер рыбаят кылынган.

**1) <u>Көркөм эсептеле турган кулктар:</u>**

**а) <u>Уяттуулук:</u>**

- Ибн Умар ﷺ рыбаят кылышынча, Пайгамбар ﷺ бир ансарий боордошторуна уят жөнүндө насаат кылып жатканда өтүп калып: **«Айта берсин, себеби, уят ыймандан»**, - деди (муттафакун алайх).
- Имрон ибн Хусайн рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ: **«Уят жакшылык гана алып келет»**, - деди (муттафакун алайх).
- Абу Хурайра рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Ыйман алтымыш канча бутакка бөлүнөт. Анын эң абзели «Алладан башка илах жок» деш. Эң төмөнкүсү жолдон азар бере турган нерсени алып таштоо. Уят да ыймандын бир бөлүгү».** Дагы бир рыбаятта **«жетимиш канча бутакка»** деп келет.

**б) <u>Жумшактык, чыдамкайлык, кичипейилдик:</u>**

- Ибн Аббас жана Абу Саъид Худрийден рыбаят кылынган хадисте Пайгамбар ﷺ Ашаж Абдул Кайска: **«Сенде Алла жакшы көрө турган эки касиет бар, алар: жумшактык жана чыдамкайлык»,** - деди. Муслим рыбаяты.
- Айша ﷺ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ: **«Алла кичипейил,** (Ал) **бардык иште кичипейилдикти жакшы көрөт»,** - деген (муттафакун алайх).
- Айша ﷺ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ: **«Алла кичипейил, кичипейилдикти жакшы көрөт, оройлук аркылуу жетиштирбеген нерсесине о.э. таптакыр башка нерсе аркылуу жетишпеген нерсесине кичипейилдик аркылуу жетиштирет»,** - деген. Муслим рыбаяты.
- Айша ﷺ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ: **«Кайсыл бир иште кичипейилдик болсо, аны коздойт. Кайсы бир иштен кичипейилдик кетсе, аны айыптуу кылып коёт»,** - деген. Муслим рыбаяты.
- Жарир ибн Абдулла ﷺ Пайгамбар ﷺдын: **«Ким кичипейилдиктен куржалак болсо, жакшылыктан куржалак болот»**, - дегенин уккан элем дейт.

• Айша ﵂ Пайгамбар ﷺдын мына ушул үйүмдө: **«Я Аллахым, кимде-ким үммөтүмө бирер иште жетекчи болуп, аларга оройлук кылса, Сен да ага оройлук кылгын, кимде-ким бирер иште үммөтүмө жетекчилик кылып, аларга кичипейил болсо, Сен да ага кичипейил болгун»,** - дегенин укканмын дейт. Муслим рыбаяты.

**в) <u>Ыраскөйлүк, садыктык</u>** <u>(чынчылдык, чыныгы берилгендик)</u>**:**

• Алла Таала айтат:

يَاأَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا اتَّقُوا اللَّهَ وَكُونُوا مَعَ الصَّادِقِينَ ﴿١١٩﴾

*- «Эй момундар, Алладан корккула жана ыймандарында чынчыл болгон заттар менен бирге болгула»,* [9:119]

فَلَوْ صَدَقُوا اللَّهَ لَكَانَ خَيْرًا لَهُمْ ﴿٢١﴾

*- «Эгер алар Аллага (ыйман келтирүү жана Анын согуш кылуу жөнүндөгү буйругуна моюн сунууда) садык болушканда, албетте, өздөрү үчүн жакшыраак болор эле».* [47:21]

• Ибн Масъуд рыбаятында Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Чынчылдыкты бекем кармагыла. Себеби, чынчылдык жакшылыкка, жакшылык болсо бейишке алып барат. Эгер киши чын сүйлөп, чынчылдыкка риоя кылып бара берсе, барып-барып Алланын алдында сыддык болуп жазылып калат...»** (муттафакун алайх).

• Каъб ибн Малик рыбаят кылышынча, ал Табук казатында Пайгамбар ﷺдан аркада калган убакта мындай деген экен: «Я Расулулла, мага Алла чынчылдыгым себептүү нажат берди. Эми эгер тирүү болсом эле, жалаң гана жана да жалаң гана чын сөздү сүйлөшүм менин бир тооба кылышым болсун...» (муттафакун алайх).

• Хасан ﵁ рыбаят кылышынча, Алий ﵁ Пайгамбар ﷺдан: **«Сени күмөнгө салып жаткан нерсени күмөнгө салбай турган нерсеге коюп бер, анткени, чындык – кадыржамдык, жалган болсо – күмөндөнө берүү»**, - деген хадисти жаттап алганмын дейт.

• Абдулла ибн Амр рыбаят кылат: **«Я Расулулла, кайсы адам фазилаттуурак?» деп сурашты. Айтты: «Дили таза, тили чынчыл адам». «Тили чынчылдыгын го билебиз, дили таза кандай болот?» делди. «Ал бир пакиза, такыбадар адам болуп, анда бир да кылмыш, бир да зордукчулук, бир да оор алуу жана бир да көрө албастык жок», - деди Пайгамбар ﷺ».**

• Абу Бакр Сыддык рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ: **«Чынчылдыкты бекем кармагыла, себеби, ал жакшылык менен бирге, экөөсү тең бейиште...»,** - деген. Ибн Хиббан, Табароний чыгарган.

• Абу Саъид Худрий ﷛ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ: **«Чынчыл-адал соодагер пайгамбарлар, сыддыктар, шейиттер менен бирге»**, - деген. Термизийден.

**г) <u>Сөздү билип сүйлөө, жеткизип жаткан сөзүн терең текшерип көрүү:</u>**

• Алла Таала айтат:

وَلاَ تَقْفُ مَا لَيْسَ لَكَ بِهِ عِلْمٌ

*- «(Эй адам) өзүң анык билбеген нерсеге ээрчибе!»,* [17:36]

مَا يَلْفِظُ مِنْ قَوْلٍ إِلاَ لَدَيْهِ رَقِيبٌ عَتِيدٌ ﴿١٨﴾

*- «Ал бирер сөздү сүйлөбөйт, магар, анын алдында даяр турган бир күзөтүүчү (периште ал сөздү жазып алат)».* [50:18]

• Абу Хурайра ﷛ рыбаятында Пайгамбар ﷺ: **«Уккан сөзүн сүйлөй бериши кишинин жалганчылыгына жетиштүү болот»,** - деген. Муслим рыбаяты.

**д) <u>Ширин сөздүүлүк:</u>**

• Адий ибн Хотам ﷛ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ: **«Жарым курма менен болсо да тозоктон сактангыла. Кимде-ким аны таба албаса, ширин сөз менен сактансын»**, - деген (муттафакун алайх).

• Абу Хурайра ﷛ рыбаятында Пайгамбар ﷺ: **«Ширин сөз – садака»**, - деген (муттафакун алайх).

• Абдулла ибн Амр рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ: **«Бейиште сырты ичинен, ичи болсо сыртынан көрүнүп тура турган бир бөлмө бар», - деди. Ошондо Абу Малик Ашхарий: «Ал ким үчүн, Я Расулулла?» - деп сурады. Пайгамбар ﷺ: «Ал сөзүн ширин кылган, тамак берген, адамдар уктап жатканда түндү ибадат менен уйкусуз өткөзгөн адам үчүн», - деп жооп берди».**

**е) <u>Ачык маанайлуу болуу:</u>**

• Абу Заррр ﷛ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ: **«Арзыбас бир жакшылыкты да көзгө илбей өтпөгүн, мейли, ал боордошуңа ачык маанай менен кезигүү болсо да»,** - деген.

• Жобир ибн Абдулла ﷛ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Ар бир жакшылык – садака. Боордошуңа**

**ачык маанай менен кезигишиң да, анын идишине чакаңдан суу куюп беришиң да жакшылык»**.

- Абу Зарр ﷺ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ: **«Боордошуңдун жүзүнө карап жылмайышың садака...»**, - деген.
- Абу Жаро ал-Хажимий рыбаят кылат: **«Пайгамбар ﷺдын алдына барып: «Я Расулулла, биз чөлдүк калкпыз, бизге бирер нерсени үйрөтүңүз, Алла аны биз үчүн пайдалуу кылсын», - дедим. Ошондо Пайгамбар ﷺ: «Аз гана жакшылыкты да көзгө илбей өтпөгүн, ал чакасынан суу сурагандын идишине суу куюп берүү болсо да, ал боордошуңа ачык маанай менен сүйлөшүң болсо да...», - деди**.

**ж) Жалаң гана жакшы сөздү сүйлөө же жөн туруу:**

- Абу Хурайра ﷺ рыбаят кылган хадисде Пайгамбар ﷺ мындай деди: **«Ким Аллага жана акырет күнүнө ишенсе, жакшы сөз сүйлөсүн же тим турсун»**.
- Барро ибн Озиб ﷺ рыбаят кылат: Бир аърабий Пайгамбар ﷺдын алдына келип: «Мага бейишке алып кире турган амалды үйрөтүңүз», - деди. Ошондо ал киши: **«Мен хутбаны кыска кылсам да, маселени кең кылып беремин: Кул азат кыл; буга күчүң жетпесе, курсагы ачка тамак, чаңкаганга суу бер; жакшылыкка буюруп, жамандыктан кайтар; буга да күчүң жетпесе, тилиңди тый, жалаң гана жакшы сөздөрдү сүйлө»**, - деди.
- Савбан ﷺ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ: **«Тилин тыя алган, үйү батырган, катасына ыйлаган адамга бейиш болсун»** деген.
- Билал ибн Харис Музаний ﷺ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Бир киши Алла ыраазы боло турган бир сөздү сүйлөйт. Бул сөзү каерлерге жетип барышын ойлоп да көрбөйт. Алла Таала ага ушул сөзү үчүн Өзүнө туш боло туган күнгө чейин Өз ыраазылыгын жазат. Дагы бир киши Алла каардана турган бир сөздү сүйлөйт. Бул сөзү каерлерге жетип барышын ойлоп да көрбөйт. Алла ага ушул сөзү үчүн Өзүнө туш боло турган күнүнө чейин Өз каарын жазат»**.
- Муаз ибн Жабал ﷺ рыбаят кылат: **«Бир сапарда Пайгамбар ﷺ менен бирге элем. Бир күнү бара жатып, ал кишиге жакын барып калыптырмын. «Я Расулулла, мага мени бейишке алып кире турган жана тозоктон алыстата**

**турган амалды айтып бериңиз» - дедим. ...Кийин мага: «Булардын баарына жетишүүнүн жолун да айтып берейинби?» - деди. Мен: «Ооба, айтып бериңиз, я Расулулла», - дедим. Ал киши «Мына мунуңды тый» деп тилине ишара кылды. Мен: «Эй Алланын Пайгамбары, сүйлөгөн сөзүбүз үчүн да жазаланабызбы?» - деген элем: «Сен өлүп, энең ыйлап калгыр-ээ! Адамдарды тозокко жүзтөмөн жыга турган же мурундарынан тартып кире турган нерсе тилдеринин махсулаттарынан (т.а. жалган жалаа, жаман сөздөрүнөн) башка нерсе эмес», - деди».** Ахмад, Термизий, Насаий, Ибн Можа рыбаяты.

**з) <u>Вафа</u>** <u>(Бапаадарлык)</u>**:**

- Алла Таала айтат:

يَاأَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا أَوْفُوا بِالْعُقُودِ

*- «Эй момундар, ахдга (т.а. өз ара келишишкен келишимге) бапаа кылгыла!»,* [5:1]

وَأَوْفُوا بِالْعَهْدِ إِنَّ الْعَهْدَ كَانَ مَسْئُولاً ﴿٣٤﴾

*- «Ахдга бапаа кылгыла, анткени, ахд (кыямат күнү) жоопкер болуна турган иш».* [17:34]

**и) <u>Кудай үчүн ачуулануу:</u>**

- Алий ибн Абу Талиб ﷺ рыбаят кылат: **«Пайгамбар ﷺ мага кийим кийгизди, ошол кийимде чыккан элем, ал кишинин жүзүнөн ачууну көрдүм. Кийин аны жыртып, аялдарыма бөлүп бердим»** (муттафакун алайх).
- Абу Масъуд Укба ибн Амр Бадрий ﷺ рыбаят кылат: **«Бир киши Пайгамбар ﷺдын алдына келип: «Баланча себептүү мен багымдат намазына кечигип келемин, ал узартып жиберет», - деди. Пайгамбар ﷺдын эч бир мавъизаларында ошол күнкүдөй ачууланганын көрбөгөнмүн. Ошондо: «Эй адамдар, айрымдарыңар адамдарды динден бездирип коюп жатышат. Кайсыл бириңер адамдарга имамдык кылса, кыска кылсын. Себеби, анын аркасында карылар, майыптар, кажаттуулар бар», - деди»**.
- Айша ﷺ рыбаят кылат: **«Пайгамбар ﷺ сапардан келгенде (ойной турган топ) таштарымды айкелдердин сүрөтү бар кызыл шейшеп менен бекиттим. Аны көрүп жыртып таштады жана өңү өзгөрүп: «Эй Айша, кыямат күнүндө Алланын алдында эң катуу азаптала турган кишилер жаратуучулукта Аллага окшомокчу болгон кимселер», - деди».** (муттафакун алайх)

**к) <u>Момундар жөнүндө жакшы ойдо болуу:</u>**

- Алла Таала айтат:

لَوْلاَ إِذْ سَمِعْتُمُوهُ ظَنَّ الْمُؤْمِنُونَ وَالْمُؤْمِنَاتُ بِأَنفُسِهِمْ خَيْرًا

*- «(Эй момундар), силер (ал жалааны) уккан убагыңарда момундар жана муминалар бири-бирлери жөнүндө жакшы ойдо болсо болбос беле?!».* [24:12]

**л) <u>Жакшы кошуначылык кылуу:</u>**

Алла Таала айтат:

وَاعْبُدُوا اللَّهَ وَلاَ تُشْرِكُوا بِهِ شَيْئًا وَبِالْوَالِدَيْنِ إِحْسَانًا وَبِذِي الْقُرْبَى وَالْيَتَامَى وَالْمَسَاكِينِ وَالْجَارِ ذِي الْقُرْبَى وَالْجَارِ الْجُنُبِ وَالصَّاحِبِ بِالْجَنْبِ وَابْنِ السَّبِيلِ وَمَا مَلَكَتْ أَيْمَانُكُمْ

*- «Аллага пенделик кылгыла жана Ага эч нерсени шерик кылбагыла. Ата-энеңерге о.э. тууган-урук, жетим жана мискин-бечараларга, тууган коңшу жана бөтөн коңшуга, жаныңардагы жолдошуңарга, мусапыр-жолоочуга жана колуңардагы кулдарыңарга жакшылык кылгыла».* [4:36]

- Ибн Умар жана Айша ﵄ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ: **«Жабраил мага адеп** (кайра-кайра) **коңшу жөнүндө сунуштар бере бергенинен, коңшу да мурас ала турган болсо керек деген ойго чейин жетип бардым»**, - деген (муттафакун алайх).
- Абу Шурайх Хузоий рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ: **«Кимде-ким Аллага жана акырет күнүнө ишенсе, коңшусуна жакшылык кылсын»**, - деген. Бухарий рыбаятында: **«Коңшусун сыйласын»** делет (муттафакун алайх).
- Анас ﵁дан рыбаят кылынган хадисте Пайгамбар ﷺ: **«Жаным Анын колунда болгон Затка касамки, бир пенде өзү үчүн жакшы көргөн нерсесин коңшусу же боордошу үчүн да жакшы көрмөйүнчө момун болбойт»**, - деген. Муслимден.
- Абдулла ибн Амр ﵁дан рыбаят кылынган хадисте Пайгамбар ﷺ: **«Алланын наздында достордун жакшысы – досу үчүн жакшы болгону, Алланын наздында коңшулардын жакшысы – коңшусу үчүн жакшы болгону»**, - деген. Ибн Хузайма ибн Хиббан, Хаким рыбаяттары.
- Саъд ибн Абу Ваккас ﵁нын рыбаятында Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Төрт нерсе бакыттын белгиси: солиха аял, кең үй, жакшы коңшу жана ыңгайлуу улоо».** ибн Хиббан жана Ахмад рыбаяттары.

- Нофеъ ибн Хорис рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ: **«Жакшы коңшу, ыңгайлуу улоо жана кең үй – кишинин бактысы»,** - деген. Ахмад рыбаяты.
- Абу Заррдан рыбаят кылынган хадисте Пайгамбар ﷺ: **«Эй Абу Зарр, шорпо бышырсаң, сууну көбүрөөк куй, коңшуларың менен тең бөлүш»**, - деген. Муслимден.
- Абу Хурайра ﷺдан рыбаят кылынган хадисте Пайгамбар ﷺ: **«Эй мусулман аялдары, аял киши коңшу аялды төмөн санабасын, мейли, алар кой багар болушса да»**, - деген.
- Айша ﷺ рыбаят кылат: «Я Расулулла, менин эки кошунам бар, кайсы бирине нерсе берем - деп сураган элем: **«Кайсыл биринин эшиги сага жакыныраак болсо, ошонусуна»**, - деп жооп берди». Бухарийден.

**<u>м) Аманаттуулук:</u>**

- Алла Таала айтат:

إِنَّ اللَّهَ يَأْمُرُكُمْ أَنْ تُؤَدُّوا الآمَانَاتِ إِلَى أَهْلِهَا

*- «Албетте Алла силерди аманаттарын өз ээлерине тапшырууга буюрат».* [4:58]

- Хузайфа ﷺ рыбаят кылат: «Нажрам калкы Пайгамбар ﷺдын алдына келишип: «Бизге бир аманаттуу (аманатка кыянат кылбаган) адамды жибериңиз», - дешти. Ошондо Пайгамбар ﷺ: **«Силерге чыныгы аманаттуу адамды жиберемин»,** - деди. Бардыгы ошол (Пайгамбар алайхиссалам айткан адам) болуп калууга умтулуп жатты. Ошондо ал киши Абу Убайда ибн Жаррохту жиберди» (муттафакун алайх).
- Абу Зарр ﷺ рыбаят кылат: «Мен: **«Я Расулулла, мени да аким кылбайсызбы?» - дедим. Ал киши далымдан таптап: «Эй Абу Зарр, сен заиф-алсызсың. Муну аманат деп коюшат. Эгер кимде-ким аны жетиштүү даражада этибар менен кабыл алып, үстүнө жүктөлгөн милдетти өтөбөсө, кыямат күнүндө ал шерменделик жана өкүнүчкө айланат», - деди».** Муслимден.
- Хузайфа ибн Яман ﷺдан рыбаят кылынышынча, ал киши мындай дейт: Бизге Пайгамбар ﷺ эки хадисти айткан эле, мен алардын бирин көрдүм, экинчисин болсо күтүп жатамын. Пайгамбарыбыз ﷺ бизге мындай деди: **«Аманат эр кишилердин жүрөгүнүн төрүнө жайгашкан...»** (муттафакун алайх).
- Абу Хурайра ﷺ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ айланасындагы үммөткө мындай деген: **«Мага алты нерсеге кепилдик бергиле, мен силер үчүн бейишке кепил**

**боломун». Мен: «Алар кайсылар, я Расулулла?» деп сураган элем: «Намаз, зекет, аманат, фарж, курсак жана тил», - деп жооп берди».**

Аманат – бул шаръий сунуштар. Дагы бир сөздө «аларга моюн сунуу» делген. Ал бардык буйрук жана чектөөлөрдү өз ичине алат. Халифа, волий, аким, казы, шоро межлисинин мүчөсү, аскер амири, элчи, намаз окуучу, орозо тутуучу, ажылык кылуучу, зекет берүүчү, даъват кылуучу, адамдарга жакшылыкты үйрөтүүчү, илим алуучу, муфтий, вакфтын мутаваллийси, байтул-малдын ээси, сатуучу, чамалоочу, зекеттер боюнча иш жүргүзүүчү, хиражий жерлердин башкаруучусу, мужтахид, мухаддис, муаррих, саясат жазуучу, олжолор боюнча иш жүргүзүүчү, ишкана мүдүрү, өкүлдүк берүү министри, аткаруу министри, котормочу, мектептеги балдардын окутуучусу, үй-бүлөсүн башкарып жаткан эркек, эрдин үйүнө карап турган аял, табып, төрөтүүчү, дары сатуучу, эмизүүчү, шериктик кылуучу, ижарага алуучу, дорул хилафаттын мүдүрү, анын кол астындагы мүдүрлөр: соода-сатык мүдүрү, мейманкана мүдүрү, ашкана мүдүрү, коргоо бөлүмүнүн мүдүрү.., аң уулоочу, аялы тарапка өтүп жаткан киши, сыр сактоочу, кабарчы, кабарлар терүүчү, кызмат талабы менен телефон жана интернетте адамдардын кабарларын уга турган журналист жана башкалардын – бардык-бардыгынын мойнуна аманат жүктөлгөн. Демек, аманаттын шааниси улуу, майданы кең. Аз же көп болобу, чоң же кичине болобу, мукаллаф андан жоопкерчиликсиз калбайт.

**н) <u>Такыба кылуу жана күмөндөнбөө</u>**

- Хузайфа ибн Яман рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ **«Илим фазилаты ибадат фазилатынан жакшыраак, диниңердин эң жакшысы – такыба»**, - деген.
- Нуъман ибн Башир ؓ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Адал анык жана айкын. Арам да анык жана айкын. Алардын ортосунда күмөндүү нерселер бар болуп, көп адамдар муну билишпейт. Кимде-ким күмөндөрдөн этияттанса, дини менен аброюнун тазалыгын сактап калыптыр. Кимде-ким күмөндөргө түшүп калса, арамга түшүп калыптыр.** (Анткени, ал) **корук айланасында кой багып жүргөн чабанга окшойт,** (анын) **койлору ошол тарапка оттоп кетейин дейт. Билип койгула, ар бир падышанын бир коругу бар. Билип койгула, Алланын коругу – Ал арам кылган иштер. Билип койгула, денеде бир тилке эт бар, эгер ал оңолсо бүткүл дене оңолот, эгер ал бузулса, бүткүл дене бузулат. Билип койгула, ал – жүрөк»** (муттафакун алайх).

• Наввас ибн Самъан ﷺ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ: **«Жакшылык-сооп – көркөм кулк, күнөө болсо – ичиңди өйүп, адамдар билип калышынан чоочуган ишиң», - деди»**. Муслимден.

• Вабиса ибн Муаб映бад ﷺ рыбаят кылат: **«Сооптон да, күнөөдөн да эч нерсени калтырбастан баарын сурамакчы болуп Пайгамбар ﷺдын алдына барган элем, мага: «Жакынырaак кел, эй Вабиса», - деди. Мен ал кишиге жакын бардым. А түгүл, тизем тизелерине тийди. Мага: «Эй Вабиса, эмнени сурап келгениңди айтайынбы?» - деди. Мен: «Ооба, я Расулулла, айтыңыз», - дедим. Ал киши: «Сооп жана күнөө жөнүндө сураганы келдиң», - деди. Мен «Ооба» дедим. Үч манжасын топтоп, алар менен көкүрөгүмө нукуп: «Эй Вабиса, дилиңден фатва сура. Адамдар ар канча фатва бербесин, сооп – бул ичиңе тынчтык, жүрөгүңө кадыржамдык берген нерсе. Күнөө болсо, жүрөгүңдө түйүн болуп, ичиңде экиленүүнү пайда кылган иш», - деди».** Ахмад рыбаят кылган.

• Абу Саълаба Хошоний ﷺ рыбаят кылат: **«Мен: «Я Расулулла, мага эмне адал, эмне арамдыгын айтып бериңиз» дедим эле, ал киши: «Муфтийлер ар кимге фатва бербесин, сооп – бул ичиңе тынчтык, жүрөгүңө кадыржамдык берген нерсе, күнөө болсо ичиңе тынчтык, жүрөгүңө кадыржамдык бербеген нерсе», - деди».**

• Анас ﷺ рыбаят кылат: **«Пайгамбар ﷺ жолдон бир курма таап алып: «Эгер мунун садака болушу мүмкүндүгүнөн коркпогонумда, аны жеген болор элем», - деди».**

• Хасан ибн Алий ﷺ рыбаят кылат: Пайгамбар ﷺдан: **«Сени күмөнгө салып жаткан нерсени күмөнгө салбай турган нерсеге коюп бер»**, - деген хадисти жаттап алдым. Термизий, ибн Хиббан рыбаяты.

• Атийя ибн Урва Саъдий ﷺдан рыбаят кылынган хадисте Пайгамбар ﷺ: **Пенде «эч нерсе болбойт» деген нерсесин, бир нерсе болуп кала элегинде этияттанып таштамайынча, такыбадарлардан болуу даражасына жетпейт,** - деген. Хакимден.

• Абу Умома ﷺ рыбаят кылат: **«Бир киши Пайгамбар ﷺдан «Күнөө эмне» деп сураган эле: «Эгер ичиңде бир нерсе түйүн болуп туруп калса, аны таштагын», - деди. «Ыйман эмне?» деп сураган эле: «Эгер жаман ишиң сени капа**

**кылса, жакшы ишиң кубандырса, демек, сен момунсуң», - деди».** Ахмаддан.

**о) <u>Аалымдарды, фазилдерди, жана жашы улууларды урматтоо:</u>**

Алла Таала айтат:

قُلْ هَلْ يَسْتَوِي الَّذِينَ يَعْلَمُونَ وَالَّذِينَ لاَ يَعْلَمُونَ إِنَّمَا يَتَذَكَّرُ أُوْلُوا الأَلْبَابِ ﴿٩﴾

*- «Айткын: «Биле турган заттар менен билбей турган кимселер барабар болушабы?! Чындыгында, акыл ээлери гана насаат алышат».* [39:9]

- Жобир ﷺ рыбаят кылат: Пайгамбар ﷺ Ухудда курман болгондордон эки кишини катар коюп: **«Кайсы бири Куранды көбүрөөк кармачу эле?» - деп сурады. Алардын бири көрсөтүлсө, ошонусун мурун лахадга** (кабырына) **коюп жатты».** Бухарийден.
- Ибн Аббас ﷺ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ: **«Береке чоңуңарда** (жашы улууңарда)**»**, - деген. Хаким, ибн Хиббандан.
- Абдулла ибн Умар ﷺ рыбаят кылган хадисде Пайгамбар ﷺ: **«Кичүүбүзгө ырайым кылбаган жана улуубуздун акысын билбеген адам бизден эмес»**, - деди. Хакимден.
- Уббода ибн Сомит ﷺ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ: **«Улуубузду улуулабаган, кичүүбүзгө ырайым кылбаган жана аалымыбыздын акысын билбеген адам менин үммөтүмдөн эмес»**, - деди. Ахмад рыбаяты.
- Амр ибн Шуайб атасынан, ал чоң атасынан рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ: **«Кичүүбүзгө ырайым кылбаган жана улуубуздун ызатын билбеген адам бизден эмес»,** - деген. Ахмад, Термизий, Абу Довуд жана Бухарийлерден.
- Абдулла ибн Масъуд ﷺ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ: **«Менин жанымда силерден эрезеге жеткендер, ой жүгүртө алгандар турушсун, кийин алардын жакынындагылар - деп үч жолу айтып (акырында) - базарлардын шоокум-сүрөөндөрүнөн алыс жүргүлө»**, - деп (кошуп) койду. Муслимден.
- Абу Саъид Сумро ибн Жундуб ﷺ рыбаят кылат: «Мен Пайгамбар ﷺдын доорунда жаш бала элем. Ал кишиден хадистерди жаттап алар элем. Жаныбызда менден жашы улуу кишилер болгон кездерде гана мени сүйлөөдөн кайтарар эле» (муттафакун алайх).
- Абу Муса ﷺ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Кары мусулманды сыйлоо, Куранды чегинен чыкпастан, таштабастан жаттаган хофизи Куранды сыйлоо,**

**адилеттүү султанды сыйлоо Алланы улуулоого кирет».** Абу Довуд рыбаят кылган.

**п) <u>Боордошун өзү менен тең көрүү жана өзүнөн жогору коюу:</u>**

- Абу Хурайра ﷺ рыбаят кылат: **«Бир киши Пайгамбарыбыз ﷺдын алдына келип, алдан тайганын айтты. Аялдарынын бирине адам жиберди эле, аялы «Сизди акыйкат менен жиберген затка касамки, менде суудан башка эч нерсе жок» дептир. Экинчи аялына адам жиберди эле, ал да ошондой дептир. Айтор, бардык аялдары кудум ушундай: «Сизди акыйкат менен жиберген затка касамки, менде суудан башка эч нерсе жок», - дешиптир. Ошондо Набий ﷺ: «Бул адамды ушул түнү ким мейман кылат?» - деди. Бир ансарий «Мен, я Расулулла» деп, аны үйүнө алып барып, аялына: «Расулулла ﷺдын мейманын сыйлагын», - деди. Дагы бир рыбаятта аялынан: «Үйүңдө бирер нерсең барбы?» - деп сурады. Ал: «Балдардын тамагынан башка эч нерсе жок», - деп жооп берди. «Аларды бирер нерсе менен жубат, тамактанмакчы болушса, уктатып кой, мейман киргенде чыракты өчүр, ага тамактанып жаткандай болуп көрүнөлү», - дейт. Алар отурушту. Мейман тамактанды. Эрди-катын болсо ачка абалдарында түндү өткөрүштү. Таң аткан соң, Пайгамбар ﷺдын алдына барганда, ал киши: «Ушул түнү мейманыңарга кылган ишиңерге Алла таң калды», - деди»** (муттафакун алайх).
- Абу Хурайра ﷺ рыбаят кылган хадисте Пайгамбарыбыз ﷺ: **«Эки кишинин тамагы үч кишиге да жетет. Үч кишинин тамагы төрт кишиге да жетет»**, - деген (муттафакун алайх).
- Абу Саъид Худрий ﷺ рыбаят кылат: **«Биз бир сапарда Пайгамбарыбыз ﷺ менен бирге элек. Бир киши улоодо келип, оңго-солго жалдырай карады. Ошондо Пайгамбарыбыз ﷺ: «Кимдин муктаждык мүлктөрүнөн артыкчасы болсо, муктаждык мүлктөрү жок адамга берсин, кимдин ашыкча тамак-ашы болсо, тамак-ашы жок адамдарга берсин» - деп, бир нече түр мүлктөрдү айтып өттү. Карасак, жанагы адам бирибиздин ашыкча нерсебизге келип кошулду».** Муслимден.
- Абу Муса рыбаят кылган хадисте Пайгамбарыбыз ﷺ мындай деген: **«Ашъарийлер казатта тул калса, же шаардагы үй-бүлөлөрүнүн тамак-ашы азайып кетсе,**

**өздөрүндөгү бар нерсени бир кийимге топтошот да, кийин өз ортолорунда бир идиште баарына теппе-тең кылып бөлүштүрөт. Демек, алар менден жана мен алардანмын»** (муттафакун алайх).

**р) <u>Жоомарт болуу жана жакшы иштерге каражаттар жумшоо:</u>**

- Алла Таала айтат:

وَمَا أَنفَقْتُمْ مِنْ شَيْءٍ فَهُوَ يُخْلِفُهُ

*- «Кайсы бир нерсени инфак-эхсан (кайыр-садака) кылсаңар, анда, (Алла) анын ордун толтурат»,* [34:39]

وَمَا تُنفِقُوا مِنْ خَيْرٍ فَلِأَنفُسِكُمْ وَمَا تُنفِقُونَ إِلاَ ابْتِغَاءَ وَجْهِ اللَّهِ وَمَا تُنفِقُوا مِنْ خَيْرٍ يُوَفَّ إِلَيْكُمْ وَأَنْتُمْ لاَ تُظْلَمُونَ ﴿٢٧٢﴾

*- «Кандай жакшылык (нерсе) инфак-эхсан кылсаңар, анда өзүңөр үчүн. Алланын жүзүн каалап жакшылык инфак-эхсан кылгыла. Кылган ар бир жакшылыгыңар силерге зулум кылынбаган абалында өзүңөргө толук-түгөл кайтарылат»,* [2:272]

وَمَا تُنفِقُوا مِنْ خَيْرٍ فَإِنَّ اللَّهَ بِهِ عَلِيمٌ ﴿٢٧٣﴾

*- «Кандай жакшылык кылсаңар, албетте, Алла аны билүүчү»,* [2:273]

وَأَنْفِقُوا مِمَّا جَعَلَكُمْ مُسْتَخْلَفِينَ فِيهِ فَالَّذِينَ آمَنُوا مِنْكُمْ وَأَنْفَقُوا لَهُمْ أَجْرٌ كَبِيرٌ ﴿٧﴾

*- «О.э. Ал зат силерди халифа кылып койгон нерселерден (т.а. убактылуу колуңарда турган, эртең бир күн келип силер кааласаңар да, каалабасаңар да башкалардын колуна өтүп кете турган Алла берген мал-дөөлөттөн) инфак-эхсан кылгыла! Эми, силерден ыйман келтирген жана инфак-эхсан кылган заттар үчүн чоң ажр-сыйлык бар»,* [57:7]

وَأَنْفَقُوا مِمَّا رَزَقْنَاهُمْ سِرًّا وَعَلاَنِيَةً

*- «Биз ырыскы кылып берген нерселерден жашыруун жана ашкере инфак-эхсан кылган заттар»,* [13:22]

لَنْ تَنَالُوا الْبِرَّ حَتَّى تُنْفِقُوا مِمَّا تُحِبُّونَ

*- «Жакшы көргөн нерселериңерден инфак-эхсан кылып бермейинче, эч качан жакшылыкка жетпейсиңер»,* [3:92]

مَثَلُ الَّذِينَ يُنفِقُونَ أَمْوَالَهُمْ فِي سَبِيلِ اللَّهِ كَمَثَلِ حَبَّةٍ أَنْبَتَتْ سَبْعَ سَنَابِلَ فِي كُلِّ سُنْبُلَةٍ مِائَةُ حَبَّةٍ وَاللَّهُ يُضَاعِفُ لِمَنْ يَشَاءُ وَاللَّهُ وَاسِعٌ عَلِيمٌ ﴿٢٦١﴾

*- «Алла жолунда мал-мүлктөрүн инфак-эхсан кылган кишилердин мисалы кудум ар бир машагында жүздөн даны болгон жети машакты өндүрүп чыгарган бир данга окшойт. Алла каалаган кишилерине бир нече эсе кылып берет. Алла (жоомарт-берешендиги) кең, билүүчү»,* [2:261]

وَمَثَلُ الَّذِينَ يُنفِقُونَ أَمْوَالَهُمُ ابْتِغَاءَ مَرْضَاةِ اللَّهِ وَتَثْبِيتًا مِنْ أَنْفُسِهِمْ كَمَثَلِ جَنَّةٍ بِرَبْوَةٍ أَصَابَهَا وَابِلٌ فَآتَتْ أُكُلَهَا ضِعْفَيْنِ فَإِنْ لَمْ يُصِبْهَا وَابِلٌ فَطَلٌّ وَاللَّهُ بِمَا تَعْمَلُونَ بَصِيرٌ ﴿٢٦٥﴾

*- «Мал-мүлктөрүн Алланын ыраазылыгын көздөп жана дилдеринде бекем ишенип сарп кыла турган заттардын мисалы, кудум нөшөрлөп куйган жамгыр тийген соң, түшүмдү эки эсе кылган адырдагы бакка окшойт. Эми, эгер ага нөшөрлөп куйган жамгыр тийбеген болсо, себелеп жааган жамгыр да жетиштүү болот. Алла кылып жаткан амалыңарды көрүүчү»,* [2:265]

الَّذِينَ يُنْفِقُونَ فِي السَّرَّاءِ وَالضَّرَّاءِ وَالْكَاظِمِينَ الْغَيْظَ وَالْعَافِينَ عَنْ النَّاسِ

وَاللَّهُ يُحِبُّ الْمُحْسِنِينَ ﴿١٣٤﴾

*- «(Ал такыбадар заттар) жакшы-жаман күндөрдө инфак-эхсан кыла турган, ачууларын ичине жута турган, адамдардын (ката-кемчиликтерин) кечире турган кишилер. Алла мындай жакшылык кылуучуларды сүйөт».* [3:134]

- Ибн Масъуд ﵁ Пайгамбар ﷺдан рыбаят кылат: **«Эки кишиге гана суктанууга болот. Биринчиси, Алла ага мал-мүлк берген жана ал мал-мүлкүн акыйкат жолунда сарптаган киши. Экинчиси, Алла ага илим берген жана ал илимдин акысын өтөп башкаларга үйрөткөн киши»** (муттафакун алайх).

- Ибн Масъуд ﵁ рыбаят кылат: **«Пайгамбарыбыз ﷺ «Кайсы бириңер үчүн мал-мүлкүнүн мураскору мал-мүлкүнө караганда сүйкүмдүүрөөк?» - деп сурады. Сахабалар: «Я Расулулла, бизде андай адам жок. Баарыбыз үчүн мал-мүлкүбүз сүйкүмдүүрөөк», - дешти. Ошондо ал киши: «Бул дүйнө үчүн сарпталган мал-мүлктүн өзү сүйкүмдүүрөөк, акырет үчүн сарпталган мал-мүлктүн мураскору сүйкүмдүүрөөк», - деди».** Бухарий.

- Адий ибн Хотим рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ: **«Жарым буудай менен болсо да тозоктон сактангыла»**, - деген (муттафакун алайх).

- Абу Хурайра ﵁ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Пенделер таң аттыра турган ар бир күндө эки периште түшүп, алардын бири: «Эй Аллахым, сахийге**

(жоомартка) **сарптаганынын ордуна башкасын бер» деп, экинчиси болсо: «Эй Аллахым, бакылга** (сараңга) **жоготуу бер», - деп дуба кылышат»** (муттафакун алайх).

- Абу Хурайра рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Алла Таала айтат: «Эй Адам баласы, сарпта, Мен да сага сарптаймын»** (муттафакун алайх).
- Дагы бир муттафакун алайх хадисте келет: **«Бир киши Пайгамбарыбыз ﷺдан: «Кайсы Ислам жакшы?» деп сурады. Ошондо: «Тамак беришиң жана тааныган-тааныбаганыңа салам беришиң», - деп жооп берди».**
- Абу Умома Содий ибн Ажалон рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Эй Адам баласы, сен үчүн артыкча нерсени сарптап жибергениң – жакшылык, алып калганың болсо – жамандык. Жетиштүү мал-дөөлөт менен чектелсең, жаман атты кылынбайсың. Өзүң багып жаткан адамдардан баштагын. Өйдө көтөрүлгөн кол ылдый түшкөн колдон жакшыраак»**. Муслимден.
- Абдулла ибн Амр рыбаят кылган хадисте Пайгамбарыбыз ﷺ мындай деген: **«Кырк касиет бар, алардын эң жогоркусу белек берүү. Кайсы бир амалды кыламын деген адам, алардын бирине сооп үмүтүндө, убада кылынган нерсеге ишенип туруп амал кылса, Алла Таала аны бейишке албетте киргизет».** Бухарийден.
- Абу Бакр Сыддык ؓнун кызы Асма рыбаят кылат: Мага Пайгамбар ﷺ: **«Кабыңдын оозун бууп койбогун, сага да каптарынын оозун бууп коюшат»,** - деди (муттафакун алайх).
- Абу Хурайра ؓ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Сараң менен жоомарт кишинин мисалы көкүрөгүнөн омуроосуна чейин соот кийген эки киши сыяктуу. Жоомарт марттык кылган сайын сооту кеңейип, бармактарын да жабууга чейин, изи калбай турган даражага чейин барат. Сараң сараңдык кылган сайын соотунун ар бир тогоосу өз жайына жабышып калып, кеңейтмекчи болот го, бирок, кеңейбейт»** (муттафакун алайх).
- Абу Хурайра ؓ рыбаят кылган хадисте Пайгамбарыбыз ﷺ мындай деген: **«Кимде-ким адал кесибинен бир курмачалык нерсени садака кылса,** (Алла жалаң гана адалды кабыл алат) **Алла аны оң колу менен кабыл алып – бирөөңөр тайын багып-өстүргөнү сыяктуу – тоодой болгонго чейин өстүрүп берет»** (муттафакун алайх).

**с) <u>Жахил-наадандан жүз үйрүү:</u>** Алла Таала айтат:

وَأَعْرِضْ عَنْ الْجَاهِلِينَ ﴿١٩٩﴾

*- «Жана наадандардан жүз үйрүгүлө!»,* [7:199]

وَإِذَا خَاطَبَهُمُ الْجَاهِلُونَ قَالُوا سَلَامًا ﴿٦٣﴾

*- «Наадан кимселер (беймаани) сөздөр кылган убакта да «аман болгула», деп жооп кыла турган кишилер (Рахмандын сүйүктүү пенделери)».* [25:63]

**т) <u>Итаат кылуу:</u>**

• Итаат кылуу эки түрдүү: Биринчиси, эч нерсе менен чектелбеген мутлак итаат (бүтүндөй моюн сунуу). Ал Алла жана Расулуна мутлак итаат кылуу. Экинчиси болсо, сооп иш менен чектелген болуп, ага күнөө иштерде итаат кылынбайт. Ал ата-энеге, эрге жана башкага итаат кылуу. Бул итааттардын экөөсү тең важып болуп, далилдери маалым жана кеңири белгилүү.

Жогорудагылар айрым мактоого ылайыктуу кулктар эле. **Эми төмөндө мазаммат кылынган (кайтарылган) кулктар туурасында токтолуп өтөбүз.**

**2) <u>Мазаммат кылынган кулктар</u>**

**а) <u>Жалганчылык:</u>**

• Ибн Масъуд рыбаят кылган хадисте Пайгамбарыбыз ﷺ айтат: **«... Жалганчылык жамандыкка, жамандык болсо тозоко алып барат. Киши жалган сүйлөй берсе, барып-барып Алланын назарында каззоб** (жалганчы) **болуп жазылып калат»** (муттафакун алайх).

• Хасан ибн Алий ؓ рыбаят кылат: Расулулла ﷺдын: **«Сени күмөнгө салып жаткан нерсени күмөндөнбөй турган нерсеге коюп бер, анткени, чынчылдык кадыржамдык, жалган болсо күмөндөнө берүү»**, - деген хадисин жаттап алдым». Термизийден.

• Муттафакун алайх хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Төрт иш бар, кимде алар болсо кырт мунафык болот. Кимде алардын бири болсо, таштаганга чейин анда мунафыктыктын бир касиети бар болот. Алар: аманатка кыянат кылуу, жалган сүйлөө, убадага турбоо, талкуулашканда арсыздык кылуу».**

• Абу Бакр ؓдан рыбаят кылынган хадисте Пайгамбарыбыз ﷺ: **«... Жалгандан узак жүргүлө, себеби, ал жамандык менен бирге, экөөсү тең тозокто»**, - деген. Ибн Хиббандан.

• Сумра ибн Жундуб ؓ рыбаят кылат: **«Пайгамбарыбыз ﷺ сахабаларына: «Силерден бирөөңөр Алла каалаганча икая**

**кылып бериши үчүн түш көрөбү?» деп көп айтар эле. Бир күнү эртең менен бизге: «Ээгинен кекиртегине чейин, мурдунан кекиртегине чейин, көзүнөн кекиртегине чейин жамандыкка баткан адам – эртең менен үйүнөн чыгып, мейкиндик кыйырларына жетерлик жалгандарды сүйлөгөн адам. Мен мындайларды жок кылганы келгенмин», - деди».** Бухарийден.

- Ибн Умар ﷺ рыбаят кылышынча Пайгамбар ﷺ: **«Көрбөгөн нерсесин көрдүм деш – жалгандардын жалганы»,** - деди. Бухарийден.
- Абу Хурайра ﷺ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Мунафыктын белгиси үчөө: Сүйлөсө жалган сүйлөйт, убада берсе тескерисин кылат, аманатка кыянат кылат»** (муттафакун алайх).
- Айша ﷺ рыбаят кылат: **«Пайгамбар ﷺ үчүн жалгандан көрө жаманыраак нерсе жок эле. Бул туурасында бирөө-жарымдан андай нерсени билип калгыдай болсо, анын тооба кылганын билгенге чейин аны дилинен чыгарып таштар эле».** Ахмад жана Хаким рыбаяттары.
- Абу Хурайра ﷺ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Үч тайпа адам бар, кыямат күнүндө Алла алар менен сүйлөшпөйт, аларды актабайт, аларга карабайт да, алар үчүн жан чыдагыс азап бар. Алар: зынакер чал, жалганчы падыша, кекирейген кембагал».** Муслимден.
- Бахз ибн Хаким атасынан, ал чоң атасы Муовия ибн Хайдадан рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ: **«Адамдарды күлдүрүү үчүн жалган сүйлөгөн кимсенин шору курусун, шору курусун, шору курусун»**, деди.
- Хаким ибн Хизам ﷺ рыбаят кылган хадисте Пайгамбарыбыз ﷺ мындай деген: **«Алды-сатты кылуучулар, ырас бөлүнүшпөгөн соң, ыктыярдуу. Эгер экөөсү тең чын сүйлөп, ачык айткан болсо, соодаларында береке болот. Эгер жалган сүйлөп, жашырган болсо, пайда болушу мүмкүн, бирок, сооданын берекесин учурушат, жалган ант малды өткөзгөнү менен кесибинин берекесин учурат»** (муттафакун алайх).
- Рифоа ибн Рофеъ ибн Малик ибн Ажалон Ризкий Ансарий ﷺ рыбаят кылат: **«Пайгамбар ﷺ менен бирге намаз окула турган жерге чыккан элем, ал киши адамдардын алды-сатты кылып жатканын көрүп: «Эй соодагерлер жамааты!» деди. Баары Пайгамбар ﷺга кулак салып, ал затка карай**

**бурулду. Ошондо ал киши: «Соодагерлер кыямат күнү алдамчылар болуп тирилишет, Алладан таква кылып, адалдык менен чын сүйлөп иш кылгандар мындан тышкары», - деди».** Термизий, ибн Можа.

- Абдуррахман ибн Шибл ؓ рыбаят кылат: «Пайгамбарыбыз ﷺ: **«Соодагерлер алдамчылар» деди. «Я Расулулла, Алла соода-сатыкты адал кылган го?» дешти. «Туура, бирок, алар ант ичип күнөөкөр болот. Сүйлөгөндө алдашат», -** деп жооп берди Пайгамбарыбыз ﷺ». Хакимден.
- Абу Зарр ؓ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: «**Үч тайпа адам бар, кыямат күнүндө Алла аларга карабайт. Аларды актабайт. Алар үчүн жан чыдагыс азап бар. Бул сөздү үч жолу кайталады. Ошондо мен: «Үмүтсүздүккө, ийгиликсиздикке учурашсын, алар кимдер, я Расулулла?» деп сурадым. «Этегин сүйрөлткөн, милдет кыла турган, жалган менен малын өткөзө турган кимселер», - деп жооп берди. Пайгамбарыбыз ﷺ**». Муслимден.
- Салман ؓ рыбаят кылган хадисте Пайгамбарыбыз ﷺ мындай деген: «**Үч тайпа адам бар, кыяматта Алла аларга карабайт: зынакер чал, кекирейген кембагал жана Алла берип койгон малды ант менен сатып алып, ант менен сата турган кимсе**». Табаронийден.
- Абу Хурайра ؓ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: «**Үч тайпа адам бар. Кыяматта Алла алар менен сүйлөшпөйт. Аларга карабайт дагы. Малын алган наркынан кымбатыраакка алдым деп ант ичкен жалганчы кимсе, асрдан кийин мусулман кишинин малын тартып алуу үчүн жалган ант ичкен кимсе, ашыкча сууну кызганып бербеген кимсе. Ал күндө Алла: «Ошондо колдоруң менен иштеп тапкан артыкча нерсеңди кызганып бербегениңдей, мына бүгүн Мен да сени Өз берешендигимден куру калтырамын (артыкча нерсемди бербеймин)», - дейт**». Бухарийден.
- Абу Саъид ؓ рыбаят кылат: Бир аъробий кой жетелеп өтүп калды. Ага «коюңду үч дирхамга сатасыңбы» дедим. Ал «Аллага касам, жок» деди. Кийин сатып жиберди. Бул иш Пайгамбар ﷺга айтылганда: «**Акыретин дүйнөсүнө сатып жиберди**», - деди. Ибн Хиббандан.

Жалган маселесине эки иштин байланышы бар:

<u>**Биринчиси:**</u> **Таврия кылуу жана таяп сүйлөө:** Мында сиз сырткы жана ички мааниге ээ болгон сөздү иштетип, ички-ботиний

маанини көздө тутасыз. Тыңдоочу болсо сырткы-зохирий маанини түшүнүп алат. Же болбосо, түз же өтмө маанидеги сөздү иштетип, өтмө маанини назарда тутасыз, угуучу болсо түз маанини түшүнүп алат. Бухарийдеги Анастын хадисинде келет: «**Абу Талханын уулу өлүп калды. «Бала кандай?» деп сурады эле, Умму Салим: «Деми тынчып калды, тынчтанып калды деп үмүттөнөмүн», - деди. Абу Талха аны чын сүйлөп жатат деп ойлоду**». Ибн Хиббандагы ибн Аббастын хадисинде келет: «**Абу Лахабдын колу куурасын» аяты түшкөндө, Абу Лахабдын аялы Пайгамбар ﷺдын алдына келди. Жанында Абу Бакр да бар эле. Аны көрүп: «Я Расулулла, ал уят-сыйытсыз аял, сизге азар берип коёбу деп корком, туруп кетсеңиз болор беле?» - деди. Пайгамбар ﷺ: «Ал мени көрбөйт», - деди. Ал келип Абу Бакрга: «Досуң мени шылдыңдап ыр айтыптыр» - деди. Абу Бакр: «Жок, ал ыр айтпайт», - деди. Жанагы аял: «Сени чынчыл деп билемин» деп кайтып кетти. Ошондо мен: «Сизди көрбөдү ээ, я Расулулла» дедим эле: «Бир периште канаты менен мени андан тосуп турду», - деди**». Ахмад жана Термизийдеги Анас ؓнун хадисинде келет: «**Зохир аттуу бир көчмөн киши Пайгамбар ﷺга чөлдөн белектер алып келип турар эле. Чыгып кетмекчи болгондо Пайгамбар ﷺ аны жолго даярдап коёр эле жана: «Зохир биздин көчмөнүбүз, биз болсо анын досторубуз», - деди. Аны жакшы көрөр эле. Ал жапалдаш бойлуу адам эле. Бир күнү ал келип, нерселерин сатып жаткан. Пайгамбар ﷺ арка тараптан барып кучактап алды. Ал көрбөй калып: «Коё бер, кимсиң?» деди. Кийин Пайгамбар ﷺ экендигин билип калып, дароо желкесин ал кишинин көкүрөгүнө басты. Пайгамбар ﷺ: «Ким кул алат?» деди. Ал: «Я Расулулла, Аллага касамки, мен касад малмын» деди. Ошондо Пайгамбар ﷺ: «Бирок, сен Алланын назарында касад эмессиң», - деди. Дагы бир айтымда: «Бирок, сен Алланын назарында кымбат баалуусуң»,** - деди. (Касад мал – өтүмсүз товар) Кыскасы, таврия кылса жана таяп сүйлөсө болот. Бухарий Имрон ибн Хусайндан, Байхакий Умар ибн Хаттаб ؓдан кылган рывайаттарында: **«Таяп сүйлөөдө жалгандан тыйылуу бар»** делген.

<u>**Экинчи:**</u> **Айтуу мүмкүн болгон жалган:** Бул иш үч жерде – согушта, адамдар арасын оңдоодо, эрди-катын ортосунда жайыз болот. Муслимде Абу ибн Муъиттин кызы Умму Гүлсүм ؓ рывайат кылат: «Үч жерде гана айтууга уруксат берилгенин укканмын. Т.а.

согушта, адамдар арасын оңдоодо, эр-аялына жана аял эрине сүйлөгөндө». Жобир ибн Абдулла рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ: **«Согуш – алдоо»** деген (муттафакун алайх). Язиддин кызы Асма рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ бир хутбасында мындай деген: **«Эй адамдар, отко жүткүнгөн көпөлөктөй жалганга жүткүнүүгө силерди эмне мажбур кылып жатат? Үч касиеттен башка ар бир жалган адам баласынын зыянына жазылат. Алар: аялын ыраазы кылуу үчүн жалган сүйлөгөн эр, согушта алдоо үчүн жалган сүйлөгөн киши жана эки мусулман арасын оңдоо үчүн жалган сүйлөгөн адам»** (Ахмад рыбаят кылган). Ибн Хажар айтат: «Аалымдар ушуга келишишкен: эр менен аялдын жалган сүйлөшү бири-бирлеринин укуктарына кол салбай турган жерлерде гана мүмкүн. Акысы болбогон нерсеге жетишүү үчүн жалган сүйлөө дурус эмес». Муслимдин шархында Нававий айтат: «Эр-аял ортосунда иштетиле турган жалгандар: сүйүү билдирүү, шарт болбогон нерсени убада кылуу сыяктуу иштер. Үстүндөгү милдетти аткаруудан качып, же акысы болбогон нерсеге жетишүү үчүн митайымдык кылуу болсо мусулмандар ижмасы менен арам». Мисалы, үстүнө жүктөлгөн сарп-каражаттан качып «базарда жок экен» деш, эр чакырганда үстүндөгү милдетин аткаруудан качып «айыз көрүп калыптырмын» деш, аялынын малынан алып туруп «албадым» деш, эри өзүн жана балдарын жетиштүү деңгээлде камсыздап турса да, эринин малынан алып туруп «албадым» деп тануу – булардын баары арам.

**б) Убадага тескери иш кылуу:**

- Абу Хурайра ﷺ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: «**Мунафыктын аламаты үчөө: сүйлөсө жалган сүйлөйт, убада кылса тескерисин кылат, аманат берилсе кыянат кылат**» (муттафакун алайх). Бул жердеги мунафыктык акыйдага эмес, амалга алакадар мунафыктык. Т.а. ишке байланыштуу мунафыктык – арам, акыйдага байланыштуу мунафыктык – куфр, Алла Өзү асырасын.

**в) Адеп-ахлаксыздык жана уят сөздөрдү сүйлөө:**

- Айша ﷺ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ «**... Секин, эй Айша, кичипейил бол, орой жана ахлаксыз болбо...**», - деди. Муслимде дагы Айша ﷺ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ: «**... Өзүңдү бас, эй Айша, себеби, Алла адепсиздикти жана уятсыз сөздөрдүн сүйлөнүшүн жаман көрөт...**», - деген (муттафакун алайх).
- Айша ﷺ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: «**Алланын алдында эң жаман орундагы адам ушундай бир**

**кимсе болуп, адамдар анын жаман мүнөзүнөн коркуп, аны менен мамиле кылбайт**» (муттафакун алайх).

- Ияз ибн Хаммар Мужашиий рыбаят кылышынча, Пайгамбарыбыз ﷺ бир хутбасында: «**...Тозок калкы беш тайпа: ...жана ахлаксыз бейнамыс...**», - деди. Муслим рыбаяты.
- Абу Дардо ؓдан рыбаят кылынган хадисте Пайгамбар ﷺ: «**Алла бейадеп абийирсизди жаман көрөт»**, - деген. Термизий жана ибн Хиббандан.
- Абу Хурайра ؓ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Уят ыймандан, ыйман болсо бейиште. Уятсыздык таштандыдан, таштанды болсо тозокто**». Ахмад, Термизий жана ибн Хиббандардан.
- Ибн Масъуд ؓ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ: «**Момун киши – кемсинте турган, наалаттай турган, ахлаксыз, намыссыз болбойт**», - деген. Термизийден.

**г) <u>Көп сүйлөө, байсамалык:</u>**

- Мугыйра ибн Шуъба ؓ «Пайгамбар ﷺдын: «**Алла силердеги үч касиетти жаман көрөт т.а. кеп-сөз кылууну, мал-мүлктү текке кетирүүнү жана көп суроо берүүнү»**, - дегенин уктум» деди (муттафакун алайх).
- Жобир ибн Абдулла ؓ рыбаятында Пайгамбар ﷺ мындай деген: «**Мен үчүн эң жагымдууңар жана кыямат күнүндө мага эң жакын отура турганыңар – кулк-мүнөзү жакшыңар. Мен үчүн эң жагымсызыңар жана кыяматта менден эң узак боло турганыңар – бекерден-бекер сүйлөй бере турган, көп байсай турган мамаданаларыңар».** Термизийден.
- Абу Хурайра ؓ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: «**Пенде бир сөздү эмнелигин билбестен сүйлөп жиберет да, кийин ушул сөзү себептүү тозоктун – батыш менен чыгыштын аралыгынан да чуңкурураак – жерине барып түшөт**» (муттафакун алайх).

**д) <u>Мусулманды же мусулмандарды акаараттоо:</u>**

- Абу Хурайра ؓ рыбаят кылган хадисте Пайгамбарыбыз ﷺ: **«Кишинин жаман экендигине мусулман боордошун акаараттаганы жетиштүү болот»**, - деди. Муслимден.

**е) Мусулманды шылдыңдап-маскаралоо, анын үстүнөн күлүү:**

- Алла Таала айтат:

يَاأَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا لاَ يَسْخَرْ قَومٌ مِنْ قَوْمٍ عَسَى أَنْ يَكُونُوا خَيْرًا مِنْهُمْ وَلاَ نِسَاءٌ مِنْ نِسَاءٍ عَسَى أَنْ يَكُنَّ خَيْرًا مِنْهُنَّ وَلاَ تَلْمِزُوا أَنفُسَكُمْ وَلاَ تَنَابَزُوا بِالأَلْقَابِ بِئْسَ الاِسْمُ الْفُسُوقُ بَعْدَ الآيمَانِ وَمَنْ لَمْ يَتُبْ فَأُوْلَئِكَ هُمُ الظَّالِمُونَ ﴿١١﴾

*- «Эй момундар (силерден болгон) бир коом (башка) бир (момун) коомду шылдың кылып күлбөсүн – мүмкүн, (ошол шылдың кылынган коом) алардан жакшыраактыр. Дагы (силерден болгон) аялдар да (башка мумина) аялдарды (шылдың кылып күлүшпөсүн) - мүмкүн, (ошол шылдың кылынган аялдар) алардан жакшыраактыр. Өзүңөрдү мазак кылбагыла жана бири-бириңерге лакап таштабагыла (т.а. айрымдарыңарга жаман лакап ат коюп коюп албагыла)! Ыймандан кийин фасыктык менен аталуу (т.а. момун кишинин жогоруда тыйылган фасыктык иштер менен аты чыгышы) кандай гана жаман. Кимде-ким тооба кылбаса, эми мына ошолор залим кимселердин өзү».* [49:11]

- Хасан рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: «**Адамдарды шылдың кылуучуларга акыретте бейиштен бир эшик ачылып «Келе бергиле, келе бергиле» делет. Кам-түйшүктөрү менен жанына келишкенде жабылып калат. Кийин башка бир эшик ачылып «Келе бергиле, келе бергиле» делет. Кам-түйшүктөрү менен жанына келишкенде, ал дагы жабылып калат. Ушундай абал улантыла берет, ал тургай, алардын бирине бейиштин дагы бир эшиги ачылып «Келе бер» делгенде, үмүтсүз болгонунан барбай коёт».** Байхакийден.

**ж) <u>Мусулманды ачык акаарат кылуу:</u>**

- Васила ибн Аскаъ ؓ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: «**Боордошуңду ачык акаарат кылба, дагы анан Алла ага ырайым кылып, сени балээге жолуктуруп койбосун**». Термизийден.

**з) <u>Кыянат, бапаасыздык:</u>**

- Абдулла ибн Амр ؓ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: «**Төрт касиет бар, кимде алар болсо, кырт мунафык болот. Кимде алардын бири болсо, аны таштамайынча мунафыктыктын бир касиети бар болот. Алар: …убадалашса, кыянат кылат…**» (муттафакун алайх).

- Ибн Масъуд, Ибн Умар, Анас ؓлар рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ: «**Кыямат күнүндө ар бир кыянатчынын бир байрагы болуп: «Мына бул баланчанын кыянаты» деп айтып турат»** (муттафакун алайх).

- Абу Саъид Худрий رضي الله عنه рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: «**Кыямат күнүндө ар бир кыянатчынын жанбашында бир байрагы болуп, кыянатына карай өйдөрөөк көтөрүлүп бара берет. Билип койгула, омма** (эл) **амиринин кыянатынан көрө улуураак кыянат жок**».
- Абу Хурайра رضي الله عنه рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Алла Таала айтат: «Үч тайпа адам бар, кыямат күнүндө Мен алардын душманымын. Алар мага (убада) берип коюп, кийин кыянат кылган киши…»**. Бухарийден.
- Язид ибн Шарик рыбаят кылышынча, Алий رضي الله عنه минбарда хутба окуп: «Жок, Аллага касамки, Алланын Китебинен башка биз окуй турган китеп жок, бул китептеги нерселер болсо…» деп аны ачты эле, анда төөлөрдүн тиштери, жараат-жаралар жөнүндөгү сөздөр болуп, алардын арасында Пайгамбар ﷺдын мына бул хадиси да бар эле: «**Мусулмандардын кепилдиги (баары үчүн) бирдей. Эң чекедеги мусулман да ал үчүн аракет кылат. Кимде-ким мусулмандын убадасын бузса, ага Алланын, периштелердин, адамдардын – баарысынын наалаты болот. Кыямат күнү Алла анын тообасын да, төлөй турган төлөмүн да кабыл албайт…**». Муслимден.
- Бурайда رضي الله عنه рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ: «**Кайсыл бир коом убада-келишимди бузса, алардын арасында согуш башталат…**» деген. Хакимден.
- Амир ибн Холик رضي الله عنه рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: «**Кайсыл бир адам дагы бир адамга «өлтүрбөймүн» деп амандык берип туруп, кийин өлтүрсө, өлтүрүлгөн капыр болсо да, мен өлтүргөндөн беземин**».
- Абу Бакр رضي الله عنه рыбаятында Пайгамбар ﷺ мындай деген: «**Кимде-ким ахддашылган** (ортодо келишим болгон) **жанды бекерден-бекерге өлтүрсө, бейиштин жытын жыттабайт. (Ал үчүн) бейиштин жыты беш жүз жылдык аралык нарыда болот».** Дагы бир рыбаятта: «**Кимде-ким ахддашылган адамды өлтүрсө, бейиштин жытын жыттабайт. (Ал үчүн) бейиштин жыты беш жүз жылдык аралык нарыда болот**». Ибн Хиббандан.

**и) <u>Кылган эхсанын жана башка жакшылыктарын милдет кылуу:</u>**

- Алла Таала айтат:

يَاأَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا لاَ تُبْطِلُوا صَدَقَاتِكُمْ بِالْمَنِّ وَالأَذَى

*- «Эй момундар берген садакаңарды милдет кылуу жана азар берүү менен жокко чыгарбагыла!».* [2:264]

- Абу Зарр ﵁ рыбаят кылган хадисте: **Пайгамбар ﷺ мындай деген: «Үч тайпа адам бар, кыямат күнүндө Алла алар менен сүйлөшпөйт, аларды актабайт, аларга карабайт да. Алар үчүн жан чыдагыс азап бар. Бул сөздү үч жолу кайталады. Абу Зарр: «Үмүтсүздүккө учурашсын, иштери оңунан чыкпасын, алар кимдер, я Расулулла?» деди. «Этегин сүйрөлтүп жүргөндөр, милдет кылуучулар жана малын жалган ант менен өткөзө тургандар», - деди Пайгамбар ﷺ**». Муслимден.

**к) <u>Хасад (көрө албастык):</u>** Бир адамда болгон неъматтын андан жок болушун арзуу кылуу хасад (көрө албастык) болот. Ошол сыяктуу неъматтын өзүндө да болушун арзуу кылуу болсо хавас (эңсөө) болот. Хавас кылуу жайыз.

- Алла Таала айтат:

أَمْ يَحْسُدُونَ النَّاسَ عَلَى مَا آتَاهُمُ اللَّهُ مِنْ فَضْلِهِ

*- «Же адамдарга Алла Өз берешен-жоомарттыгынан берген нерсеге көрө албастык кылып жатышабы?»,* [4:54]

وَمِنْ شَرِّ حَاسِدٍ إِذَا حَسَدَ ﴿٥﴾

*- «Жана кылып жаткан көрө албастык жамандыгынан (баанек беришин сурап ылтыжа кыламын)».* [113:5]

- Анас ﵁ рыбаят кылган хадисте Набий ﷺ: «**... Бири-бириңерге көрө албастык кылбагыла...**» деген (муттафакун алайх).
- Абу Хурайра ﵁ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: «**Алла жолундагы чаң-тозоң менен тозок түтүнү бирикпейт. Пенденин ичинде ыйман менен хасад бирикпейт**». Ахмад, Байхакий, Насаий, ибн Хиббан.
- Зумра ибн Саълаба ﵁ рыбаят кылышынча, Пайгамбар ﷺ: **«Ырас, адамдар бир-бирине көрө албастык кылбайт экен, жакшы болуп бара беришет»**, - деген. Табаронийден.
- Зубайр ﵁дан рыбаят кылынган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: «**Мурунку үммөттөрдүн көрө албастык, бири-бирин жаман көрүү кеселдиги силерге чейин жөрмөлөп келген. Бири-бирин жаман көрүү – холика. Т.а. алып-кырып таштоочу. Мен чачты алып-кырып таштоочу деп жатканым жок, мен динди алып-кырып таштоочу деп жатамын»** Байхакий, Баззор.
- Абдулла ибн Амр рыбаят кылат: «**Пайгамбар ﷺдан: «Кайсыл адамдар фазилаттуураак?» деп суралган эле: «Дили таза, тили чынчыл адам» деп жооп берди. «Тили**

**чынчылды го билебиз, дили таза кандай болот?» деп сурашкан эле, «Ал бир пакиза, такыбадар адам болуп, анда бир да кылмыш, бир да зордукчулук, бир да оор алуу жана бир да көрө албастык жок», - деп жооп берди**». Ибн Можадан.

**л) <u>Оор көрүү:</u>**

- Абу Хурайра ﷺ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ: «**Ким бизди оор көрсө, ал бизден эмес»**, - деген (муттафакун алайх).
- Маъкал ибн Ясор рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: «**Кайсыл бир пендеге букара берилсе, ал өлүп жатып өз букарасын оор көрсө, шексиз, Алла ага бейишти арам кылат»** (Букара – эл, жарандар).

**м) <u>Алдамчылык:</u>**

- Абдулла ибн Масъуд рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ: «**Ким бизди оор көрсө, ал бизден эмес, аярдык жана алдамчылык тозокто»**, - деген. Ибн Хиббандан. (Аярдык – ар нерсени шылтоолоп өзүн алып качуу.
- Ияз ибн Хаммар Мужашиийден рыбаят кылынган хадисте Пайгамбар ﷺ бир хутбасында мындай деген: «**... тозок ахли беш тайпа: ...күнү-түнү сени үй-бүлөң жана мал-мүлкүң туурасында алдай турган киши...**». Муслимден.
- Ибн Умар ﷺ рыбаят кылышынча, Пайгамбар ﷺга алды-саттыларында алдай турган бир киши туурасында айтылды. Ошондо ал киши: «**Ким менен соода кылсаң, алдаш жок деп айтып кой»**, - деди (муттафакун алайх).
- Ибн Умар ﷺнун рыбаятында: «**Пайгамбар ﷺ арбоодон кайтарган**» (муттафакун алайх). «Арбоо» сөзү туурасында Нававий «башкаларды алдоо үчүн малын көбүртүп мактоо» деген. Ибн Кутайба болсо «айлакерлик менен жеңүү, алдоо» деген.

**н) <u>Кудайдан башкасы үчүн ачуулануу:</u>**

- Абу Хурайра ﷺ рыбаят кылат: «**Бир киши Пайгамбар ﷺга: «Мага кеңеш бериңиз» деди эле: «Ачууланба» деди. Ал бир нече жолу ушул сөзүн кайталады эле, баарында тең: «Ачууланба» деп жооп берди**». Бухарийден.
- Абу Хурайра ﷺ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: «**Күрөштө жыккан күчтүү эмес, ачуусу келгенде өзүн кармай алган күчтүү**» (муттафакун алайх).
- Абу Саъид Худрий рыбаят кылат: «**Пайгамбар ﷺ биз менен асрды окуду жана туруп хутба кылды. Ошол күндөн биз төмөнкүлөрдү жаттап алдык: «Билип койгула, Адам балдары бир нече түрдүү болуп жаратылган. Билип**

**койгула, алардын айрымдарынын ачууланышы жай, кайтышы болсо тез болот. Айрымдарынын ачууланышы да, кайтышы да тез болот. Анысы мунусу менен теппе-тең. Билип койгула, алардын айрымдарынын ачууланышы тез, кайтышы болсо жай болот. Билип койгула, алардын эң жакшысы – ачууланышы жай, кайтышы тез болгону. Эң жаманы – ачууланышы тез, кайтышы жай болгону. Билип койгула, ачуулануу – Адам баласынын жүрөгүндөгү чок. Көздөрдүн кызарышын жана моюндагы көк тамырдын шишигенин көрбөйсүңөрбү? Ким андан бирер нерсени сезип калса, жерге жабышып алсын».** Термизийден.

- Ибн Умар ﷠ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: «**Алланын назарында ачууну жутуудан көрө улуурак жутум жок, эгер пенде аны Алланын жүзү үчүн жуткан болсо**». Ибн Можадан.
- Ибн Аббас ﷠ Алла Тааланын:

ادْفَعْ بِالَّتِي هِيَ أَحْسَنُ

*- «Эң көркөм жол менен сооп кайтаргыла!»,* [41:34]
аятынын шархында: «ачуу келгенде сабыр кылып, жамандык кылышканда кечирип жибергин, себеби, алардын жамандыгынан Алланын Өзү сактайт жана аларды жеңилүүгө учуратат», - деген. Бухарийден.

**о) <u>Мусулман жөнүндө жаман күмөндө болуу:</u>**

- Алла Таала айтат:

يَاأَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا اجْتَنِبُوا كَثِيرًا مِنْ الظَّنِّ إِنَّ بَعْضَ الظَّنِّ إِثْمٌ

*- «Эй момундар, көп күмөн(дөр)дөн четтегиле! Себеби, күмөн(дөр) күнөө!».* [49:12]

Бул аяттын тафсиринде ибн Аббас: «Алла момунду дагы бир момун туурасында жаман күмөндө болуудан кайтарды», - деген.

- Абу Хурайра ﷠ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ: «**Күмөндөн сактангыла, себеби, күмөн – сөздүн эң жалганы»**, - деген (муттафакун алайх).

Сыртынан жакшы экендиги көрүнүп турган момун жөнүндө жаман күмөндө болуу жайыз эмес. Ал эми, куниктиги, жамандыгы, шектүүлүгү көрүнүп турган мусулман туурасында жаман күмөндө болуу дурус. Айша ﷠ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ: «**Мен баланча жана баланчаны динибизден бирер нерсени билет деп ойлобоймун»**, - деди. Лайс ибн Саъд: «ал экөөсү мунафыктардан эле», - дейт. Бухарийден.

**ө) <u>Эки жүздүүлүк:</u>**

• Абу Хурайра ﷺ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: «**... Тигилерге бир жүз менен, мына буларга болсо дагы бир жүз менен келе турган эки жүздүүлөрдүн эң жаман адамдар экендиктерин билип аласыңар**» (муттафакун алайх).

• Мухаммад ибн Зайддын рыбаят кылышынча, бир канча адамдар чоң атасы Абдулла ибн Умар ﷺга: «**Биз падышаларыбыздын алдына киргенибизде, тышкарыга чыкканда сүйлөй турган сөздөн башкачараак сүйлөйбүз» дешкен эле: «Биз бул ишти Пайгамбар ﷺдын доорунда мунафыктык деп эсептечүбүз»,** - деп жооп берген экен. Бухарийден.

• Аммар ибн Ясир ﷺнун рыбаят кылышынча, Пайгамбар ﷺ: «**Кимдин бул дүйнөдө эки жүзү болсо, кыямат күнүндө анын оттон болгон тили болот»**, - деген. Абу Довуд, ибн Хиббан.

**п) <u>Зулум:</u>**

• Ибн Умар ﷺ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ: «**Зулум –** (бул) **кыямат күнүндөгү зулмат-караңгылыктар»**, - деген (муттафакун алайх).

• Абу Муса ﷺ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ: «**Алла залимге узун өмүр берет, аны азап менен кармаганында кутула албайт»** деп:

وَكَذَلِكَ أَخْذُ رَبِّكَ إِذَا أَخَذَ الْقُرَى وَهِيَ ظَالِمَةٌ إِنَّ أَخْذَهُ أَلِيمٌ شَدِيدٌ ﴿١٠٢﴾

*- «Роббиңер (калкы) залим болгон шаарларды кармаганында мына ушундай кармайт. Анын кармашы-азабы аламдуу жана катуу».* [11:102]

- аятын окуду (муттафакун алайх).

• Ибн Аббас ﷺнун рыбаят кылышынча, Пайгамбар ﷺ Муазды Яманга жиберип жатып: «**Мазлумдун дубасынан этият бол, себеби, бул дуба менен Алланын ортосунда парда болбойт»**, - деген (муттафакун алайх). (Мазлум – зулум көрүүчү)

• Абу Зарр Пайгамбар ﷺдан, ал киши Улуу жана Буюк Роббисинен рыбаят кылат: **«Эй пенделерим, мен зулумду Өзүмө арам кылдым, аны силерге да арам кылдым. Эми бири-бириңерге зулум кылбагыла...».** Муслимден.

• Абу Хурайра ﷺдан рыбаят кылынган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: «**Кимде-ким боордошуна аброй же башка нерседе бир зулум кылып койгон болсо, ошол күндүн өзүндө, динар жана дирхам пайда бербей турган күн келип кала элегинде чечип алсын. (Ал күн келип калса) кылган**

**зулумуна жараша жакшы амалдарынан алынат, жакшы амалдары болбосо мазлумдун күнөөлөрүнөн алынып, анын үстүнө жүктөлөт**». Бухарийден.

- Абу Хурайра ﷺ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: «**Мусулман мусулмандын боордошу. Ага зулум кылбайт, аны жардамсыз таштап койбойт, кемсинтпейт». Көкүрөгүнө ишара кылып: «Такыба мына бул жерде, такыба мына бул жерде, мусулмандын боордошун кемсинтишинин өзү кишинин жамандыгына жетиштүү болот, мусулманга мусулмандын аброю да, каны да, малы да арам», - деди**». Муслимден.
- Абу Хурайра ﷺ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: «**Үч тайпа кишинин дубасы кайтарылбайт: орозодардын иптар кылганга чейинки** (дубасы)**, адилеттүү жетекчи менен мазлумдун дубасы. Алла аны булуттардан жогору көтөрүп, ага асман эшиктерин ачып: «Ызатым акысы, бир аздан кийин болсо да, албетте сага жардам беремин», - дейт**». Ахмад, Термизий, ибн Хиббандан.
- Укба ибн Омир Жухайний ﷺнун рыбаятында Пайгамбар ﷺ: «**Үч кишинин дубасы мустажаб** (кабыл болот)**: атанын, мусапырдын жана мазлумдун»**, - деди. Табаронийден.
- Абу Хурайра ﷺ рыбаят кылган хадисте Пайгамбарыбыз ﷺ: «**Мазлумдун дубасы – мейли, ал жаман болсо да – мустажаб. Себеби, анын жамандыгы өзүнө»** деди. Ахмаддан.

**р) <u>Сөз менен иштин бири-бирине дал келбеши:</u>**

- Алла Таала айтат:

أَتَأْمُرُونَ النَّاسَ بِالْبِرِّ وَتَنسَوْنَ أَنفُسَكُمْ وَأَنتُمْ تَتْلُونَ الْكِتَابَ أَفَلاَ تَعْقِلُونَ ﴿٤٤﴾

*- «Адамдарды жакшылыкка чакырып өзүңөрдү унутасыңарбы? Негизи, өзүңөр Китеп (Таврат) тилават кыласыңар. Акылыңарды жүргүзбөйсүңөрбү?»*. [2:44]

Бул аятта Бану Израилге кайрылынып жатат. Демек, ал бизден мурункулардын шариятынан. Ал эми, Алла Субханаху аятынын акырындагы:

أَفَلاَ تَعْقِلُونَ ﴿٤٤﴾

*- «Акылыңарды жүргүзбөйсүңөрбү?»* [2:44]

- деген сөзү менен ошолорго окшоп иш кылуу акылсыздык экенин уктуруп, биздин назарыбызды ушул ишке каратып жатат. Ушуну менен ал бизге да болгон кайрылуу болуп жатат. Алла Таала дагы айтат:

يَاأَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا لِمَ تَقُولُونَ مَا لاَ تَفْعَلُونَ ﴿٢﴾ كَبُرَ مَقْتًا عِنْدَ اللَّهِ أَنْ تَقُولُوا مَا لاَ تَفْعَلُونَ﴿٣﴾

*- «Эй момундар силер эмнеге өзүңөр кылбай турган нерсени (кылабыз деп) айтасыңар?! Силердин өзүңөр кылбай турган ишти (кылабыз деп) айтышыңар Алла наздында өтө жийиркеничтүү иш».* [61:2-3]

- Усама ибн Зайд рыбаятында Пайгамбар ﷺ мындай деген: «**Кыямат күнүндө бир киши алып келинип, тозокко ыргытылат, ичеги-карындары чубалып, алардын айланасында эшектер тегирменди айлангандай айланып жүрөт. Анын жанына тозокулар топтолуп келип: «Эй баланча, сага эмне болду? Сен жакшылыкка буюруп, жамандыктан кайтарчу элең го?!» - дешет. Ошондо ал: «Ооба, ошондой кылар элем, бирок, мен жакшылыкка буюрганым менен, өзүм кылбас элем, жамандыктан кайтарганым менен, өзүм кылар элем», - деп жооп берет**» (муттафакун алайх).
- Жундуб ибн Абдулла Аздий ؓ рыбаятында Пайгамбар ﷺ: «**Адамдарга жакшылыкты үйрөтүп туруп, өзүн унутуп коё турган киши – адамдарга жарыктык берип, өзү күйө турган чырак сыяктуу»**, - деди. Табаронийден.

**с) <u>Сыймыктанып өзүн-өзү мактоо:</u>**

- Алла Таала айтат:

فَلاَ تُزَكُّوا أَنفُسَكُمْ هُوَ أَعْلَمُ بِمَنْ اتَّقَى ﴿٣٢﴾

*- «Демек, силер өзүңөрдү актабай эле койгула! Ал такыбадар болгон кишилерди абдан жакшы билүүчү».* [53:32]

- Мухаммад ибн Амр ибн Атоъ рыбаят кылат: «Кызымдын атын Барра (Жакшы) койгон элем, мага Абу Саламанын кызы Зайнаб мындай деди: «**Пайгамбарыбыз ﷺ Барра атын коюудан кайтарып: «Өзүңөрдү өзүңөр мактабагыла, силердин жакшыларыңар кимдигин Алла билүүчүрөөк», - деди. «Анда кандай ат коёлу? дешкенде: «Зайнаб деп атагыла», - деген**». Муслимден.

Эч кандай шаръий муктаждыгы болбосо деле өзүнчө кекирейип, сыймыктанып, мактануу жайыз эмес. Шаръий муктаждык себептүү т.а. шарият белгилеп берген орундарда гана мактануу жайыз. Мисалы:

- Бул иш Пайгамбар ﷺдын айтышы, жеткизиши керек болгон иштерге кирсе. Бухарийде Анас ؓдан рыбаят кылынат: «**Үч киши**

**Пайгамбар ﷺ аялдарынын үйүнө келип ал кишинин ибадаттары туурасында сурашты. Жоопту уккан соң, өздөрүн-өздөрү жек көрүп кетип: «Биз каякта да, Пайгамбар ﷺ каякта, ал кишинин мурунку, кийинки бардык күнөөлөрүн Алла кечирген болсо» деп, алардын бири: «Мен өлгөнүмчө түнкүсүн намаз окуймун», - деди. Экинчиси: «Мен ар дайым орозодо болуп, эч качан оозумду ачпаймын», - деди. Үчүнчүсү болсо: «Мен аялдардан алыс болуп, эч качан үйлөнбөймүн», - деди. Кийин Пайгамбар ﷺ келип: «Балан-балан сөздү айткан силерсиңерби? Эми (менден уккула): Аллага касамки, мен силерден көрө көбүрөөк Кудайдан корком, такыба кыламын. Ал эми мен, орозо да тутамын, оозумду ачып да жүрөмүн. Намаз да окуймун, уктаймын да, аялдарга үйлөнөмүн да. Эми ким менин сүннөтүмдөн жүз үйрүсө, ал менден эмес», - деди».** Абу Хурайра رضي الله عنهнун муттафакун алайх хадисинде Пайгамбарыбыз ﷺ **«Кыямат күнү мен коомумдун саййиди боломун», -** деди. Муслимдеги рыбаятта: **«Кыямат күнү адамдардын саййиди мен боломун. Кыямат күнү адамдардын саййиди мен боломун»,** - деген. Термизийде Абу Саъиддин хадисинде Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Кыямат күнүндө адам баласынын саййиди мен боломун, бул сыймыктануу эмес. Мактоо байрагы менин колумда болот, бул да сыймыктануу эмес. Ал күндө Адам алайхис-саламбы, башкасыбы, ар бир Пайгамбар менин байрагым астында болот. Жердин биринчи болуп жарыла турган жери да мен боломун, бул да сыймыктануу эмес».** Муслимдеги Абу Хурайра рыбаятында Пайгамбар ﷺ: **«Кыямат күнүндө Адам баласынын саййиди мен боломун, кабыры биринчи болуп жарыла турган адам да мен боломун, биринчи коргоочу да, биринчи шапаат кылуучу да мен боломун»**, - деген. Муслимдеги Васила ибн Асканын хадисинде Пайгамбар ﷺ мындай деген: «**Алла Исмаил урпагынан Кинонаны тандап алган, Кинонадан Курайшты тандап алган, Курайштан Бану Хошимди тандап алган, Бану Хошимден мени тандап алган».**

- Аалым киши адамдардын өзүнөн өрнөк алууларына үндөө үчүн мактанышы мүмкүн. Себеби, анда илим бар, адамдар ага муктаж. Муну менен ал кекирейген же башкалардан өзүн өйдө койгон болуп калбайт. Муттафакун алайх хадисте ибн Масъуд айтат: «**Сахабалар Алланын Китебин эң жакшы билүүчү адам мен экенимди билишер эле, өзүмдөн көрө жакшыраак биле турган адам бар экендигин билгенимде, анын алдына**

**барган болор элем».** Бухарийде: «**Негизи, мен алардын эң жакшысы эмесмин»** деген сөзү да бар. Муслимдин шархында Нававий: «Сахабалар ибн Масъуддун сөзүн жокко чыгарбады», - дейт. Абу Туфайл Омир ибн Васила рыбаятында: **Алий ﵁: «Мени жоготуп коюшуңардан мурун менден сурап калгыла, менден кийин сураганы мага окшогон адам таба албайсыңар», - деди. Ошондо ибн Кува туруп: «Алланын неъматын куфрга алмаштырып, коомдорду тозокко таштагандар кимдер?» - деп сурады эле: «Курайштын мунафыктары» деп жооп берди. «Дүйнө турмушундагы иштеринде адашып, дагы өздөрүн жакшы иш кылып жатабыз деп эсептөөчүлөр кимдер?» - деп сурады эле: «Харуро калкы ошолор», - деп жооп берди**». Хакимден.

- Өзүнөн жамандыкты кетирүү үчүн да мактанууга болот. Бухарийде чоң тобеиндерден болгон Абу Абдуррахман Абдулла ибн Хубайб ибн Робия рыбаят кылат: **«Усманды курчоого алып алышканда, ал алардын алдына чыгып: «Алланын атына ант ичип силерден сураймын** (бул иштИ Пайгамбар ﷺдын сахабалары гана кылышкан)**, билбейсиңерби, Пайгамбар ﷺ: «Кимде-ким бир каалоону жүзөгө чыгарса, ага бейиш болот» деген жана мен аны жүзөгө чыгардым. Билбейсиңерби, Пайгамбар ﷺ: «Ким оор акыбалдагы аскерди даярдаса, ага бейиш болот» деген жана мен аны даярдадым», - деди. Адамдар анын айткан сөзүн тастыкташты. Усман ﵁нун бул сөзүн сахабалар угуп-көрүп туруп, аны терс маанидеги мактанчаактык деп эсептешкен жок».**

- Өзүнө жабылган жалааны жана үстүнөн түшкөн даттанууну жоюу үчүн да мактануу жайыз. Муттафакун алайх хадисинде Саъид айтат: «**Алланын жолунда биринчи болуп ок аткан адам мен боломун. Пайгамбар ﷺ менен казат кылып жүргөн кезибизде жемишибиз дарактын жалбырагынан башка нерсе болбос эле. Ал тургай, айрымдарыбыздын заңыбыз төө же койдун тезегине окшоп кетер эле. Эми болсо, Бану Асад мени мусулманчылык жаатында айыптап жатат. Демек, менин иштерим текке кетип, үмүтсүздүккө учурапмын да, ээ?!». (Алар Умарга аны «намазды жакшы окубайт» деп чагышкан эле)**».

**т) <u>Сараңдык, хасистик</u>** <u>(ичи тардык)</u>**<u>:</u>**

- Алла Таала:

وَمَنْ يُوقَ شُحَّ نَفْسِهِ فَأُوْلَئِكَ هُمُ الْمُفْلِحُونَ ﴿١٦﴾

*- Ким өз напсинин сараңдыгынан сактана алса, анда мына ошолор нажат табуучулар»,* [64:16]

وَأَمَّا مَنْ بَخِلَ وَاسْتَغْنَى ﴿٨﴾ وَكَذَّبَ بِالْحُسْنَى ﴿٩﴾ فَسَنُيَسِّرُهُ لِلْعُسْرَى ﴿١٠﴾

*- «Эми ким (Алла жолунда кайрымдуулук-жоомарттык көрсөтүүдөн) сараңдык кылса жана (өзүн Алла алдындагы ажр-сыйлыктарга) кажетсиз билсе о.э. көркөм акыбетти (т.а. Алла убада кылган бейишти) жалган десе, анда Биз ага (дүйнө жана акыретте бактысыз боло турган) оор жолду «жеңил» кылабыз!»*

[92:8-10]

- Жобир ﷺ рыбаят кылган хадисде Пайгамбарыбыз ﷺ мындай деген: «**...Ичи тардыктан этият болгула. Себеби, ичи тардык силерден мурункуларды акы-укуксуз кан төгүүгө, арам иштерди кылууга чейин алып барып, кыйрап жок болууга учураткан**».
- Анас ﷺ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ: **«Эй Аллахым, мен Сенден сараңдыктан баанек сураймын»**, - деген. Муслимден.
- Абу Хурайра ﷺ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ: «**Кишидеги эң жаман нерсе – өтө ичи тар жана өтө коркок болуу»**, - деген. Ахмад, Абу Довуд ибн Хиббандан.
- Абу Хурайра ﷺ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ: «**... пенденин дилинде ыйман менен ичи тардык эч качан бирикпейт»**, - деген. Ахмад, ибн Хиббандан.

**у) <u>Араздашуу, жүз үйрүү:</u>**

- Анас ﷺ рыбаят кылат: «**Үзүлүшпөгүлө, жүз үйрүшпөгүлө, көрө албастык кылбагыла, Алланын боордош пенделери болгула. Мусулман үчүн боордошуна үч күндөн ашык араздашып жүрүү адал эмес**» (муттафакун алайх).
- Абу Хурайра ﷺ рыбаят кылган хадисде Пайгамбарыбыз ﷺ мындай деген: «**Ар дүйшөмбү жана бейшемби күндөрү иш-амалдар көрсөтүлүп, ошол күнү Аллага эч нерсени шерик кылбаган ар бир кишинин күнөөсүн Улуу жана Буюк Алла кечирет, өз ара кек сактаган боордошторду кечирбей: «Бул экөөсүн коё тургула, оболу жарашып алышсын», - дейт»**. Муслимден.
- Абу Айюб ﷺ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: «**Мусулманга боордошу менен үч түндөн артык араздашып жүрүшү адал эмес. Бири-бирине жолугуп калганда, кимиси мурун салам берсе, ошонусу жакшыраак».**

Араздашуу эгер Кудай үчүн болсо жайыз, Пайгамбар ﷺ жихадга чыкпаган ошол үч киши менен мамиле кылбоого буюрган.

**ү) <u>Акаарат кылуу жана наалаттоо:</u>**

Күнөөдөн сактануучу мусулманды наалаттоо (т.а. ага карата лаънат айтуу) мусулмандар ижмасы менен арам. Жаман сыпаттар ээлерин наалаттоо жайыз. Мисалы, Алла залимдерди наалаттасын, Алла капырларды наалаттасын, Алла фасыктарды наалаттасын, Алла айкелчилерди наалаттасын деш дурус.

Момунду наалаттоонун арам экендигине далилдер көп. Абу Зайд Собит ибн Заххан Ансарий رضي الله عنه рыбаят кылган хадисте Пайгамбарыбыз ﷺ: «**... Момунду наалаттоо аны өлтүрүү менен барабар», -** деген (муттафакун алайх). Абу Дардо рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ: «**Кыямат күнүндө наалат кылуучулар шапааткөй да, шейит да болушпайт**», - деген (муттафакун алайх). Абдулла ибн Амр رضي الله عنه рыбаят кылган хадисте: «**Пайгамбарыбыз ﷺ: «Кишинин өз ата-энесин наалатташы эң чоң күнөөлөрдөн», - деди. «Я Расулулла, кантип киши өз ата-энесин наалаттайт?» - делди. «Башка бир кишинин атасын акаарат кылат, ошондо ал да мунун атасын акаарат кылат. Башка бир кишинин энесин акаарат кылат, ал да мунун энесин акаарат кылат», - деп жооп берди Пайгамбарыбыз ﷺ**». Бухарийден.

Жаман сыпаттарга ээ болгон кимселерди наалаттоо жайыз экендигине да далилдер көп. Алла Таала айтат:

لُعِنَ الَّذِينَ كَفَرُوا مِنْ بَنِي إِسْرَائِيلَ عَلَى لِسَانِ دَاوُودَ وَعِيسَى ابْنِ مَرْيَمَ ذَلِكَ بِمَا عَصَوْا وَكَانُوا يَعْتَدُونَ ﴿٧٨﴾

- *«Бани Израил арасында капыр болгон кимселер Довуд жана Ийса бинни Мариям тилинде наалаттангандай наалаттанган (каргышка калышкан). Буга себеп, алардын кылган күнөөлөрү жана чектен ашкандыктары»,* [5:78]

إِنَّ اللَّهَ لَعَنَ الْكَافِرِينَ

- *«Албетте, Алла капырларды наалаттады»,* [33:64]

كَمَا لَعَنَّا أَصْحَابَ السَّبْتِ

- *««Ишемби ээлерин» наалаттаганыбыздай наалаттадык»,* [4:47]

لَعْنَةَ اللَّهِ عَلَى الْكَاذِبِينَ ﴿٦١﴾

- *«Алла жалганчыларды наалаттасын»,* [3:61]

أَلاَ لَعْنَةُ اللَّهِ عَلَى الظَّالِمِينَ ﴿١٨﴾

*- «Мындай залимдерге Алланын наалаты болот»,* [11:18]

أُوْلَئِكَ يَلْعَنُهُمْ اللَّهُ وَيَلْعَنُهُمْ اللاَعِنُونَ ﴿١٥٩﴾

*- «Аларды Алла наалаттайт жана наалаттоочу заттар (периштелер жана момундар) наалатташат».* [2:159]

Айша ﵂ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ: «**Алла жөөт жана насронийлерди** (христиандарды) **наалаттасын, алар Пайгамбарлардын кабырларын мечиттер кылып алышты**», - деген (муттафакун алайх). Умар ﵁нун хадисинде Пайгамбар ﷺ: «**Алла жөөттөрдү наалаттасын, аларга майларды арам кылып турса, аны жыйып сатышты**», - деген (муттафакун алайх). Абу Хурайра ﵁ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ: **«Алла ууруну наалаттасын, жумуртка уурдайт, колу кесилет, аркан уурдайт, колу кесилет»**, - деген (муттафакун алайх). Ибн Умар ﵁ рыбаят кылат: **«Пайгамбар ﷺ чач улаганды да, улатканды да, денесине сүрөт сызганды да, сыздырганды да наалаттады»** (муттафакун алайх). Ибн Аббас ﵁ рыбаят кылган: «**Пайгамбар ﷺ аялдарга окшомокчу болгон эркектерди да, эркектерге окшомокчу болгон аялдарды да наалаттаган».** Ушул сахабадан кылынган дагы бир рыбаятта: **«Пайгамбар ﷺ өзүн аялдардай кармана турган эркектерди да, өзүн эркектердей кармана турган аялдарды да наалаттап: «Аларды үйүңөрдөн чыгарып жибергиле» деген»**, - деди. Бухарийден. Ибн Умар рыбаят кылат: **«Пайгамбар ﷺ айбанды мусла кылганды** (кескилегенди) **наалаттады»**. Бухарийден. Ушул сахабадан кылынган дагы бир рыбаятта Пайгамбар ﷺ: **«Жаны бар нерсени гараз** (карасанатай ниет) **менен алган кимсени Алла наалаттасын**», - деди. Жобир ﵁ рыбаят кылат: **«Пайгамбар ﷺ сүткордуктан жегенди да, жедиргенди да, жазганды да, күбө болгонду да наалаттап, «алардын баары бап-барабар» деди»**. Муслимден.

**ф) <u>Арзыбас күнөөлөрдү тартынбастан кылуучулар:</u>**

- Сахл ибн Саъд ﵁ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: «**Арзыбас күнөөлөрдөн этият болгула. Себеби, алардын мисалы бир коомго окшойт, алар бир өрөөндүн ортосуна жайгашып алышты. Кийин узак-узактардан адамдар келсе, ал тургай, нан бышыра турган нерселерин да көтөрүп ала келе турган болуп калышты. Арзыбаган күнөөлөрдүн ээси эсеп-китепке алына турган болсо, бул күнөөлөр аны өлтүрөт**». Ахмаддан.

- Айша ﷺ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ: «**Арзыбаган күнөөлөрдөн этият бол, себеби, алардын Кудай тарабынан бир эсептөөчүсү болот»**, - деген. Насаий, ибн Можа, ибн Хиббан, Ахмад.
- Анас ﷺ айтат: «**Силердин көзүңөргө айрым иштер бир тал чачтан да ичкерээк көрүнөт. Негизи, биз аларды Пайгамбар ﷺдын заманында чоң күнөөлөрдөн эсептер элек».** Бухарийден.

**х) <u>Байдын ээси сурап келген акыны артка сүрүшү:</u>**

- Алла Таала айтат:

فَإِنْ أَمِنَ بَعْضُكُم بَعْضًا فَلْيُؤَدِّ الَّذِي اؤْتُمِنَ أَمَانَتَهُ

*- «Эгер бири-бириңерге аманат койсоңор, аманат коюлган киши аманатты өтөсүн».* [2:283]

- Абу Хурайра ﷺ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ: айткан: **«Байдын ээси сурап келген акыны артка сүрүшү зулум, эгер бай бирөөңөргө айлакерлик иштетсе, ал да айла иштетсин**» (муттафакун алайх).
- Шарид ибн Сувайд Сакофий ﷺ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ: **«Артка сүргөн байды жазалоо да, анын аброюн төгүү да адал»**, - деген ибн Хиббан, Хаким.
- Абу Зарр ﷺ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деди: «**Үч тайпа адамды Алла жакшы көрөт жана үч тайпа адамды Алла жаман көрөт: ...Алла жаман көрө турган үч тайпа: зынакер чал, кекирейген кембагал жана залим байлар».** Ибн Хузайма, ибн Хиббандан.

**ц) <u>Жаман коңшучулук:</u>**

- Абу Хурайра ﷺ рыбаят кылат: «**Пайгамбар ﷺ: «Аллага касамки момун болбойт, Аллага касамки момун болбойт, Аллага касамки момун болбойт», - деди. «Я Расулулла, ким (момун болбойт)?» - делди. «Коңшусу анын жапаа-машакаттарынан аман болбогон адам», - деп жооп берди Пайгамбар ﷺ»** (муттафакун алайх).
- Абу Хурайра ﷺ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ: «**Кимде-ким Аллага жана акырет күнүнө ыйман келтирсе, коңшусуна азар бербесин...»** - деген (муттафакун алайх).
- Абу Хурайра ﷺ рыбаят кылат: «Пайгамбар ﷺ: **«Эй Аллахым, мен Сенден отурукташкан жайдагы жаман коңшудан баанек тилеймин - деди - Себеби, көчмөндөр жайын өзгөртүп турушат».** Ибн Хиббан, Насаий, Бухарий.

- Абу Хурайра رضي الله عنه рыбаят кылат: «**Бир киши Пайгамбар ﷺдын алдына келип, коңшусу тууралуу арызданды. «Бар, сабыр кыл» деди. Ал дагы эки же үч жолу келген соң: «Барып, нерселериңди жолго ыргытып жибер», - деди. Ал ошондой кылды. Адамдар жолдон өтүп баратып бул иштин себебин сурашты. Ал коңшусу жөнүндө айтып берди. Алар Алла аны балан кылсын деп наалаттады. Натыйжада, Алла аны ушундай кылды. Айрымдар аны дубаи бад кылышты эле, ошондо коңшусу анын жанына келип: «Эми мен тараптан жаман көрүлө турган эч нерсе көрбөйсүң», - деди».** Ибн Хиббан, Хаким, Бухарий.
- Абу Хурайра رضي الله عنه рыбаят кылат: «**Бир киши: «Я Расулулла, баланча аялдын намазы, садакасы, орозосу көп деп айтышканы менен, бирок, ал аял тили менен коңшуларына азар берет», - деди. Ошондо Пайгамбар ﷺ: «Ал тозокто** (болот)**», - деди**». Ахмад, ибн Хиббан.
- Саъд ибн Абу Ваккастын рыбаятында Пайгамбар ﷺ мындай деген: «**Төрт нерсе бакыттан... ...Төрт нерсе бактысыздыктан: жаман коңшу, жаман аял, жаман улоо, тар үй-жай».** Ибн Хиббан, Ахмад.

**ч) <u>Кыянат:</u>**

- Алла Таала айтат:

إِنَّ اللَّهَ لاَ يُحِبُّ الْخَائِنِينَ ﴿٥٨﴾

*- «Албетте Алла кыянатчы кимселерди сүйбөйт»,* [8:58]

يَاأَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا لاَ تَخُونُوا اللَّهَ وَالرَّسُولَ وَتَخُونُوا أَمَانَاتِكُمْ وَأَنْتُمْ تَعْلَمُونَ ﴿٢٧﴾

*- «Эй момундар, Алла жана Анын пайгамбарына кыянат кылбагыла, жана билип туруп силерге ишенип берилген нерселерге (дин жана башка ар кандай аманаттарга) кыянат кылбагыла».* [8:27]

- Ияз ибн Хаммар Мужашиий кылган рыбаятта Пайгамбар ﷺ бир хутбада мындай деген: «**... Тозок калкы беш тайпа: ...кичине эле пайданы сезип калса, дароо кыянат кыла турган кыянатчы...**». Муслимден.
- Абу Хурайра رضي الله عنه рыбаят кылат: «**Пайгамбар ﷺ: «Аманат сая кетсе, кыяматты күтө бер», - деди. «Анын сая кетиши кандай болот?» деп сурашты. «Эгер иш өз ээсинен башкасына жүктөлсө, кыяматты күтө бер», - деп жооп берди Пайгамбар ﷺ»**. Бухарийден.
- Абу Хурайра رضي الله عنه рыбаятында Пайгамбар ﷺ: «**Мунафыктын белгиси үчөө: сүйлөгөндө жалган сүйлөйт. Убадага тескери**

**иш кылат. Аманатка кыянат кылат»,** - деген (муттафакун алайх).

- Абу Хурайра ﷺ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деди: **«Эй Аллахым, Сенден ачкалыктан баанек тилеймин, себеби, ал ушунчалык жаман жаздыкташ, Сенден кыяматтан баанек тилеймин, себеби, ал ушунчалык жаман мамилелеш».** Абу Довуд.
- Абу Хурайра ﷺ рыбаятында Пайгамбар ﷺ Алла Тааладан рыбаят кылат: **«Эгер бири экинчисине кыянат кылбаса эле, мен эки шериктин үчүнчүсүмүн, эгер кыянат кылышса, алардын арасынан чыгамын».** Абу Довуд, Хакимден.

**ш) <u>Гыйбат жана бухтон</u>** <u>(Ушак жана куру жалаа)</u>**:**

Боордошуңда бар болгон жагымсыз касиет-сапатты айтышың гыйбат-ушак болот. Анда жок нерсени айтышың болсо куру жалаа болот. Булардын экөө тең арам. Буга далилдер көп:

- Алла Таала айтат:

وَلَا يَغْتَب بَّعْضُكُم بَعْضًا أَيُحِبُّ أَحَدُكُمْ أَن يَأْكُلَ لَحْمَ أَخِيهِ مَيْتًا فَكَرِهْتُمُوهُ وَاتَّقُوا اللَّهَ

إِنَّ اللَّهَ تَوَّابٌ رَّحِيمٌ ﴿١٢﴾

*- «Айрымдарыңар айрымдарыңарды ушактабасын! Силерден бирер киши өзүнүн өлгөн боордошунун этин жешин жакшы көрөбү?! Мына, жаман көрдүңөрбү?! (Ошондуктан, күнөөсү мындан да артык болгон ушакты жаман көргүлө)! Алладан корккула! Албетте Алла тообаларды кабыл алуучу, мээримдүү».* [49:12]

هَمَّازٍ مَّشَّاءٍ بِنَمِيمٍ ﴿١١﴾

*- «Ушакчы, чагымчы(га ээрчибе)».* [68:11]

- Абу Хурайра ﷺ рыбаят кылат: «**Пайгамбар ﷺ: «Ушак эмне экендигин билесиңерби?» - деди. «Алла жана Расулу билүүчүрөөк» - дешти. «Ал боордошуңду жагымсыз касиети менен эске алышың», - деди. «Боордошумда айткан нерсем бар болсо дагыбы?» - делди. «Айткан нерсең анда бар болсо, аны ушактапсың, айткан нерсең анда жок болсо, ага жалаа жаапсың», - деди**». Муслимден.
- Абу Хурайра ﷺнун рыбаятында Пайгамбар ﷺ: «**Мусулманга мусулмандын каны да, кадыр-баркы да, малы да арам»,** - деген. Муслимден.
- Абу Бакр ﷺ рыбаят кылышынча, Пайгамбар ﷺ коштошуу хажында кылган хутбасында мындай деген: **«Эсиңерде болсун, ушул күн, ушул ай, ушул шаарыңарда согуш арам**

**болгондой, силерге каныңар да, малыңар да, аброюңар да арам. Жеткирдимби?!»**

- Айша ﵂нын рыбаятында Пайгамбар ﷺ сахабаларына: «**Алланын назарында сүткордуктун да сүткорлугу эмне экендигин билесиңерби?» деди. Алар: «Алла жана Расулу билүүчүрөөк» деп жооп беришти. Анда ал киши: «Алланын назарында сүткордуктун да сүткорлугу мусулман кишинин аброюн адал эсептөө»** деп, Алла Тааланын:

وَالَّذِينَ يُؤْذُونَ الْمُؤْمِنِينَ وَالْمُؤْمِنَاتِ بِغَيْرِ مَا اكْتَسَبُوا فَقَدِ احْتَمَلُوا بُهْتَانًا وَإِثْمًا مُبِينًا ﴿٥٨﴾

*- «Момун жана муминаларга алар бир да күнөө кылышпаса да азар бере турган кимселер жалаа жана ачык күнөөнү өз үстүлөрүнө алышыптыр».* [33:58]

- аятын окуду. Абу Яъладан.

Ушакты угуу да арам. Алла Таала айтат:

وَالَّذِينَ هُمْ عَنْ اللَّغْوِ مُعْرِضُونَ ﴿٣﴾

*- «Алар беймаани-пайдасыз (сөз-амалдар)дан жүз үйрүүчү кишилер».* [23:3]

وَإِذَا رَأَيْتَ الَّذِينَ يَخُوضُونَ فِي آيَاتِنَا فَأَعْرِضْ عَنْهُمْ حَتَّى يَخُوضُوا فِي حَدِيثٍ غَيْرِهِ
وَإِمَّا يُنسِيَنَّكَ الشَّيْطَانُ فَلاَ تَقْعُدْ بَعْدَ الذِّكْرَى مَعَ الْقَوْمِ الظَّالِمِينَ ﴿٦٨﴾

*- «Качан Биздин аяттарыбызды (шылдың кылууга) киришип жаткан кимселерди көрсөң, тээ башка сөзгө киришишкенинче алардан жүз үйрүгүн. Эми, эгер шайтан эсиңден чыгарса, эстегениңден кийин бул залим коом менен бирге отурба».* [6:68]

Мусулман киши кудурети жетсе, жашыруун түрдө болсо да боордошунун кадыр-баркын коргошу керек. Муслимдеги Абу Хурайранын хадисинде: «**Мусулман мусулмандын боордошу, ага зулум кылбайт, аны жардамсыз да таштап койбойт…»**, - делген. Кудурети жетип турса да коргобой койгон киши жардамсыз таштап койгон болот. Абу Довуд Жобир ﵁нун рыбаятында Пайгамбар ﷺ мындай деген: «**Кайсы бир мусулман киши дагы бир мусулман кишини кадыры тебеленип жаткан, урматы тапталып жаткан бир учурда жардамсыз таштап кетсе, Алла аны жардам бермекчи болуп турган бир учурда жардамсыз таштап кетет. Кайсы бир киши бир мусулмандын кадыры тебеленип жаткан, урматы тапталып жаткан бир учурда ага жардам берсе, Алла да ага жардамын берет».** Кудай үчүн жакшы көрүү жана Кудай үчүн жаман көрүү бабында келген Абу Дардо, Язид кызы Асма, Имрон ибн Хусойи, Абу Хурайралардын хадистери да ушундай мааниде.

Муаз өз боордошу Каъб ибн Маликтин аброюн коргогондо Пайгамбар ﷺ унчукпаган. Каъб ибн Малик ؓдан рыбаят кылынган анын тообасы туурасындагы узун сабак хадисте келет: **«Пайгамбар ﷺ Табукта адамдар арасында олтуруп: «Каъб ибн Малик эмне кылып жатат?» деп сурады. Бану Саламадан бир киши: «Я Расулулла, ал өзү менен кийимдерине карап ырахаттанып олтурат», - деди. Ошондо Муаз ибн Жобир ؓ: «Мынчалык жаман сүйлөбөсөң эмне? Я Расулулла, Аллага касамки, андан жалаң гана жакшылыкты көргөнбүз», - деди. Пайгамбар ﷺ унчукпады».**

Аалымдар жети себепке ылайык гыйбат кылууга уруксат берген. Алар: зулум көрүү, мункарды өзгөртүү үчүн жардам суроо, фатва суроо, мусулмандарды жамандыктан этияттандыруу жана насаат кылуу, фасыктыгын, бидъатын ачыкча кылган ишин эстетип коюу жана тааныштыруу. Нававий өзүнүн «Азкор» эмгегинде: «Бул себептин көпчүлүгүндө гыйбат кылуу жайыз экендигине ижма кылынган, анын далилдери машхур хадистерден ачык көрүнүп турат», - дейт. Мындай маани «Рияз»да да келтирилип, айрым далилдер айтып өтүлгөн. Саънохий «Субулус-Салам»да да айтып өткөн. Карофий «Захира»да келтирет: «Айрым аалымдар беш абалды гыйбат кылуудан чыгарып салышты. Алар: насаат; күбө жана ровийлердин ишеничтүү-ишеничсизин ажыратуу; ашкере фасыктык кылуучуга карата; жолдон аздыруучу бидъаттарга баштап, китептер жаза турган кимселерге карата; жана сүйлөөчү да, угуучу да гыйбат кылынуучунун айыбын мурдатан билишсе».

**щ) <u>Сөз ташып чагымчылык кылуу:</u>**

- Алла Таала айтат:

هَمَّازٍ مَّشَّآءِۭ بِنَمِيمٍ ﴿١١﴾

- *«Ушакчы, чагымчы(га ээрчибе)».* [68:11]

- Хузайфа ؓ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ: **«Чагымчы бейишке кирбейт»,** - деген.

- Ибн Аббас ؓ рыбаят кылат: **«Пайгамбар ﷺ эки кабыр жанынан өтүп баратып: «Бул экөөсү азапталып жатат. Чоң күнөө себептүү азапталып жатышканы жок! Ооба, туура, ал да чоң күнөө. Бири чагымчылык кылып жүрөр эле, экинчиси болсо, сийдигинен сактанбас эле», - деди»** (муттафакун алайх).

**э) <u>Тууганчылыкты үзүү:</u>**

- Алла Таала айтат:

فَهَلْ عَسَيْتُمْ إِنْ تَوَلَّيْتُمْ أَنْ تُفْسِدُوا فِي الْأَرْضِ وَتُقَطِّعُوا أَرْحَامَكُمْ ﴿٢٢﴾ أُولَئِكَ الَّذِينَ لَعَنَهُمُ اللَّهُ فَأَصَمَّهُمْ وَأَعْمَى أَبْصَارَهُمْ ﴿٢٣﴾

*- «Эгер ыймандан жүз үйрүсөңөр, жакында-анык, силер жерде бузукулук кыласыңар жана тууган-уругуңар (менен да алакаңарды) үзөсүңөр! Андай кимселерди болсо, Алла наалаттаган! Демек, алардын (кулактарын насаат укпай турган) дүлөй, көздөрүн болсо (туура жолду көрө албай турган) сокур кылып койгон».* [47:22:23]

وَالَّذِينَ يَنْقُضُونَ عَهْدَ اللَّهِ مِنْ بَعْدِ مِيثَاقِهِ وَيَقْطَعُونَ مَا أَمَرَ اللَّهُ بِهِ أَنْ يُوصَلَ وَيُفْسِدُونَ فِي الْأَرْضِ أُولَئِكَ لَهُمُ اللَّعْنَةُ وَلَهُمْ سُوءُ الدَّارِ ﴿٢٥﴾

*- «Аллага берген убада-шерттерин бекем болгонунан кийин буза турган, Алла байланышууга буюрган нерселерди үзө турган жана жер жүзүндө бузукучулук кылып жүрө турган кимселер да бар. Алар үчүн (Алланын) наалаты болот жана алар үчүн эң жаман журт – тозок бар».* [13:25]

- Абу Мухаммад Жубайр ибн Мутъим ﵁ рыбаятында Пайгамбар ﷺ: **«Тууганчылыкты үзгөн киши бейишке кирбейт»**, - деген (муттафакун алайх).
- Абу Абдуррахман Абдулла ибн Масъуддун рыбаятында Пайгамбар ﷺ мындай деген: «**Алла махлукаттарды жаратуудан бошогондон кийин, тууганчылык туруп: «Мына бул Сенден үзүлүшүнөн баанек суроочулардын жайы болсун», - деди. Алла: «Мейли, сени байлагандар менен байланышымды жана сени үзгөндөр менен үзүлүшүмдү каалайсыңбы?» - деди. Ал: «Ооба, каалаймын» деди. Алла: «Ошол сеники», - деди»** (муттафакун алайх).
- Бухарийдин «Сахих»инде келишинче, Пайгамбар ﷺ: «**Тууган-урук менен теппе-тең барды-келди кылган адам тууганчылыкты байлаган киши эсептелбейт. Тууган-уругу тууганчылыкты үзүп турса да барды-келди кыла берген адам чыныгы тууганчылыкты байлаган киши эсептелет»,** - деген.
- Айша ﵂нын рыбаятында Пайгамбар ﷺ айткан: **«Тууганчылык Аршка асылып алып: «Ким мени байласа, Алла аны менен байлансын, ким мени үзсө, Алла андан үзүлсүн» деп турат»** (муттафакун алайх).

**ю) Рия** (эл көрсүнгө иш кылуу) **жана кылган ишин айтуу:**

«Курбат» дегени – бул жакындашуу, жакын болуп алуу дегени. Киши иш-амалын же Аллага, же адамдарга жакындашып алуу үчүн т.а. курбат үчүн кылат. Аллага жакындашуу үчүн кылынган иш-

амал калыс амал болот, адамдарга жакындашуу үчүн кылынган амал болсо, рия амалы (эл көзүнө кылынган иш) эсептелет. Амалдын өзү рия эмес, ал болгону риянын орду гана. Рия бул дилдеги касд-ниет т.а. ал тил же башка мүчөлөрдүн эмес, бир гана дилдин иши. Курбат ишинде Алланы да, адамдарды да ниет кылуу арам. Бир гана адамдардын өзүн ниет кылуу андан бетер.

Рия бир гана курбат ишинде болот. Башка иште болбойт. Мисалы, адамдардын көз алдында келишим түзүү, мубах кийимдерди кийип чырайлуу болуп жүрүү буга кирбейт. Башка максаттарды көздөп адамдарды ыраазы кылуу үчүн гана амал кылуу рия эсептелет. Мисалы, ажылыктан жалаң кызыкчылыкты гана көздөө сыяктуу.

Курбат ибадаттардан да, башка иштерден да болушу мүмкүн. Адамдар көрсүн деп сеждеде узак туруу рия. Адамдар көрсүн деп садака берүү рия, адамдар көрсүн деп жихад кылуу рия, аалым деп таанылуу үчүн макала жазуу рия, баарын таң калтыруу үчүн маъруза кылуу рия. Адамдар зохид (дүйнө жыргалчылыгынан кечкен такыбадар адам) экен деп айтуулары үчүн жамачы кийимдерди кийүү рия. Сүннөттү бекем кармайт экен деп айтуулары үчүн сакалды узун коюп, багалекти кыска кылуу рия. Тарки дүйнө кылган (дүйнө кызыкчылыктарын таштаган) адам деп айтуулары үчүн талкан жеп жүрүү рия, жоомарт экен деп айтуулары үчүн миңдеген адамдарды мейманга чакыруу рия. Кичи пейил деп айтуулары үчүн башын ийип жүрүү рия, коңшулар уксун деп бийик үн менен куран окуу рия, кичине көлөмдөгү Куранды көтөрүп жүргөнүн адамдар көрүүлөрүн өтө-өтө каалоо рия.

Биз рия кылуудан уялбай жаткан бир заманда жашап жатабыз. Адамдар риянын эмнелигин, анын өкүмү кандай болорун билишпейт. Анас ﷛дан кылынган рыбаятта Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Акыр заманда карылардын** (Куран окугандардын) **курттары болот. Ким ошол заманга жетип барса, ташбараң кылынган шайтандан жана ошолордон баанек сурасын. Алар сасыктар. Кийин селде-чапандар пайда болот. Ал күндө риядан уялынбайт. Ал күндө динди бекем кармаган адам чокту кармаганга барабар болот. Динин бекем кармагандын сообу элүү кишинин сообундай болот». «Бизден элүү кишининби же өздөрүнөнбү» деп сураштты. «Силерден» деп жооп берди Пайгамбар ﷺ».** «Селде-чапандар» деген сөздөн көздөлгөн маани – ички дүйнөсүнө этибар бербестен, тышкы кийимдери менен гана айырмаланып алган дин кишилери. Адамдар алардын тышкы көрүнүшүнө катуу этибар беришет, бул нерсе «селде-чапандардын» риядан

уялбагандыктарына ишара кылат. Бул хадисти Зубайдий, Соффий, Хаким, Термизий, Абу Наъимдер келтиришкен.

Кылган ишин айтуу да адамдарды ыраазы кылуу үчүн кылынат. Рия кылынып жаткан убакта болсо, айтуу кийинирээк болот. Рияны Алладан башка эч ким билбейт. Аны билүүгө адамдын акылы үчүн жол жок. Ал тургай, рия кылып жаткан адамдын өзү да, эгер калыс болбосо, муну биле албайт. Нававийдин накл кылышынча, Шофеий: «Рияны калыс адам гана билет», - деген. Калыс болуу үчүн болсо этибарлуу болуу жана жанын кыйноо керек болот. Бул ишке дүйнөнү талак кылып жиберген адам гана жетише алат.

Айтуу кээде жашыруун кылынган иштерде да болот. Мисалы, бирөө түндө туруп ибадат кылат да, эртең менен туруп айтып коёт. Дагы бирөө бир жерде курбат ишин кылат да, башка жерге барып, аны айтып коёт. Бул иштер адамдардын ыраазылыгына жетишүү үчүн кылынганда гана күнөө болот.

Бул жаатта бизге алгачкы кылымдан накл кылынган эң сонун үлгүлөр бар. Алардын бири мындай, Абу Юсуф, «Осор»до Абу Ханифадан, ал Алий ибн Амрдан рыбаят кылат: **«Умар ибн Хаттаб сол колу менен жеп жаткан адамдын жанынан өтүп баратып, адамдардын тамактанып жатканы үстүндө жанагы адамга: «Эй Алланын пендеси, оң колуң менен же», - деди. Ал «Оң колум бош эмес», - деди. Экинчи жолу өтүп бара жатып, дагы ушундай деди. Ал дагы ушул жоопту айтты. Үчүнчү жолу өтүп баратып, дагы ушул сөздү айтты эле, ал дагы ошол жоопту айтты. Ошондо Умар: «Эмне менен алек?!» - деди эле, ал: «Муъта күнүндө кесилген», - деп жооп берди. Бул жооп Умарды убайымга салып, «кийимдериңди ким жууп берет», «чачыңа ким жыпар жыт майларды сүртүп коёт», «кызматтарыңды ким кылат» сыяктуу бир канча суроолор берип, кийин ага бир кызматчы аял, тамактандыруучу жана маяна дайындады. Алар: «Алла Умарга букарасына жакшы караганы үчүн жакшы сыйлыктар берсин», - дешти.** Бухарий Абу Мусадан рыбаят кылат: «**Пайгамбар ﷺ менен бир казатка чыкканыбызда, алты кишинин ортосунда бир төө болуп, биз анын изинен барар элек. Кадамдарыбыз жерди оюп жүргөндүктөн, тырмактарыбыз сынып, буттарыбызды байлап алар элек». Абу Муса муну айтарын айтып алып, кийин ичиркенип: «Кудум кылган ишин айтып койгон адамдай ушуну сүйлөп не кылдым?», - деди»**.

Рия жана кылган ишин айтуу эч кандай ихтилафсыз арам. Буга далилдер көп:

- Алла Таала айтат:

ٱلَّذِينَ هُمۡ يُرَآءُونَ ﴿٦﴾

- *«Алар риякордук кылуучулар».* [107:6]

فَمَن كَانَ يَرۡجُواْ لِقَآءَ رَبِّهِۦ فَلۡيَعۡمَلۡ عَمَلٗا صَٰلِحٗا وَلَا يُشۡرِكۡ بِعِبَادَةِ رَبِّهِۦٓ أَحَدَۢا ﴿١١٠﴾

*- «Демек, ким Роббисине жолугуудан үмүткөр болсо, анда, жакшы амал кылсын жана Роббисине пенделик кылууда бир да жанды (Ага) шерик кылбасын!».* [18:110]

- Бухарийде Жундуб ﷺ рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ: **«Ким кылган ишин сүйлөсө, Алла аны жаман атты кылат. Ким эл көрсүн деп иш кылса, Алла ага көрсөтүп коёт»**, - деген.
- Муслимде ибн Аббастын хадисинде Пайгамбар ﷺ: **«Ким кылган ишин сүйлөсө, Алла аны жаман атты кылат, ким эл көзүнө иш кылса, Алла ага көрсөтүп коёт»**, - деген.
- Муслим жана Насоийде Абу Хурайра ﷺ кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: «**Кыямат күнүндө биринчи болуп шейит болгон адамдын үстүнөн өкүм чыгарылат. (Алла) аны берген неъматтары менен тааныштырганда, баарын таанийт. «Бул неъматтар туурасында эмне иш кылдың?» деп сураганда: «Сени деп согуштум, ал тургай шейит болдум», - дейт. (Ошондо Алла): «Жалган айтасың, сен баланча баатыр экен деп айтуулары үчүн согушкансың, ошол кеп айтылды» деп, анан буйрук берет жана аны сүйрөп барып тозокко жүзтөмөн ыргытып жиберишет. Илим алган, аны үйрөткөн жана Куран окуган бир киши алып келинет. (Алла) аны берген неъматтары менен тааныштырганда, баарын таанийт. «Бул неъматтар туурасында эмне иш кылдың?» деп сураганында: «Сен үчүн илим алдым, илим бердим, Куран окудум», - дейт. (Ошондо Алла): «Жалган айтасың, сен баланча аалым экен деп айтуулары үчүн илим алгансың, баланча кары экен десин деп Куран окугансың, ошол кеп айтылды» деп, анан буйрук берет жана аны сүйрөп барып тозокко жүзтөмөн ыргытып жиберишет. Алла ырыскысын мол кылган, ар түрдүү мал-дөөлөт берген адам алып келинет. (Алла) аны берген неъматтары менен тааныштырганда, баарын таанийт. «Бул неъматтар туурасында эмне иш кылдың?» деп суралат. «Сен сарпталышын каалаган жолдордун бирин да калтырбастан, баарына сарптадым», - дейт. (Ошондо Алла): «Жалган айтасың, сен баланча жоомарт**

**экен деп айтуулары үчүн кылгансың, ошол кеп айтылды» деп, анан буйрук берет жана аны сүйрөп барып, тозокко жүзтөмөн ыргытып жиберишет».**

- Байхакий, Табароний, Ахмаддардагы Абу Хинд Дорийдин хадисинде Пайгамбар ﷺ: «**Кимде-ким эл көрсүнгө, эл уксунга иш кылуу турумунда турса, кыямат күнү Алла ага көрсөтүп, уктуруп коёт»**, - деген.
- Табароний жана Байхакийдеги Абдулла ибн Амрдын хадисинде Пайгамбар ﷺ: «**Ким кылган ишин адамдарга айтса, баарынын алдында Алла аны жаман атты кылат, кордойт, жерге урат»**, - деген.
- Табаронийдеги Авф ибн Малик Ашжаъийдин хадисинде Пайгамбар ﷺ: **«Кимде-ким эл көрсүнгө иш кылуу турумунда турса, Алла ага көрсөтүп коёт, ким эл уксунга иш кылуу турумунда турса, Алла ага уктуруп коёт»**, - деген. Т.а. кимде-ким кылган ишин сүйлөсө, Алла аны жаманатты кылат.
- Табаронийдеги Муаз ибн Жабалдын хадисинде Пайгамбар ﷺ: «**Кайсы бир пенде дүйнөдө эл көрсүнгө жана эл уксунга иш кылуу турумунда турса, кыямат күнүндө Алла аны калайык алдында жаман атты кылат».**

Ибн Можа жана Байхакийде Абу Саъид Худрий ؓ рыбаят кылат: **«Биз Масих Дажжал жөнүндө тартышып турган элек, Пайгамбар ﷺ чыгып калып: «Силерге Масих Дажжалдан да коркунучтуураак нерсени айтайынбы?» - деди. Биз: «Ооба, айтыңыз, я Расулулла», - дедик. Ошондо ал киши: «Жашыруун ширк т.а. киши туруп намаз окуйт жана адамдардын карап жатканы намазын жасалгалайт», - деди»**.

Ибн Можа, Байхакий жана Хакимде Зайд ибн Аслам атасынан рыбаят кылат: «Умар ؓ мечитке чыкты жана Муаз ؓнун Пайгамбар ﷺдын кабыры жанында ыйлап жатканын көрүп: «Сени эмне ыйлатып жатат», - деди. Ошондо Муаз: «Пайгамбар ﷺдан уккан бир хадис» деп, ошол хадисти айтты: «**Риянын азы да ширк, ким Алланын досторуна душмандык кылса, Алла менен жекеме-жеке согушка чыгыптыр. Алла (эгер жок болушса адамдар «баланча келбептир да» дебей турган, бар болушса, адамдар «баланча келиптир» дебей турган) жоктугу да, барлыгы да билинбей турган, дилдери хидаят чырактары болуп, ар кандай караңгы зулматтан да чыгып кете турган, кылган иштерин сүйлөбөй турган,**

**күнөөлөрдөн өздөрүн таза кармай турган такыбадарларды жакшы көрөт».**

Аллага жакындашуу үчүн кылынган ишке рия кирип калса, аны бузат, сооп күнөөгө айланат. Муслимдеги Абу Хурайранын хадисинде Пайгамбар ﷺ мындай деген: «**Алла Таала айтат: «Мен шериктердин шериктикке эң бейкажетирээгимин** (т.а. эч кандай шерикке муктаж эмесмин)**. Кимде-ким бир иш кылып, анда Мага бирер нерсени же бирер кимсени шерик кылса, Мен аны ошол нерсеси же кимсесине таштап коёмун».** Шериктик риясы амалды бекер кылып жибергенден кийин, чыныгы риянын аны бекер кылып жибериши өз-өзүнөн белгилүү. Ахмад Убай ибн Каъб ؓдан кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: «**Бул үммөттүн курсантчылыгы улуулук, бийиктик, үстөмдүк жана мүмкүнчүлүктүүлүк менен. Кимде-ким акырет ишин дүйнө үчүн кылса, акыретте ага насибе болбойт».** Байхакий жана Баззор Заххок ибн Кайстан кылган рыбаятта Пайгамбар ﷺ мындай деген: «**Алла Таала: «Шериктин эң жакшысы Менмин, кимде-ким бирер иште Мага бирер нерсени же кимсени шерик кылса, анын кылган иши жалаң ошол нерсе же кимсе үчүн гана болуп калат», - дейт. Эй адамдар, амалыңарды калыс Кудай үчүн кылгыла. Себеби, Алла Таала калыс амалдарды гана кабыл алат, «Мына бул Кудай жана тууганчылык үчүн» деп айтпагыла. Себеби, ал бир гана тууганчылык үчүн болуп калып, андан эч нерсе Кудай үчүн болбой калат. «Мына бул Кудай жана силердин урматыңар үчүн» деп айтпагыла. Себеби, ал силердин урматыңар үчүн гана болуп калып, андан эч нерсе Кудай үчүн болбой калат».** Термизий, ибн Можа, ибн Хиббан, Байхакий жана Ахмаддар Абу Саъид ибн Абу Фузала ؓдан кылган рыбаяттарында Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Алла болушу анык болгон кыямат күнүндө эң биринчи жана акыркыларды топтогон убакта бир жарчы жар салып: «Ким иш-амалында бирөөнү шерик кылган болсо, сообун ошондон талап кылсын, себеби, Алла шериктердин шериктикке эң бейкажетирээги», - дейт».**

Нафл садака, нафл намаз, сүннөт намаздар, дуба, истигфар, Куран окуу сыяктуу солих амалдарды мүмкүн болушунча жашырып кылуу сүннөт. Буга далилдер көп, Азма дагы Анас ؓнун рыбаятында Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«... Жыт кандай гана жакшы. (Ал аял): «Эй Роббим, калктын ичинде жыттан да күчтүүрөөк нерсе барбы?» деп сурады. (Ошондо Алла): «Оң колу менен садака кылып, аны сол колунан жашырган**

**адам баласы кандай гана жакшы», - деди».** Зубайр ибн Авом: «Силердин кайсы бириңер солих амалды жашыра алса, анда жашырсын», - деген.

Пайгамбар ﷺ бизге жашыруун ширктен сактануунун жолун үйрөткөн. Ахмад жана Табаронийдин Абу Муса Ашъарийден рыбаят кылышына караганда, ал бир хутбасында: «Эй адамдар, мына бул ширктен сактангыла, себеби, ал кумурсканын жөрмөлөшүнөн да жашыруунураак» дегенде, Абдуррахман ибн Хази жана Кайс ибн Музориб туруп: «Аллага касамки, же сен айткан сезүңө далил келтиресиң, же сени кааласаң да, каалабасаң да Умарга алып барабыз», - дешти. Ошондо Абу Муса «айткан сөзүмө далил келтиремин» деп, Пайгамбар ﷺдын бир күнү кылган хутбасын айтып берди. **Ал киши: «Эй адамдар, мына бул ширктен сактангыла, себеби, ал кумурсканын жөрмөлөшүнөн да жашыруунураак», - деди. Ошондо Алла каалаган кимдир бирөө: «Я Расулулла, эгер ал курумсканын жөрмөлөшүнөн да жашыруунураак болсо, андан кантип сактанабыз?» деди эле: «Эй Аллахым, биз Сенден билген нерсебизди Сага шерик кылып коюудан баанек сурайбыз, билбеген нерселерибиз үчүн болсо, Сага истигфар айтабыз деп айткыла», - деди».**

Кылган ишин айтуу рия сыяктуу болуп амалды бекер кылбайт. Эгер ага рия аралашкан болсо, анда ал сүйлөй электе эле иш-амалы сая кетип бүткөн болот. Эгер амал калыс Кудай үчүн болуп, кийин аны сүйлөп койгон болсо, анда кийинки сүйлөгөнү үчүн күнөөкөр болот. Бул күнөө үчүн истигфар айтып, тооба кылууга болот. Алла кечиреби, кыямат күнү жабабы, же күнөөлөр таразасына коёбу, Анын Өзү билет. Бирок, Алла калыс амалды сая кетирбейт. Себеби, амалды сүйлөө туурасындагы далилдер анын арам экендигин гана билдирет. Амалды сая кетирерин билдирбейт. Рияда болсо андай эмес. Рияда Алла амалга сооп бербейт, ким үчүн кылган болсоң ошого бар, соопту ошол берсин, дейт. Бул дегени кылган амалың сая кетти дегени. Сүйлөөдө болсо мындай сөз жок. Анда сүйлөп койгону үчүн гана күнөөкөр болот. **«Алла аны жаман атты кылат», «Баарынын алдында жаман атты кылат», «Калайык алдында жаман атты кылат»** сыяктуу сөздөр, амалды сая кетиришин эмес, балким, бул иш үчүн жаза бар экендигин билдирет.

Кылган ишти сүйлөөнү рияга салыштырып болбойт. Себеби, рия аралашкан амал сая кетип, кудум болбогондой болуп калат. Калыс Кудай үчүн болгон ишти кийин сүйлөө болсо мындай эмес.

Кыскасы, чыныгы калыс болгон курбатты сая кетип бүткөн курбатка салыштырып болбойт.

**я) <u>Кибр жана худбиндик</u>** <u>(текеберлик жана өзүмчүлдүк)</u>**<u>,</u>** **<u>кекирейүү:</u>**

Муслим Абдулла ибн Масъуд рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ: **«Кимдин дилинде бир кыпындай кибр болсо, бейишке кирбейт», - деди. Бир киши: «Акыры адам кийиминин, бут кийиминин чырайлуу болушун каалайт-го?!» - деди. Айтты: «Алла сулуу, сулуулукту жакшы көрөт. Кибр болсо, акыйкатка нааразы болуу жана адамдарды теңсинбөө».** Кибрдин мааниси туурасында чоң кетүү, өзүн өйдө кармоо, манчыркоо, керилүү, менменсинүү, кекирейүү сыяктуу сөздөр айтылган. Кибрдин орду дил. Буга далил Алла Тааланын:

إِنْ فِي صُدُورِهِمْ إِلاَ كِبْرٌ

*- «Анык, алардын дилдеринде бир кибр-текеберлик бар»,* [40:56] - деген аяты жана Пайгамбар ﷺдын: **«Кимдин дилинде бир кыпындай кибр болсо...**» деген сөзү.

Кекирейүү болсо, кишинин өзүн ашкере жогору баалашы. Кибр менен анын айырмасы мында, кекирейүү ээсинин өзүндө болуп, ал эч ким жогунда да, адамдар арасында да кекирейе берет, кибр болсо адамдарга каршы каратылып, акыйкатка нааразы болуу, аларды теңине албоо.

Кибр да, кекирейүү да арам. Буга төмөнкүлөр далил:

- Бухарийде келишинче, Мужахид Алла Тааланын:

ثَانِيَ عِطْفِهِ

*- «(Туура жолдон) моюн толгоп...»,* [22:9]

- аятын өзүн бийик тутуучу деп тафсирлеген.

- Бухарий жана Муслимдин Хориса ибн Вахб Хузоийден рыбаят кылган хадистеринде Пайгамбар ﷺ мындай деген: «**Бейиш калкы кимдер экендигин айтайынбы? Алар өзүн кичүү кармоочу, Алла атына ант ичсе, аны албетте актоочу, кичи пейилдер. Силерге тозок калкы кимдер экендигин айтайынбы? Алар ар бир орой, одоно, текеберлер».**

- Муслим жана Бухарий Абу Хурайра жана Абу Саъид Худрийден кылган рыбаятында Пайгамбар ﷺ мындай деген: «**Азиздик – Анын ички кийими, текеберлик – сырткы кийими,** (Алла айтат): **ким Менден буларды талашса, аны азаптаймын».**

- Термизий, Насоий, ибн Хиббан, ибн Можа, Хакимдер Савбандан рыбаят кылышат, Пайгамбар ﷺ: **«Ким кибрден, оор**

**көрүүдөн, карыздан таза болуп өлсө, бейишке кирет»,** - деген.

- Бухарий, Термизий, Ахмад, Хумайдий, Ибн Мубарактар Амр ибн Шуайбдан, ал болсо, атасынан кылган рыбаятында Пайгамбар ﷺ: «**Кыямат күнүндө мутакаббирлер кишилер сүрөтүндөгү кумурскарларга окшоп кайра тирилишет, аларды ар тараптан кордук курчап алат...»,** - деген.
- Бухарий, Хаким, Ахмаддардын ибн Умар ؓдан кылган рыбаятында Пайгамбар ﷺ: **«Ким өзүн бийик тутса, кибр менен кадам таштаса, улуу жана буюк Аллага жолукканында Алла ага каарданган абалда болот»**, - деген.
- Баззордун Анас ؓдан кылган рыбаятында Пайгамбар ﷺ: **«Эгер күнөө кылбай койсоңор, силер жөнүндө андан көрө чоңураак нерседен т.а. кекирейип кетишиңерден кооптонуп каламын»**, - деген.
- Ибн Хиббан, Ахмад жана Баззорлор Умар ибн Хаттабдан рыбаят кылышат: **«Эгер киши Аллага кичипейилдик кылса, Алла анын боюн түзөп: «Тикелен, Алла сени тикелейт», - дейт. Ал өзү үчүн кичине болгону менен адамдардын көзү үчүн чоң. Эгер пенде текеберлик кылып, адинен ашса, Алла аны жерге уруп: «Жогол, Алла сени кууду», - дейт. Ал өзү үчүн чоң болгону менен адамдардын көзү үчүн кичине».**
- «Адабуд-дунё вад-дин» китебинде Мовардий Ахнаф ибн Кайстан рыбаят кылат: «Сийдик жолунан эки жолу өтүп (дүйнөгө келип), анан дагы чоң кеткен адамга таң каламын».
- Нававий «Мажмуъада» Шофеийден рыбаят кылат: «Ким өзүнүн баасын көтөрсө, Алла аны өз баасына кайтарып коёт», «Өзүнүн кадырын көрбөгөн адам эң кадырлуу адам, өзүнүн фазилатын көрбөгөн адам эң фазилаттуу адам».

## -15-

## Сүйлөшүү адеби

### 1) Сабак берүү адеби

- Оор алып калбоолору үчүн сабакты аралатып берүү. Ибн Масъуд ؓ ар бейшемби күнү сабак өтөр эле. Ага бир киши: «**Эй Абдуррахмандын атасы, биз сиздин сүйлөшүңүздү абдан жакшы көрөбүз, күн сайын сүйлөп турушуңузду каалайбыз», - деди. Ошондо ибн Масъуд: «Мен силер оор алып калбагыла деп гана мындай кылбаймын. Себеби, Пайгамбар ﷺ тажап калышыбыздан этияттанып, бизге**

**аралатып насаат кылар эле», - деди»** (муттафакун алайх). Ибн Аббас ﷺ айтат: **«Адамдарга (ар аптада жума күнү) бир жолу сүйлө. Көп болсо эки жолу. Ашып кетсе үч жолу. Адамдарга Куранды оор алдырып койбогун. Сүйлөшүп турган адамдардын алдына барып сүйлөп жибербегин, оор алдырып коёсуң. Тим отургун, өздөрү сурашса сүйлө, ошондо дилгирлик менен кулак салышат. Дубаны ырга окшотуп уйкаштыруудан узак бол, себеби, мен Пайгамбар ﷺ менен сахабалардын мындай кылышпаганына үйрөнүп калганмын».** Бухарийден.

- Мечитте сабак берүү үчүн ылайыктуу убакытты жана жерди тандоо керек, анткени, намазкандар азарланышпасын. Эгер мечит кең болсо, намаз окуп жаткандардан алысыраак жерди тандоо керек. Тар болсо, багымдат же асрдан кийинки учурлар сыяктуу намаз окуу макрух болгон убакыттарды тандоо керек. Абу Саъид айтат: «**Пайгамбар ﷺ мечитте этикаф отурган эле. Адамдардын добуш чыгарып кыраат кылып жатышканын угуп, парданы ачты-да: «Баарыңар тең Роббиңерге ылтыжа кылып жатасыңар, бири-бириңерге азар бербегиле, кыраат же намазда бири-бириңерден добушуңар көтөрүлүп кетпесин», - деди».** Баязийден: Пайгамбар ﷺ адамдардын намаз окуп жатышканынын үстүнөн чыгып калды. Кыраатта добуштары көтөрүлүп кеткен эле. Ошондо: **«Намаз окуучу Роббисине мунажат кылат** (суранып кайрылат)**, эмне менен мунажат кылып жатканына карасын, Куран окуп жатканыңарда бири-бириңерге добушуңарды чыгарбагыла»**, - деди. Бул эки хадис намазды жалгыз абалда окуучуну добушун көтөрүп башкаларга жолтоо болуудан кайтарат. Ошондой болгон соң, намаз окуп жаткандар алдында сабак өтүү өз-өзүнөн мүмкүн болбой калат. Ушуга караганда, мечит кең болсо, сабак өтүү үчүн намаз окуп жаткандардан узагыраак жерди, тар болсо намаз окуу макрух болгон убакты тандоо максатка ылайык.
- Үмүттү кең коюп, Алланын рахмат-ырайымынан, нусрат-жардамынан жана ийгиликке жеткиришинен үмүтсүздөндүрбөө. Абу Муса Ашъарий айтат: **«Пайгамбар ﷺ мени менен Муазды Яманга жиберип жатып: «Адамдарды даъват кылгыла, кызыктыргыла, бездирип койбогула...», - деген**» (муттафакун алайх). Жундуб рыбаят кылат: Пайгамбар ﷺ «Аллага касамки, Алла баланчаны кечирбейт» деген адамды айтып, кийин: **«Алла Таала: «Мени баланчаны кечирбейт деп ант ичкендей сен ким болуп калыпсың? Мен баланчаны кечирдим, сенин болсо амалыңды бекер кылдым», - дейт»**

**деди же ушуга окшош сөздү айтты».** Абу Хурайра ﵁ рыбаят кылышынча, Пайгамбар ﷺ: **«Эгер киши адамдар өлдү десе, анда аларды анын өзү өлтүрүптүр»**, - деди. Муслимден.

Үмүттү кең коюу угуучуну канааттандыра турган, ага таасир эте турган сөз менен болот. Бул максатты Куран жана сүннөт гана жүзөгө чыгара алат, эгер далил белгилүү бир окуя менен байлап түшүндүрүлсө, анын таасири көбүрөөк терең болот. Мисалы, Алла Тааланын мына бул аяттарын кыраат кылып берүү:

كُنْتُمْ خَيْرَ أُمَّةٍ

- *«Үммөттөрдүн эң жакшысы болдуңар»* [3:110]

وَكَانَ حَقًّا عَلَيْنَا نَصْرُ الْمُؤْمِنِينَ ﴿٤٧﴾

- *«Ыйман келтирген заттарды үстөм кылуу Биздин мойнубуздагы ак (милдет) болгон».* [30:47]

إِنَّا لَنَنصُرُ رُسُلَنَا وَالَّذِينَ آمَنُوا فِي الْحَيَاةِ الدُّنْيَا

- *«Албетте, Биз пайгамбарларыбызга жана ыйман келтирген заттарга дүйнө турмушунда жардам беребиз».* [40:51]

وَعَدَ اللَّهُ الَّذِينَ آمَنُوا مِنْكُمْ وَعَمِلُوا الصَّالِحَاتِ لَيَسْتَخْلِفَنَّهُم فِي الآرْضِ

- *«Алла силерден ыйман келтирген жана жакшы амалдар кылган заттарга кудум мурун өткөн (ыйман-этикаттуу) заттарды (жер жүзүнө) халифа-өкүмдар кылганындай, аларды да жер жүзүнө халифа кылууну убада кылды».* [24:55]

وَاذْكُرُوا إِذْ أَنْتُمْ قَلِيلٌ مُسْتَضْعَفُونَ فِي الآرْضِ تَخَافُونَ أَنْ يَتَخَطَّفَكُمْ النَّاسُ فَآوَاكُمْ وَأَيَّدَكُمْ بِنَصْرِهِ

- *«Жана силер жерде (Меккеде) азчылык жана начар болгон чагыңарда, адамдар (Мекке мушриктери) талап кетүүлөрүнөн коркуп турган чагыңарда силерге жай берип (Мединага көчүрүп), Өз жардамы менен колдоп-кубаттаганын эстегиле!».* [8:26]

وَمَا النَّصْرُ إِلاَ مِنْ عِنْدِ اللَّهِ

- *«Негизи, жеңиш Алланын алдынан келет».* [3:126]

إِنَّ اللَّهَ لاَ يُخْلِفُ الْمِيعَادَ ﴿٩﴾

- *«Албетте, Алла убадасына тескери иш кылбайт».* [3:9]

وَمَنْ أَصْدَقُ مِنْ اللَّهِ قِيلاً ﴿١٢٢﴾

- *«Алладан көрө чынчылыраак ким бар».* [4:122]

ثُلَّةٌ مِنْ الآوَّلِينَ ﴿٣٩﴾ وَثُلَّةٌ مِنْ الآخِرِينَ ﴿٤٠﴾

*- «(Оң тарап ээлери болгон бактылуу кишилер) мурунку (үммөт)төрдөн да көпчүлүк, кийинкилерден (т.а. Мухаммад алайхис-салам үммөттөрүнөн) да көпчүлүк (болот)».* [56:39-40]

ثُلَّةٌ مِنَ الْأَوَّلِينَ ﴿١٣﴾ وَقَلِيلٌ مِنَ الْآخِرِينَ ﴿١٤﴾

*- «(Ал алдыңкылар) мурунку (үммөт)төрдөн көпчүлүк, кийинкилерден (т.а. Мухаммад алайхиссалам үммөттөрүнөн) болсо аз (болот)».* [56:13-14]

Иштин акыры жакшы болушу туурасында Пайгамбар ﷺдын мына бул хадисин айтуу: **«Үммөтүм жамгырга окшойт. Жакшылык анын башындабы, акырындабы, билип болбойт». «Ох, менин боордошторум», «Карыптарга бейиш болсун», «Алла Тааланын пайгамбарлар да, шейиттер да болбогон мындай пенделери бар...».** Пайгамбарлык жолу негизиндеги **ХАЛИФАЛЫК**тын кайта тикелениши, Римдин фатх кылынышы, жөөттөр менен согушуп, аларды кырып таштоо, ыйык жерге **ХАЛИФАЛЫК**тын кайтышын башарат кылуучу хадистерди айтуу ушуларга кирет.

Мусулмандар тарыхынан мисалдар келтирүү дагы да жакшыраак. Бадр, Хандак, Кодисия, Нахованд, Ярмук, Ажнодайн, Тустар жана бакша сан-санаксыз жеңиштерди айтып өтүңүз, душманга салыштырмалуу саны жагынан аз, материалдык даярдыгы жагынан кем болушуна карабастан жеңишке жетишкендиктерине, ал тургай, Пайгамбар ﷺ жиберген бир эле кишинин өзү да жеңишке жетишкенине өзгөчө басым жасоо жана муну менен мусулмандардын аң-сезимдеринде жихад түшүнүгүн шоолаландырып, алардан – тынчтык, сүйлөшүүлөр, хайфсан (бойкот) жарыя кылып коюу, четке кагымыш болуп коюу, хакамдык кылышын (маселени чечүү үчүн өкүмдар болуп беришин) суранып тогут-шайтандын алдына баруу, айтор, көңүл айныткан мындай иштерге мейли деп ыраазы болуп тура берүү сыяктуу түшүнүктөрдү – өчүрүп таштоо максатка ылайык.

Баарыдан мурун акыйданы, ал өкүм-мыйзамдардын негизи экендигин дилдерге мыктап кагуу керек. Уруулар аралык ички согуштар, жеке кызыкчылыктар жана жарамсыз-жалган уламыштардан башка көйү болбогон арабдарды дүйнөнү жакшылыкка баштай турган, адамдарды караңгылыктардан нурга алып чыга турган, дүйнө-акырет азиздигине жетишкен эң күчтүү, эң жакшы үммөткө айландырган мына ушул акыйда эмеспи?!

- Сабактын темаларын адамдар жашап турган вокыйга (учурдагы турмуш чындыгына) карап тандоо. Ошондо сабак жандуу өтөт. Эгер адамдардын бирер этикат-ишениминде түшүнбөөчүлүк

болсо, аны түшүндүрүп берсин, кайсы бир саясий орунда адашып жатышканын көрсө, жолду көрсөтүп берсин, кайсы бир пикир же өкүмдө катаны көрсө, аны кеңири түшүндүрүп, туурасын ажыратып берсин, же Шейх Такыйюддин Набахоний (рахматуллахи алайх) айткандай, ийри сызыктын жанына түз сызыкты койсун. Америка Багдадды урандыга айландырып жаткан бир убакта сыйлык темасында, Масжидул Акса душман колунда турган бир убакта аял кишинин машина айдашы темасында, Америка кошууну басып алынган жерлерде мыкаачылыктар кылып жаткан бир убакта аял кишинин парламентке кириши темасында, нефть талап-тонолуп жаткан бир убакта таъзия темасында, Масжидул-Харамдын урматы тебеленип жаткан бир убакта чачка тийиштүү өкүмдөр темасында сабак өтүү – адамдарды адаштыра турган, акыйкаттан жазгыра турган маанисиз, жийиркеничтүү бир иш.

- Шаръий өкүмдү жеңил санап, мударристин пикирине каршылык билдире турган нааданды жекирүү, ал эми, ой жүгүртүү менен каршы пикир билдирген факих кишиге карата болсо кечиримдүү болуу. Хаким Абдулла ибн Мугаффалдан рыбаят кылат: **«Пайгамбар ﷺ хазфтан кайтарган»**, т.а. межлисте отурганда майда таш же данектерди манжалар арасына кыстарып же палахманга салып атып отуруудан кайтарган. Мунун айтылыш жөнү мындайча болгон. Анын алдында бир киши ушул ишти кылганда: «Мен Пайгамбар ﷺдан хадис айтып отурсам, сен ушинтип жатасыңбы, Аллага касамки, эми сени менен эч качан сүйлөшпөймүн», - деди. Ахмад Абдулла ибн Ясордон рыбаят кылат: «Амр ибн Харис Алий ؓдан «Жаназанын алдынан барган жакшыбы же артынан барганбы?» - деп сурады эле: «Анын алдынан баруудан көрө артынан баруунун абзелдиги парз намазды жамаат менен окуунун жалгыз окуудан абзелдиги сыяктуу», - деди. Амр: «Анда мен Абу Бакр менен Умардын жаназанын алдынан барганын көргөнмүн го?» - деди. Ошондо Алий ؓ: «Адамдарга кыйын кылып коюуну каалабастан ушундай кылышкан», - деп жооп берди». Т.а. адамдар жаназанын алдында жүрүү жайыз эмес экен деп ойлоп калышпасын үчүн ушинтишкен.
- Адептүүлүк менен суроо берүүчүгө жакшылап кулак салуу. Абу Наъим жана ибн Хиббан рыбаятында Муаз ибн Саъд Аъвар айтат: «Ато ибн Абу Рабахтын алдында отурган элем. Бир киши бир хадисти айтып калды. Адамдардын бири ага нааразылык бирдирди. Атонун ачуусу келип «бул эмне деген кылык, мен өзүм жакшы билген хадиске да эч нерсе билбей турган адамдай кулак саламын», - деди».

- Кулак салбай турган адам менен сүйлөшпөө. Бухарий Жарир ﷺдан рыбаят кылышынча, Пайгамбар ﷺ коштошуу хажында ага: **«Адамдарды тынчтандыр...»** деген, Хотибдин келтиришинче, Абу Амр ибн Ало мындай деген: «Сурабаган адамга жооп беришиң, же жооп бербей турган адамдан сурашың, же кулак салбай турган адамга сүйлөшүң адептен эмес».
- Шаръий өкүмдөрдү күчсүздөнүүгө алып бара турган өзгөчө зарылдык ордуна түшүп калган өзгөчө муктаждык коидасы жана эч нерсеге байлабастан бүтүндөй жеңилдештирүү коидасы сыяктуу коидаларга бөлүп жиберүүдөн сактануу. Үй сатып алуу үчүн пайыз-проценттүү карыз алуу, христианга караштуу касапканада доңуз этин сатуу, капырлар аскери сабында мусулмандарга каршы согушка чыгуу, фитна жок мамлекетке өтүү мүмкүнчүлүгү боло туруп муслима аялдын жоолук оронбой көчөгө чыгышы жана Алла түшүргөн нерседен башка нерсе менен өкүм кыла турган казы болуп иштөө ушуга мисал болот.
- Илим такаллуфунан сактануу. (Такаллуф – өзүнүн ары жагында болбогон нерсени айтуу, мисалы, ачка болсо токмун деш же билбегенин билем деш сыяктуу ж.б.) Бухарийде келишинче, Умар ﷺ: **«Такаллуфтан кайтарылганбыз»** дейт. Масруктун рыбаятында Абдулла ибн Масъуд ﷺ айтат: «**Эй адамдар, ким бирер нерсени билсе, аны сүйлөсүн, билбеген адам Алла билүүчүрөк десин, себеби, билбеген нерсесинде Алла билүүчүрөөк деш илимден. Алла Таала Пайгамбары ﷺга**:

قُلْ مَا أَسْأَلُكُمْ عَلَيْهِ مِنْ أَجْرٍ وَمَا أَنَا مِنَ الْمُتَكَلِّفِينَ ﴿٨٦﴾

*- «(Эй Мухаммад аларга) айткын: «Мен (Куранды жеткиргеним үчүн) силерден эч ажр-акы сурабаймын жана мен жасалмалардан (т.а. жалган айтып пайгамбармын деген кимселерден) да эмесмин».* [38:86]

**- деген»** (муттафакун алайх).
- Наадандар менен тартышпоо. Жобир ﷺнун рыбаят кылышынча, Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Өзүңөрдү аалымдар кылып көрсөтүү үчүн илим үйрөнбөгүлө, наадандар менен тартышпагыла, межлистерди тандабагыла, ким ошондой кылса, тозок, тозок».** Ибн Хиббан, Хаким.
- Рия үчүн, эл көрсүнгө, эл уксунга кылуудан, кекирейүүдөн жана текеберленүүдөн сактануу. Бул жөнүндө айтып өттүк.
- Адамдарга акылдарына карай сүйлөө. Алий ﷺ: **«Адамдарга алар биле турган нерселерди сүйлөгүлө, Алла жана Расулу жалганчыга чыгарылышын каалайсыңарбы?!», - дейт.** Бухарийден. Ибн Хажар: «Биле турган нерселер» деген сөздөн

көздөлгөн маани – түшүнө турган нерселер», - дейт. Абдулла ибн Масъуд ﵁: **«Бир коомго акылдары жетпей турган хадисти айта көрбөгүн, алардын айрымдары заковаттуу-зирек болушса гана (айтсаң, болот)».** Муслимден. Ибн Аббас айтат: **«Роббанийлер, халимдер жана факихтер болгула, адамдарды чоң илимдерден мурун кичи илимдер менен тарбиялай турган адам роббаний делет».** Бухарийден.

**2) Хутба окуу адеби**

- Айрыкча жума күнү хутбаны кыска кылуу. Муслим Аммор ﵁дан рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Киши намазынын узун, хутбасынын кыска болушу – анын факихтигинен бир белги. Намазды узун, хутбаны кыска кылгыла. Баян кылууда бир сыйкыр бар».** Жобир ибн Сумра айтат: **«Пайгамбар ﷺ менен намаз окуган элем. Намаздарында да, хутбаларында да орточо болду»** Муслим рыбаят кылган. Хакам ибн Хазан Калафий айтат: **«Пайгамбар ﷺ менен жума окуган элем, таякка же жаага сүйөнүп туруп, Аллага хамду сана жана жеңил, жагымдуу, берекелүү сөздөрдү айтты».** Ибн Худаймий Ахмад, Абу Довуддан, Абдулла ибн Абу Авфо айтат: **«Пайгамбар ﷺ көп зикир кылар эле, бекерчи сөздү аз сүйлөр эле, намазды узун, хутбаны болсо кыска кылар эле, кул же тул аял менен жүрүүдөн арданбас эле. Ал тургай, алардын кажеттерин чыгарар эле».** Хаким ибн Хиббандан.
- Намаз жана хутбадагы орточолук, башка хадистер менен тафсир кылынганда, намаздын хутбадан узунураак болушун түшүндүрөт. Ибн Абу Авфонун хадисинде Пайгамбар ﷺ намазды узун, хутбаны кыска кылган, Аммордун хадисинде да намазды узун, хутбаны кыска кылууга буюрган. Демек, ал кишинин жума күнүндөгү намазы хутбасынан узун болгон. Эгер Пайгамбар ﷺдын намазынын көлөмүн билсек, хутбасынын да кыскалыгын билип алабыз. Абу Хурайранын рыбаятында Пайгамбар ﷺ жума намазына «Жума» жана «Мунафикун» сүрөлөрүн зам кылган. Нуъман ибн Баширдин хадисинде болсо «Саббихисма роббикал-аъла» сүрөлөрүн окур эле. Бул үч хадисти Муслим рыбаят кылган. Демек, Пайгамбар ﷺ окуган эң узун жума намазы «Жума» жана «Мунафикун» сүрөлөрү окулган намаз. Буга эки руку, төрт сеждени, ташаххуд жана салаваттар үчүн отурууларын кошо турган болсок, эң узун жума намазы болот. Андан кыскараагы болсо «Аъла» жана «Гошия» сүрөлөрү зам кылынган намаз. Ушуга караганда, Пайгамбар ﷺдын намаздары хутбаларынан узун болгон.

- Минбарда сабак, маъруза, икая кылуу, макала, ыр окуу ыкмаларынан башкача хутбага таандык өзгөчө ыкманы иштетүү. Хутбага хос ыкманы билип алуу жана аны башка ыкмалардан ажыратып алуу үчүн сөздүк китептерине кайрылынсын.
- Обонго салуудан катуу сактануу. Хутба окуучунун сөзүн обонго салышы куник иш. Куран кыраатын обонго салуу болсо андан да куник.

**3) <u>Муназара</u>** (талкуу) **адеби:**

Муназара – бул талкуу. Алла Таала айтат:

قَدْ سَمِعَ اللَّهُ قَوْلَ الَّتِي تُجَادِلُكَ فِي زَوْجِهَا وَتَشْتَكِي إِلَى اللَّهِ وَاللَّهُ يَسْمَعُ تَحَاوُرَكُمَا

*- «(Эй Мухаммад) чындыгында Алла сени менен өз жубайы туурасында талкуулашып жаткан жана Аллага арызданып жаткан (аял)дын сөзүн укту. Алла силердин суроо-жоопторуңарды угуучу Зат».* [58:1]

Бул аятта Алла Таала муназараны «бахс» б.а. талкуу деп атап, аны «эки тарап тең өз далилин же өз далили деп эсептеген нерсесин келтирүү» деп белгиледи. Андан максат, өз пикири менен багытын кубаттоо жана атаандашынын далилин бекер кылып, аны тууралык жана чындык деп билген тарабына алып өтүү.

Шариятта муназара-талкуудан чындыктын жүзөгө чыгарылышы жана туура эместин батылдыгы көрсөтүлүшү максат кылынат. Алла Таала айтат:

ادْعُ إِلَى سَبِيلِ رَبِّكَ بِالْحِكْمَةِ وَالْمَوْعِظَةِ الْحَسَنَةِ وَجَادِلْهُمْ بِالَّتِي هِيَ أَحْسَنُ

*- «(Эй Мухаммад), Роббиңдин жолу-динине дааналык-хикмат жана көркөм насаат менен даъват кылгын! Алар (т.а сени менен талашып-тартыша турган адамдар) менен эң көркөм жол менен далилдешип-тартышышкын».* [16:125]

قُلْ هَاتُوا بُرْهَانَكُمْ إِنْ كُنتُمْ صَادِقِينَ ﴿١١١﴾

*- (Эй Мухаммад), айткын: «Эгер чынчыл болсоңор, далил келтиргиле!»"* [2:111]

Пайгамбар ﷺ Мекке мушриктери менен, Нажрон насронийлери менен, Медина жөөттөрү менен талкуулашкан. Кайсы бир жерде талкуу ыкмасы зарыл болуп калса, ошол жерде талкуу важыпка айланат. «Бир важып бир нерсесиз ишке ашпаса, ошол нерсенин өзү да важып болуп калат» деген коидага негизделип ушундай болот.

Шариятта каралаган талкуулар да бар. Мисалы, Алла жана Анын аяттары жөнүндө талкуу кылуу куфр.

وَهُمْ يُجَادِلُونَ فِي اللَّهِ وَهُوَ شَدِيدُ الْمِحَالِ ﴿١٣﴾

*- «Ал кимселер Алла туурсында талашып-тартышып турган чактарында урат. Ал (кармаган убакта) катуу кармоочу Зат».*[13:13]

مَا يُجَادِلُ فِي آيَاتِ اللَّهِ إِلاَّ الَّذِينَ كَفَرُوا

*- «Алланын аяттары туурасында капыр болгон кимселер гана талашып-тартышышат».* [40:4]

الَّذِينَ يُجَادِلُونَ فِي آيَاتِ اللَّهِ بِغَيْرِ سُلْطَانٍ أَتَاهُمْ كَبُرَ مَقْتًا عِنْدَ اللَّهِ وَعِنْدَ الَّذِينَ آمَنُوا

*- «Алланын аяттары туурасында өздөрүнө келген эч бир хужжат-далилсиз талашып-тартыша турган кимселер Алла алдында да, ыйман келтирген заттар алдында да абдан жек көрүүгө дуушар болушат».* [40:35]

وَيَعْلَمَ الَّذِينَ يُجَادِلُونَ فِي آيَاتِنَا مَا لَهُمْ مِنْ مَحِيصٍ ﴿٣٥﴾

*- «Биздин аяттарыбыз туурасында талашып-тартыша турган кимселер өздөрү үчүн (Алланын азабынан) эч бир качып-кутула турган жай жок экендигин билип алышсын!».* [42:35]

Талкуулашуучулардын исбат кылуучусу (далилдөөчүсү) эмес, инкар кылуучусу (жокко чыгаруучусу) капыр. Себеби, инкар кылуучу акыйкатты рад кылуу үчүн, исбат кылуучу болсо чындыкты жүзөгө чыгарып, батылды талкалоо үчүн талкуу кылат.

وَجَادَلُوا بِالْبَاطِلِ لِيُدْحِضُوا بِهِ الْحَقَّ

*- «Туура эмес (хужжат-далилдер) менен талашып-тартышып, анын жардамында Чындыкты жеңмекчи болушкан эле».* [40:5]

مَا ضَرَبُوهُ لَكَ إِلاَّ جَدَلاً بَلْ هُمْ قَوْمٌ خَصِمُونَ ﴿٥٨﴾

*- «Алар: (бул мисалды) сага талашып-тартышуу үчүн гана келтиришти. Акыры, алар урушчаак коом (эмеспи)».* [43:58]

Куранды мөъжиза эмес, же Алла тарабынан эмес деп талкуулоо куфр. Ахмад Абу Хурайрадан рыбаят кылган марфуъ хадисте: **«Куран жөнүндө талкуу кылуу куфр»** делген. Талкуу макрух болушу да мүмкүн. Көрүнүп бүткөн акыйкат туурасында талкуу кылуу сыяктуу.

يُجَادِلُونَكَ فِي الْحَقِّ بَعْدَ مَا تَبَيَّنَ كَأَنَّمَا يُسَاقُونَ إِلَى الْمَوْتِ وَهُمْ يَنظُرُونَ ﴿٦﴾

*- «(Ошондо) алар кудум көрүп турган абалдарында өлүмгө айдап бараткандай, сени менен ачык-айкын болгон чындык (т.а. согушка чыгуу) туурасында тартышкан эле».* [8:6]

Талкуу далил же күмөн менен болот. Аларсыз талкуу, ызы-чуу салуудан жана тартипсиздиктен башка нерсе эмес. Күмөнгө ибн Акыйл «Багытты чындык болбосо да чындык кылып көрсөтүү күмөн

болот» деп аныктама берет. Ибн Хазм ызы-чуу салууну «Бир же бир нече маселелерди акыйкатсыздыкка алып бара турган бузук, батыл далил менен боёп көрсөтүү, бир сөз менен айтканда, калп сөз» деп түшүндүрөт. Ибн Акыйл айтат: «Илим калкынын эң сүйүктүү жолу – далил же күмөн негизинде сүйлөө. Ызы-чуу салуу болсо талкуу калкынын тартипсиздиги. Ызы-чуу салуу – бул далил же күмөнсүз талкуу кылуу дешке да болот».

Мусулман аалымдардын талкуу мыйзамдары жана адептери жаатындагы сунуштарын төмөндө айрым бир кошумчалар менен келтиребиз.

- Алладан такыба кылууну биринчи орунга коюу. Ага жакын болууну максат кылуу. Анын буйругун аткарып ыраазылыгына жетишүүнү үмүт кылуу.
- Атаандашын утууну, мат кылууну эмес, чындыкты жүзөгө чыгарууну жана анын акыйкат эместигин көрсөтүп берүүнү ниет кылуу. Шофеий айтат: «Ким менен сүйлөшпөйүн, ар дайым анын ийгиликке жетишин, туура болуп чыгышын, Алла тарабынан ага коргоо болушун каалагайнмын. Ким менен сүйлөшпөйүн, ар дайым Алла акыйкатты менин тилимден баян кылабы, анын тилинен баян кылабы, мен үчүн айырмасы болбогон». Ибн Акыйл айтат: «Чындыкты жүзөгө чыгаруу максат кылынбаган ар бир талкуу – ээсинин өлүмү».
- Сыймыктанууну, аброй табууну, эмнегедир жетишүүнү, талашып-тартышууну жана рияны максат кылбоо.
- Алла үчүн, Анын дини үчүн, өзүнүн атаандашы үчүн насаатты ниет кылуу. Себеби, дин – насаат.
- Аллага хамду сана, Пайгамбарга рахмат жана салам айтуу менен баштоо.
- Алладан Өзү ыраазы боло турган ишке жетиштиришин суроо.
- Талкууда жолу туура, көрүнүшү жакшы болуу. Ибн Аббас ﵄нун рыбаятында Пайгамбар ﷺ мындай деген: «**Туура жол, жакшы көрүнүш жана орточолук – пайгамбарлыктын жыйырма беш бөлүгүнүн бири**». Ахмад, Абу Довуддан. Ибн Масъуддун мавкуф хадисинде келет: **«(Сүйлөөдөгү) көркөм жол – акыр заманда айрым амалдардан жакшыраак».**
- Сөздү кыска кылуу, жеңил, бардык маанини өзүндө камтыгандай кылып жеткиликтүү сүйлөө. Көп сүйлөө – изден чыгууга жана катага алып барып коюуга кошумча түрдө – угуучуга оор да алдырып коёт.
- Атаандашы экөөсү тең кайрылына турган негизге келишип алышы керек. Бул нерсе капыр менен талкуулашканда жалаң гана аклий болот. Мусулман менен болсо, аклий да, наклий да болушу

мүмкүн. Аклий иштерде акыл кайрылына турган негиз болушу мүмкүн, ал эми, шаръий иштерде бул негиз бир гана накл боло алат. Алла Таала айтат:

فَإِنْ تَنَازَعْتُمْ فِي شَيْءٍ فَرُدُّوهُ إِلَى اللَّهِ وَالرَّسُولِ

- *«Эгер кандайдыр бир нерсе жөнүндө талашып калсаңар, ал нерсени Аллага жана пайгамбарына кайтаргыла»* [4:59] т.а. Куран жана Сүннөткө.

- Капыр менен шарияттын фарълары (негизден келип чыккан бөлүктөрү) туурасында талкуу кылынбайт. Себеби, ал шарияттын негизине ыйман келтирбейт. Аны менен төрт аялга үйлөнүү, аялдын күбөлүгү, жизя, мурастар, арактын арамдыгы жана башка фаръий маселелерде тартышылбайт. Аны менен далилдери аклий болгон дин негиздери туурасында гана талкуу кылынат. Себеби, талкуудан максат – батылдан акка, залалаттан хидаятка алып өтүү. Бул нерсе болсо аны куфрдан ыйманга алып өтүү менен гана ишке ашат. О.э. христиан менен буддис же жөөттүн акыйкат эместиги туурасында талкуу кылынбайт. Бул жана ушуга окшош темалардагы сөздөр таптакыр талкуу эсептелбейт. Себеби, христиан буддис же жөөт эмес да, алардын акыйкат эместигин көрсөткүдөй, аны менен талкуу жалаң гана анын өзүнүн батыл акыйдасы туурасында болуп, андан көздөлгөн максат, аны акыйдага – Исламга алып өтүү болот. Ошондуктан, келишкен темабызда сүйлөшөбүз, ихтилаф кылган (кайчы пикирде болгон) темабызды таштайбыз делбейт. Себеби, биз талкуу кылууга буюрулганбыз. Талкуу болсо, ихтилафтуу темаларда гана болот. Христиан же капиталист мусулман менен – буддизм, коммунизм же социализмдин жийиркеничтүү экендигине келишип алып – ушунун тегерегинде сүйлөшөшүшсө, бул сөз талкуу эсептелбейт. Бул нерсе мусулмандын мойнундагы «талкуу жолу менен Исламга алып өтүү» деген важыпты алып таштабайт, актабайт. О.э. «капырлар менен келишкен жерлерибиз туурасында сүйлөшүп, ихтилафтуу жерлерибизди кыяматка калтырабыз, ошондо Алланын Өзү каалаганча өкүм кылат да, ортобузду ажырым кылып берет» деп да айтылбайт. Себеби, биз ихтилафтуу (карама-каршылыктуу) иштерде талкуу кылууга буюрулганбыз. Аны кылбасак, күнөөкөр болобуз. Туура, дүйнөдө да акыретте да өкүм жалгыз Алланыкы. Бирок, биз Алланын иши менен үстүбүзгө жүктөлгөн милдетти аралаштырып жибербешибиз керек. Мындай кылуу жоопкерчиликсиз кимсенин далили т.а. далили да эмес, эч бир далили да, күмөнү да болбогон ызы-чуусу.

- Добушун алдындагылар уга турган даражадан өйдө көтөрбөө. Атаандашына карап кыйкырбоо. Икая кылынышынча, Абдуссамат

деген Бану Хошимдик бир киши Маъмундун алдында сүйлөп, добушун көтөрүп жиберди. Ошондо Маъмун: «Эй Абдуссамат, добушуңду көтөрбө, тууралык каап сүйлөөдө эмес, таап сүйлөөдө», - деди.

- Атаандашты теңсинбей койбоо, жерге урбоо.
- Атаандаштын ызы-чуусуна сабыр кылып, ага карата жумшак болуу. Анын тайгалануударын кечирүү. Эгер наадан болсо аны менен талкуулашуу токтотулат.
- Кескиндиктен (т.а. ачууга алдыруудан) жана жекирүүдөн сактануу. Ибн Сирин: «Кескиндик – наадандын тахаллусу (лакабы)», - деген. Бул сөздө талкуудагы кескиндик назарда тутулуп жатат. Табароний ибн Аббастан рыбаят кылган хадистеги Пайгамбар ﷺдын **«Үммөтүмдүн эң жакшыларын кескиндик басат** (т.а. алар кескин болушат)**»,** - деген сөзүнө келсек, андагы ровийлерден бири Салам ибн Муслим Товил матрук. (Т.а. анын хадиси алынбайт, ташталат). Дагы Табароний Алий ибн Абу Талибден рыбаят кылган хадистеги Пайгамбар ﷺдын: **«Үммөтүмдүн эң жакшылары эң кескиндери болуп, ачууланышса, кайтышат»** деген сөзү да бар. Бул хадистин да ровийлеринин бири Наъим ибн Солим ибн Канбар каззоб (жалганчы).
- Өзүнө караганда билимдүүрөөк адам менен талкуу кылганда ката кылып жатасың, сөзүң туура эмес делбейт. Эгер бирөө мына мындай деп калсачы, нааразылык билдирсечи деген сыяктуу сөздөр менен сүйлөнөт. Же жол сурагандай болуп «мына мындай делсе, туура боло береби» деп сүйлөнөт.
- Атаандаш келтирип жаткан далилдерди жакшылап түшүнүп алуу керек. Ошондо аны рад кылуунун мүмкүнчүлүгү туулат. Ал сөзүн бүтө электе сүйлөп жибербөө керек. Ибн Вахб: Маликтин «түшүнбөй туруп жооп берүүдөн пайда жок, атаандаштын сөзүн бөлүп коюу адептен эмес» дегенин укканмын, - дейт. Эгер атаандаштын өзү урушчаак, кежир, бакырчаак болсо, негизи, аны менен талкуу кылбаган макул. Талкуу маалында анын ушундай экендиги ачылып калса, насаат кылынат. Алса алды, албаса жок, сүйлөшпөй коё калынат.
- Жүзүн атаандашы тарапка каратуу. Талкуулашуучуну теңсинбестен, айлансындагыларга обу жок көз ойнотуп турбоо керек, мейли ал келишип жаткан болсун, мейли келишпей жаткан болсун. Эгер атаандаш ушинтсе, насаат кылынат. Тыйылбаса, талкуу токтотулат.
- Кежир, өзүмдүкү гана туура дей тургандар менен талкуу кылынбайт. Себеби, мындайлар башканын сөзүн алышпайт.

- Фазовий (спутниктик) каналдар жана жалпы жыйындар сыяктуу кооптуу жерлерде талкуу кылынбайт. Бирок, эгер дининде бекем болуп, Алланын жолунда жаман атты кылуучунун жаман атты кылышынан коркпосо, камалуу же өлтүрүлүү деген нерселерди мойнуна алып койгон болсо, беймарал ак сөздү айтып, талкуу кыла берет. Өзүнөн корксо, амир же султандын алдында да жөн туруу макул. Эгер өзүн Хамза менен бирге болууга даярдап алган болсо, сүйлөгөнү жакшы, себеби, корккон адам дадил сүйлөбөстөн, дин жана илимди айыптуу кылып көрсөтүп коюшу мүмкүн, Ахмад, Малик сыяктуу мурунку өткөндөрдүн, Каззофий сүннөттү инкар кылганда аны менен талкуулашкан азыркылардын карманган позицияларын эске сала жүрөлү.
- Жаман көрө турган адамы менен талкуулашпасын. Жаман көрүү ал тараптанбы, атаандашы тараптанбы, айырмасы жок.
- Жыйында атаандашынан үстөм болууга умтулбоо.
- Атаандашына кандайдыр бир нерселерде сөздү созуп жибербөө. Талкуу темасына жолтоо болбой турган кылып кыска гана айтып өтүү.
- Илимди жана илим калкын теңсинбей турган адам менен, же талкууну жана талкуулашуучуларды теңсинбей турган наадандардын көз алдында муназара кылбоо. Малик айтат: «Кишинин илимге моюн сунбай турган адам алдында илимди сүйлөшү – илимди кордошу».
- Атаандашынын тилинен чыккан акыйкат сөздү тан алуудан моюн толгобоо. Себеби, чындыкка кайтуу батылда тентиреп жүрүүдөн жакшыраак. Ошентсе, сөздү угуп, анын эң жакшысына ээрчүүчүлөрдүн тобунан болот.
- Жоопту чаташтырбоо. Бул нерсе суроого дал келбеген жооп кайтаруу менен болот. Мисалы, суроочу «Саудия Ислам мамлекетиби?» деп сураса, жооп берүүчү «ал жердеги өкүм Исламий» дейт. Мына ушул жооп чаташтыруу. Туура жооп болсо, ооба же жок, же билбейминдин бири болот.
- Анык көрүнүп турган нерсени жокко чыгарбоо. Мындай кылуу өзүн чоң эсептөө болуп саналат. Мисалы, капырлардын мусулмандарга душмандыгын жокко чыгаруу, же мусулмандар диярларындагы түзүмдөрдүн Ислам менен өкүм жүргүзбөй турган куфр түзүмдөрү экендигин инкар кылуу.
- Жалпы бир сөздү сүйлөп, кийин анын тафсилат-деталдарына өткөндө, ага тескери келген сөздү айтпоо. Мисалы, «Америка Исламга жана мусулмандарга душман» деп туруп, аркасынан «Америка палестиналыктарга мамлекетин тикелеп алууда жардам берип жатат, себеби, ал адилеттүүлүктү жана эркиндикти

жактоочу» деш, же «Америка Иракка аны диктаторлук зулумунан азат кылуу үчүн кирди» деш.

- Таштоо керек болгон ар кандай маселеде туура келип калса, далилин таштоодон тартынбоо. Мисалы, «өзгөчө муктаждык-керектөөлөр өзгөчө зарылдык ордуна түшөт» деген коида-эрежеге ылайык, Батыштагы үйлөрдү сүдкордук менен сатып алууга уруксат берет да, кийин болсо тамак-аш, кийим-кече, үйлөнүү сыяктуу башка керектөөлөргө уруксат бербейт, анткени, аларга да уруксат берсе, көп арамга уруксат берген болуп калышын айтып, далилин таштоодон тартынат. Биерде, керектөөлөрдүн бардыгында өзүнүн далил кылып келтирген коидасын таштабаса т.а. керектөөлөрдүн бирине уруксат берип, башкасына уруксат бербесе, анда өзүн-өзү сындырган болот.

## -16-

## Адамдардын бузганын оңдой турган гариб-карыптарга бейиш болсун

Муслим Абу Хурайра ﷛дан рыбаят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ: **«Ислам карып болуп башталды, дагы карып болуп кайтып келет. Карыптарга бейиш болсун»**, - деген.

Карыптар уруулардан үзүлүп чыккандар. Доримий, ибн Можа, Ахмаддар Абдулла ибн Масъуддан рыбаят кылышат: **«Пайгамбар ﷺ: «Ислам карып болуп башталды, дагы башталганындай карып болуп кайтып келет. Карыптарга бейиш болсун», - деди. «Карыптар кимдер?» деп суралды. «Уруулардан үзүлгөндөр» деп жооп берди**».

Мына ошол уруулардан үзүлгөн карыптардын фазилаттарынан:

**<u>Адамдар бузулушса, оңдошот:</u>** Амр ибн Авф ибн Зайд Малаха Музаний ﷛нун рыбаятында Пайгамбар ﷺ мындай деген: **«Дин жылан ийинине кайткандай, Хижазка кайтат. Дин тоо эчкиси тоонун чокусунан тушоолонгондой Хижаздан тушоолонот. Дин карып болуп башталды. Дагы карып болуп кайтат. Менден кийин адамдар бузуп жиберген сүннөтүмдү оңдой турган карыптарга бейиш болсун».** Карыптар сахабалар эмес, себеби, карыптар Мухаммад ﷺдын жолун адамдар бузуп жиберишкенден кийин дүйнөгө келишет. Сахабалар аны бузушпаган. Алардын заманында бузулбаган. Сахл ибн Соидий ﷛нун хадисинде келет: **«Пайгамбар ﷺ: «Ислам карып болуп башталды. Дагы кудум башталганындай карып болуп кайтат. Карыптарга бейиш болсун», - деди. «Карыптар кимдер, я Расулулла?» деп сурашты. «Адамдар**

**бузулуп кеткен убакта оңдой турган кишилер», - деп жооп берди**».

**<u>Азчылык болушат:</u>** Ахмад жана Табароний Абдулла ибн Амрдан рыбаят кылат: **«Бир күнү Пайгамбар ﷺдын алдында элем. Күн чыкты. Ошондо ал киши: «Кыямат күнү ушундай бир коом келет, алардын нуру күндүн нурундай болот», - деди. Абу Бакр: «Ошолор бизби, я Расулулла?» - деп сурады. «Жок, силердин да көп жакшылыгыңар бар. Бирок, алар жердин түрдүү өлкөлөрүнөн жыйылган мухажир бечаралар - деп, аркасынан - Карыптарга бейиш болсун, карыптарга бейиш болсун», - деди. «Карыптар кимдер?» деп сурашкан эле: «Аларга моюн суна тургандарынан көрө каршы чыга тургандары көбүрөөк болгон көпчүлүк жаман адамдар арасындагы азчылык жакшы адамдар», - деп жооп берди Пайгамбар ﷺ».** Бир нерсени билип коюу керек. Карыптардын фазли сахабалардыкынан жогору болбойт. Карыптар сахабалардан абзел эмес. Айрым сахабалар сахабалыктан тышкары фазилаттарга да ээ болушканы менен, баары бир Абу Бакрдан абзел эмес. Увайс Короний да өзүнө таандык өзгөчө фазилатка ээ болгону менен, баары бир сахабалардан абзел эмес. Себеби, ал тобиий. Карыптар да ошондой.

**<u>Катардагы карапайым калктан чыккан адамдар:</u>** Хаким ибн Умар ؓдан рыбаят кылган хадисте келет: «Пайгамбар ﷺ**: Алланын ушундай бир пенделери бар, алар пайгамбарлар да, шейиттер да эмес, бирок, аларга – кыямат күнүндө Алла Таалага жакын болгондуктарын жана жакын отургандыктарын көрүп – шейиттер да, пайгамбарлар да суктанышат», - деди. Бир аърабий тизелеп алып: «Я Расулулла, аларды бизге сыпаттап түшүндүрүп бериңиз», - деди. Айтты: «Алар карапайым калктан чыккан, уруулардан үзүлгөн, Кудай жолунда дос болуп, Кудай жолунда бири-бирин жактырган адамдар. Кыямат күнүндө Улуу жана Буюк Алла алар үчүн нурдан жасалган минбарлар коюп берет. Адамдар корккондо да алар коркушпайт. Алар Алланын достору, аларга эч кандай коош-коркунуч жок жана алар капа да болушпайт».** Ахмад Абу Малик Ашъарий ؓдан кылган рыбаятта: **«Алар карапайым калктан чыккан, уруулардан үзүлгөн адамдар»** деп келет. Табаронийде болсо: **«Түрдүү өлкөлөрдөн»** деп келет.

**<u>Алланын мээримдүүлүгү менен бири-бирин жакшы көрүшөт:</u>** Т.а. Мухаммад ﷺдын шарияты менен. Аларды байлап турган робыта-байламта теги, тууган-урукчулугу, дүйнө пайдасы

эмес, аларды бир гана Исламий акыйда байлап турат. Абу Довуд Умар ибн Хаттабдан рыбаят кылат: **«Пайгамбар ﷺ: «Алланын пенделеринен ушундай бир адамдар бар, алар пайгамбарлар да, шейиттер да эмес, бирок, кыямат күнүндө аларга пайгамбарлар да, шейиттер да Алла Таалага жакын экендиктерин көрүп суктанышат», - деди. «Я Расулулла, алардын кимдигин айтып бериңиз», - дешти. Айтты: «Алардын арасында эч кандай тууганчылык жана алды-берди кылына турган мал-дөөлөт болбосо да, Алланын мээримдүүлүгү менен бири-бирин жакшы көрүшөт. Аллага ант болсун, алардын жүздөрү нур болот, өздөрү нур үстүндө болушат. Адамдар корккондо да алар коркушпайт, адамдар капа болушканда да алар капа болушпайт», - деди. Алла Тааланын:**

أَلاَ إِنَّ أَوْلِيَاءَ اللَّهِ لاَ خَوْفٌ عَلَيْهِمْ وَلاَ هُمْ يَحْزَنُونَ ﴿٦٢﴾

*- «Билип койгула, албетте Алланын досторуна (акыретте) бир да коркунуч болбойт, алар кайгы да чегишпейт».* [10:62]

**- деген аятын окуду».** Жогорудагы Хаким ибн Умардан кылган рыбаятында: **«Алла жолунда дос болушат, Алла жолунда бири-бирин жакшы көрүшөт»** делген. Ахмаддын Абу Малик Ашъарийден кылган рыбаятында болсо: **«Ортолорунда эч кандай тууганчылык болбосо да, Алла жолунда бири-бирин жакшы көрүшөт»** делген. Табароний Абу Маликтен кылган рыбаятта болсо: **«Алардын ортолорунда Кудай үчүн барды-келди кыла турган тууганчылык да, бири-бирине сарптай турган мал-дүйнө да болбогон, Улуу жана Буюк Алланын мээримдүүлүгү менен бири-бирин жакшы көргөндөр»** делген. Табаронийдеги Амр ибн Абасанын хадисинде Пайгамбар ﷺ: **«...Алар уруулардан үзүлгөн бириктирүүчүлөр болуп, Алла Тааланы зикир кылуунун үстүндө биригишет жана мөмө жеп жаткан адам жакшыларын тандап алгандай, сөздүн жакшыларын тандап алышат»** деген. Алланы зикир кылуунун үстүндө биригүү дегени, Алланы зикир кылуу үчүн биригүү дегени эмес, балким, Алланы зикир кылуунун негизинде биригүү дегени. Каерде болбосун, бирге же башка-башка болобу, аларды бир робыта т.а. Алланы зикир кылуу негизиндеги робыта байлап турат. Ал эми, Алланы зикир кылуу үчүн биригүү Алланы зикир кылуу үчүн топтолуу болуп, жыйын бүтүшү менен биримдик да бүтөт. Табаронийде Абу Дардодон рыбаят кылынган хадисте Пайгамбар ﷺ: **«... Алар ар түрдүү уруулар жана ар түрдүү өлкөлөрдөн болгон, Алла үчүн**

**бири-бирин жакшы көрө турган кишилер болуп, Алланын зикири негизинде биригишет».**

**<u>Шейит болбостон шейиттик деңгээлине жетишишет:</u>** Себеби, шейиттер да аларга суктанышат. Бул дегени жогоруда айтып өткөнүбүздөй, алар Пайгамбарлар жана шейиттерден абзел дегени эмес. Ошолор да суктана турган фазлга ээ болушкан дегени. Табароний Абу Маликтен рыбаят кылат: Пайгамбар ﷺдын алдында элем.

يَاأَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا لاَ تَسْأَلُوا عَنْ أَشْيَاءَ إِنْ تُبْدَ لَكُمْ تَسُؤْكُمْ

- *«Эй момундар, (Алла силерден кечип жиберген), ачылганда силерди капа кыла турган нерселер жөнүндө сурабагыла».* [5:101] - аяты түшүрүлдү. Биз ал кишиден сурадык. Ал киши: **«Алланын ушундай бир пенделери бар, алар пайгамбарлар да, шейиттер да эмес, бирок, кыямат күнүндө Улуу жана Буюк Аллага жакын болгондондуктарын жана Алла алдындагы мартабаларын көрүп, аларга пайгамбарлар жана шейиттер да суктанышат», -** деди. Бир четте аърабий тизелеп, колдоруна таянып: «Я Расулулла, алар кимдер экендигин айтып бериңиз», - деди. Карасам, Пайгамбар ﷺдын жүзү нурданып кетти. **«Алар –** деди Пайгамбар ﷺ **– ар түрдүү өлкөлөр, уруулар, уруктардан болгон Алланын ушундай пенделери, алардын ортолорунда Алла үчүн барды-келди кылына турган тууганчылык болбосо да, бири-бирине сарптай турган мал-дүйнө болбосо да, Буюк жана Улуу Алланын мээримдүүлүгү менен бири-бирин жакшы көрүшөт. Алла алардын жүздөрүн нур кылат, Рахман Таала алды тарабынан аларга минбарлар кылып берет, адамдар коркушканда да алар коркушпайт, адамдар дахшатка түшүшкөндө да алар түшүшпөйт».** Бардык рыбаяттар алардын Пайгамбар да, шейит да болбостон эле ушул мартабага жетишкенин көрсөтүп турат.

Алардын айрым фазилаттары мына ушулар. Алардын Алла назарындагы даражалары туурасында болсо хадистер өттү. Кайталоонун кажети жок. Ким аларды терең түшүнсө, Рахман Тааланын алды тарабынан бир минбарга жетишүү үчүн шашылууга татыктуу болуп калат. Кана эми, Алла Субханаху анын карыптыгына ырайым кылып, мүдөөсүн жүзөгө ашырса!

Акыркы сөзүбүз – Бүткүл ааламдардын Роббиси Аллага мактоолор болсун.

Хамд бүткүл ааламдар Роббиси Аллага гана таандык.